# СЕМЕНОВ-ТЯН-ШАНСКИИ





А. Алдан-Семенов



ӨРНӨКТҮҮ АДАМДАРДЫН ӨМҮРҮ

А. Алдан-Семенов

# СЕМЕНОВ-ТЯН-ШАНСКИЙ

РОМАН

Которгон *Дүйшө Абдылдаев*

ФРУНЗЕ
«МЕКТЕП»
1984-ж.



П. Семенов Тяншанский

*Бир жери күнгө чагылышып, бир жерине көлөкө түшүп, калың кардын кучагында түбөлүк тунжураган тоолор асман мелжийт.*

*Алардын булут челген чокулары, кырка-кырка кеткен кайкылары, көздүн жоосун алып өркөчтөнгөн жолдору, ойку-кайкы ашуулары, жердин эң четине курулган туташ дубалга окшоп кетет.*

*Мына ошол таш дубал, түбөлүк тунжураган мөңгү менен шаркыратмалардан, карагай менен алмалуу токойлордон, сары жана кызыл гүлдөрдөн, каткан жана жаш кардан улам миң кубулат.*

*Ал белгисиз өсүмдүктөрдүн аңкыган жытын искеп табышмактуу термелип, дүйнө географтарынын көңүлүн кытыгылап, өзүн көздөй буруп тургансыйт.*

*Бул тоону Будда кечили Сюан-Цзандан башка бир да окумуштуу жана бир да саякатчы көргөн эмес.*

*Ошол Будда кечили гана качандыр бир заманда ушул сырдуу тоого келип, өз көзү менен көргөндөрү жөнүндө бүдөмүк баян калтырган.*

*Жаратылыштын кыйраткыч улуулугунан айбыккан, анын алдында өзүн кенедей макулук көргөн кечил күндөлүгүнө минтип жазган экен: «Бир заманда түшкөн кар музга айланып, борчук болуп бүткөн, ал жазгысын да, жайкысын да эрибейт. Таштан катуу болуп, сырты жылтырап турган муздун учу-кыйрына көз жетпейт, ал акыры булут менен аймалашып кетет...»*

*Андан бери он эки жүз жыл өткөн, ал эми*

*асман мелжиген тоолор болсо мурдагысындай эле илимде белгисиз бойдон.*

*Аларды Азиянын географиялык картасына болбогон бир штрихтер менен гана белгилеген.*

*Ал карта айтылуу саякатчы Александр Гумбольдттун столунун үстүндө жаткан.*

*Картадан көз уялткан улуу тоону улуу саякатчынын шуудураган карт алаканы калкалап турган.*

*Тянь-Шанды илим үчүн ким ачат? Александр Гумболдтко Тянь-Шанды ачыш али кеч...*

*I Глава*

# ӨМҮР ТАҢЫ

Ал Урусового 1850-жылдын май айында кайтып келди.

Жылуу түндөрдүн бири, түн ортосу ооп калган, анын келгенин эч ким көргөн жок. Улгайган ашпозчу асылып жатып эшикти араң ачты да, чочуп кетти:

— Кудая тобо, сен Петр Петрович эмессиңби!..

Ал байбичени сыга кучактап, жаагынан өптү да, тамактанып ал десе болбой, атасынын кабинетине кирип кетти.

Андагылардын баары бала күнүнөн тааныш болсо да, бөтөн үйдөй, суз, эскирип кеткендей көрүндү. Столдун үстүнө жука боз чаң туруп, булгаары креслолор саргара түшкөн, жазы дивандын пружиналары чыгып калган. Бөлмөнүн керегесиндеги ата-бабалардын портреттери күңүрт, солгун карагансыйт.

Кабинеттин терезесинин так түбүнөн уланган, алтыгана аллеясы мунарык тартып турат, ич жагында алоэ гүлү көгөрөт. Ошол гүл гана бала кезинде көргөн бойдон тургансыйт.

Петр Петрович пальма жыгачына орнотулган шамды күйгүзүп, креслого олтура кетти. Анан китеп шкафка бурулду: Державиндин, Тредьяковскийдин, Пушкиндин китептерин көрдү. Вольтердин, Расиндин, Гюгонун француз тилиндеги, Гетё менен Шиллердин немец тилиндеги китептерине назары түштү.

Андан Гётенин бир томун алып, алаканында салмактап көрдү да, алкаган мүнөздө мындай ойго келди: «Гётени өз тилинде окуюн деп бала кезимде эле немец тилин үйрөнгөнүм ырас болуптур. Аны мына ушул капталган булгаарысы эскирген креслого чыгып алып окуучу элем». Креслонун чыканактай турган жерин алаканы менен сылап, китепти ордуна койду да портреттерге көз чаптырды. Атасын, чоң атасын, анын атасынын атасын, анын атасын көрдү. Алар-

дын кайраттуу, айбаттуу жүзүн, коңкойгон мурундарын, тармалдашкан чачтарын байкады. Ата-бабалары көздөрүн жылтыратып, мындай деп сурап жаткансыды: «Сен биздин кадырыбызга жете алаар бекенсиң? Бояр Семеновдордун даңкын көтөрө алдыңбы?».

Ал өзүнүн ата-бабасынын теги менен сыймыктана турган.

Анын ата-бабасы Рязандагы улуу князь Олегдин эң жакын жан-жөкөрлөрүнөн болушкан. Рязань княздыгы тагынан кулагандан кийин Семеновдор Москванын княздарынын кызматына өтүп кетишкен. Алар Михаил Романовдун падыша болуп шайлангандыгы жөнүндөгү актыга кол коюшкан, Петр Биринчи жана Екатерина Экинчи падыша болуп турганда көрүнүктүү кызматтарда иштешкен.

Ак тилеги менен кызмат кылгандыктары үчүн Семеновдор Рязань жана Тула губернияларына караштуу, Прони жана Рановы өзөндөрүнүн бойлорундагы эң жакшы жерлерди крепосттук дыйкандары менен кошо бийлеп келишкен, орус дворяндарынын тектүү кишилеринин китебине жазылышкан.

Ал өзүнүн чоң атасы Григорий Григорьевичтин портретине дагы бир жолу үңүлө назар салды. Анын түйрүк эриндеринен, келишкен татына кемселинин үстүндө жаткан арык колдорунан, катаалдыктын белгиси байкалып тургансыйт. Петр Петрович крепостной художник тарабынан өтө кылдаттык менен берилген катаалдыктын себебин билүүчү. Чоң аталарынын жапайылык мүнөзү дыйкандарды чечкиндүү аракетке өтүүгө аргасыз кылган. Ошентип, Григорий Григорьевич өзүнүн дыйкандары колдуу болуп өлгөн.

Чоң атасынын атасы Петр Григорьевич өзүнүн карапайым букараларын талап, айласын кетирген, кызматкерлерин аёосуз жазалаган, «биринчи түндүн укугунан» пайдаланган киши болгон. Ал белгисиз бир себептер менен каза болгон, Петр Григорьевичти да, карапайым букаралары эле өлтүрүптүр деген сөздөр айтылып жүрдү.

Семенов уулунун бул кайгылуу окуялары чоң атасы Николай Петровичке катуу тасир берет. Ал кыштакты таштап, Петербургга көчүп барат да, аскер кызматына өтөт.

Николай Петрович 37 жолу салгылашууга катышат. Суворов аскеринде отуз жыл кызмат өтөгөндөн кийин, секунд-майор даражасында отставкага чыгат. Анан кыштакка келип, Бунин деген помещиктин кызын алып, аялынын Урусоводогу короо-жайына келип туруп калат.

Бунинлер бай помещиктерден-крепостниктерден болушкан. Акын Василий Андреевич Жуковский аларга жакын тууган боло турган.

Рановы өзөнүнүн жээгиндеги эң сонун жерден орун алган Урусово Рязань губерниясындагы татынакай жай деп эсептелүүчү. Небактан берки көлөкөлүү калың бактын ичиндеги келишкен каадалуу чоң үй, миңдеген теше берекеси белге чыккан жер, керилген токой, көйкөлгөн көк шибер чөп Николай Петрович Семеновдуку эле. Урусового келгенден кийин ал бай помещиктин дооранын сүрдү, беш уулду тарбиялап өстүрдү. Алардын эң улуусу — Петр Николаевич Семенов 1791-жылы туулган.

Ошол атасын эсине түшүргөндө Петр Петровичтин өңү тамылжый түштү. Ал терең үшкүрүп алып, ордунан козголду да, тармал чач башын креслонун бийик жөлөнгүчүнө жөлөдү. Аларды эске түшүргөндө жүрөгү опкоолжуду.

Атасын, а дегенде Францияда кызыл кыргындан качып чыккан гувернантка мадам Бруннердин жетекчилиги астында үйдө тарбиялап өстүрүштү. Бой тарткандан кийин Петр Николаевичти Москвага алып барып, Университеттин пансионуна орноштурушту. Москвадан Петербургга барып, лейб-гвардиялык Измайл полкуна кирет. Петр Николаевич адабиятка кунт коюп, ыр жаза баштайт. Ал Петербургдагы көрүнүктүү жазуучулардын баары менен аябай таанышып алат, Державиндин, Дмитриевдин, Шишковдун үйлөрүндө да болот.

1812-жыл кирип келет. Измайл полку Бородин талааларында өзүн көрсөтүп, баатырдык менен салгылашат.

Жаш прапорщик Петр Семенов Бородинодогу салгылашууларда баатырдыкты, каармандыкты көрсөтөт. Кивеэринин бир нече жерин француздардын огу тешкен, төшүнө тартынган бронза соотуна да ок тийип көргөн. Контузить эткенден кийин чейрек саатка жетпей, кайра согушка аттанып көргөн. Бородинодогу салгылашуунун аяк ченинде Семенов ротага командирлик кылат. Бөтөнчө баатырдыкты көрсөткөндүгү үчүн алтын шпага менен сыйланган киши.

Кутузовдун армиясынын катарында Петр Николаевич Наполеондун артынан сая түшүп, Тарутиндин, Березинанын жана Кульмонун алдында салгылашкан. Бир аз жоокер менен душмандын тылына өтүп, туткунга түшкөн.

Наполеондун тамтыракайы чыккан аскерлери менен бирге Саксония, Лотарингия аркылуу Францияга чейин барган. Орус армиясы Парижди курчап алган кезде, Петр Семенов туткундан качып чыккан. Ошол армия менен бирге Франциянын борборуна кирген.

1815-жылы Петр Семенов Петербургга кайтып келип, беш жыл өткөндөн кийин отставкага чыккан. Анан москвалык архитектор Бланктын кызы — Александра Петровнага үйлөнүп, Урусоводо туруп калат.

Мына ушул жерде, Урусоводо, жакында эле Петербургдагы гвардиячыл прапорщиктердин жана атчан юнкерлердин мектебинде окуп жүргөн, университеттин ыктыярдуу угуучусу — азыркы жаш ботаник, орустун география коомунун мүчөсү Петр Петрович Семенов жарык дүйнөгө келет. Ал өзүнүн киндик каны төгүлгөн жерге чыгармачыл ойго, келечектеги үмүткө байып турган кезинде кайтат. Рязань токойлору менен кайкыган кең талааларынын тунжураган кучагына кирип, Ранованын жээгине жатып алып өз өмүрүн өзү жакшы көргөн илимге — география менен ботаникага арнамакчы болот.

Петр Петрович ордунан туруп терезенин түбүнө келди. Бүлбүл тарткан таң шооласына дарактардын бутактарынын көлөкөсү түшүп, анан акырындык менен кызгылт тарта баштады. Кароодон калып бараткан килейген чоң бак, өткөн жылдын чирик жалбырактарынын жыты чыгып турганына карабастан, өзүн көздөй чакырып жаткансыды.

Петр Петрович кыроо түшүп, агарып, көрүнгөн гүлдөргө толгон аллеяны көздөй шашылды. Ал бул бактын булуң-бурчтарын бала күнүнөн тартып беш колундай билүүчү. Мына бу өзү өтө жакшы көргөн Сибирь кедри — анын бадырайып бышкан жаңгактарын бала кезинде далай жолу терген. Мына бул бутактары жайылган алма багы — анын мөмөсүн өтө жакшы көрүп жечү. Мына бу, ичи черемушникке жыш толгон терең жар. Жар түбүндөгү черемуханын ак булуттай бажырайган гүлдөрү, алчалардын аңкыган жыты мурунга уруп турду. Бак жардын бооруна да, анын наркы өйүзүнө да жайылган.

Петр Петрович жасалма дөбөлөрдүн, татынакай көлчөлөрдүн, көмүскө үңкүрлөрдүн жанынан өттү. Семеновдун чоң атасы качандыр бир кезде бакты французлдарча тиккен экен, андан кийин атасы аны англистерче кайра өзгөртүп чыгыптыр.

Петр Петрович клумбалардын жанынан өттү. Алардын ар бири айрым гүлдөргө арналган: биреөнө — кызыл гвоздика, экинчисине — астра, үчүнчүсүнө — «ысык күндүн бурчу» тигилген. Тиги дарактардын нары жагынан субтропикалык өсүмдүктөрдү өстүрүүчү, эски жайга назары түштү. Мурда, анын айнектелген тарамдарынын ичинде шабдалы менен чоң өрүктөр гүлдөп туруучу, азыр болсо аны төө тикен басып кеткен. Аларды көрүп абдан капа болду — анткени бала кезиндеги биринчи эрмеги ушул бак болгон. Тунгуч ынтызары ушул жерден башталган, чөп-чар менен гүлдөргө болгон көз карашына негиз салынган.

Бак аралаган жалгыз таман жол, клумбаларды аралап олтуруп, аны Ранованын жээгине алып чыкты. Өзөнгө

күн чагылып турган. Анын наркы өйүзүндө тунжураган талаа, дуб менен липа токойлору, ачып-арыган алсыз кыштактар.

Бардар байлардын таш түптөп салган, айланта айнектелген, заңгыраган чоң үйлөрү менен асман мелжиген чиркөөнүн мунаралары жалчылардын жалпак үйлөрүн басмырлап турат. Алардын кайсынысы кимдин үйү экенин ал абдан жакшы билүүчү. Ошол тараптагы помещиктердин баары Семеновдордун жакын же, алыс тууганы болучу.

Ал Ранованын жээгиндеги жардуу кашатка келип токтоду. Өзүнүн башынан жакында эле өткөн окуяларды дагы эсине сала баштады. Азыр деле бала болуп калсамчы деп өкүндү, энесинин жылуу алаканын жыттагысы келди. Атасын ээрчип, бийик чыккан кара буудайды аралагысы келди, Рованын көбөөттөрүндө балык кармап, токой арасынан козу карын тергенди эңседи. Атасы тирилип келип, акырын мындай дегенсиди: «Өзөндүн жээгине жаңы үй салабыз, ал француздук рыцарлардын чебине окшош болот...»

Атасы алыскы кыштактардын бирине барып, аерден кара тумоо дартын жугузуп алып, жолдо каза болгон. Атасы өлгөндөн кийин энеси күйүттөн улам акыл-эсинен ажырап калган.

Он эки жашка келгенде Петенька көп жердин жана токойдун, Рязань, Тула жана Тамбов губернияларындагы алты жүз түтүн жалчылардын бийлик жүргүзүүчү ээси болуп калат. Эл аралап, адамдардын тагдырын чече турган болот.

Ал өзүнүн жалчылары кандай жашап жатканын билүүчү. Алардын ыш баскан, караңгы үйлөрүн, кебеги менен кошо жууруп бышырган нан жегенин, тууураган шалгам менен квас ичкенин, ачып-арыган балдарын, алардын башынан арылбаган өнөкөт ооруну, наадандыкты өз көзү менен көргөн.

Ал бардык ишке кирише турган болот, талаш-тартыштарды жөнгө салат, касташкандарды жараштырат, башына күн түшүп забыркагандардын арыз-муңун угат. Акылга көнбөгөн алаңгазарларды, кырс мүнөздөрдү бала кезинде эле жолуктуруп көргөн. Помещиктердин кыянаттыгына, адилетсиз аракеттерине, чээнден чыккан жоруктарга, мындуу окуяларга далай жолу күбө болгон.

Мына, аталаш тууган, улан полкунун офицерлери Буниндерди эле алып көрөлү. Кумарчы, аягы суюк, бузулган немелер дыйкандардын кыздарын чогултуп, ээлеп алышып, аларды картага сайып, бирде утуп, бирде уттуруп кумар ойношот. Көкүрөгүн өргө айдаган көпкөлөң немелер, орус

дворьяндарын баарынан жогору баалоочу. «Айтканыңды кыл, антпесең өмүр бою маскара болуп өтөсүң» деген сөз алар үчүн закон болгон.

Күндөрдүн биринде ал экөө аябай ичип олтуруп, адамдын тагдыры жөнүндөгү сөздү эске алып тартышып калат. Аны иш жүзүндө аныктап көрөлү деп мелдеше кетишет: кимибиз бүгүн үйлөнөбүз, кимибиз бүгүн өзүбүзгө кол салабыз деген шартты коюшат. Өзүнө-өзү кол салуу шарты кичүүсүнө туура келет. Ал коңшу бөлмөгө чыга калып, өзүн өзү атып өлөт.

Же карыя помещик Николай Дмитриевич Свиридовду алып көрөлү. Анын түнөргөн бөлмөсүндө ар дайым түнжураган тынчтык өкүм сүрүп турчу. Терезелеринин каалгасы катуу жабылуучу, көп бөлмөлөрүнүн эшиги дайыма кулпуланып, бек боло турган. Аялдардын үнү, балдардын чуулдаганы эч качан угулчу эмес. Анын кызматындагылар бутунун учу менен басуучу. Паркет төшөлгөн полдоруна алтындын буусу жаткырылган, бирок чалдыбары чыгып калган креслолорунда акыр-чикир толуп жатчу. Карылыгы жеткен барин короонун тышындагы дыйкандардын аялдары таштаган акыр-чикирлерди аңтарып колго илингендерин чогултуучу. Керек дегендерин тандап алып, үйүнө көтөрүп келүүчү. Аларды татынакай залына катып коюучу. Өзү жеп-ичпей ачка жүрүүчү, жалчыларын да ачка кармоочу. Жылдын башынан аягына чейин картошка сорпо менен көгөрүп кеткен кара буудайдын каткан нанын жешчү. Кимден болбосун шекшинип турганын айтпа, сараңдыгына адам чыдай албайт. Жамаачы түшпөгөн жери жок, узун этек эски чапанын үстүнөн түшүрчү эмес. Бырыш баскан бетин Наполеондун портрети тартылган эски кагаз менен калкалап, бутуна кепич кийип акыр-чикирди аңтаруу оңой болсун үчүн колуна учтуу темир кагылган таяк алып жүрүүчү.

Күндөрдүн биринде карыган помещик кичинекей Семеновду өзүнүн үйүнө чакырып калат, ага эскирип көгөрүп кеткен вареньеден берип, күтүлбөгөн жерден дуб шкафын ачып жиберет.

— Мен өзүмдүн «старушкаларымды» (акчаларымды) ушул жерге катам,— деп Николай Дмитриевич кирилдеп, жайкалып күлүп жиберет: — Мен көрсөткөндөр жөнүндө эч кимге оозуңдан чыгарба, уктуңбу. Менде «старушкадан» жүзү бар, анын ар биринде миңден сөлкөбай...

Эки текчеде пачкаланып баягы «старушкалар» жаткан экен — белинен жип менен таңылган бойдон, калгандары баштыктарга шыкай салыныптыр, кызы, монета болуш керек.

Саран абышканын, жалчылардын кыздарынан туулган никесиз балдары боло турган. Балдарын жалчыларындай эле көрүчү. Өлөөр алдында гана ошол балдарына мещандар деген наам берип, эркине койгон.

Салтанат күндөрү Свиридов Семеновдордун короосуна келүүчү. Илгерки көк ноотудан тигилген көөнөргөн чепкенин кийип, чай иче турган столдун жанына коюлган стулдун бир четине көчүк басчу. Сунган чайды абдан ыраазылыгын билдирүү менен алып, ошол эле замат столдо турган, майга жууруп бышырган таттуу булочкалардын четинен уурдап, чөнтөгүнө сала берчү.

Свиридов өтө коомдоп сүйлөгөндү, жазганды жакшы көрчү.

— Менин даражам өтө эле кичинекей, татыксыз, мен — коллежск каттоочусу Николай Дмитриевич, Свиридовдун уулумун,— дечү.

«Сиздин канаттуулар жыйырманчы августка караган түнү менин короо-жайыма кыянаттык менен кол салып, дарбыз деп аталган немелеримдин тамтыгын чыгарып талкалап кетиптир, мага кабыгынан башка эчтеме калтырбаптыр»,— деп жазыптыр Петр Петровичтин атасына.

Петр Петрович муңая жылмайып койду. «Гоголдун каарманына өтө окшогон мындай кишини эч качан жолуктуруп көргөн эмесмин. Өзүм тааныган Николай Дмитриевичти көрүп, Гоголь Плюшкинди мына ушул чалдын өзүнөн көчүрүп алганбы деген ойго келдим...» — деп жазган экен Петр Петрович кийинчерээк.

Ошондон уламбы, ал Анна Петровна Бунина деген байбичени эсине салды. Ал Комаровка аймагын бүтүндөй бийлеп, өзү билгендей башкарып, оюна келгенди кылуучу. Байбиче өзүнүн жалчыларына алмурут тигип бакканды, асыл тукум иттерди көбөйткөндү үйрөткөн. Өзүнүн жана жалчыларынын үрөндүк кара буудайларын базарга саттыруучу, кош айдалып, үрөн себүү маалы келгенде жалчыларды талаага чыга албай калуучу. Ошондо байбиче старосталарды чакырып алып жемелеп-жекирчү:

— Үрөн себе турган маал келип калды. Эмне үчүн жалчылар үйлөрүнөн чыкпайт? Ошондой де, үрөн жокпу? Жалчыларга жыйырма беш чейрек ун бергиле. Тез арада себе баштасын...

Анна Петровнанын буйругу орундалчу. Жалчылар бир жагынан ичинен тынса, бир жагынан шылдыңдап, кара буудайдын унун талаага себүүчү.

Байбиче чарбагындагы мейман күтүүчү төркү үйлөрдө да, оозгу үйлөрдө да, ар түркүн күчүктөр жашоочу. Үйүр-үйүр болгон иттерди жалчылар багуучу, иттерге атайын

тамак бышырылчу, ар түркүн иттер короодо жүрсө байбиченин көңүлү көтөрүлүп калуучу.

Помещиктердин жалчыларга көрсөткөн адам чыдагыс кордугун адат катарындагы иш көрүчү. Кичинекей Петя мушташканды да, салышып-сайгылашканды да, адамдарды алып-сатканды да, аларды асыл тукум итке алмашканды да, ат үчүн бергенди да өз көзү менен көргөн. Ал чөйрөгө үңүлө карап, кунт коюп уккан.

Наталья Яковлевна Бланк деген байбиченин аңгемелери ага абдан таасир берген. Байбиченин аңгемелериндеги окуялар, баягы мушташкандардыкынан ашып түшчү, Свиридовдун битирлиги жиндилик катары көрүнчү, Бунинанын жоруктары билинбей калучу.

Наталья Яковлевна байбиче Петяны үйүнө ээрчитип барып, элеңдеп эшигин илип, өзүнүн бир тууган синдисинин күйөөсү помещик Карцев жөнүндө айтып берүүчү.

Карцев абдан бай болучу, бир катар жерлерди, миңдеген түтүн жалчыларды ээлөөчү. Москванын алдындагы Медведково деген кыштакка кант заводун курган. Медведководогу жеринде дыйкан кыздары топтолгон үйү (гареми) бар эле. Помещик-зулум кулдарына гана эмес, балдарына да, айбандык менен кордук көрсөткөн.

Аялы менен балдызынын көзүнчө кол алдында иштегендерди камчы менен сабаган. Аялдар келип, помещиктен сабыр кыл дей турган болсо, мурдагысынан күчөп, өлтүрүп коюудан кайра тартуучу эмес. Кыздарын чачынан аттын куйругуна байлап алып, аянтты аралата чапчу. Өзүнүн уулун жинди жана мунжу кылып тынган. Карцевдин үстүнөн даттанууга эч ким батына алган эмес, анын үстүнө помещиктин үстүнөн жазылган арыз кабыл алынган да эмес. Кант заводунун жумушчуларынын айласын кетирип бүткөн. Ошондуктан алар Карцевди өлтүрмөк болушкан. Бул жөнүндө ал өзүнүн тамыр аялынан уккан. Карцев заводго келип, анын башчыларын тирүүлөй казанга кайнатып өрттөп жиберген. Мыкаачынын үстүнөн айыптоо ишин козгоого туура келген. Карцев миллион сом пара берип, тергөөнү он жылга чейин создурган. Помещик өлгөндөн кийин гана анын иши кыскартылган...

Карцевдин сөөгүн коюуга келген ага-туугандары менен достору аябай кайгырышкан. Ал эми жалчылар болсо майрамдагыдай кийинип, кыяк тартып бийлешкен,— деп күбүрөйт байбиче.

Көбүн айтпай кетсе да анын үнү каргылданып, чындыкты баяндап жатканы көрүнүп турду. Петенька батынып сурай алган жок, бирок байбиче айткан окуялар ага абдан чоң таасир калтырды. Анын аңгемелери «помещик-

тердин жалчыларга кылган мамилесине карата ой жүгүртүп көрүүгө аргасыз кылды, крепосттук эмнеге алып бараткапын, анын кыянаттыгын даана тааныгандай кылып көзүмдү ачты...»

Анын унутулгус балалык күндөрүнөн бери эмнелери өзгөрдү? Эл мурдагысындай эле кыйналып, азап тартып жатты, кайда барбагын баягы эле крепосттук укуктун моюнтуругу. Жалчыларды кыйнаган помещиктердин мурдагы муундарынын гана көзү өтүп, эзүү салттарын өзүлөрүнүн укум-тукумуна калтырып кетти.

Семеновдордун үй-бүлөсү болсо, атасынын көзү өткөндөн кийин оорукчан энесине бой бербей ыдырай баштайт. Урусово улам алсырап, коңшу помещиктер жерлерин, токойлорун басып алып, болбогон бир иштер боюнча сот ишин козгой турган болот.

Улам ыдырап бараткан үй-бүлөнүн ишине агасы Михаил Николаевич кирише баштайт. Ал чарба иштеринин баарын өз мойнуна алат. Петенька энеси экөө а дегенде Москвага, андан кийин Петербургга кетип калат...

Бала күндөрү эсте калган нерселерди өчүрүп жок кылууга болбойт эмеспи, ал жаңы ачылган гүлдөй бир калыпта тура берет. Ал бирде кубантса, бирде муңайтат тура. Петр Петрович өзүнүн Москвадан Петербургга келе жатканын, Царское Селосундагыларын, Васильев аралындагы Биринчи линиядагы кенен үйүн көз алдына төшөйт. Невск проспектисиндеги буурул түндөр, Жез атчандын жанында турганын эскертет.

Уваровдордун үйүнүн салтанат залы анын көз алдына тумандын арасынан чыгып келаткандай тартылды. Петенька андагы төрөлөргө, княздарга, графтарга назар салбастан, художник Карл Брюлловго, драматург Кукольникке, акын Жуковскийге кунт койду. Жуковскийдин эне жагынан гана мындайраак тууган болуп чыкканы менен сыймыктанчу. Бир маалда арт жагынан бирөөнүн шыбыраган үнүн угат:

— Пушкин...

Акыры келип, ырларын өзү небак жатка билген, сүйүктүү акын көз алдына тартылат. Пушкин эки колун артына алып, эмнегедир кубана күлүп, бирдемелерди айтып жатат. Ал калың элдин арасынан сыгылып өтүп, Пушкинге жакын барат. Анын калтыраган, тез-тез кыймылдаган. маашырлуу манчаларына тигиле карайт. Мындай ойго келет: «Борис Годуновду, «Евгений Онегинди», анан «намыс алчу жүрөктөр барында, эркиндик үчүн күйөлү жалынга» деген өлбөс-өчпөс сөздөрдү мына ушул манчалар жазса керек...»

Пушкин ага жалт бир карап алат да, залдан чыгып кетет. Экинчи жана акыркы жолу Петенька акынды көчөдөн кезиктирет: Пушкин кар болгон башын жерге салып маңдайынан өтөт. Кичинекей Семенов акын Пушкин андан — Россиядан түнөргөн борошого, Кара өзөндүн боюна биротоло кетээрин билген жок.

1837-жылдын кышы жаш Семеновго абдан оор көрүндү.

Энесинин күйүтү күчүркөй берди. Петя күнү-түнү менен анын жанынан чыкпайт, жөөлүп сүйлөгөн сөздөрүн угуп чочуйт.

Аябай жасалгаланган чоң үйдүн ичи каңгырап, серт жана суук көрүнөт. Ашмачы тамак даярдабай калды. Бонна менен Англис тилинин мугалими эсептешип, кетип калды. Семеновдордун Петербургдагы ага-туугандарынын эч кимиси каттабай коюшту.

Петя сыркоо энесин жалгыз таштагысы келбей, жумалап үйдөн чыккан жок. Тамагын өзү жасап, энеси менен алек болду. Энесинин көңүлү ачыла калса Байронду, Шекспирди, Вальтерди окуп берет. Бул эң кубанычтуу минуталардын бири эле: энеси кадимкидей эсине келип, мурдагыдай назиктик менен аңгемелешет.

Мына ушундай минуталардын биринде Петя энесин Урусового баруута макул кылат.

Кыштакка келгенден кийин сыркоосунан жакшы болоюн деп калат. Негизи оңолуп кетет, Петя өзүн жаратылыш үндөп жатканын сезди, жан-дили ошондо экенин байкады. Ал адамды өзүнө тарткан романды окугандай, бак жөнүндөгү китептерден баш көтөргөн жок, өсүмдүктөрдүн латынча атын көкүрөгүнө түйдү, Москвадан гүлдөрдүн уругун алдырып келди.

Кыштакта өткөн өмүрү жаш бала үчүн аз көрүнсө да, укмуштай жаңылыктардын жылы болду. Өсүмдүктөрдүн түрүн издеп коңшулаш токойлорго, талааларга барды. Калың токойлор ага өзүнүн сырын ачты, жарлар өзүндөгү байыркы үлүлдөрдү берди, талаа чөптөрүнүн арасынан коңуздарды, көпөлөктөрдү тапты. Ал гүлдөп турган липа дарагына таңдана тиктеди — андагы ызылдаган аарыларды көрдү, алардын үнү жаратылыштын тирүү музыкасындай угулду.

Кечкурун үйдүн чатырына чыгып, терең ойго чөмүлчү болду. Рановanын түбүнөн көрүнгөн күн шооласы кызыл карагайга жыш толгон токойго чачырады. Эски карагайлар жез сымал көрүндү. Билбестен акырындык менен караңгы кирип, айлана тунжурай баштады. Бала бардыгына кулак түрүп, тыңшап жатты.

Тиги белден чыккан чөптүн арасынан үн чыгып жатты. «Бытпылдык, быт-пылдык!» — деп жаңы бышкан кара буудайдын арасынан бөдөнөнүн үнү угулду. «Кечиресиз — вирр!» — деп кимдир бирөөнүн алдында кечирим сурап жаткансып жамсыктын шуудураганы угулат, анын кичи пейилдик менен чыгарган табышы балага көңүлдүү сезилди.

Өзүнүн жанына жакын жерден бир сырдуу шыңгыр үн чыкты, анан чык дей түшүп барып басылып калды. Коңуз келип анын алаканына бир тийди да, табышын чыгарбай өлүмүш болуп калды.

Сырдуу үндөрдүн, улутунуулардын, чыкылдаган бир нерселердин кубулган кыймылы — жаратылыштын жандуу табыштары Петяны белгисиз бир зор максатка үндөп жаткансыды. Анын бир жакка баргысы, бирдеме жасагысы, издеп тапкысы келди. Жаратылыш аны өзүн көздөй чакырып жаткансыды, анын чакырыгынан улам керилген канат бүткөнсүдү...

Урусоводо Петенька өзүн канчалык жакшы сезсе да, окуусун улантуу керек болду. Ошондуктан оорусунан бир аз жакшы болоюн деп калган энеси, аны кайра Петербургга алып кетти.

1842-жылдын күзүндө Семенов а дегенде эле үчүнчү класска экзамен берип, Петербургдагы гвардиялык прапорщиктер менен атчан юнкерлердин мектебине кирет.

Мектептин мугалимдери жакшы болучу. Орус адабиятын таланттуу мугалим, Гоголдун досу Прокопович, химияны — профессор Воскресенский, статистиканы — Ивановский берүүчү. Акылдуу, абдан билимдүү мугалимдер окуучуларга абдан чоң таасир көрсөтүүчү. Сабакты абдан жакшы окуткан география мугалими Тихонов, Семеновго аябай жагуучу, бөтөнчө суктандыруучу.

Мектепте эптеп эле күн өткөргөн кызматчы сөрөйлөр да бар болучу. Алар аскерлерче жасангандан жана дүңкүлдөтүп барабан ургандан башканы билүүчү эмес. Алардын ичинен ротанын командири Лишин айрыкча көзгө түшөөр эле. Ал Семеновдон бир нече жыл мурда ушул мектепти бүтүргөн Лермонтовду аскерлерче зыңкыйып жүргөндү жана тактап кадам шилтегенди үйрөткөн. Улуу акын Лишинге өзүнүн бул саптарын арнаган экен:

Дежуркадан чыга келди,
Жамаачы шым кийген неме.
Колундагы баш кийими,
Таш табактай, укмуш эле...

Семенов аны өтө туруктуу темир мүнөз адам катары гана билет. Күндөрдүн биринде ал Семеновдун, ротанын

командири Лермонтовду улуу акын деп эсептейби деген суроосуна мындай жооп кайтарат:

— Сиз эмне, тамашага шоотуп сурап жатасызбы, мырза? Лермонтовдун жүрүш-турушу жаман эле, тамеки тартуучу, катарга турганды билчү эмес. Ошондой кишиден акын, болгондо да, улуу акын чыкмак беле?...

Семенов мектепти абдан жакшы бүтүрөт, анын ысмы отличник катары мрамор тактага жазылат. Ага коллеждик секретарь деген наам берет. Бирок ал кызматты иштегиси келбейт. Анын ою Петербургдагы университетке кирүү болучу.

1845-жылы университеттин эркин угуучуларына тармал чач, бардыгына шыктуу бала келип кошулат. Ал бардык сабактарга өтө ынтызарлык менен катышат, лекцияларды кунт коюп угуп, конспектилейт, өзүнүн теңтуштарын билимдүүлүгү менен таңдантат. Физика жана физикалык география сабагын берген академик Ленцтин, ботаник-профессор Шиховскийдин, минерология жана геологиядан берген Гофмандын — Уралды изилдеп даңкы чыккан кишинин лекцияларын кунт коюп угат жана жазып алат.

Алардын ар кимиси өзүнүн илимин таланттуулук жана берилгендик менен окутушкан, бирок физикалык география, геология, ботаника зоология менен байланышчу эмес.

Семеновду салыштырма анатомия, зоология жана палеонтология курстарын окуган профессор Куторганын лекциялары аябай кызыктырат. Университеттин зоология кабинети Куторганын демилгеси менен жакшы жасалганган. Лекциядан бошой калган сааттарда Семенов зоологиялык кабинеттен чыкпай турган, анын экспонаттары боюнча орус жеринин жаратылышын үйрөнөт. Профессор Куторга жана дагы университеттин эки мугалими Семеновго өз өмүрүн илимге арноого таасир берет. Алардын бири университеттин жаш адъюнкты, укмуштай сонун математик Чебышев, экинчиси — орус закон чыгаруу иштеринин тарыхы боюнча профессор Неволин эле.

Чебышев да, Неволин да, студенттерди илимге өз алдынча ой жүгүртө билүүгө үйрөткөн. Айрым түшүнүксүз сабактарга келгенде, образдуу, жандуу, түшүнүктүү кылып айтып беришчү. Алар өзүнүн окуучуларына, илим, турмуш менен миңдеген тамырлар аркылуу байланышып, калктын кызыкчылыгы үчүн кызмат кылууга тийиш деп үйрөтүшкөн, муну өзүнүн курсташтарынын ичинен Семенов мурда өздөштүргөн.

Лекциялардан, мугалимдердин өзүлөрү менен болгон аңгемелерден Семенов Петр Петрович эң маанилүүсүн ал-

ган: «чөйрөдөгү нерселерди, жаратылыштын күчүн тааныбай туруп, аларды өзүнө багындырбай, өз керегиңе жаратпай туруп, акыл прогрессинде жана калктын материалдык жыргалчылыгына жетишүү мүмкүн эмес. Элдин турмушуна кеңири сиңген илим гана улуттук деп аталат...»

1847-жылдын жазында Петр Петрович Москвадан — энеӊ өлүм алдында жатат деген жаман кабар алат. Ал ошол эле замат энесин көздөй жөнөп, бирок анын акыл-эсинен ажырап калганынын үстүнөн чыгат. Энеси бир нече күнгө чейин аябай кыйналат.

Табытка салынган энесинин сөөгүн Петр Петрович Урусового алып барып, туугандарынын жанына коёт. Бир тууганы Николай чарба иштерине карабай койгондуктан үй-жайды, жер-сууну өзү башкарып калат.

Петр Петрович жайкысын кыштакта болот. Күзүндө андагы бардык ишти жалчылардын башкаруучусуна даярдап коюп, Петр Петрович Петербургга кайтып келет.

1848-жылы университетти бүтүрүп, мамлекеттик ишти коюп, өз өмүрүн илимге арноону чечет.

Университетте окуп жүргөндө эле Семенов студент Николай Данилевский менен достошуп калат. Васильевск аралында бир үйдө жашап, бири-бирине көмөктөшүп, келечектин планын бирге түзүшкөн. Ал экөө Петербургдан Москвага чейин жөө саякат кылып да көрүшкөн. Ошол саякатында алар орус жаратылышына таандык болгон өсүмдүктөрдү жыйнап жана классташтырып көрүшкөн.

Гусарлар полковнигинин уулу Николай Данилевский падышага таандык селолук мектепти бүтүрүп келип, университетке кирген. Данилевский студент кезинде эле «Отечественные записки» менен кызматташып жүргөн. Ал Петербургдун толуп жаткан жаш жазуучулары жана окумуштуулары менен тыгыз байланышта болгон. Ал Петр Петровичти Салтыков-Шедрин, Достоевский, Григорович, Плещеев, Аполлон жана Валериан Майков менен тааныштырат. Семеновду өзүнүн досу Михаил Буташевич-Петрашевскийдин айтылуу «жумалыгына» ээрчитип барат.

Ошол «жумалыктагы» илимий талаш-тартыштар Петр Петровичке абдан жагып калат. Ал ага чын дили менен катышат жана Данилевскийдин фуреризм жөнүндө, Достоевскийдин крепосттук укуктун кыянаттыгы жөнүндө муңканып айткандарын толкундап угат. Федор Михайлович өзүнүн «Кембагал адамдар» жөнүндөгүсүнөн үзүндү окуганда Семенов аябай ыраазы болот. Дыйкандарды боштондукка чыгаруу жөнүндөгү Спешневдин ою да аны абдан кызыктырат.

Петрашевский болсо Семеновго орунсуз, шалаакы

адам көрүнөт. Петрашевскийдин революциячыл идеяларын мыскылдайт. «Ал сабактарын байланышсыз, иретсиз өткөрүүчү, антимонархиялык, ал турсун революциячыл жана социалисттик идеялардын аралашмасын ошол кездеги интеллигент жаштардын кружокторунда гана эмес, шаардык думанын каадалуу кишилеринин ортосунда да айта берчү. Анын сөздөрүндө төрөчүлүктүн көп белгилери бар эле. Петрашевскийдин кылык-жоругу, жүрүм-туруму, кебете-кешпири, кийген кийими аристократ Семеновду намысына келтирүүчү.

Ал келекелеп мындай дей турган: «Петрашевский испандарча бычылган кемсел киет, өкмөт тыюу салган болсо да, чачын узартып коё берген, сакалы да узун. Петрашевскийдин жүрүм-туруму Семеновдун кыжырын келтирет. «Бир күнү ал Казан соборуна аялдардын көйнөгүн кийип келди да, чокунуп жаткан киши болуп аялдардын катарына туруп калды». Кара сакалы жана баш кесерге окшогон кебете-кешпири квартальныйдын көңүлүн бурат.

— Мырза-айым, сиз аялдарча кийинип алган эркек болуп жүрбөңүз? — деп сурайт квартальный.

— Төрөм, менимче сиз дагы эркектерче кийинип алган аялсыз го дейм,— деген жоопту айтат Петрашевский.

Семенов болсо Петрашевскийди чала кайым, кайда, кимдин алдында болбосун оозуна келгенди оттой бере турган үгүтчүлөрдүн бири деп билүүчү.

Жеңил, адамкерчилиги аз, анча-мынча революционердин белгиси бар, «революция үчүн гана революцияга аракет кылымыш болгон» Петрашевский либерал аристократ Семеновго дал ушундай көрүнөт. Мына бул Петрашевскийдин жолун жолдогон Дуров андан да коркунучтуу эле. Дуров өз максатын ишке ашыруу үчүн өкүм сүрүп турган тартипти бузуп жиберүүгө даяр киши. Революция Дуровго «өзү көрүнүктүү бир мансапка жетүү үчүн гана керек. Ал өзүнүн жаман жүрүм-туруму менен үй-бүлөдөгү жана коомдук байланыштарын үзүп алган, ошондуктан аны революциячыл аракет гана калыбына келтирет деп ойлогон...»

Семеновдун ачуусу менен айткан Дуров жөнүндөгү бул оюн аныктай турган далилдер жок, анын үстүнө адилетсиз. Семенов менен Дуровдун ортосунда идея жана көз караш жагынан эч кандай окшоштук жок. Дуровдун революциячыл кулк-мүнөзүн Семенов көп жактырбайт. Ал бардык эле зомбулуктарга каршы. Либералдык реформа, дыйкандарды боштондукка чыгаруу жагында турат, бирок андай боштондукту «революция чыгаруу жолу менен эмес, падышанын кеңчилиги» аркылуу турмушка ашырууну эң·

сейт. Семеновдун оюнда болсо конституциялык монархия, басма сөз эркиндиги жөнүндөгү, «Россияны полициялык мамлекеттен укук мамлекетине айландыра турган идеалдуу башкаруу жөнүндөгү» тумандаган пикир жүрдү.

Семенов «жумалыкка» унчукпай катышып жүрөт, өзүнүн досу Данилевскийдин эң сонун лекциясын унчукпай угат, Дуровдун дилгирленип сүйлөгөн монологун тыңшайт, бирок «жумалыктан» унчукпай чыгып кете турган болот. Бирок ал Петрашевскийдикинде бир жолу да сөз сүйлөбөйт, өз пикирин айтпайт. Жаш жана акылдуу, билимдүү жана бай дворянинден кийинчерээк «либерал монархист» деген атка конгон орустун коомдук ишмери чыга келет. Ал, ошол либералдык атынан мындай дей турган болот: «Биз алыстан карааны гана көрүнгөн эркиндик үчүн күрөштү кулак түрүп укканыбыз менен өзүбүз эч кандай күрөш жүргүзүп көргөн эмеспиз, революционер болуп көрбөгөнбүз...»

Петербургда ушинтип чуу түшүп жаткан күндөрү Семенов мамлекеттик жана коомдук ишмердик жөнүндө эмес, көбүнчө илим жөнүндө ойлоно турган. Ал Данилевскийди Россиянын кара топурактуу жерлерин изилдеп чыгуу жөнүндөгү өзүнүн планын ишке ашырууга үндөйт.

Ошентип, достор Тамбов жана Воронеж губернияларын, Маныч талаасын, Дон аскерлери жерине үч жылдык экспедиция жүргүзө турган чечимге келишти. Саякаттын максаты ачык жана конкреттүү эле: кара топурактуу жерлердин чек арасын аныктоо, анын кыртышын жана өсүмдүктөрүн изилдеп чыгуу.

Алардын саякатынын долбоору Эркин-экономикалык коомду кызыктырып калат. Коом алардын долбоорун кубаттап, өзүнүн мүчөлүгүнө кабыл алат. Семенов менен Данилевский жолго даярдана баштайт.

Күтүлбөгөн жерден Семеновдун турмушунун андан аркы агымына таасир берген окуя болот. Анын тууганларынын бири — Александр Грис — Императордук Географиялык коомдун секретары — коомдун анык мүчөлүгүнө өтүп алгын деген кеңешин айтат. Семенов анын сунушун кубаныч менен тосуп алат: «География мен бала күнүмдөн бери эңсеген илим болучу».

Ал азырынча географиянын алдында эч кандай кызмат көрсөтүп көргөн киши эмес эле. Аны жакшы көргөндөн, чын дили менен сүйгөндөн башка байланыш жок болучу.

Александр Гирстин, Константин Гроттун жана карыя профессор Небольсиндин рекомендациясы боюнча аны География коомунун мүчөлүгүнө кабыл алышат. Коомдун

вице-председатели — атактуу деңиз саякатчысы Федор Петрович Литке — жаш, таланттуу кишилердин үстүнө үйрүлүп түшө калган киши, ага мындай дейт:

— Эгерде географ болгуңуз келсе — кылда башынан түшүңүз.

— Мен эң башынан түшүүгө даярмын, адмирал,— деп макулдайт Семенов.

— Андай болсо, биздин китепкананы иретке келтириңиз,— деген кеңешин айтат адмирал.

География коомунун китепканасы чоң болучу жана бат эле көбөйүп келаткан. Семенов аны аябай иретке келтирет. Китеп запастарын тактап, керээли кечке китепканадан чыкпайт. Географ Карл Риттердин «Азиянын жер жаратылышы» деген көп томдук эмгегин баш көтөрбөй абдан кызыгып окуп чыгат. Риттердин немец тилинде басылып чыккан он сегиз томдугу Азиянын географиялык түзүлүшүн мурда окуп чыккан бардык китептерге караганда даана, так түшүндүрөт.

Ошентсе да, «Азиянын жер жаратылышында» так айтылбаган «ак темгилдер», божомолдоолор көп экендигин байкайт. Ошондой кемчиликтерине карабастан, Карл Риттердин эмгеги улуу Азиянын мейкин талааларын изилдөөдө Семеновго жол көрсөткүч болуп калат. Бирок Семенов кабинетинен чыкпаган кызматкер эмес эле. Анын күчүнө келип турган маалы болчу, өзүнүн чыгармачыл оюн кийинкиге калтырганды жаман көрүүчү. Орустун кара топурак жерлерине саякат жасоо жөнүндөгү оюн тынчын ала берет.

География коому, Эркин-Экономика коому сыяктуу эле экспедициянын долбоорун кубаттайт. Семенов менен Данилевский жолго чыгууга даярданышат... Алар 1849-жылдын күзүндө Петербургдан жөнөп кетишет.

Баары өз ирети менен жүрүп жатты. Асман көгөрүп, өзөндөр жашыл тартып, чөптөр гүлдөп турган маал. Семенов менен Данилевский таң шооласын талаада тосуп, токой аралаган жолдордо дем алышып, жай аккан өзөндөргө суктана карап кубанычтары койнуна батпайт. Ошондуктан алар аны Сулуу Мечь деп аташат. Ошол наамдагы кыштакка келип туруп калышат.

Чай ичип олтурушса, көчө жактан коңгуроонун үнү угулуп калат. Алар турган үйгө бир трашманке келип токтойт да, андан узун бойлуу, түнөргөн жандарм полковнигинин жашыл мундирин кийген киши түшөт. Кылычын кылдыратып полковник эшик алдына чыгат, бөлмөнүн эшигин ачып Семенов менен Данилевский чай ичип олтур-

ганын көрөт. Семенов анын мектепте бирге окуган, гвардиянын офицери Назимов экенин тааныйт.

Назимов элпектик менен учурашты, анан сылыктык менен Данилевскийге кайрылды:

— Азирети падышанын буйругу боюнча сиз камактасыз. Кичи пейилдик кылып, менин артымдан ээрчип басыңыз. Мен сизди тез аранын ичнде Санк-Петербургга жеткиришим керек...

Андан кийин Семеновго бурулуп күлүңдөдү:

— Сиз тууралу азырынча эч кандай буйрук жок...

Данилевский сыр алдырбоого аракет кылып, Семеновду сыга кучактап алды.

— Кош бол, досум! Саякатка бара албай калдым көрүнөт. Падыша менин социализмиме кечирим бербейт окшойт...

Алар өбүштү. Данилевский трашманкеге олтуруп, колун булгалады. Арабакеч катуу ышкырып жүрүп кетти, Семенов чаңдаган көчөдө жалгыз калды.

Саякатты жалгыз улантты. Жалгыз жүрүп диссертация үчүн керек болгон кара топурактуу крайдын кыртышы жана өсүмдүктөрү жөнүндөгү материалдарды жыйнады.

Кеч күздө ал Петербургга кайтып келди. Үйүнө келип, аябай тинтүү болгонун укту. Жандармдар келип анын китептерин бүт аңтарып, кагаздарынын чакчелекейин чыгарып, тыюу салынган эч нерсе таппаптыр. Ошентсе да, ал Петрашевцевдердин иши боюнча түзүлгөн комиссиянын чакырыгын бир жагынан коркуп, бир жагынан чыдамсыздык менен күттү. Бирок комиссия Семеновду күбө катары да чакырган жок. Анын эски тааныншы, соттук комиссиянын өтө таасирдүү мүчөсү граф Ростовцев Данилевский жөнүндөгү жакшы кабарды айтты:

— Данилевский социализм жөнүндө окуган лекциялары үчүн гана айыпталат. Сот комиссиясына жазып берген түшүнүгүндө, фурьенин илимин кылдаттык менен баяндаптыр.

Данилевскийдин түшүнүгүн окуп чыгып биз, Фурье революциячыл идея боюнча эч качан сабак бербегенин түшүндүк. Чынын айтсам,— деп тамашага шоотот Ростовцев,— сот комиссиясынын мүчөлөрү фурьестчил болуп калды көрүнөт...

Сот комиссиясы Данилевскийди актап жиберет. Николай Биринчиге жазган доклаздык катында комиссия Данилевскийдин акылдуулугун жана бардык жагынан билимдүү экендигин баса көрсөтүшөт.

— Адам канчалык акылдуу болсо, ошончолук корку-

нучтуу. Ал эми билими бар акылдуу эки эсе коркунучтуу. Ошондуктан Данилевскийди Вологдага сүргүнгө жибериш керек,— деп чечет Николай Биринчи.

Петрашевчилердин экинчи бирөөнү — жаш жазуучу Салтыков-Щедринди Вяткага айдайт. Семенов өзүнүн досторуна падыша ушундай жумшак мамиле кылганына кубанат. «Император Николай Биринчи падыша болуп тургандагы административдик сүргүн патриархалдык мүнөздө болгон: сүргүнгө айдалгандар губернаторлордун аталык байкоосу алдында мамлекеттик ишке орноштурулуучу»,— деп жазган ал кийинчерээк өзүнүн мемуарында.

Семеновдун падышалык сүргүн жөнүндөгү түшүнүгү чындыкка жакын эмес эле.

Данилевскийдин тирүү, тунук акылы аюулар мекендеген Вологда туюгуна акырындык менен өтсүн, чыгармачылык маанайы төмөндөсүн үчүн айдалган.

Жапайы жаткан, адам аягы анда-санда баскан Вяткага айдатуу менен жети жылдык сүргүндүн ичинде Салтыков-Щедриндин эркиндикти эңсеген максатын уйпалап жок кылмак болгон. Сүргүндө жүрүп Салтыков-Щедриндин генийи басмырланмак турсун, гүлдөп өркүндөдү, мында падышанын эч кандай эмгеги жок.

Чынын айтсак, Салтыков-Щедриндин иши оңунан чыгат. Ал өзү жакшы тааныган губернатордун «аталык байкоосуна» туш келет. Вятка губернатору Николай Николаевич Семенов жазуучу болгон, ал Петр Петровичтин бир бир тууган агасы эле. Анчалык атагы чыкпаганы менен (ал француз тилинде орустун сентименталдык романдарын жазган киши) сүргүндө жүргөн сатирикти колдогон. Салтыков-Щедрин губернатордун бөтөнчө тапшырмаларын аткара турган чиновник болуп кызмат өтөгөн.

Семенов болсо падышанын Петрашевцевдерге мээримдүүлүк менен мамиле кылганына чын ниеттен кубанат. Падыша түшүнөт, падыша билет деген ойго келет ал, петрашевцевдер: «жашыруун коом түзүп көргөн эмес, кылмыштуу аракетке бармак турсун, ал жөнүндө ойлоп да койгон эмес, мамлекетке каршы максаты да болбогон, кылмыштуу пропаганда да жүргүзүп көрбөгөн».

Петрашевцевдер жөнүндө Николай Биринчи таптакыр башка пикирде болуучу.

Падыша аларды самодержавиеге каршы эң коркунучтуу кылмыш — «идеялык жактан бузукулук» менен айыптаган. Ал социалисттик жана коммунисттик идеяларды «кылымдын жарасы» деп атаган, жана «бузукуларды» кечирим бербестен соттоону талап кылган. Ал эми Аскердик-Соттук комиссиянын колунда петрашевчилердин кыл-

мыштуу иштери жөнүндө эч кандай фактылар жок болучу. Падышалык соттор 1826-жылдын 13-июлундагы кудай жараткан манифестти сууруп чыгышат. Николай Биринчи ал манифестти декабристтерди аткандан кийин чыгарган. Ошентип, аскердик-соттук комиссия өзүнүн өкүмүн ардактуу монархтын сөзүнө таямак: «Билимдүү боло туруп өзүнө-өзү ээ болбой акылдан адашкандык айып болуп саналат, бир нерсеге көзү даана жетпей туруп оозуна келгенди сүйлөй берүү алабармандыктын негизи болуп эсептелет, түшүнбөй туруп өлүмгө кадам таштоо, жок нерсени эңсей берүү — нраванын бузулгандыгы — ал өлүмгө тете...».

Өкүм чыгарууга закондор жыйнагы эмес, падышанын манифести себеп болот. Сот петрашевчилердин он бешин өлүм жазасына буйрат.

Петрашевчилерди Семеновскидеги өкүм аткарыла турган жайга алып келет. Алардын үстүнө өлүм чапанын кийгизип, секичеге чыгарат. Бирөөлөрдүн колун мамыга матаса, бирөөлөрүнүн көзүн таңат, бирөөлөрүн чабам деп кылычын сындырат. Барабандар дүңгүрөп, мылтыктын затворлору шартылдап «атууга...» деген өкүм окулат.

Петрашевчилер өлөөрүнө көзү жетип калган кезде, «падышанын кечиримин» жарыялайт. Атуу каторга, арестант роталарына сүргүнгө жиберүү, дворян деген наамынан ажыратуу, укугунан жана үй-мүлкүнөн ажыратуу менен алмаштырылат...

Петрашевчилерди айдап жготкондон кийин да Семенов көпкө чейин өрөпкүп, белгисиз коркунучтун кучагынан чыга албай жүрдү.

Ал География коомунда иштөөнү улантып, өзүнүн диссертациясын жазды, бирок Петербургдан жадап бүттү.

География коому Карл Риттердин Азия жеринин жаратылышы боюнча эмгектерин орус тилине которууну чечет. Ошону менен бирге коом өтө зарыл шарттарды коёт — Карл Риттердин эмгектерине Борбордук Азиянын географиясы боюнча жаңы материалдарды киргизүүнү сунуш кылат. Бул чоң, татаал, бирок өтө кызык ишти коом Семеновго тапшырмак болот.

XIX кылымдын ортосунда орустун география илими Риттер билбеген, Азия материги жөнүндөгү жаңы маалыматтарды жыйнап койгон.

Карелиндин Иран менен Кытай чек арасына чейин саякат кылышы, Шпенканын Джунгарияны изилдеп чыгышы, Миддендорфтун Чыгыш Сибирге жасаган экспедициясы жана Охот деңизинин жээктеринде болушу, Чихачев менен Шуровскийдин Алтайда болуп келиши эң сонун натыйжаларды берген. Гофмандын, Маактын, Бэрдин Түндүк-Урал-

га, Сибирге Каспийге жасаган экспедициялары да Азиянын географиясы боюнча бай материалдарды жыйнайт. Мына ушулардын баары кошумча катарында киргизилүүгө тийиш эле.

Семенов коомдун бул сырдуу сунушун тартынбастан кабыл алат. Карл Риттердин китебине кошумча киргизүү менен которуу, Петербургдагы тынчы жок кыштан кутулуу максаты Семеновду өзүнүн бир боор Урусовосуна алып келет.

Ал өзүнүн чын дили менен жакшы көргөн жерине келет.

Анда ал бар болгону жыйырма үчтө болучу. Күчкө толуп, чыгармачыл пландары көбөйүп турган кези эле. Өмүрүнүн гүлдөп, өсүп турган маалы болгон соң миңдеген иштерди аткарууга кубаты жетет эмеспи...

Тиги мелтиреген талаага нурун чачып, чыгып келаткан күндү көрүп Семёнов жылмайып алды. Асмандап учкан торгойлор таңшып, арыктагы суулар чөмүчкө куюп койгондой мелтирейт. Көлөкө түшкөн нымдуу аллея менен Семенов үйүнө кирет. Атасынын кабинетинде көпкө чейин ары-бери басып жүрдү, анан барып терезелерди ачты. Чаң баскан жыгачтарын, китеп шкафтарын, ата-бабаларынын портреттерин күн шооласы жарык кылды. Кабагын салып тигиле караган ата-бабалары мындай деп сурагансыды:

— Семеновдордун кадыр-баркын көтөрүү үчүн эмне кылдың?

*II глава*

## ТУНГУЧ СҮЙҮҮ

Карл Риттер өмүр бою Азия жөнүндөгү маалыматтарды жыйнап, системага салып өткөн.

Немец окумуштуусу Кытайдын байыркы кол жазмаларын жана карталарын, кечилдердин каттарын, төрөлөрдүн документтерин, соодагерлердин майда барат кол жазмаларын бири-бирине салыштырып, изилдеп чыккан. Абдан такталып бүтпөсө да, анча-мынча тиешеси бар материалдарды, географиялык ой жүгүртүүлөрдү, Азиянын эли жана жери жөнүндөгү легендаларды кызыгып, кунт коюп изилдеген.

Ал көптөгөн кылым мурда Марко Поло, Карпини, Рубрук, Сюан-Цзяга, Фэ-Сян тарабынан жазылгандардын ар бир сөзүн изилдеп чыккан.

Карл Риттер өзүнүн көп томдуу, өтө маанилүү эмгегин көп жылдар бою олтуруп түзгөн. Анын «Азия жеринин

жаратылышы» деген он сегиз томдугу Азия жөнүндө география илими билгендердин баарын камтыган.

«Азия жеринин жаратылышы» бардык географтар менен саякатчылардын колдон түшүрбөй турган китеби болгон. Бул монументалдуу китепти үңүлө окушуп, аябай үйрөнүшкөн. Ал жаш географтардын чыгармачыл оюн козгоп, илимдин артынан түшүүгө үндөгөн.

Карл Риттер китепти жөн-жай гана жыйнап системага салбастан, географиялык фактыларды татынакай кылып жазып чыккан. Ал жерди таануу жана иштетүү боюнча туура жана кызык пикирлерди айткан. Риттердин өлкө адамга, ал эми адам өлкөгө кандай таасир бере тургандыгы, жаратылыш шарттарына ылайык өлкөлөрдүн жана адамдардын кандайча өнүгүшү жөнүндөгү ою Европанын географтарына чоң таасир берген.

Семенов «Азия жеринин жаратылышын» кунт коюп, сын көз менен кайра-кайра окуп чыккан. Миңдеген барак томдордун биринин артынан бирин окуп, столдун үстүнө жайып салчу. Орто Азияда, Алтайда, Сибирде жаңы эле болуп келген саякатчылар менен географтардын отчеттору, күндөлүктөрү, кол жазмалары анын жанында жатуучу.

Терезенин нары жагында жайкы таңды көркүнө чыгарып, гүл жыттанган аба аңкып турат, калың бактын арасына ала көлөкө түшкөн. Бак ичи тунжурап, ойго салгандай сезилет. Семенов «Азия Жеринин жаратылышын» акылга салып, салмактап көрдү, Риттердин эмгегинин артыкчылыгы көз алдынан чубап өткөндөй болду.

«Риттер жана анын мектеби, фактылары системага салынышы менен али тунжурап туюк жаткан жыйнакты илимдин калыпка салынган организмине айландырды, жер кыртышынын түзүлүшүнүн закондорун изилдеди, анын адам баласынын өнүгүшүнө болгон таасирин аныктады. Бул жерди үйрөнүүнүн жаңы сабагы болуп калды, же анын жаңы бөлүмүнө айланды, Риттер ага салыштырма географиянын атын окуду, ал тарыхтын тарыхка кандай катнашы болсо, географиянын географияга ошондой эле катнашы боло тургандыгын аныктады». «Азия жеринин жаратылышынын» биринчи томунун котормосунун кириш сөзүнө Семенов ушундай деп жазган.

Ал эми Риттердин кемчиликтеричи?

Немец географы жерди «адам баласынын жер үстүндөгү күнүмдүк өмүрүнүн тарбия берүүчү мекемеси катары баалаган». «Адамдын денесиндеги жан кандай роль ойносо, адам жер үчүн ошондой ролду ойнойт». Башкача айтканда, Риттер адамдын жер үстүндөгү аракетин диний көз караш менен баалаган. Ал теологияны — диний фило-

софияны география илими менен байланыштырууга аракет кылган.

Семенов, Карл Риттердин диний идеясын сынга албайт. Анысы түшүнүктүү жана таң кала турган жери жок. Анткени, XIX кылымдын биринчи жарымындагы география илими Риттердин идеясына сугарылган. Риттердин таасири тийгенин Семенов өзү да сезген. Бирок ал немец географынын диний көз карашына назар салган эмес. Ал Риттерден эң баалуу, эң таза нерселерди — анын географиянын илимий мааниси жөнүндөгү көз караштарын, анын системага салуу жана география маалыматын жазуу методун алган. Карл Риттер иштеп чыккан салыштырма география методу кийинки күндөрдө Семеновго жакшы кызмат кылган.

Котормонун үстүндө абдан тырышып, көңүлдөнүп иштеген. Өтө маанилүү иш кылып жатканына көзү жеткен, Семеновдун көңүлү көтөрүлүп, чыгармачылык ынтаасы жогорулаган. Ал баарын унутуп коюп, эртеден кечке баш көтөрбөй иштейт. Кечкурун Рановынын жээгине барып, айлана-чөйрөдөгү талааны кыдырып келет. Ушинтип сейилдеп жүргөндө да чымын-чиркейлерге кызыгып, кунт коюп жыйнайт, ал адаты өмүр бою сакталып калат.

Алардын жанындагы Гремяка имениесине өзүнүн кыздарын, жээндерин алып, Кареева деген помещица келип туруп калат. Көп узабай помещица жаш коңшусун мейманга чакырат. Семенов ишин таштап коюп келгенине өкүнгөнү менен сылыктыгын, оор басырыктыгын көрсөтөт. Карееванын он жети жашар жээни Вера Чулкова менен таанышкандан кийин баягы өкүнүч көздөн кайым болот. «Келишкен келбети, оор басырыктуулугу, ички дүйнөсүнүн тунуктугу укмуштай таасир берет».

Ошентип ал, Карееванын имениесине бат-бат бара турган болот. Гремякадагылар да аны ар дайым күтүп алышат. Анын аңгемелерин суктанып, өтө кунт коюп угушат. Семеновдун Кареевага айткандарынын баары анын жээнине таандык эле — ага кыздын түшүнүп олтурганын өзү да сезет.

Эми ал турмуштук жаңы багытка бет алып, жарашыктуу болуп баратканын туйду. Кареевалар турган үй, «акылга тунук, меймандос адамкерчиликтүү ээси, анын үстүнө айсулуу жээни жашагандыктан жер үстүндөгү бейиштей» көрүндү. Ал Гремячкага такай барып тургусу келди, өзүнөзү токтото албай калды. Вераны көрбөсө көксөй турган болду.

Вераны көрүп туруу үчүн Урусоводогу татынакай кабинетин таштап, Гремякага жакын жердеги Подосинки

кыштагына барды. Подосинки да ага караштуу эле. Ошондогу начар үйгө кирип, китептерин, кол жазмаларын, өзүнүн чакан көпөлөк коллекциясын ала келди. Гремячкага өзү жакшы көргөн Ньфаундленддин-Сбогара деген дөбөтүн жетелеп келүүчү. Кээде трашманкеге түшүүчү, тору ат кошкон трашманке нымдуу токойду аралай жүрсө, Сбогара ээрчий чуркаса, Вера жөнүндөгү ойго белчесинен баткан Семеновдун үстүнө шүүдүрүм тамчылары себеленүүчү. «Акыры жүрүп, мен дагы эгерде, өзү каалай турган болсо менин турмуш жөнүндөгү маселем кыйшаюусуз чечиле турган тунук адамга жолуктум».

Билинбей жатып күз да келди. Кайың менен клёндордун жалбырактары саргарып, Рановыга муз туруп, келгин куштар үйүр-үйүргө бөлүндү. Аябай ашык болуп калган жигит өз сырын Верага айта албады. Ага, Верада достуктан башка сезим жоктой көрүндү. Ошондуктан ал, күзгү кооз токойду аралап, Подосинкага терең ойго батып, муңайып кайтты. Арыктарга, көлчүктөргө толуп кеткен жалбырактар дөңгөлөк алдында кычырап, жыты мурун жарат. Түнөргөн токой арасынан карышкырдын көзү балбылдагансыйт — анткени Подосинок менен Гремячканын тегерегинде карышкыр көбөйө баштаган.

Ал үйүнө келип, пальма жыгачына орнотулган шамды күйгүзүп иштей баштайт. «Азия жеринин жаратылышынын» биринчи томунун котормосу аяктап, Петербургга кайтуу маалы жакындап калган. Ал шашпайт, бирдемени күткөнсүйт, кеткиси келбейт.

Ошентип жүрүп, ал Верага сырын айтпастан Петербургга кетет, «ушул күнгө чейин өзүм билбеген өмүр бактысына биринчи ирет жол көрсөткөн кишини көңүлүмө түйө кеттим»,— дейт.

География коому «Азия жеринин жаратылышынын» Семенов которгон биринчи томун жактырат. Семенов алтындан артык убактысын текке кетирбестен диссертациясына киришет.

Ал өзүнүн диссертациясын: «Дон бойлорунун флорасынын Россиянын Европа бөлүгүндөгү өсүмдүктөрүнүн географиялык жайгашышына карата мамилеси»,— деп атаган.

Анын үстүндө иштөө а дегенде жай, татаал башталат, бирок ал бат эле үңүлө киришет. Бир барак жазуунун алдында ал, бойдок жигит жашаган ээн үйдө аркы-терки басып, темасын ойлойт. Ал «география коомунун вестниги» үчүн «Россияда ботаника-географиялык изилдөө жүргүзүүнүн маанилүүлүгү жөнүндө» деген макаланы жаңы эле жазып бүткөн. Анда мындай дейт: «Ботаникалык географиянын өтө чоң мааниси бар, ал ар бир географ менен

саякатчыга зарыл». Эмне үчүн зарыл? Жердин ар кайсы бөлүгүндөгү топурак, климат, алардын сырткы көрүнүшү таптакыр башка. Мына ошол айырма ар бир өлкөнүн географиялык бөтөнчөлүгүн көрсөтөт. Ал «жер үстүндөгү тирүү өсүмдүктөрдөн байкалат, анын закондорун таанып, окуй билген кишиге өзүнүн алгачкы маалыматын берет».

Бийик тоонун башына чыгып көргөн ар бир саякатчы, өсүмдүктөр акырындык менен кандайча өзгөрө тургандыгын билет. Алардын бир түрүн экинчиси алмаштырып турат. Климат өсүмдүктөр менен тыгыз байланыштуу болот, өсүмдүктөр дүйнөсү болсо, жердин жаратылышына таасир берет. «Тоо климаттары кабат-кабат болуп, биринин үстүндө бири жатат»,— деген бир заманда карыя Гумбольдт. «Өсүмдүктөр жаратылыш чөйрөсүнүн ар бир өзгөрүшүнө жараша кубулуп турат. Ал эми жаратылыш болсо табигый жол менен да, адамдын аракети менен да өзгөрөт». Ошондуктан «жаратылыштын татынакай тилинин ачкычын табууну каалаган ар бир окумуштуу ботаникалык географияны билиши зарыл».

Ал өзүнүн диссертациясы боюнча ой жүгүртө келип, кара топурактуу тилкеге саякат кылуу маалында өтө бай фактыларды, тандыргыс далилдерди жыйнап алганына кубанды. «Ботаника-географиялык изилдөө жүргүзүү үчүн мен тандап алган өлкө 6000 миль аянтты ээлеп, Дон бассейнине туура келет». Учу-кыйрына көз жетпеген бул мейкиндик физика-географиялык жана ботаникалык жактан өз-ара окшобойт.

Семенов анын жаратылыш байлыгын өз орду боюнча кылдаттык менен мүнөздөйт. Көөлгүп жаткан көлчүктөр, агын суулар, саздар болсун, талаалар, адырлар шор жерлер болсун, диссертанттын көз далдасында калган эмес. Ал маданий өсүмдүктөргө да назар салып, анын огороддордогу, бактардагы, талаалардагы, бакчалардагы кыртыштарга кандай таасир бергенин байкайт. Ал Жогорку жана Төмөнкү Донго геологиялык, геоботаникалык жактан салыштырма мүнөздөмө берет, Дон боюндагы кумдардын келип чыгышын түшүндүрөт. Тоо кыркаларынын суу жеп кеткен жерлери, чөптүү кыртыш алдындагы кумдун пайда болушу, кумдун Дон талааларына оошуп келиши, шамалдын жана селдин таасири астында кыртыштын бузулушу анын көңүлүнүн борборунда болгон.

Александр Гумбольдтун методуна салып, ал Дон флорасын ошол жердин бардык шарттарына ылайык талдайт. Ал аны географияга тыгыз байланыштырып мүнөздөсө, географияны — Дон бассейнинин геологиялык түзүлүшү менен байланыштырып мүнөздөйт.

Өзүнүн саякатында жыйнаган материалдарын жана байкоолорун калыпталган, даана илимий жыйынтык менен аяктайт .

Диссертация оңунан чыгат. Окумуштуу комиссиянын алдында аны ийгиликтүү коргойт. Ага ботаниканын магистри деген наам берилет.

Ботаниканын жаш магистрине укмуштай сонун өнөкөт пайда болот — бир ишти бүтүрүп экинчи жаңы ишти баштай турган болот. Жаңы иштеринин бири — эң тез бүтүрө турганы — «Азия жеринин жаратылышынын» экинчи томун которуу эле.

Котормонун үстүндө канчалык көп иштеген сайын, Азия жөнүндөгү материалдардын баары менен канчалык көп таанышкан сайын Азия материгине суктануусу мурдагыдан бетер күчөйт. Эми ал өзү Азиянын учу-кыйрына көз жетпеген мейкин талаасына саякат кылгысы келет, анын тоолору менен талааларын, өрөөндөрү менен капчыгайларын изилдеп чыгууну эңсейт. Аларды аябай изилдеп, өзүнүн байкоолорун башка географтардын байкоолоруна салыштыргысы келет. Карл Риттер менен Александр Гумбольдттун теориялык жактан ой жүгүртүүлөрүн фактылар менен текшерип көрмөкчү болот. Александр Гумбольдт Тянь-Шань деп аталган тоолуу өлкө вулкандык өзгөрүштөрдөн улам пайда болгон дейт. Семенов Гумбольдттун гипотезасына макул болот. Бирок кандай гана гипотеза болбосун тактоону талап кылат, ал эми азырынча андай тактык жок болучу.

Жарым кылым өтөт. Семенов өзүнүн мемуарында Асман тиреген тоолорго саякат жасоо жөнүндөгү максаты кантип пайда болгондугу, жетилгендиги жөнүндө баяндайт.

«Мени европалык саякатчылардын эч кимисинин буту баса элек, азиянын тоо кыркаларынын борбору болгон Тянь-Шань өзүн көздөй үндөп турду. Улуу Гумбольдт вулкандардан улам пайда болгон деп эсептеген Азиянын түпкүрүндөгү кол жеткис, кар баскан чокуларга барып, ошол чокулардын сыныктарынан ага бир нече үлгү ала келип берсем, ал эми үйүмө болсо — илим үчүн жаңы ачылган өлкөнүн табигый чөптөрү менен жан-жаныбарларынан чогултуп келсем — мен үчүн барып турган каармандык болоор эле...»

Бирок ал азырынча географиялык каармандык жөнүндөгү үмүт менен гана жашады. Алдыда дыкандык менен даярдык көрүү иши турган. Ошентип ал театрларды, концерт залдарын, Петербургдагы ак сөөктөрдүн коомун мындай коюп, бел бүкпөстөн иштей баштайт. Жоро-жолдоштор менен болгон анча-мынча жолугушуулар гана алагды кылат.

1851-жылдын жазында гана Семенов өзүнүн Урусовосуна келет. Верага жолуккусу келип, жүрөгү алып учуп, Гремячкага барат.

Аны кучак жайып тосуп алышат. Ал сүйүүгө туткун болуп берет, Верага күндө жолуга турган болот, бирок мурдагысындай эле өзүнүн ички сырын айта албайт.

Күндөрдүн биринде жеңеси Любовь Андреевна токтотуп алып, ачыгын айтат:

— Кареевдердикине күндө барышың, кыздын башын тегеретип жүрбөсүн деп ойлойсуңбу? Үйлөнбөй турган болсоң эмне үчүн анын башын оорутасың?

Ал тартынбай жооп кайтарат:

— Мен аны кандай сүйсөм, ал да мени ошондой сүйгөнүнө көзүм жетсе, ошол замат колумду да, жүрөгүмдү да сунаар элем.

Анысын Веранын өзүнө айтуудан ийменип, ал кыздын тарбиячысы Екатерина Михайловна Кареева менен акылдашып көрмөкчү болот.

— Вера сизди чын ниети менен сүйөт. Сиз кеткенден кийин жаман забыркап жүрдү, ооруп калабы деп чочудум,— деген жоопту айтат Екатерина Михайловна. Жигит кубанганынан эмне кылаарын билбей калат.

Ошентип, ал Кареевадан Вера менен сүйлөшүп көрүүнү өтүнөт да, үч күндөн кийин келмек болуп үйүнө кайтат. «Эмне үчүн үч күндү болжогонумду өзүм да билбейм, ошол үч күн мен үчүн өзүнчө бир кыйноо болду. Уйку бетин көрбөдүм, тынч албадым».

Үчүнчү күн дегенде, кечкурун жооп алганы келет.

— Тиги бакка барып, өзүң да сүйлөшүп көрчү,— деди Кареева.

Ал бактын ичиндеги олтургучтан орун алып, сөздү эмнеден баштаарын билбей, алдастап, тим эле коркуп жаткандай болду. Вера бакка чыкканда гана ал; артык баш сөздүн кереги жок экенине түшүндү. «Мен ашык болгон, чексиз сүйгөн колуктунун толук образы жаркырап маңдайыма келди».

Алар кеч күздө үйлөнүштү. Петр Петрович 1852-жылдын кышы Петроградга барган жок. Бакыттын күнү жылга айланды, үй-бүлө түйшүгү менен илимий ишке жык толду. Ал жеңил, көңүлдүү, чоң далалат менен иштей турган болду. Мына ушул жылдын ичинде ал өзү үчүн өтө маанилүү чындыктын барагын ачты, «илимди өз алдынча байкоонун, жетилбеген, ар кайсы жерде, ар кандай улуттун тилинде чаржайыт басылып чыккан, жалпы көз карашка бирикпеген материалдар канааттандырбай турганы чын. Ал баарын бир жерге топтоону талап кылат».

Ошол эле жылы, ага помещиктер менен жалчылардын ортосундагы мамилелерди байкоо укмуштай бай материалдарды берди. Бала кезинде крепосттук эзүүнү көрүп, кыжыры гана кайнаса, азыр ал чирип бараткан крепосттуктун помещиктерге жана мужиктерге берген таасиринин себебин табууга аракет кылды.

Семенов помещиктердин турмушундагы өзүнүн каттыгы жана мыкаачылыгы жагынан өтө коркунучтуу, жаңы нерселерди билди.

Мисалга анын коңшусу — дворяндыктын уезддик башкаруучусун эле алып көрөлү. «Ал өзүнүн имениесинде уездиндеги жалаң гана эркектерге той берет. Келген меймандар тамак ичип, аракка аябай тойгондон кийин бакка чыгышат, ал жерге жалчылардын кыздарын тизип коюп, меймандос үй ээси эми тандаганыңарды алгыла»,— дейт. Дворяндыктын экинчи бир башкаруучусунун «музыка менен мергенчиликтин барып турган ышкыбозунун өзүнүн оркестри, мергендерди болгон... Музыканттар жана мергендер ошол эки кесипти бирдей билген жалчылар эле, алар таң атпай аттанып, аны ууга алып чыгат, кечкисин оркестрде ойношот, тамак маалында жүгүрүп анын кызматын кылат». Ошол эле уезддик дворяндыктын башкаруучусу бир кыштакты эли менен мергенчилик кылуучу тайгандарга алмашып жиберген.

Орловдогу помещиктердин — князь жана анын аялы Тютчевдердин кылган кылмыштары адам чыдагыс болуп кеткендиктен алар жөнүндө Николай Биринчиге кабар берүүгө туура келген. Падыша ал ишти абдан тергеп чыгууну тапшырып, акыры князды үй-бүлөсү менен Сибирге айдаткан. Жалчылардын ээсин минтип жазалоо өтө сейрек учурай турган.

Помещиктердин ээнбаштыгына жалчылар тымызын өч алуу менен жооп кайтаруучу.

Семенов мындай деп белгилеген: «Дыйкандар өзүнүн помещигин өлтүрүп койгондугу жөнүндөгү кабарды укпаган жыл болучу эмес. Андай окуянын акыркысы менин аялымдын агасынын бажасы, мага тааныш помещикти өлтүрүү биздин аймакта болду.

Бизден обочо жашаган коңшу князыбыздын дыйкандары тополоң баштайт, аны өлтүрмөк болгондо князь жарашууга мажбур болот, кийин өч албаймын деген сөзүнө тургандыгын айта кетүүбүз керек».

Семенов крепосттук дыйкандардын тагдыры жөнүндөгү проблемалар боюнча барган сайын көп ойлоно турган болот. Мындай бир ой анын тынчын алат: «Россиянын эркин өнүгүшүн кысымга алган, таштай катырган заман ту-

гөт болууга тийиш. Менимче, орус элинин өнүгүшүн матаган түйүн, крепосттук укукта турат, ал улуттук эки башкы күчтү бирдей кансыратты: «алардын бири көп миллиондогон дыйкандар чөйрөсү болсо, экинчиси, билими боюнча алдыда турган дворяндар».

1852-жылдын күзүндө Семеновдор кыштактан Петербургга көчүп келет. Петербургда алардын тун баласы төрөлөт. Атын Дмитрий коюшат. Семеновдордун бардык жагдайы жакшы эле — бактылуу үй-бүлө, сүйгөн иши, акылдуу, ак ниет достор.

Ал «Азия жеринин жаратылышынын» экинчи томун которуп бүтөт, «Жаңы Калифорния, Мехико, Орегонду физикалык, саясий жана этнографиялык жактан баяндоо» деген географиялык чоң очеркин жарыялайт.

Жаратылышты жана элди комплекстүү үйрөнүү боюнча өзүнүн көз караштарын так, илимий жактан толук негизделген мааниде, жандуу, образдуу тил менен баяндайт. Өзүнүн очеркинде өлкөлөрдүн тарыхын, алардын географиясын, жеринин геологиялык түзүлүшүн, өсүмдүктөрүн, айбанаттар дүйнөсүн, ошондой эле элдердин этнографиясын даана көрсөтөт. «Жаңы Калифорния, Жаңы Мехико, Орегонду физикалык, саясий жана этнографиялык жактан баяндоо» орустун география илиминдеги чоң окуя болуп калат. Ошол эле учурда, ал кийинки күндөрү даңкы чыккан «Азия жеринин жаратылышына» котормочу катары жазган кириш сөзүн бүтүрөт. Анда өзүнүн көздөгөн максаты болуп келген илим менен окумуштуунун багыты жөнүндөгү оюн айтат.

«Биздин заманыбыздагы илим—тумандаган акылды ойгото турган нерсе эмес: ал ой жүгүртө билүүгө, өзүңдү курчап турган нерселердин жана жаратылыштын күчүн таанууга, аны өзүңө багындырып алууга, өз керегиңе жарата билүүгө үндөйт...

Ошондуктан мелтиреп бир жерде туруп калууну каалабаган, өз мекендештери менен бирдей жашагысы келген ар бир окумуштуу адам баласынын билим деңгээлин алга жылдырууга гана аракет кылып тим болбостон, анын казынасын элдин кызматын кылууга багытташы керек...»

Вера күтүлбөгөн жерден катуу ооруп калат. Докторлор көрүп, Петр Петровичке кургак учук менен ооруганын айтышат. «Бул сөз мага чагылгандын огу тийгендей угулду... Эртеси эртең менен туруп жатып, ооз ачып сөз сүйлөгөндү мындай кой, жаагым карышып калыптыр... Температурам аябай көтөрүлүп кетти...»

Докторлорго жана молдого киши чаптырат. Молдо аны табынтпай эле Семеновдун ыманын айтууга камынат. Пе-

тербургдун мыкты врачтары келет. Оорулууну көргөндөн кийин консилиум башталат. Кара тумоо чалып, мээсине суук тийген деген жыйынтыкка келет врачтар. Атактуу. доктор Здекауер мындай дейт: үч күндөн ашык жашабайт, аман алып кала турган даба жок. Здекауердин оюна доктор Бензингер да кошулат. Эски врач Марголиус—Семеновдун жакын досу гана үмүтүн үзбөйт. Ал эң акыркы чараны — башына муз коюп, жылуу ваннага жаткырып көрмөкчү болот. Сыркоо ошол ваннада жатып жан бериши ыктымал, бирок бирден бир жана акыркы чара деп ушундай кылып көрүш керек эле.

Үй-бүлөсү атактуу Здекауер менен акылдашат.

— Ал ваннадан тирүү чыкпайт,— дейт атактуу киши.— Даба болуп тирүү калса баары бир акылы ордуна келбейт...

Петр Петровичти ваннадан чала жан алып чыгат. Ал кыймылдабастан, көзүн ачпастан төшөктө жатты. Анын көкүрөгүнө кулагын төшөгөн Марголиус жүрөгү кагып жатканын көпкө чейин уга албады. Сыркоонун эс-учу жайында болчу, баарын угуп, баарын сезгени менен көзүн ачууга, манчаларын кыймылдатууга, сүйлөөгө чамасы келбеди. «Тирүүчүлүктүн кандайдыр бир белгиси бар экендигин билүүгө шайым келбегени менен өлүү же, тирүү экенимди билсем деген ойго келдим. Өлүмдөн корккон жокмун. Бирден бир максатым, колдон келсе жанымдай көргөн Верам менен бул дүйнөдө бирге болсом дедим... Акыры достор Марголиус ордунан туруп, менден обочолой берип, кимдир бирөөгө: тирилди, мен эми сакайып кетээрине ишенем дегенин угуп калдым...»

Кызык, Марголиустун эми түшүп, жакшы болуп кеткенин көрбөйсүңбү. Петр Петрович сакайып кетти. Бирок Вера бат эле начарлай баштады. Дарт алсыратып таштады. «Кайгынын күнү келип жетти. Түнкүсүн өзү жакшы көргөндөрдүн баарын төшөгүнө жакын чакырып алып, анан акырын жүрүп кетти».

Петр Петрович алсырап, амалы түгөндү. Ал үчүн өмүр деген өзүнүн маанисин жоготуп койгондой көрүндү. Петербургдагы ээн калган үйүндө өзү жалгыз каңгырады, кайгы-касирет белден басып, баш көтөртпөй салды.

Ушул учурда өзүнүн эски досу Марголиус көмөккө келди.

—Вераны эске сала турган жерди таштап, чет өлкөгө кет,— деген кеңешин айтты.

Петр Петорвич анысына макул болду. Уулу Дмитрийди жеңеси Любовь Андреевна кыштакка алып кетти. Петербургдагы үйүн кулпулап салды.

1853-жылдын жаз айында ал пароходго түшүп Любекке жөнөп кетти.

# ЕВРОПА БОЮНЧА САЯКАТ

Кабагы карыш түшүп, түнт, кападар, жападан жалгыз Германияны кыдырып чыкты. Гамбургда, Ганноверде, Бонндо, Кельнде болду, айтылуу Брокенге чыкты, Гарцуну жөө кыдырды. «Мага өз өмүр жолум ойрон болуп, жашоодо бак-таалайдан ажырагандай эле сезилди, тиги дүйнө сыяктанып көрүнгөн жаңы турмушту эмнеден баштоону терең ойлонуп көрүү керек болду. Бардык күчүмдү кандайдыр бир оор, бирок мекениме пайдалуу ишке жумшоого арнасам — башка түшкөн кайгы-муңдан арылчудай сездим...»

Рейнди бойлоп келатып, эски чепти көрүп чыкты. Алардын көбү орто кылымдын куралдарынын, мебелдеринин, буюм-тайымдарынын музейине айланган. Бул чепте—музейде орто кылымдагы Германиянын рыцарларынын оокат-тиричилиги, феодалдык турмуштун белгилери кылдаттык менен сакталган. Өтө эскирип кеткен жерлери реставрацияланган.

Орус дворяндары өздөрүнүн тарыхый эстеликтерине кайдыгер карагандыгын эскерип, Петр Петрович аябай кейиди. Ал өзүнүн Куликово талаасында салгылашуулар өткөн жерде болгонун аргасыз эске салды. Даңкы чыккан салгылашуулар жөнүндөгү бардык летопистерди талдап көрүп, бир заманда князь Владимир Андреевич менен Боброктун тосмолору болгон токойду, Непрядве суусунун боюндагы татарлар чөгүп кеткен жердин жигин араң ажыратты. Салгылашуулардын жүрүшүн, Мамайдын безе качышын, орус тарыхындагы чоң окуя жөнүндөгү эл оозундагы легендаларды күч менен эсине салып, көз алдынан чубатып көрдү.

XIX кылымдын башында помещиктер Куликово талаасын айдап салышат. Аны айдап жатканда тарыхый салгылашуулардын баа жеткис эстеликтери табылган. Алар помещиктердин сарайларында чаң басып жатып, жок болгон.

Ал Европа боюнча саякат кылууну уланта берет, андагы кызык, көзгө токтомдуу нерселерди кунт коюп көрөт.

Гарцеге келгенде ал немец дыйкандарынын турмушу жана экономикалык абалына кызыгат.

Боннго келгенде университеттин шаарчасы, студенттердин корпорациясы менен таанышат.

Семигорьеге барганда, анын тоо чокуларына чыгып вулкан породаларын кунт коюу менен көрүп чыгат.

Майнцеде крепостко келип, андагы прусс жана австриялык горнизонду көрөт. Офицерлердин чакыруусу боюнча барып, фортификация жана артиллерия жөнүндөгү лекцияларды угат. Россия менен согуш баштала тургандыгы жөнүндөгү сөз тарап кеткендиктен, ал европалык аскерлердин, биздикинен артыкчылыгы бар бекенин билгиси келет.

Буларды көрүп кайгыга бата: Германияда аскерлерди окутуу көбүнчө практика жүзүндө өткөрүлөт экен. Немец солдаттары эң сонун куралданган: «Ал эми биздин аскерлер болсо, ошонун ичинде гвардиялык бөлүктөр да, парaддарда гана зыңгырап калышат, катарга тизилгендеги көркүнөн башка эчтемеси жок. Солдаттар кармаган куралдар эч нерсеге арзыбайт».

Ал Туладагы курал-жарак заводу армияга колго алгыс брактарды берип жатканын эскерет. Мамлекет берген мылтыкты атууга болбойт. Мылтыктардын ичин да, тышын да, такай тазалап туруш керек дешет солдаттар. Жанагы парадга чыкканда гана жалтыраган солдаттардын куралдары жакында таптакыр эчтемеге жарабай калат. Бизде көп сандап жана өзгөчө көрүнгөн орустун күжүрмөн күчүнүн сырткы гана көркү бар. Анын үстүнө армияда алдым-жуттумдук, казынага кол салуу, солдаттарды сабап жазалоо өкүм сүрүшү өтө өкүнүчтүү эле. Армиядагы казынага кол салууга каршы Николай Биринчи да, тыңгылыктуу чара көрө албады. «Ал өзүнүн карамагындагы мунжуларга деген акчадан, иш башкарымыш болуп жүрүп миллион сомду кымтыган төрт толок генералды солдат даражасына түшүрүп көрдү». Ал чара эмнелерди өзгөрттү? Бир жердеги алдым-жуттумдук тыйылса, экинчи жерден чыгат. Ал эми орустун билимдүү коому болсо, рухий жактан басмырланган. Эгерде Россия менен европалык мамлекеттердин ортосунда согуш баштала турган болсо «биздин уттуруп коёрубузда талаш жок». Семенов мына ушундай келечекке ой жүгүртүп келип абдан чочуду. «Ушул калыпта Россия алга жыла албайт... Орус турмушунун бардык тармактарында негизги реформа жүргүзүлө турган маал болуп калды, андай реформанын башкы түйүнү крепосттук укукту жокко чыгарганда гана чечилет...»

Германиядан кийин Семенов Францияга барат.

Вогездо ал француз кыштактарын кыдырып, дыйкандардын турмушун сурамжылап таанышат, алардын агрардык жана экономикалык шарттарынын жагдайын үңүлө үйрөнөт. Вогезден кийин Парижге жетүүгө шашылат — анткени согуш жөнүндөгү айың сөздөр күчөп кеткен. Россияга каршы согуштун башталышын Парижден угуп ка-

ламбы деп чочуйт. Анын ою төп келет: Франция согуш жарыялайт.

Парижде чыгуучу газеталардын беттери орустарга каршы багытталган макалага жык толгон. Биржаларда согуштан улам тынчсыздануу күч алып, байлар менен король төрөлөрү баш көтөртпөй чабуул коюуну талап кылат. Улутчул шовинисттер француз куралынын даңкын көтөрмөлөп, Наполеондун жеңишин эске салышат. Семенов согуштук чуулганга жык толгон Париж газеталарын сукталып окуйт да Аксаковдун ырларын каңырыгы түтөп кайталайт:

Европа бизге каршы аттанды эми,<br>
Мекенди туш тараптан курчап алды.<br>
Басмырланган ушактан кулак тунуп,<br>
Миң-сан газет чуулдап айың салды.

Германияда жүргөндө эле согуш эгерде башталып калса, эмне кылам деген ойго келген. Россияга барып, фронтко жөнөшүм керекпи? Кыйналып-кысталып көп ойлонгондон кийин ал, чет өлкөдө өткөргөн убактысын өзүнүн өмүр максаты болгон эки маселеге арноону чечкен: Борбордук Азияга саякатка баруу, келечектеги реформага жакшылап даярдануу.

Уттуруп коё тургандыгы талашсыз болгон согушка катышуунун кажети жок деп эсептеген.

Парижде жүргөндө Семенов сүрөт галереясына, музейлерге, эң алды менен Луврга барат. Луврда улуу живописчилердин сүрөттөрүнүн көргөзмөсүндө болот. «Мына ушул жерде гана менин көзүм ачылды, живопись искусствосунун улуу чыгармаларын көрүп, аябай кунт койдум, акырындык менен живописстин тарыхын үйрөндүм жана көрүүгө мүмкүн болгон бардык галереяларда, өзүнө менчик кылып жыйнаган сүрөт көргөзмөлөрүндө болуп, акырында өзүм ынтызардуу коллекционер гана болбостон, көркөм чыгарманын эксперти болуп кеттим...»

Леонардо да Винчиден кийин Нидерланд художниктеринин сүрөттөрү ага абдан чоң таасир калтырат. Рембрандттын, Рубенстин жана «кичинекей голландыктардын» чыгармалары Семеновду тим эле туткундап алат. Ага бир жаңы ынтаа пайда болот — Нидерланд живописчилеринин сүрөттөрүн коллекциялай баштайт.

1853-жылдын жайкы семестри башталаар алдында Семенов Берлинге келип, Берлин университетинин студенти болуп калат. Анын уга турган лекциялары, Орто Азия боюнча саякат кылууга тыгыз байланыштуу болот, «Өзүм биологиялык илим менен жакшы тааныш болгондуктан, бул жерде геологиялык жана географиялык илимдин циклдерине бөтөнчө көңүл бөлүү максатын койдум».

Ал түпкүрдөгү кендердин геологиясы боюнча профессор Бейрих окуган лекцияларга катышат. Кристаллдуу кендердин геологиясы боюнча профессор Розе, метеорология жөнүндөгү профессор Довенин жана өсүмдүктөрдүн өнүгүшүнүн тарыхы боюнча профессор Шахтын лекцияларын угат. Берлин университетиндеги ал үчүн өтө маанилүүсү Карл Риттердин лекциялары болчу.

Риттердин жашы жетимиштен ашып калган. Узун бойлуу, жазы маңдай, тарам-тарам ак чач, акылдуу кара көз, болук чал студенттерди өзүнүн эң сонун лекциялары менен туткундаган. Анын лекциялары оюнун ачыктыгы, ирèттүүлүгү менен айырмаланган.

Карл Риттерди география илиминин акыны деп коюшчу. Тамашага шоотуп дагы мындай дей турган — Риттер өзүнүн кабинетинен чыкпай туруп Гималай менен Тянь-Шанды кыдырып чыгат. Түшүндө Азиянын өзөндөрүнөн сүзүп өтүп, Гоби чөлүндөгү бороондо жана Сибирдеги бурганакта калат, чочуп ойгонсо калпак кийген башы тердеп, жылуу төшөгүндө жаткан экен...

Мындай мыскылдын алдында чындык да бар эле.

Риттер географиялык ачылышты ачууну самап жүрө турган — бирок анын самаганы ишке ашпайт эле. Ою жана максаты турмуштун аёосуз каршылыгына кабылган адамдардын катарына кирүүчү. Эски документтерди чаң басып, андагы турмуштун жыты менен мезгил тамгалары өчүп, окмуштуу-акын өзү көрүп-билбеген өлкөлөрдүн жаратылышы жөнүндө китеп жазган. Жаратылышка акындарча көз карашы; аны тааный билүүгө карата болгон аракети Карл Риттердин лекциясын уккандарды, китебин окугандарды абдан кызыктырган.

Риттер менен Семенов таанышат.

Риттер өзүнүн котормочусун жана коментаторун ошол замат жогору баалап, жакшы көрүп калат. Ал турсун университеттин студенттери менен профессорлоруна мындай дейт:

— Борбордук Азиянын географиясын билгиси келгендер Семенов мырзага кайрылгыла. Азия өлкөлөрү жөнүндө ал менден жакшы билет.

Алар бири-бирине тез-тез жолугуп, аңгемелеше турган болот. Аңгемелеринин темасы Азия өлкөлөрүнүн географиясы жана айрыкча, азырынча эч кимге белгисиз Тянь-Шань тоо кыркалары эле. Алар бири-бирине суроо бергени менен тыңгылыктуу жооп таба алышкан эмес.

Чындыгында эле, сырдуу Ысык-Көлдүн аянты жана тереңдиги жөнүндөгү суроого кантип жооп берет эле? Ысык-Көлдөн Чүй деген өзөн агып чыга турганы чынбы?

Нарын суусу Орто Азиядагы Сыр-Дарыянын башаты экени чынбы? Хан-Теңир асман тиреген тоонун эң бийик чокусу экени ыраспы?

Мына ушул суроолордун баарына азырынча эч ким жооп бере албайт. Баары түшүнүксүз, тумандап турат, айкын эмес, сырдуу жан-жаныбарлары, өсүмдүктөрү менен айбанаттарынан тартып Асман тиреген тоолору менен чөл, талааларында жашаган элдерине чейин белгисиз.

Берлинде жүрүп Семенов университетте окуган жолдошторунун бир азы менен таанышып алат. Ал досторунун ичинде: философиянын жаш доктору Густав Иенчиш, геологиянын доктору Сёхтинг жана кийин даңктуу окумуштуулардын бири болуп кеткен Фердинанд Рихтгофен бар эле. Саякат кылуу дегенде жанын берген Рихтгофен Семеновдун Россия жөнүндөгү, Орто Азия жөнүндөгү аңгемелерин кунт коюп уккан. Петр Петрович өзүнүн Тянь-Шанга саякат жасоо жөнүндөгү планын айтканда Рихтгофен мындай деп жиберет:

— Россиядан чыгып, эч ким билбеген чокуга чейин барыш деген эң сонун идея! Сизди туурап, мен дагы ошол Тянь-Шанга Кытай империясы жагынан чыгып көрөм...

Петр Петрович Мюнхен университетинин докторлору бир туугандар Адольф жана Герман Шлагинтвейттер менен таанышат. Шлагинтвейттер да, Индия аркылуу Тянь-Шанга саякат жасоону көксөп жүргөн болот.

Ошентип эми, Петр Петровичтен башка дагы үч киши географиялык илим үчүн Асман тиреген тоонун сырларын ачууга камынат, бирок алардын ортосунда атаандашуу деген болбойт. Алар алдыда турган экспедициянын бардык жагын, кыйынчылыктарын өз ара талкуулап чыгышат. Бир туугандар Шлагинтвейттер Семеновго алардын саякатка баруу жөнүндөгү идеясы Александр Гумбольдттун өзү колдой тургандыгын айтышат.

Петр Петрович атактуу географ менен жолугушууну чечет, Гумбольдтко кат жазат. Ал көп күттүргөн жок. «Мен Петр Семенов мырзаны кубаныч менен тосуп алам, илимий саякаттын долборун талкуулашууга даярмын»,— деп жазап Гумбольдт.

Дүйнөнүн эң улуу географы деп эсептелген адамга Петр Петрович толкунданган бойдон жөнөйт.

Аны башынан аягына чейин китепке жык толгон чоң кабинетке ээрчитип киришет. Кабинеттин керегелеринде географиялык карталар илинген, столдо жаркырап глобус турат, бурч-бурчтарда кокос жаңгактары жайнап жатат, чоң-чоң жашыл таштар, тоо хрусталдары, кооз таштардын сыныктары, ак жана кара мраморлордун түрлөрү, амазон

каучуктары, бермет сыяктанган үлүл кабыктары менен аралашып жатат.

Керегеге түшкөн күн шооласынан улам буркулдап кайнагансып аккан шаркыратма көзгө түштү. Жазуу столунун үстү жагында «Ниагар шаркыратмасынын» сүрөтү — алаамат кубатынын жана сулуулуктун эң сонун белгиси илинип турат. «Ал Ниагарда болгон да»,— деген ойго келди да, Семенов ага көз кырын салды. Ал үлүлдүн кабыктарын Түштүк Америкадан жыйнап келген. Малахит таштары жашыл тартып, мрамор сыныктарынан кара көлөкө түшүп турат. Ал Уралда, Алтайда болгон, мрамор менен малахитти, балким, Россиядан алып келгендир.

Эшик ачылып, босогодон бүкчүйгөн абышка көрүндү, анын бүткүл дүйнөгө белгилүү саякатчы жана географ Александр Гумбольдт экенине ишене албады.

Гумбольдт мезгилдин күчү менен жышылган колун сунду, Семенов ал колду акырын кысып учурашты. Гумбольдт жакында эле өзү «Ички Азиядагы вулкандык көрүнүштөр жөнүндөгү» макаласын окуп чыккан жаш географка сын көз менен тигиле карап алды. Ал макала Гумбольдттун Тянь-Шань вулкандардан улам жаралган деген гипотезасын пропагандалоого арналган.

Гумбольдт акырын барып креслодо жаткан үлүл кабыктарын алып койду.

— Олтуруңуз, Семенов мырза.

Петр Петрович эки колун көкүрөгүнө алып, чыканактарын куушура кармап олтурду. Гумбольдт акырын барып столго такай коюлган креслого олтурду эле, мурдагысынан кичине көрүнүп, столдон башы чыгып калгандай көрүндү.

Семенов мына бул китептерге жык толгон, экзотикалык нерселер менен буюмдар жайнаган, сүрөттөр менен коздолгон, география карталары илинген кабинет чапанчан арык чал аралап жүргөнү менен кызык экенине эми түшүндү. Пилдин сөөгүндөй катуу жака анын калтыраган башын кармап тургандай көрүндү.

— Ошентип сиз, Ички Азияга чейин барып келейин деп жүрөсүзбү? — деп сурайт Гумбольдт ичке, узун манчаларын столдун үстүнө коюп жатып.

— Ал менин көксөгөн максатым болуп калды.

— Тянь-Шанга саякат кылып келсем деп, көп жылдар бою көксөгөн элем,— деп улутунуп коёт Гумбольдт. — Азыр ал максатымды аткара ала турган эмесмин. Кеч болуп калды. Өтө кеч болуп кетти. Асман тиреген тоолорду изилдеп чыгуу — азыркы замандагы география илиминин өтө маанилүү милдеттеринин бири. — Ал калтыраган ба-

шын жерге салды. — Эгерде сиз мага Асман тиреген тоолордон вулкандан калган сыныктарды алып келип берсеңиз, тынч жатып өлөт элем,— дейт Гумбольдт тамашага шоотуп.

Алар бири-бирине ар түстөгү чоң глобустан аша карап олтурушту.

— Мен бир гана нерседен корком,— деп улантты Гумбольдт,— сиз, Семенов мырза, Асман тиреген тоолорго жете албас бекенсиз. Сиздин алдыңызда адамдын алы келбей турган кыйынчылыктар бар. Анда азыр уруулар ортосунда салгылашуулар жүрүп жатат, азиялык уруулар оңойлук менен өз жерине киргизбейт.

Гумбольдт маңдайында турган жер шарынын жашыл глобусун айлантып жиберди, ал күн нуруна чагылышып айлана баштады. Анан сөөмөйү менен аны акырын токтотту.

— Азия дегенибиз мына. Мен Тянь-Шань деп аталган сырдуу «ак темгилге» кол тийгизип көрөйүн. Айтмакчы, сиз тоо чокусуна чыгып көргөнсүзбү?

— Азырынча жок.

— Сиз эң алды менен тоо бийиктигине, суюк абага көнүп алышыңыз керек. Ал үчүн көнүгүү зарыл. А дегенде Тянь-Шанга саякат кылуудан мурда Альпыга барып өз күчүңүздү сынап көрүңүз.

Карыя географ унчукпай калды, анан Орус география коому Борбордук Азия жөнүндөгү анын чыгармаларын которбостон Карл-Риттердин китептерин которууну эмне үчүн чечкен деп сурады.

— Азиянын түпкүрүнө чейин батууга аракет кылган орус окумуштуулары, сиздин чыгармаларыңызды ийнесинен жибине чейин окуп чыккан Гумбольдт мырза,— деген жоопту айтат Семенов. — Сиздин илимий көз карашыңыз саякатчыларды шыктандырат, алар өтө чоң маани берген жерлерди, анын жаратылышынын өзгөрүштөрүн изилдеп чыгуу үчүн жанын аябайт. Ал эми Карл Риттердин эмгеги болсо, справка берүүчү китеп катарында пайдаланылат. Ал саякатчыларга керек, анын үстүнө жаңы маалыматтар менен толуктоого болот.

Гумбольдт ордунан турду. Семеновдун алыбеттүү, жаш келбетине назар салды. Анан коштошоор алдында буларды айтты:

— Асман тиреген тоого эки жагынан чабуул коюла тургандыгына кубанам. Сиз, Россия жагынан чабуул койсоңуз, ага-инилер Шлагинтвейттер Индия жагынан чабуул коюшат экен. Сиздин чечкиндүүлүгүңүздү кубаттаймын жана ийгилик каалаймын.

Университеттеги жайкы семестрден кийин Семенов Швейцарияга жүрүп кетет. Ал Бернск альпыларын басып өтүп, Тунск, Бриенцк, Фирфальштетерск көлдөрүндө болот.

Профессор Бейрих менен бирге Гарцка геологиялык экспедиция жасайт. Профессор аны съемка жасоого, бийиктикти айырмалай билүүгө, тоо породаларынын жаңыларын изилдөөгө үйрөтөт. Алар кербен сарайларга түнөшөт, кээде өзөндүн боюна от жагып алып илим жана илимпоздор жөнүндө аңгеме куруп таң атырышат. Ак көңүл профессор мындай пикирин айтат:

— Мен Берлин университетинде окуган бир топ орустарды билем. Алардын баары өтө сезимдүү адамдар эле. Эмне үчүн ошондой кишилер илим үчүн эч нерсе кылбастан дайынсыз кетишти? Ошондой талanttуу адамдар жөнүндө Германияда кеп кылган киши жок.

Профессор Бейрихтин суроолору Семеновду алдастатып салды. Ал өзүнүн окутуучусуна орустун турмушу «ар бир атактуу адамды басмырлап келгенин көпкө чейин түшүндүрдү.

Ал профессорго орустун геологу Пахтын муңдуу тарыхын айтып берди. Жаш окумуштуу Россиянын Девонск орто тилкесин изилдеп чыгат. Экспедициядан Петербургга ал аябай чарчап-чаалыгып келет, каражаты да түгөнөт. География коомуна өзүнүн отчетун тапшыргандан кийин эч жерге кызматка орношо албайт. Кайыр сурап, ачка жүргөндөн намыс кылып талanttуу геолог атылып өлөт.

Мына ушул муңдуу тарыхты айтып жатып Семенов, «бизде илимдин артынан сая түшүү, ачкадан өлүүгө алып келе турганын, чет элдик адамга айтып олтуруу кандай оор»,— деп муңаят.

Ошентип ал, Берлиндеги университеттин кышкы сабактарына катышуу үчүн келет. Семенов 1854-жылдын кыш айларында лекциялардын курсун бүтүп, өзүнүн саякатынын планын иштеп чыкмак болот. Өзү жалгыз туруп, университеттеги досторунан башка орус посольствосунун адамдары менен гана жолугушуп жүрдү. Посольстводогулар Крым согушундагы оңунан чыкпаган иштер жөнүндө айтпоого аракет кылышкан. Анын секретары князь Лобанов-Ростовский гана бул темада Семенов менен ачылып сүйлөшө турган. Петр Петрович князга: бул согушта уттуруп коёрун, бирок согуштан кийин Россия реформа доoруна өтөөрүн баса-баса түшүндүрөт.

Университеттеги семестрин аяктап, Берлиндеги достору менен коштошуп, Семенов кайтадан Швейцарияга жөнөйт. Жол көрсөтүп узаткан кишиси жок, жөө Сен-Готард, Сен-Бернарды басып өтөт. 1854-жылдын күзүндө Италия-

га барат. Миланда, Туринде, Генуеде, Флоренцияда болот. Флоренциянын жаратылышы — жашыл зайтун токойлору, лавра дарактары аябай суктандырат. Флоренциядан Пизага барып, бир нече жума турат.

Ал Италиянын музейлерин жана картина галереяларын, Помпеянын, Пестумдун урандыларын көрүп чыгат. Капри менен Иския аралдарында болот, Везувийдин вулкандык көрүнүштөрү менен таанышып чыгат. «Везувийге бардык жагынан болуп он жети жолу чыктым, түтүн баскан кратерлерине да түшүп көрдүм».

Жергиликтүү калк ага жакында Везувий вулканы башталат дешет. Ал укмуштай көрүнүштү өз көзү менен көрмөкчү болот.

Неаполдон мелтиреген көгүш көл менен Везувий даана көрүнүп турган кичинекей үйдү жалдап алат. Деңиз жактан керимсел жел жүрүп, күн ктап, неаполитан көчөлөрүндө басып жүрүү мүмкүн эмес эле. Семенов балконго олтуруп алып, Азия жөнүндөгү китептердин баарын кайталап окуп чыгат, өзүнүн саякатынын программасын ойлоп көрөт. Орус элчиси Кокошкин гана анда-санда келип турат.

Карыя элчи Россиядан эч кандай кабар ала албай калган анын кызыкчылыгын Неаполитан королевствосуна билдирип турчу киши ошол эле. Крым согушу жүрүп жаткандыктан: «Мындай оор күндөрдө тышкы иштер министерствосу Неаполдо өзүнүн элчиси бар экенин унутуп да койсо керек».

Күндөрдүн биринде шашкалактаган бирөө келип, Семенов турган үйдүн эшигин кагып калат. Эшигин ачса, босогодо өңү купкуу, чочуп алган, калч-калч эткен Кокошкин экен.

— Эмне болуп кетти? — деп сурайт анын түрүн көрүп чочуп кеткен Семенов.

— Неаполитандык король кайгылуу кабар алыптыр. Азирети император Николай Павлович каза болуптур. Король Фердинанд падышанын сарайына кайгы туусу илинсин деген буйрук бериптир, а мен орустун ушул жердеги элчиси боло туруп, каза болгондугу мындай турсун, ооруп жаткандыгы жөнүндө кабар алганым жок. Деги өзүңүз айтыңызчы, мындай кайгылуу күндөрү эмне кылышым керек?

Элчинин абалы чынында эле оор эле. Кокошкин менен Семенов мындай чечимге келет: эгерде неаполитандыктардын «короосуна кайгынын туусу илинген болсо, орус элчиси да, ошону жасаш керек, бирок императордун каза болгондугу жөнүндө атайын кабар келмейинче диний ырым-жырымды коё туруу керек».

Николай Биринчинин дүйнөдөн кайтышы Семеновго оор тийди. Чын дили менен берилген дворянин катары (анын укум-тукуму, алардын тагдыры менен тыгыз чырмашкан жана ага көз каранды эле) Семенов падышанын тагында олтурган жандармдын дүйнөдөн кайткандыгын угуп, чын ниети менен кайгырат. «Өзүнүн Ата Мекенине чын ниети менен берилген, анын улуулугун бириктирген падыша дүйнөдөн кайтты... Отуз жыл падыша болуп туруп Россияны күчтүү жана даңазалуу кылсам деген максатына жетпей өтүп кетти...»

Семенов өз өмүрүнүн акыркы күндөрүндө Николай Биринчи жөнүндө ушул сөздөрдү жазат.

Эгерде анын өзү жазып кеткен төмөнкү сөздөрү болбогондо, биз аны монархист деп мүнөздөсөк болоор эле. Ошондон кийин Семенов мындай деп жазат: «Кандайдыр бир оор абал, кандайдыр бир Россиядагы эркиндикти матаган кесепет биздин мойнубуздан түшкөндөй болду... Ата Мекенибизге кайтып келгенден кийин эркин дем алабыз го, Россияда чыныгы эркиндиктин жолу ачылып, агартуу иштери өнүгөт го деп үмүт кылганбыз...» Семенов Николай Биринчини канчалык актаса да, орус тарыхынын барагындагы түн түшкөн кемчиликтердин баары императордун ысмы менен байланыштуу экенин, анын өлүмү коомдук жогорулаштын кубаттуу толкунун көтөрө тургандыгын жана орус турмушуна негизги өзгөрүштөрдү киргизе тургандыгын моюндабай коё албаган. Ал андай өзгөрүштөргө активдүү катышууга өзүн көптөн бери даярдап жүргөн.

Ошентип, бир эле кишиде эки карама-каршы башталыш, эки карама-каршы идея күрөшүп келген.

Николай Биринчинин каза болгондугу жөнүндөгү кабарды уккандан кийин Семенов Римге жөнөп кетет. Шаардын көчөсүнө буту тиер замат Неаполдон Везувийде вулкан атыла баштады деген кабар келет. Андагы жарылуу вулкандын жарылышы жөнүндөгү өзүнүн көптөн берки байкоолорун жарыкка чыгаруу мүмкүндүгүн бермек. Ал ошол эле замат Неаполго кайра тартат.

Вулкан жарыла баштаптыр. Семенов вулкандын дал чокусуна чыгат, кратер жарынын кашатында турат. Ал «жалындаган от терең капчыгайды аралап, жар болуп калганын, андан кийин капкара муз басып калгандай болгонун, анан кара жана кызыл чокко айланып кеткенин» көрүп турат. Анын баарын жакшылап көрүү үчүн Семенов лавалардын четине барып, ар кайсы жерден кунт коюп карап чыгат. Ал турсун капчыгайларды, адамдын боюнан беш эсе бийик келген жарыктардын түбүнө түшүп көрөт. «Ан-

ын агымы абдан акырын жүргөндүктөн, акырын артка жылып, көрүп турууга болот эле».

Везувийдеги вулкандык жарылууларды байкап, ал Неаполдо эки жума жүрөт.

Ошентип, акыры мекенине кайтуу мезгили да келип жетет. Ал элчи Кокошкин менен коштошот. Түтөп жаткан Везувийге акыркы жолу көз жүгүртүп, Неаполитан булуңуна назар салып, Венецияга жүрүп кетет.

Ал ичинен сызып Ыйык Марк аянтын аралады, венециялык атактуу адамдардын дворецинин жанынан өтүп баратып, өмүрү эрте кыйылган Верасын эске салды. Аялынын чоң энеси Мочениго деген атактуу адамдардын тукумунан болгон, бир заманда Венеция республикасына бир нече атактуу адамдарды бергенин эскерди.

Ал Венецияда көп турган жок. Вена, Прага, Дрезден, Кенигсберг аркылуу Россияга кайтты. Таурогон деген кичине, ыплас жерге келип — орус чек арасындагы бул жерде бир нече күнү туруп калат, зериккенине чыдабай эски газеталарды окуйт. Кабагын ачпай каңгырап жүрүп, өзү өңдөнгөн кайгылуу бир еврейге жолугат.

Почтодо иштеген бир майда чиновник еврей, Семенов сенин үйлөнүү тоюңда күйөө жолдош болуп берейин деген сунушун тарткынчактап өтүнөт. Семенов аны өзүнөн обочолоткусу келип «жесир» бойдок экенин билдирет, бирок кабагын ачпаган еврей жанын койбой өтүнүп туруп алгандыктан макул болот. «Чемодандагы фрагымды, ак галстугумду алып, үйлөнүү тоюндагыдай болуп туруп бердим...»

Үч күн дегенде ал Петербургга жетет.

*IV глава*

## ГЕОГРАФИЯ КООМУ

Орустун география коому 1845-жылы пайда болгон жана ал дүйнөдөгү ушундай коомдордун эң жаңысы болчу. Ага чейин мындай коом Лондондо, Парижде жана Берлинде гана болгон.

Андай коомду түзүү зарыл экендиги орустун алдыңкы адамдарынын көкүрөгүн өйүп келген. Ал идеяны адмиралдар Литке, Крузенштерн, Беллинсгаузен, Врангель, академиктер Бэр, Струве, Кеппен башкы штабдын офицерлери Вронченко, Муравьев, Берг, аскер кызматынын ишмерлери жана жазуучулар Даль, Арсеньев, Чихачев, Одоевский жана башкалар турмушка ашырышат.

Владимир Иванович Далдын үйүндө коомго негиз салуучулардын чогулушу болот.

Алардын ичинде деңиз саякатчысы Врангель, саякатчы Бэр, тарыхчы Веселаго, статисттик Заблоцкий-Десятовский, астроном Струве, географ Шренк, адмирал Анжу бар эле.

Владимир Иванович Даль, Литке экөөлөп ички иштер министерствосуна жазган катты окуп берет.

«...Географияны, этнографияны жана статистиканы жакшы көргөндөрдүн, аны баалай билгендердин көптөн бери көксөгөн тилегин, Россияда андай коомду түзүүгө небак эле убакыт жеткендигин эске алып, географияны жаңылоону жана жайылтууну колго ала турган коом түзүү зарыл.

Андай коомдун эң башкы максаты Россияда жана андан башка жерлерде биздин мекенибиз жөнүндөгү толук, такталган маалыматтарды жыйнап, жайылтуу болуп эсептелээр эле:

— География жагынан алганда, дайынсыз сандарды, сандарга таянган статистиканы жыйнабастан, коомдук турмуштун бардык өзгөрүштөрүн камтыган сапаттуу жана даана сүрөттөлгөн материалдарды чогултуу.

Этнография жагынан алганда, мамлекетибиздин азыркы чегинде жашаган ар кандай уруулардын азыркы, мындан мурдагы физикалык, коомдук жана тил өзгөрүштөрүн тактоо...»

Даль аны тактап, тим эле салтанаттап окуп берди. Анын колундагы кат калтырап, кууш келген маңдайына түшкөн агыш чачтары сеңселип турду. Даль бир заманда Пушкин менен дос болгон экен. Өлөөр алдында акын ага «Балыкчы жана балык жөнүндөгү жомогунун» кол жазмасын белек кылып таштаган экен.

Владимир Иванович каттын аягын окууну улантты. Академик Карл Максимович Бэр каралжын-көгүш көзүн жуумп, креслого салмагын салып, үнчукпай олтурду. Чоң, туурулган, мурду жазы тартып эриндери калбаят. Узун ак чачы мойнун жаап, жаак эттери салаңдап жакасына тийип турат.

Кичинекей, арык адмирал Врангель чокчо сакалын сылап, макул экенин билдирип башын ийкеп, академик Бэрдин катарында олтурду. Мүнөзү темирдей катуу, куу чирендердин душманы — Петербургдагылар аны ушундай киши деп билүүчү, Врангель деңиз саякатчысы ушул жерде.

Ал элүүгө толгон. Жашы анчалык чоң болбогону менен адмирал өз башынан далай окуяларды өткөрүп көргөн

киши. Он сегиз жашар мичман кезинде капитан Головин менен жер жүзүн айланып чыгууга катышкан. Жыйырма сегизинде Америкадагы орус колониясынын башкы башкаруучусу болгон. Кыркында өзүнүн түндүк деңиз саякатын аяктаган.

Адмирал Далдын сөзүн угуу менен бирге коомдун туңгуч заседаниесинде «Түндүк уюлга баруунун каражаттары жөнүндөгү» докладымды окуймун деген ойго келип олтурду. Ал Түндүк уюлду ит кошкон чана менен Гренландия аркылуу барып багындырууну сунуш кылмак.

Келечектин эстүү-баштуу муундары анын кызматын эске алып, Россиянын эң түндүгүндөгү аралды анын урматына Врангель аралы деп атамак. Ал эми саякатчы Пири Түндүк уюлга ошол сунуш кылган каражаттар менен жетет.

Врангелдин маңдайындагы креслодо азырынча эч кимге белгисиз, чап жаак киши олтурат. Баркыттан тигилген стол жапкычтын чачыларын манчалары менен термелеп, Далдын сөзүнө кулак түрдү, Бэрдин болук жүзүнө назар салды, Врангелдин келишкен келбетине суктанды Ал астроном Струве эле.

Бир аз убакыт өткөндөн кийин ал Пулковск обсерваториясын дүйнөнүн астрономиялык борборуна айландырмак...

Чыканактарын столго сүйөп, Андрей Парфенович Заблоцкий-Десятовский статистиканын демилгечиси, крепосттук укуктун чечкиндүү душманы катты угуп олтурат.

Андрей Парфенович көптөн бери бир идеяны — Орустун статистикалык-географиялык сөздүгүн түзүүнү көксөп келген. Бир кыйла кийинчерээк, ал өзүнүн күйөө баласы Петр Петрович Семенов менен бирдикте ошол идеяны турмушка ашырат.

Даль мындай деп бүтүрдү:

«Коомдун аракет кылуучу чөйрөсүн жана ал аракеттердин натыйжаларын, анын кеңдигин Империянын наамына татыктуулугуна жараша бир гана нерсе — монархиянын такай көз салып турушу колдой алат...»

Даль катты столдун үстүнө таштап, манчалары менен түзөп койду. Анан көп сырдуу мааниде мындай деп кайталады:

— Ооба, бир гана нерсе — монархтардын колдоосу керек! Ошондуктан География коомунун ардактуу председатели кылып даражасы бийик, улуу князь Константин Николаевичти шайлоону сунуш кылам...

— Ал эми вице-председатель кылып кимди шайлайлы? — деп сурады Даль.

— Литкени, Федор Петровичти,— деген сунушту кир-

гизди Врангель. — Ушул олтурганыбыздын ичинен ошол татыктуу жана кадырлуу.

Адмирал Литке экваторду эки жолу кесип өткөн, төрт жолу уюл муздарын аралап чыккан. Ал Түндүк Американын, Камчатканын, Чукотканын жээктерине чейин барып, географиялык ачууларды ишке ашырган. Ал Ситхедеги индеецтер, Каролинск аралдарындагы юоланцтар, Алеутск кыркаларындагы эскимостор менен достошуп көргөн киши.

1845-жылдын октябрь айында География коомунун биринчи чогулушу өтөт. Аны ачып жатып Литке мындай дейт:

— Биздин ата мекенибиз дүйнөнүн бөтөнчө бир бөлүгүн ээлейт. Дүйнөнүн аз изилденген бир бөлүгүн деп кошумчалагым келет. Россиянын географиясы — География коомунун башкы милдети. Коңшу өлкөлөрдүн географиясы менен таанышуу да, биз үчүн өтө маанилүү. Турция, Персия жана Хива, Кытай жана Япония, Америка Кошмо Штаттары жана Гудсон компаниясы башкарган жерлер (Канада) биздин ишибиздин маанилүү тармагы...

Биздин коомубуз өркүндөтүлүп деп үмүт кылып олтурган илимдин тармагы, мындан мурда да, илимдер Академиясынын башкы милдеттеринен болуп келген. Өзүнүн өсүп-өнүккөндүгү үчүн Ата Мекенибиздин географиясы анын алдында милдеттүү экени баарыбызга белгилүү. Ошондой болсо да, Академия география үчүн баарын иштей алган жок, ал азыр Орус география коомунун милдети болмокчу,— деп бүтүрдү өзүнүн сөзүн адмирал.

География коому өзүнүн көп тармактуу ишин демилгелүүлүк менен баштайт.

Чернышев көпүрөсүнүн түбүндөгү География коомунун сүрдүү имараты Петербургдагылардын баарына белгилүү болучу.

Саякат жөнүндө көксөгөн жаш дворяндар ал үйгө сүрдөп барып кирүүчү. Андагы татынакай кабинеттер, конференц-зал, китепкана бардык жагынан айырмаланып туруучу. Коом өзүнүн айланасына акылдуу, прогрессивдүү, тартынбаган таланттуу адамдарды топтой баштайт.

Жаштар келип жер жүзүн кыдырып чыккандардын «жомоктору» турган китеп шкафтарын ачып, ыракаттанып окуй турган болот, Хвалынск деңизинин, Ильмень менен Ладога көлдөрүнүн Волжск жана Днепровск «чокуларынын» чиймелери менен таанышат.

Китепканада воеводдордун жана губернаторлордун кабар берген кагаздары, жер кыдырган монахтардын каттары, деңиз жана жөө аскерлердин офицерлеринин ра-

порттору, соодагерлер менен төрөлөрдүн иш жөнүндөгү кагаздары сактала турган.

География коомунун мүчөлөрүн турмуштан алынган маселелер кызыктыруучу.

Россиянын келечеги кандай? География коомунун мүчөлөрү Россиянын тарыхына үңүлө карашат, анын талааларын билгилери келет, жаратылышын изилдемекчи, жер байлыктарын ачууну каалайт.

Орус жеринин өсүмдүктөрү жана жаныбарлар дүйнөсү, орус климаты жана жер кыртышы, деңизи менен талаалары, тоо кыркалары, кубаттуу дарыялары, чер токойлору, орустун түндүгү менен түштүгү, чыгышы менен батышы илимий негизде изилдөөнү талап кылат.

Географиялык, геологиялык, кыртыш карталары менен атластары, губерниялардын экономикалык абалы, уезддер менен волосттор жөнүндөгү статистикалык маалыматтар — кыскасын айтканда, Россияны бардык жагынан толук изилдеп чыгуу зарыл.

География коому көп сандаган алдыңкы катардагы башталыштардын демилгечиси болуп калат.

Коом түзүлгөндөн беш жыл өткөндөн кийин Михаил Николаевич Муравьев анын вице-председатели болуп шайланат. Петр Петрович өзүнүн Тянь-Шанга саякат жасоо жөнүндөгү долбоорун ошол кишиге алып келет. Муравьев анын сөзүн кунт коюп угат жана абдан кызыгат.

Петр Петрович күтүлбөгөн контрасттарга жык толгон, сырдуу улуу тоо өлкөсү жөнүндө айтып берет. Ал өлкөдө Чыгыш менен Батыштын байыркы цивилизациясынын издери калган. Бир заманда кыйраган шаарлардын калдыгы, күмбөздөр, коргондор, аскадагы жазуулар ошолор жөнүндө баяндап турат. Рим империясынын заманында Тянь-Шандын түштүк жагынан чыгышка баруучу кербен жолу өткөн. Анын кыркаларынын түндүк жагындагы элдер жан талашып батышты көздөй бет алышкан.

Экономикалык, саясий турмушу, аскер күтүшү, алардын соода мамилеси, коомдук кызыкчылыктары, илимий байланыштары Тянь-Шань тоо кыркаларында жашаган элдерди тутамдаштырып турган.

Асман тиреген тоолор жөнүндөгү маалымат азырынча өтө аз. Ал жөнүндөгү географиялык маалыматтар кокусунан, чала-бучук жазылган, аны ошол өлкөлөр аркылуу илимий максаты жок, ал турсун ага карама-каршы келген буддизмдин миссионерлеринен чыккан Кытайдын саякатчыларынын IV—VI кылымдардагы бирөөлөрү жазып калтырган.

Алардын ичинен тагыраак деп табылганы Сюан-Цзан

деген кечилдин жазмалары болот. Сюан-Цзан Музарт ашуусу аркылуу чыгыш Тянь-Шанды кесип өтүп, Ысык-Көлдө жана Чүй өрөөнүндө болгон. Ысык-Көл жөнүндө будда кечили мындай деп билдирген: «Чыгышынан батышына чейин ал абдан узун, түштүктөн түндүгүнө чейин кыска. Төрт жагынан тең тоолор менен курчалган, көп сандаган өзөндөр ага агып кирет. Анын суусу кара-күрөң тартып, даамын туздуу жана ачуу десе да болот. Кээде мелтиреп тынч жатса, кээде атырылып толкуп жатат. Ажыдаарлар менен балыктар бирге жашайт...»

Петр Петрович Тянь-Шандын багытын жана бийиктигин изилдемек. Ал тоо кыркаларынын бийиктигин, кар жаткан жерлерин, өсүмдүктөрүнүн жайгашышын изилдеп чыгууну ойлойт. Асман тиреген тоолордун вулкандан келип чыгышын тактамакчы, муз баскан мөңгүлөрүн билмекчи. Ошондой эле аны чыгыш элдеринин тарыхы да кызыктырат.

*V глава*

## ПЕТЕРБУРГДАН ИРТЫШКА ЧЕЙИН

1856-жылдын жазында Семенов саякатка аттанды.

Москваны, Нижнийди, Казанды басып өттү. Чоң Сибирь тракты (жолу) Урал тоолорун аралап, шаркыраган өзөндөрдү кесип, жашыл талааларды чиймелеп кетет. Казандын усталарынын колунан чыккан бышык трашманке ошол жолдо кылдырап келет.

Семенов жалпагынан жаткан гранит зоокаларга, андагы кызыл карагайларга суктана карайт, токой арасындагы булактарды көрүп ыракаттанат, күкүктөрдүн үнүн угуп тунжурайт. Петербургдагы кымгууттардан, бүтпөгөн жыйындардан кийин байыркы Сибирь жолунда дем алып келаткандай болду.

Акыры жүрүп байкоолордун, изилдөөлөрдүн, жыйынтыктоолордун маалы келгендей болду. Коллекцияларды, гербарийлерди, илимий фактыларды чогултуу өз нугуна түштү.

Күтүлбөгөн жолугушуулар, табышмактуу ойлор, жаратылыштын сырларын ачып көрүү — изилдөөгө аттанган кишини мунсуз жашай албайт эмеспи, жол жазмаларды, күндөлүктөрдү толтуруу, документтерди тактоо мезгили да келип жетти.

Ал өзү басып өткөн жерлер жөнүндө толук маалымат алууну каалады. Ал үчүн байкоо керек болду.

Ошентип ал байкоо жүргүздү, жазып алды, салыштырып көрдү. «Акыры жүрүп биз Урал кыркаларын туурасынан бүт басып өттүк. Тоо арасында чөгүп жаткан, анан анын үстүнө чыгып кристаллдай катып калган кендерди көрүп, геологдон бетер кубандым: андан кийин граниттер менен диориттер өзүнүн акыркы түрүн көрсөтө баштады».

Ал эки материкти ажыратып турган чек ара мамысына келип аялдады. Ал мамынын бир бетине: «Европа», экинчи бетине: «Азия» деп жазылганын көрдү. Бул табигый чек ара аны терең ойго салды. Анын эң башкысы: «Урал кырка тоолору Европа менен Азияны бири-биринен ажыратпастан, аларды бириктирип турат»,— деген ой Петр Петровичтин көңүлүнөн көпкө чейин кеткен жок.

Екатеринбургга келгенде ал андагы тоо өнөр жайлары менен таанышып чыкты, урал кендерин өз түсү боюнча чыгаруучу фабриканы көрдү, анан андан ары жол тартты. Ал Асман тиреген тоолорго саякат баштала турган Омскиге шашылды.

Урал тоолору жашыл адыр сыяктанып көрүндү: «Катуу чөгүп жаткан кендер ошонун астында басылып калган». Карагайлардын арасынан кайыңдар агарат, кызыл карагайлардын жыты буркурайт. Шадринскиден өткөндөн кийин Сибирь ойдуңу — эски дүйнөнүн эң чоң ойдуңу башталды. Уралдын акыркы кыркаларынан, Алтайдын алгачкы кыркаларына чейинки анын бийиктиги эки жүз метрден ашпайт.

Петр Петрович Сибирдин өсүмдүктөрүнө мүнөздүү нерселерди табууга аракет кылып, ойдуңдун жазгы сулуулугунан көз алган жок. «Силезиядан Уралга чейинки славян ойдуңундагы кадимки жазгы көрүнүштөн айырмасы жок сыяктанды».

Анын эки жагындагы кызгылтым тарткан шибер, же уйку чөптөр ыргалат. Горицеветтер алтын түстөнүп көздү уялтат. Коюу чыккан медуницалар көгөрөт.

Жылдыздай жыбыраган гүлдөрдүн бири-бирине окшогон түрлөрү Сибирь ойдуңуна кайталангыс боёк салгансыйт. Ачык, тунжураган түндү кезип, Тобол аркылуу өтөт да, байланыш станцияларына токтобостон жүрүп отурат. Үч ат кошкон арабаны айдаган сибирдин арабакечтери аны биринен сала бирине өткөрүшөт. Ошентип, Петр Петрович суткасына төрт жүз чакырымдан жол басат.

Крепосттук көз карандылыкты билбеген Сибирдин дыйкандары сыр жашырбастан көңүлүндөгүлөрдүн баарын ортого салып айтып беришет. Петр Петрович селолорго түшүп, сибирликтердин турмушу менен таанышат.

Селолордогу үйлөр өзүнүн кеңдиги, меймандостугу,

кооздугу менен суктандырат. Алардын баары тактай менен учурмаланып, эки кабат кылып салынган. Бардык жагынан алганда кененчилик Сибирдин дыйкандарына мүнөздүү көрүндү. Үйдө да, талаада да, жайыттарда да кененчилик. Сибирликтер жерди каалашынча алып, каалагандай кожоюндук кылышат экен. Дың жерлерди тазалап, тешелерге бөлүштүрүп, териси кымбат айбанаттарды атып, кымбат балыктарды кармашат.

Сибирликтердин курсагы ток: уй эти, уй жана жапайы канаттуулардын эти, балык жана сүт — алардын күндөлүк оокатына кеңири кирген. Петр Петровичтин алдына Сибирдин атактуу чүчпарасын коюшат. Ал Рязань губерниясындагы мужиктердин ар бир түтүнүнө бир гана тулуп туура келет десе, сибирликтердин эч кимиси ишенген жок.

Сибирлик дыйкандардын общиналык союзунун крепосту бузулбас, өтө кызык көрүндү. Ал бул жерден кулактардын зомбулугун, падышалык төрөлөрдүн менсинишин жана ээн баштык кылышын көрө албады. Петр Петрович мындай ойго келди: «Орус бюрократиясынын таштандылары болгон Сибирдеги төрөлөр канчалык катуу жөөлөсө да, күчтүү общиналар аларга каршы тура алат экен».

Петр Петрович май күндөрүнүн биринде эртең менен Ишимге жетти. Дарыянын туурасы сегиз чакырымга жетип, андан өтүү коркунучтуу да, узак да көрүндү. «Төрт жолу тайыз жерге келип такалып калдык, бирок шамал айдап барып жалга токтодук... Айла кетип жаман болдук, эгерде кайык айдагандар сууга кирип аны жалдан ашырып кетпегенде, кайыктын көмкөрүлүп кетээринде талаш жок эле...»

Башынан аягына чейин ылай, мөл суу болгон Семенов жээкке чыкканда гана эс ала түштү. Дарыянын жээгиндеги кум аралашкан чым, майда жалбырактуу талдар — андан ары баягы Сибирь мейкиндиги башталат. Ишимден өтүп жаткандагы коркунуч унутула баштады. Анткени, көз жеткис мейкин талааны басып жаткан алтын тунгак — Азия өсүмдүктөрүнүн кооз формасы көз алдына тартылды. Ал өсүмдүктөрдү эң биринчи жолу улуу Паллас таап сүрөттөгөн» .

Ишим жээктеринен ал өзүнүн гербарийлерин толуктады. Саякат улана берди. Трашманкенин жанынан мелтиреген талаа чубалып өтүп жаткансыды.

Жылуу желден улам кайыңдар шуудурайт. Жашыл талаа миң кубулуп, мытикалар сары түр берип, бийик өскөн бал чөптөр көздүн жоосун алат. Көл суулары чыбырчыктайт, талааларда, көлдөрдө канаттуулар жайнап жүрөт.

Жапайы өрдөктөр жолдогу балчыкты кечип, трашманкенин алдында калса да, акырын суурулуп чыгып жатты. Ызгыт менен эчки маарак чөп арасынан быр берип, жапайы каздар үйүр-үйүр болуп асманда учуп жүрөт. Орок тумшук чулдуктар асмандап, каркыралар эки кадам жерден өтүп жатты. Мына ушул канаттуулар дүйнөсү каркылдап, чыйпылдап, ышкырып Петр Петровичке турмуштун чексиз күчүн баяндап жаткандай болду.

1-июнь дегенде ал Иртышты көрдү.

Сибирдеги аябаган чоң дарыя өз деңгээлине келип, ташкыны төмөндөй баштаган. Андан кечип өтүү Петр Петрович ойлогонго караганда жеңил болду. Кечке жуук трашманке Батыш Сибирь менен Жети-Суу крайынын борбору болгон Омскинин чаң көчөсүн аралап баратты. Семенов эртең менен эрте Омскинин генерал-губернатору Гасфорт менен жолугушмак.

Петр Петрович жолду ката эле Батыш Сибирь менен Жети-Суунун менменсинген кожоюну жөнүндө укмуштай уламаларды уккан. Ал жөнүндөгү элдин пикири жаман эле. Гасфорт — оюна келгенди кылган жинди деп айтышкан. Андай киши сейрек кезигет. Наадан. Көрүнүктүү полководец. Кызганчаак болгону менен илимге шыктуу, кыргыздарды бүт басып алган, өзүмчүл кем акыл.

1853-жылы Николай Биринчи Гасфортту генерал-губернатор жана Батыш Сибирдеги бардык аскерлердин командачысы кылып дайындаган. Тобол жана Томск губерниялары, Семипалатинск областы, Сибирь кыргыздарынын областы ошонун колунда болучу. Сибирь кыргыздарынын областына Оренбург губерниясынан тартып, Ала-Тоо этегине чейин жашаган кыргыздар кире турган. Гасфорт мына ушул өзүнүн аймагы жагынан өтө чоң жерди былк эттирбей башкаруучу.

Гасфорт Жети-Сууну багындыруу үчүн көп эмгек кылган. Семипалатинскиден Копалга чейинки бекет жолун ошол салдырган. Ал тарабынан курулган Уджар жана Лепсинск станциялары Жети-Сууну колонизациялоодо ага чоң жөлөк болгон. Гасфорт Ала-Тоонун этегиндеги Верное чыңдоосун салдырган.

Гасфорттун ынтызарлыгы жана көмөк көрсөтүшү Петр Петровичтин саякатына чоң таасир бермек, ошондуктан ал генерал-губернаторго толкунданып келет.

Густав Иванович Семеновду барып турган сылыктык менен кабыл алат. Чокчо сакалын кылдаттык менен сылап, жароокер жылмайып, орус сөздөрүнүн ар бирин тактап сүйлөп, мындай деди:

— Мен өтө билимдүү адамды өзүбүздүн түпт жерибиз-

де жолуктурганыма кубанам. Тилекке каршы, Петербургдагылардын тынчтык менен багындырылган Жети-Суу крайындагы орус администрациясынын колонизатордук ишине назар салбаганы өкүнүчтүү...

Петр Петрович сылыктык-сыпайкерчилик менен жооп кайтарат:

— География коому сиздин улуу даражаңыздын терең жана пайдалуу иш кылып жатканыңызды кубаттайт. Коом мага сиз тынчтык жолу менен багындырган крайдын жаратылышын изилдеп чыгууну жана орус колонизациясынын андагы ийгиликтерин көрүп келүүнү тапшырды. Улуу урматтуум, сиз биздин Азиядагы ийгиликтүү аракеттерибиздин демилгечиси катары, Ала-Тоо крайын кыдырып чыгууга мүмкүндүк берерсиз деп ишенем...

Петр Петрович оор басырыктуулук, сылыктык менен узун сөзүнүн аягына араң чыкканына таң калды.

— Ала-Тоо крайын жолу менен багындыруу Россияга чоң пайда берет,— деген жоопту айтты Гасфорт. — Ошондой болсо да,— деп улантты ал,— Ала-Тоо крайын тынчтык жолу менен багындыруу ишине эч кимиси жакшылап баа берген жок. Биз багындырган крайга География коому көңүл бурганы биз үчүн кубанычтуу иш. — Анын көз карашындагы нааразылык басаңдап, жандана түштү. — Сиздин Ала-Тоо крайын изилдеп чыгууга келишиңизди кубаттаймын. Сизге бардык жагынан жардам беребиз.

Гасфорт Петр Петровичти Батыш Сибирдеги топографиялык иштердин начальниги генерал-майор Сильвергельм менен тааныштырды. Сильвергельм Семеновго картографиялык иштердин жыйынтыкталган бөлүгүн гана көрсөтпөстөн, кыргыз областында тартылып алынган сүрөт планшеталарын да көрсөтүп чыкты. Планшеталар жана инструменталдык съемкалар эң мыкты иштелип чыккан экен. Петр Петрович жыйынтыкталган картада чоң кемчиликтер бар экенин байкап калат. Ар кайсы жерлер, ар башка топографтар тарабынан тартылган экен. Кээ бир жерлери оозеки сурамжылап алынып картага түшүрүлүптүр. Кыргыз талаасындагы өзөндөрдүн аралыгында тоолор жок болсо деле бар деп көрсөтүлгөн.

Петр Петрович ал каталарды белгилеп коёт. Сильвергельм өкүнүп мындай дейт:

— Мында биз жок тоолорду улуу даражалуунун көңүлүн улап гана киргизип койгонбуз. Күндөрдүн биринде ал жаңы тартылган съемкалардын планшетасын алып келгиле деп калды. Алып келдик. Густав Иванович мында, бул жерде эмне үчүн тоо жок деп сурады.

«Андай тоолор жок»,— дедик.

«Каерде тоо бар экенин, каерде жок экенин мен силерден жакшы билем. Картага түшүргүлө...»

Кыргыз талаасында тоолор ошентип жок болсо деле бар делип жыйынтыктоочу картага түшүрүлгөн. — Такталган планшетаны биз катып коюп, жыйынтыктоочу карта менен чалдын көңүлүн алдык,— деп топография иштеринин начальниги күлүп жиберди.

Семенов Омскиде эки гана күн болгондуктан шаар менен да, жергиликтүү коомдук ишмерлер менен да, таанышa алган жок. Бирок бир жолугушуу аны аябай кубандырды.

Петр Петровичке казактардын жаш художниги Григорий Потанин келет. Ал жакында эле Омскидеги кадеттик корпусту бүтүргөн, география жана этнография илимине аябай кызыккан болот.

Григорий Петропавловскийдин жанындагы станциялардын биреөндө төрөлгөн, казактардын жасоолу Николай Потаниндин уулу экен. Жасоол Потанин саякатчы жана Сибирь кыргыздарынын областынын маршруттук картасын түзгөн киши катары белгилүү эле. Омскинин генерал-губернаторунун тапшыруусу боюнча Николай Потанин Чүй суусуна чейин барган, Кокон хандыгында эки жолу болгон, кыргыздардын турмушун кунт коюп изилдеп, көз өлчөө менен маршруттарды жана карталарды түзүп чыккан. Жасоол Потанин жыйнаган материалдарды өзүнүн Борбордук Азия жөнүндөгү китебин жазганда Александр Гумбольдт пайдаланган.

Ошентип, атасы өзүнүн уулуна илимди жакшы көрүүнү, жерди жана анда жашаган адамдарды тааный билүүнү мурас кылып калтырат. Григорий колу бошой калганда Омскинин архивдерин аңтарып, Сибирдин тарыхы боюнча баа жеткис материалдарды жана казактардын аскердик аймактары жөнүндөгү маалыматтарды алат.

Жаш Потанин Ала-Тоо крайын (Заилийский крайын) алууга аттанган казак отрядынын жүрүшүнө катышкан. Полковник Перемышльский гүлдөгөн Алма-Ата өрөөнүнө орус туусун сайган, ал эми Григорийдин өзү болсо Верный чыңдоосундагы биринчи үйдү тургузган. Потанин Семипалатинскиде жашаган, Копалда болгон, Жети-Суу Ала-Тоосун кыдырып чыккан.

Петр Петрович жаш хорунжийдин аңгемелерин суктанып угат, тактап сурайт, анын Копалдан, Верныйдан, Жети-Суу Ала-Тоолорунан көргөн-билгендерин бүт айттырып алат. Тилекке каршы, Григорийдин билими аз болгондуктан Семеновдун көп суроолору жоопсуз калат.

— Изилдөөчү-натуралист болуу үчүн сиз окушуңуз керек,— деген кеңешин айтат Петр Петрович.

Григорий мыйыгынан күлүп коёт.

— Мен жылына токсон теңге алам. Айлыгым наным менен махоркамдан артпайт. Университетке кирейин дейм, тыйындын мааниси жок, борборго да жете ала турган эмесмин.

— Мен сизге жардам берейин,— деп жиберет Петр Петрович. — Окушуңа акча берип турайын, университетке киргизейин.

— Аныңызга абдан ыраазымын, бирок генерал-губернатор коё бербейт го.

— Гасфорт менен сүйлөшүп көрөйүн. Анын сизди коё бере тургандыгына көзүм жетип турат.

Петр Петрович өзүнүн убадасын бир жыл дегенде гана араң аткарат. Ошентип ал Потанин менен жакшы дос катары коштошот.

Петр Петровичти узатып жатып Потанин ага өзүнүн кадеттик корпус боюнча жолдошу, бала кезинен берки досу жаш корнет[1] кыргыз султанынын уулу Чокон Валиханов жөнүндө айтат.

— Чоконго жолукпай калганыңызга өкүнөм. Азыр ал Жети-Сууда. Ал өтө таланттуу жигит. Өтө таланттуу,— деп кайталап жиберди Потанин. — Бул крайда Чыгыштын тарыхын Чокондан жакшы билген киши жок. Эгерде сиз Жети-Сууда ага жолугуп калсаңыз, пайдасы абдан тиет...

*VI глава*

## АЛТАЙ СҮРӨТТӨРҮ

Дагы эле Сибирь пейзаждары сызылып жатты.

Барабин талаасындагы топ-топ болуп өскөн кайың бадалдары, көлдөр, жайкалган көк шибер, тармал саздар биринен сала бири көз алдына тартылат. Эч бир жагынан суу куюлбаган көлдөрдүн суусу таза да, даамдуу, алардын түбүндөгү саргыч тарткан кумдары Семеновдун көңүлүн бурду; анткени, эч жагынан суу кошулбаган көлдөрдүн суулары туздуу боло баштаганын географтар жакшы билишет. Семенов трашманкеден түшүп, суулардын даамын көрүп, анын жээктерине көз чаптырат. Анан мындай ойго келет: «Бул маселе, Барабин талаасындагы таза суулар

---

[1] Корнет — падышалык армиядагы офицердик тунгуч чин.

менен кыргыздын туздуу сууларын өз ара салыштырып, изилдеп көргөндө гана чечилет».

Үчүнчү күн дегенде анын көз алдына Обдун мелтиреген жайылмасы тартылды. Анын тасмадай тартылган кызыл карагайлары тиги талааларды далдалап Сибирь токоюнун башталган жери сыяктанды.

Обду кечип өтүү бир күнгө созулду. Паромду агымга каршы аркан менен көпкө сүйрөштү, антпегенде кубаттуу агым аны токтой турган жерден алыс алып кетмек. Обдун ортосуна келгенде күн күркүрөп, чагылган чартылдап, кара нөшөр башталды, бирок көндүм болгон сибирликтерди чоочута албады. Суучулдар күлүп, бирин-бири жемелеген менен чагылган чартылдаганда чокунуп жатышты.

Петр Петрович жер жүзүндөгү эң улуу дарыяны үч жолу кезип өттү. Үчүнчү жолу ал Обду Барнаулдун жанына келгенде кечти. Барнаулдун кечүүсүнө түшүп баратып ал кубанганына чыдабай минтип жазат: «Төө куйрук, жыты буркураган татынакай сары гүлдүү лилия Азиянын укмуштай сонун өсүмдүктөр дүйнөсүн көз алдыма келтирди».

Барнаулга келип он эки күн туруп калды. Андагы убакыт заводдор менен таанышып чыгууга, тоолуу Алтай округунун геологиялык, палеонтологиялык, археологиялык коллекцияларын көрүүгө, жолго керек болуучу нерселерди сатып алууга кетти.

Петр Петрович бир топ тоо инженерлери — Полетика, Самовловдор, Давидович-Машинскийлер менен таанышып алды. Тоо округунун начальниги Андрей Родионович Гернгросс аны абдан жакшы кабыл алды. Семеновдун Алтайдын кендеринде болгусу келгенин угуп, Гернгросс Змеиногорск кендеринин башкаруучусуна саякатчыга жардам бергин деген катты жазып берди. Ал эми өзү болсо саякатчы үчүн өтө керек болгон чатырды тартуулады.

— Бул Алтайда да, Тянь-Шанда да, абдан керек боло турган нерсе. Муну көрүп, мени далай жолу эскересиз,— деп тамашалады берген белегин трашманкеге салып жатканда.

20-июнда Петр Петрович мелтиреген жашыл талаанын нары жагында керилип жаткан Алтай тоолорун көрдү.

— Тээтиги мунарык баскан адырларды көрдүңүзбү,— дейт арабакеч шапалагынын сабы менен айрым чокуларды көрсөтүп; алардын ар биринин казактар койгон аттары бар, Воструха, Речиха жана Игнатиха дейт.

Тоо чокуларын үлбүрөгөн жука ак булуттар басып жатат. Алыстан караган кишиге ал тоолор жаңы жарылган вулкандарга окшоп кетет. Трашманке гүлдөгөн өрөөндү аралап баратты. Черемуханын жыты мурунду жарып, тоо-

нун боорлору көк-жашыл тартып көйкөлөт. Асмандаган торгойлор жаагын жанып,— Алтайдын тунук таңы тунжурайт: «Учу кыйрына көз жетпеген талаанын чөптөрүнүн бийиктигин айтпа тим эле атчан киши кирип кетсе, белине чыга түшкөндөй. Эртең мененки шүүдүрүм калың болгондуктан менин үстүмө жамгырдай жаап жатты. Калың чөптүн арасындагы түркүн гүлдөр жер бетин саймалагандай көрүнөт...»

Алтайдын өрөөндөрүндө жана тоолорунда Семенов кырк күн жүрдү. Ал Змеиногорскидеги бардык кендерде, Ульбе менен Убенин жээгиндеги кендердин баарында болду. Жаш саякатчыны орус-казактардын жана эски ырым-жырымчыл келгиндердин турмуш тиричилигинин бардык жагы, Алтайдын жаратылышы бүт кызыктырат.

Ал Алтайга биринчи болуп көчүп келгендер кантип орун-очок алганына кызыгат. «Ал жердин жаратылышы, суунун жана курулуш материалдарынын кенендиги, анын бардык жеринен орун алууга мүмкүндүк берген, селолук хутордук чарбанын өнүгүшүнө көмөк көрсөткөн, бирок ошого карабастан көчүп келип Алтайдан орун-очок ала баштагандар он сегизинчи кылымдын экинчи чейрегинин башында чоң-чоң селолордун негизин салышкан».

Ал аны «орус калкынын көчүп келип отурукташуу процесси, ошол көчүп келгендердин колун карап, ага көз каранды болгондуктан эмес, жергиликтүү шарттардын жакшылыгына жараша жүргөн»,— деп түшүндүрөт.

Жаратылыштын жапайы күчү менен күрөш жүргүзүү жалгыз-жарым көчмөндүн колунан келбейт эле. Казактар жерди чогулуп келип ээлешкен, айдоо үчүн аны биргелешип тазалашкан. Мал жайыттарын чогуу пайдаланышкан. Өзүнүн турагын көчмөндөрдүн кол салышынан жана жырткыч айбандардан биргелешип коргогон.

Эски ырым-жырымчылар Алтайдын түнт жерлеринен орун алышып, өзүлөрүн диний кысымдардан качырышкан. Алар адат катары «таш үчүн» тоо ашып Бухтарма өзөнүнүн боюндагы өрөөнгө качышкан. Бирок алар да жаратылыш менен чогуу күрөшкөн.

Семенов булардын Секисовка деген селосунда болот. Секисовканын калкын «поляктар» деп аташкан: алардын ата-бабалары патриарх Никондун кысымына чыдабай Польшага өтүп кеткен экен. Польшаны бөлүштүргөндө Екатерина Экинчи аларды Алтайга көчүрүптүр. «Секисовкага келерим менен мени алардын кийген кийими жана үйлөрү таң калтырды. Аялдарынын башында төбөсү жалпак, жука ак чүпүрөк менен оролгон элечекке окшоп кетет; көйнөктөрү менен кармамалары кызыл жип менен саймаланган

Үйлөрүнүн ичи өтө тазалыгы менен айырмаланат: сырдалбаган полдору таптаза жуулган. Жыгач-таштары айрыкча шкафтары, ошондой эле шыптары менен керегелери ачык сыр менен сырдалган.

Ал өзүнүн жол жазмаларына казактар менен эски ырым-жырымчылардын белгилерин, казактардын өз тиричилигинде пайдаланган даана сөздөрүн жазып алат. Казактар кайсы гана тоонун кырын болбосун «урал» деп, айрым чокуларды «адыр» деп, ал эми эски ырым-жырымчылдары болсо «аныктоо» деген этишке, билдирүү деген маанини беришет экен. Анын күндөлүгүнө кендердеги крепосттук жумушчуларды аёосуз эксплуатациялоо жөнүндөгү жазуулар пайда болот.

Аз изилденген өлкөдө Семенов үчүн майда же маанисиз фактылар болбойт. Алардын баары кызык, маанилүү, илим үчүн өтө кызык. «Локтевка деген өзөндүн боюна келгенде, мен Алтайдын тоо породасын биринчи жолуктурдум: ал зоокаларына кадимки Алтай өсүмдүктөрү — патриния өскөн көгүлтүр порфилер эле... Мен көрүп чыккан Гериховдун үйү порфирден, брекчин менен акиташтан салынган. Ошол жерден девон системасындагы таш болуп катып калган көп нерселерди таап, абдан ыраазы болдум... Сугатовск тоолору порфирден, темир аралашкан жана толуп жаткан охра сымал кендерден турат экен...»

Петербургда жана Берлинде жүргөндө эле ал Колыванск көлүнүн укмуштай сулуулугу жана анын зоокаларынын фантастикалык формалары жөнүндө уккан. Колыванск көлү бүткүл дүйнөгө маалым. Алтайда болуп, ал көлдү көрбөй келген саякатчы жок.

Семенов ошол Колыванга бет алат. Ага окшош зоокалар Гарцдагы Брокенде гана бар экендигин канааттануу жана сыймыктануу менен белгилейт. Бирок аны көлдүн фантастикалык гана сулуулугу кызыктырбайт. Ал Колывандын булуңдарында аябай көп өскөн суу жаңгагын-чилимди табат. Жапайы өскөн татар шилбиси менен кооз, акчыл сары келген чабалекейлер ага «Азиянын түпкүрүндө жүргөнүн эскертет».

Географ менен геологдун, этнограф менен ботаниктин милдетин аткарып жүргөнүн көкүрөгүнө түйөт. Жаратылышты комплекстүү метод менен изилдөө анын көңүлүнөн кетпейт. Европалык саякатчылардын ичинен Александр Гумбольдт ал методду биринчилерден болуп пайдаланган. Семенов болсо комплекстүү изилдөө жүргүзгөн биринчи орус саякатчысы-географы болуп калат. Ал географиялык, экономикалык, тарыхый көрүнүштөрдүн маңызы эмнеде экенин аныктайт. Өзүнөн мурдагы саякатчылардын или-

мий эмгектерин жана гипотезаларын тактайт, көпкө чейин байкап жана ойлонуп көрүп, кабыл алганын алып, албаганын жокко чыгарат.

Айрым, майда-барат нерселерди жыйынтыктап келип, жаратылыштын жалпы мүнөздөмөсүн түзөт. Ал картиналар өзүнүн тактыгы, алысты баамдай билгендиги, даанalыгы менен туткундайт эле. «Гранит тоолорунан төмөн түшүү узун жана тик болгондуктан, терең жарды бойлоп, эңкейиштеп, жылып түштүк».

Узун талаа чөптөрүнө аралашып өскөн кызгылтым роза сымал хатьм, жапайы мальвалар, тутамдашып калың чыккан көдөө, коко тикен гүлдөрү укмуштай айкалышып, тоо капталын көркүнө чыгарып тургансыйт. Анын төмөн жагындагы өтөктү бадал баскан, алардын арасынан бөрү карагаттын мала-кызыл тарткан гүлү мурунду жарып аңкыйт.

Керилген ойдуңдун нары жагындагы эңкейиш, анчалык көп болбосо да, Верхней Роныдагы Валлезск түшө калышын эске салды, алыстан-алыстан Асман мелжиген Убин кыркалары көрүндү.

Өрөөнгө түшө берерде майып болуп кала жаздадык: биздин салмактуу трашманкеге чегилген сибирдин үч аты, түшө калыштын тик жерине келгенде ала качты...

Аттар жолдон чыгып, кашатты көздөй алып жөнөдү. Аларды токтотуу мүмкүн эмес эле, бирок тажрыйбалуу арабакеч күчүнүн баарын жыйнап туруп, чукул бурду, аттар бадалды аралап барып токтоп калды, жыгылды, дөңгөлөктөрү узун чөпкө чалынган трашманке токтоп калды...»

Алтай тоолорун кыдырып чыккандан кийин Семенов Семипалатинскиге бет алды. Анын келээрин мурдатан билген семипалатинскинин губернатору, адъютанты Демчинскийди алдынан тосуп келүүгө жиберди.

Демчинский Петр Петровичти өзүнүн үйүнө алып келет. Жолдо келатып адъютант элпектик менен эскертип койду:

— Сизди бир укмуш күтүп турат...

Петр Петрович кабинетке кирип келсе, солдат шинелин кийген, чарчап-чаалыккан өңдү, арык чырай киши ордунан туруп ага утуру басат.

Семенов бакырып барып, Федор Михайлович Достоевскийди кучактай кетет.

Бул экөө үчүн тең кубанычтуу жолугушуу эле. Достоевский Петр Петровичке баарын, Омскинин түрмөсүндө кандай кыйналганын, азыр Семипалатинскидеги линиялык батальондо штраф тарткан солдат катары турганын айтып берди. Азыркысы, мурдагыга караганда жеңил жана жакшы экенин айтат.

— Мени сыйлашат, офицерлер менен да, администраторлор менен да, дос болуп алдым. Сиз менен жолуктурган Демчинскийге чоң ыракмат,— дейт Достоевский.

Алар түн ортосуна чейин кобурашып жатты. Таң атаары менен Петр Петрович трашманкени кошуп, даярдоону буйрат. Достоевский болсо, боштондукка уруксат алуу үчүн линиялык батальондун командирине кетет. Ал өз досун жок дегенде Иртыштын жээгине чейин узатып койгусу келди.

6-август күнү түштө семиз тору аттар трашманкени кумдуу жээкке алып чыкты.

Иртыштын күнгө чагылышкан киргил суусу агып жатты. Анын сол жээги, дарыянын өзүнө окшоп тегиз жана киргил тартып август айынын мунарыктаган ысык күнүндө чыгышты көздөй кетип жатты.

Иртыштын наркы өйүзүндөгү сейрек өскөн теректердин нары жагындагы жайдак жерде, кашатта минареттер, жыгачтан салынган үйлөр, Семипалатинскинин ун сатуучу дүкөндөрү, складдары турат. Ээн жердеги жаман шаар ысык кум менен чаңдан улам уйкуда жаткандай көрүндү, ошондуктан Семенов андан кеткиче шашты. Ал Иртыштын сол жээгин көрмөкчү болуп бурулду. Азырынча белгисиз, күтүлбөгөн нерселер, алдыда турган саякат мына ошол жээктен башталмак.

Семенов чыдамсыздык менен жээкти бойлоп жөнөдү, жээкте анын батыра баскан издери калып жатты. Дарыя анын чыгышка баруучу жолун тосуп тургансыды. Азыр Семипалатинскиге келгенде да, таман алдында дарыя агып жатты, учу-кыйрына көз жетпеген Сибирь талаалары аркылуу өтүп келген, узак жол баскан кишинин жолун тосконсуп турду.

Терек менен майда талдарды аралап бирөө келатты. Достоевский Семеновдун маңдайына келди. Ак жуумал, эки ууртуна бырыш кирген, кой көз, Достоевскийдин өңү муңайыңкы, сары. Кырдач мурдунун таноолору чарчаган кишиникиндей лепилдеп, арык манчалары калтырайт.

Алар коштошоордо айтууга жагымдуу сөз таппай, бирин-бири тиктеп калды, анан аргасыздан жылмайып алышты.

— Сенин бул жүрүшүңө кубанам,— деди Достоевский акырын гана.— Сен кетип жатасың, а мен болсо баягы Семипалатинскиде шордойм. Сенин жүрүшүңө суктанам, кубанам. —Анан ал оор улутунуп алды да, колун эски шымынын чөнтөгүнө салды.

— Дагы бир аз чыда, Федор Михайлович. Семипалатинскинин губернатору мага жакын арадагы күндөрдүн

ичинде сени бошотуу жөнүндөгү буйрук келе турганын айтты,— деп Семенов анын көңүлүн көтөрө сүйлөдү.— Сен боштондукка чыксаң, мен өзүмдү да бактылуу санайт элем! — деп жиберди да Достоевскийди колтуктан алды.

— Төрөм, жыла баштасак да болот,— деген конвой казактын ачуу үнү аларга шак дей түштү...

Трашманке ат жана казактар салынган паром жээктен узай баштады. Семенов тосмого боюн арта салып калпагын булгалап, артка жылып бараткандай көрүнгөн Достоевскийге кыйкырып коштошуп жатты. Паром кычырай түшүп келип, сол жээкке токтоду. Казактар аттарды, трашманкени алып чыгышты.

Кашатка чуркап чыккан Семенов учу-кыйрына көз жетпеген Кыргыз талаасын көрдү.

*VII глава*

## КЫРГЫЗ ТАЛААСЫ

Туш тарабындын баары буртулдаган тулаң, чайыттай ачык асманда, айры куйруктар сызып жүрөт, түштүк чыгыш жакта кызгылт көлөкө түшүп тургансыйт. Керилген талаанын тулаңдарын, кызгылт тарткан көлөкөнү, туп-тунук асмандагы сызып жүргөн айры куйруктарды, бир карап баамдоого мүмкүн эмес эле.

Иртыштын жээгинен тартып, тиги Асман тиреген тоолорго чейинки бир жарым миң чакырым келген кыргыз талаасын Семенов сибирлик төрт казактын узатуусунда, трашманке менен басып өтүүгө тийиш болчу.

1856-жылдын 6-августунда Семенов көптөн бери даярданып жүргөн саякат башталды. Сербейген кара мурутунууртуна салып чайнап, тиги, мунарыктан көз алган жок, чөптүн жыты каңылжаарды жарып турду.

Арабакеч аттарын кошуп, трашманкедеги чөптү тегиздеп, эткээл колу менен басып-басып койду.

— Олтуруңуз урматтуу төрөм, жылалы,— деди да казак олдоксон чокунуп алды.

— Кана, кудай өзү жол берсин, кеттик жаныбарларым!

Семенов солк эте түштү, аттардын дүбүртү менен коңгуроонун үнү анын кулагына шак дей түштү. Ал кабагын бүркөп, кыймылдан башка эч нерсени уккусу келбей, жылуу кызгылтым тарткан көрүнүштүн койнуна кирип тунжурады. Трашманкенин катарында картуздарынын кырына кызыл манат тартылган, беш атарларын асынган, аттарынын оозун тарта бастырган казактар келатты...

Бирдемеге катуу урунгандыктан Петр Петрович көзүн ачып жиберди. Мурдагысындай эле тунжураган талааны мунарык басып турат, бирок анын түрү барган сайын өзгөрүп келаткансыйт. Жанагы ыргалып жаткан көдөөлөрдүн талаасы артта калып, шор баскан жерлер жарылып, алыстан көрүнгөн кызгылтым көлөкөлөр, акырындык менен анчалык бийик эмес тоо кыркаларына айланды.

— Тээтиги адырдан ашсак, наркы бетинде Аркат деген бекет бар. Ошондо конобуз. Сага жагаар жакпасын билбейм, төрөм, биз үчүн бир конуп кетүүгө жарайт. Казак карын терисин төшөнүп, карчыга терисин жамынып уктайт эмеспи.

Бир нече саат өткөндөн кийин трашманке тоо арасындагы кең өрөөнгө түштү. Аскалуу зоолор жашыл түсүн төгүп, күн нуруна чагылышып турат. Карт бүркүт аскада жалгыз олтурат. Анын кирпик какпаган тегерек көзү, кечки күндү карап тургансыды. «Бүркүттөр гана күнгө тике карай алат»,— деген ойго келет Семенов.

Күүгүм кирейин деп калганда Петр Петрович өрөөндүн өзүнө түштү. Эрмендин ачуу жыты мурунду жарып, кыргыз талаасынын белден чыккан чөптөрүнүн толкуну Аркат менен Буркатты көздөй агып жаткансыды.

Аркат бекетине келип түнөмөк болушту. Петр Петрович арабакеч олтурчу текчеге бутун чыгарып, трашманкеге жатты. Уктай алган жок. Ал жылдыздар жыбыраган, түнөргөн асманды тиктеп жатат. Жылдыздар акырын жыбырап, өтө майда көрүндү. Тиги талаа чөптөрүн аралап ай көтөрүлө баштады. «Ал горизонттон, зениттегидей кичине көрүндү, айланасы ачык, өзү жарык; булардын баары абанын кургак экенин көрсөтөт: шүүдүрүмдүн эч бир белгиси жок».

Мелтиреген жалпак талаа толукшуган айдын кучагында жатат, анын үстүндө түнөргөн асман. Аркат бекетиндеги топурак тамдар иретсиз чубалжыйт. Семеновду узатып келаткан казактар ээр-токумун баштарына жаздап жерде жатышат. Арабакеч тамшанып, өзүнчө кобурап түш көрүп жаткансыйт.

Улуган укмуштуу бир үн түнкү тынчыкты бузду. Трашманкеде жаткан Семенов ордунан ыргып турду эле, аттар ойт берип кетти. Карышкыр дагы улуду, мурдагысынан жаман, муңдуу улуду.

Карышкырдын улуган үнү уктаткан жок. Семенов трашманкенин арабакеч олтура турган секичесине олтуруп, үрккөн аттардын кошкуругуна кулак түрдү. Айдын жарыгына балкыган караңгы талаага дагы бир жолу көз чаптырып алды. Анын бардык оюу кайра Кыргыз талаасы-

на кетти. Ал анын жүз чакырымдай жерин басып өттү. Анын талаалар жөнүндөгү түшүнүгү мурдагыдан байыды, кеңейди.

Ушул күнгө чейин ал: «Талаа дегенибиз, учу-кыйрына көз жетпеген, кара топурактуу, бардык жерин чөп баскан, токойсуз түздүк деп билүүчү». Дон жана Волга талаалары ошондой эмеспи. Жери кара топурак келип, терең аңдар каршы-терши жатат, алардын түбүнө дарактар өсөт. Адамдын бою менен тең келген бийик, барбайган чөптөр чыгат. Түштүк орус мейкиндигиндеги тоо эсептелген нерселер «өзүнүн рельефи боюнча такыр башка же болбосо талаа деңгээлинен жогору турбастан, тескерисинче төмөн турат».

Уралдан өткөндөн кийин ал талаанын жаңы түрүнө жолугат. Улуу Сибирь түздүгү бир аз башкача. Анын ар кайсы жеринен топ-топ болуп өскөн кайың менен карагайларды көрүүгө болот. Алар кокту-колоттордо эмес, ачык талаага өскөн. Сибирь түздүгүндөгү чоң дарыялар анчалык терең эмес өзөндү түзөт. Анын кыртышын кара топурактуу деп айтууга болбойт.

Жаңы талаа түрүн Барабин түздүгүнүн рельефинен көрүүгө болот. Барабин талаасы алгачкы экөөнөн көп сандаган көлдөр жана аз сандаган өзөндөр менен айырмаланат.

Азыр алардын алдында төртүнчү, таптакыр күтүлбөгөн тип жатат. «Биздин түштүк орус талаасынан, Кыргыз талаасынын барып турган чоң айырмасы, анын горизонтунан таштуу тоо бийиктиги арсайып турат, алардын бири мологого окшосо, бири көздүн жоосун алган гранит кыркаларына ошоп кетет. Кыргыз талаасында туздуу көлдөр көп, тоо кысыктарынан булактар агып чыгат. Ал эми эң сонун чөптөрү менен бадалдары Азиянын өзүнүн гана формасына ылайык келет[1].

Кыскасын айтканда «талаа» деген жалпы сөздү кандай түшүнүүгө болот? Талаанын төрт түрүн, бири-бирине салыштыра келип, ал өзүнө-өзү ушундай суроо берет. Анан өзүнө-өзү жооп кайтарат: «Кыязы, учу-кыйрына көз жетпеген түздүк, чөп өсүмдүктөрүнө өтө бай, өздөштүрүүнүн таасири тийбеген жер ушундай болуш керек. Сугаруу иши — талаалардын өнүгүшүнүн зарыл шарты болуу керек: суусуз талаа, талаа эмес эле чөлгө айланат».

Ал «талаа» деген түшүнүккө тоо группалары да, кайың токойлору да, туздуу жана тузсуз көлдөр да, зыян келтир-

---

[1] Ушерде жана мындан ары Казакстан Кыргыз талаасы деп аталат, ал эми казактар болсо кыргыздар деп айтылат, анткени Семенов-Тян-Шанскийдин заманында ошондой деп аталуучу.

бейт деп ойлойт. Талаада өзөн да, булактар да болбой калышы ыктымал, бирок кышкысын кар басышы зарыл. Кар түшпөсө өсүмдүктөр болбойт, чөп болсо кайсы гана талаанын болбосун башкы мүнөздөмөсү.

Семенов таң атаары менен көңүлдүү жана сергек турду. Август айынын бул түнүндө уктабай чыкканы менен Буркат кыркаларына жөө барды, гипсометрин алып, анын бийиктигин билди: 800 метр экен. Аркат тоо группасы да, ошондой эле бийиктикте жаткан экен.

Аркат менен Буркатты көрүп чыккандан кийин Семенов андан ары жол тартат.

Жолду ката анчалык бийик болбосо да, өзүнчө айырмаланып турган жаңы тоолордун чокулары көрүнүп жатты: казактар аларды Ингректей деп атап алышыптыр. Ингректейден кийин Петр Петрович какшып калган Горький деген сайдан өтөт.

Кечээ эле калың чөп өсүп, гүлдөрү жайнаган Кыргыз талаасы, бүгүн күнгө күйүп кеткен. Анын көз алдында саргарып, бетеге-тулаңдары кургап кеткен адырлар жатты. Мындай бир беткей көрүнүш чарчатып жиберди. Семенов адырларды аралап, чөптөрү күйүп кеткен өрөөндөрдү кесип, суулары азайып кеткен туздуу көлдөрдүн жээгинен өтүп, кечке жол жүрдү. Күнгө какталып, чаңдан жадап бүткөндө, кечке жуук Аягузга келишти.

«Ал ушунчалык серт жана кунарсыз экен, орустун мындай начар шаарын эч качан көргөн эмесмин... Кыскасы шаар жалпайган топурак тамдарга жыш толгон бир гана чоң көчөдөн турат экен, ошол үйлөрдүн жанында турган кишилер менен эңкейип туруп араң сүйлөшөсүң. Шаарда бир да дүкөн жок. Бир азга бир дүкөн ачылган, жападан жалгыз. Бирок айласы кеткендиктен ал дагы жабылып калган. Дүкөнчүнүн айтуусуна караганда, эч ким акча төлөбөй эле, товарларды бекер сурагандыктан жабылган. Өзөндүн наркы өйүзүндө таш дөбөлөр турат, кечкиси анда карышкырлар улуп, ал турсун түнкүсүн алардын көзү балбылдап көрүнөт.

Аягузда Семенов эки күн турат. Ал кичинекей жүрүш жасап, коңшу адырларга чыгып келет. Жергиликтүү калк Петр Петровичке белек берип кубантат: алар абдан жакшы сакталган графит менен таш көмүрдүн үлгүлөрүн алып келишет. Графит да, таш көмүр да, Аягузга жакын жерден, дээрлик жердин үстүнөн табылган болот.

9-августта Петр Петрович талаадагы шаардан жөнөп кетет. Жол көпкө чейин ийри-муйру тартып, Аягуз өзөнүн бойлоп олтуруп, тар, түнөргөн капчыгайга кирет. Анын эки жагындагы кара сланцтан турган зоокалар капчыгайды

ого бетер түнөрткөндөй көрүнөт. Тиги алды жакта, капчыгайдан чыга бериште кезектеги Аргантин бекети жатат. Ошол бекетке келгенде, андан бир нече жол тарап, бирөө Петр Петрович анча-мынчасын гана билген Балхаш көлүнө кетет. Бул жер жүзүндөгү эң чоң көлдөрдүн бири болгон көлгө жок дегенде көз кырын бир салып өтсөм деп көксөдү.

Мунарыктаган талаа асманын суюк булут каптап турган. Акырын сызып жүргөн айры куйруктар көздөн кайым болуп, сары чычкандар ийиндерине кирип кетти. Адамды тажаткан тынчтык талаа чагылганынын кабарчысы өкүм сүрө баштайт.

Алар Аргантин бекетине жетээри менен чагылган чартылдады. Петр Петрович жакшылап эс алгандан кийин Балхашка жөнөйт. Бийик, адам араң өткөн калың камыш тиги төмөндө жаткан Балхаштын жээгин жакшы көрсөткөн жок, баткактан жапайы камандын изин көрөт. Узун шыйрак көк кытандар көлмөлөрдө жүрөт. Мергендер баскан жол, камыш арасына кирип көрүнбөй калат.

Петр Петрович эптеп көлгө жеткиче дагы жамгыр жаап келет, камыш арасы чирик жытданып, асманды бүт булут басат. Балхаштын жээгине чейин экскурсия жасоо максаты ордунан чыкпай калат. Петр Петрович Аргантин бекетинен жөнөп кетет.

Ошол эле күнү Лепсиге — Жети-Суудагы чоң өзөндөрдүн бирине жетет.

Лепсиден кийин талаалар жарым чөл кебетесин кийет: шамал учуруп келип тоо кылып салган, ныкталып калган, күрөң тарткан чаңдан улам боз түшүп турат. Жолдун жээгинде өлгөн төөнүн куу баштары жатат, жапайы тооктор ошол баштардын ичине бекингенсийт. Салмактуу келген тоодактар трашманкеден чочуп койбойт, ал турсун мойнун созуп саякатчыларга жаман көзү менен карагансыйт. Кумдун үстүндө оонап жаткан каракурлар мылтыктын үнүнөн чочуп, канаттарынан чаң куюлуп бараткандай көрүнөт. Майда таш бакалар, дөңгөлөк алдында жалпак таш сыяктуу кычырайт.

Анда-санда мунарык баскан талаадан сайгактардын үйүрү көрүнөт; алар трашманке жакка бурулуп, бажырайган кара көздөрү менен теше тиктеп, узаткансыйт. Алардын жанына акырын аңдып баруунун, же артынан түшүп кубалоонун кажети жок эле — сайгактар көз ачып жумганча дайнын билгизбей жоголот — жарым чөлдүн көлөкөсү деп бекеринен айтылбаган көрүнөт.

Семенов Жети-Суунун дагы эки өзөнүн — Баскан менен Ак-Сууну кечип өттү. Алар да, Лепси сыяктуу эле Жети-Суу Ала-Тоосунан башталат экен. Анын ак мөңгүлөрү

улуу тоону каптап, түштүк-чыгышты көздөй кеткен. Петр Петрович аларга суктанып карап олтурду. Тоо чокулары барган сайын бийиктеп, түз талаада келаткан кишиге өтө бийик көрүндү.

Мындан ары, тиги Жети-Суу Ала-Тоосунун капчыгайында Копал — орустун чыгыштагы форпосту, чоң казак кыштагы жатат. Ага чейин дагы жүз чакырымдай бар эле.

Петр Петрович Ак-Суу бекетине түнөп, таң атпай дагы жолго чыкты. Тезирээк Копалга жеткиси келди.

Капчыгай аралаган жол, улам өр тартып ашууга такалат. Андагы жыланач жарлар, түнөрүп түшкөн көлөкөлөр, дөңгөлөктүн жанын койбой кычыраган таштар Семеновго жага берген жок. Ошентсе да, туу белдин өзүнө келгенде кере-кере дем алды. 1300 метр бийиктиктен чар тарабы алакандын отуна салгандай даана көрүндү. Балхаш жээгиндеги талаадан баштап, улам жогору көтөрүлгөн Жети-Суу Ала-Тоосу, түбөлүк тунжураган карлуу тоодон бийик сезилди. Тике түшкөн чополуу жарлар жапайы ашуунун сакчысындай көрүнөт. Узакка созулган, жайдак тоодон жана жети чакырым келген эңкейиштен кийин Семенов Биен өзөнүнүн күмүштөй жылтыраган нугун көрдү.

Өзөн ийри-муйру тартып, чыбырчыктап, ак көбүктөрү атырылып өрөөнгө чыгат. Аерден буудай айдалган талаа, дүмпөйгөн кара бактар көзгө түшөт.

Буудай айдалган талаа Биен өрөөнүнөн башталып, Жунке жалпак тоосуна чейин созулат. Алардын баары мындан он-беш жыл гана мурда келип орун-очок алган копалдык казактардыкы болучу.

Семенов копалга күүгүм киргенде араң жетти. Арабакеч жолоочулардын түнөгүнө келип токтойт. Петр Петрович жыты буркураган жаңы чөптүн үстүнө жатат. Ал эрте, таң өөк салганда эле ойгонот. Эртең мененки сыдырым жүргөн жел беттен аймалап, жууркандын үстүнөн шүүдүрүм тамчылары көрүнөт.

Копал округунун начальниги полковник Абакумов өзү күтпөгөн мейманды бажырандап тосуп алат. Семенов салам айтып киргенде, анын толмоч бетинин ажары ачыла түшөт.

— Императордук география коомунун мүчөсү болом. Генерал-губернатор, улуу даражадагы Гасфорттун мага жардам берүү жөнүндөгү каты мына,— деп Петр Петрович колундагы документти сунду.

— Губернатордун кагаз-пагазынын кереги жок! Мен сизди чын ниетим менен өзүм кабыл алам,— деп Абакумов шадылуу чоң колдору менен Семеновдун колун көпкө чейин силкти. — Өз үйүңдөй көр.

Абакумовдун мыкты, илимди сүйгөн адам экендиги жөнүндө Омскиде эле уккан.

— Ишке киришүүнүн алдында,— деп улантты сөзүн полковник,— тамактанып алыңыз. Чөлдөгү меймандостуктун мыйзамы ушундай,— ал калбайган эриндерин шалпылдатып, күркүрөп катуу сүйлөдү.

Жыгачтан салынган чоң бөлмөнүн ичи чөп жыттанып турду; бөлмөнүн керегесине, жан жактарына кургатылган чөптөр илинген. Анын бардык жагынан Петр Петровичке кургатылган канаттуулардын айнектен салынган көздөрү карап тургансыды. Терезедеги коробкаларда көпөлөктөр менен коңуздардын коллекциялары турат, олтургучтардын алдында тоо кендеринин көп түстүү үлгүлөрү жатат.

Полковниктин чөлдүктөрдүкүндөй меймандостугу көп түрлүү тамактардан башталат. Столго Балхаш камынын майлуу эти, Жунке жалпак тоолорунун уларынын куурган эти, Биен суусунан кармалган хариус балыгынын сорпосу келди. Табактарда Кара-Талдын сазаны менен Лепсанын лештери. Кооз фарфор табакта жылтыраган Каспи икрасы үйүлүп жатат, чай чыныларда Бетбак талаанын кымызы көбүрүп турат. Кыпкызыл алмалар менен сары өрүктөрдөн Тянь-Шандын жапайы бактарынын жыты аңкыйт.

Столдо олтурган Абакумов жаканы чечип, төштү ачып коюп, тынбай сүйлөп жатты:

— Мен жаратылышты өтө жакшы көрөт элем. Мына булардын баары,— деп тиги чөптөрдү, таштарды көрсөттү,— менин аракетимдин чачырандысы. Мени бул ишке, бир кезде өтө таланттуу натуралист Карелин шыктандырып кеткен. Уктуңуз беле?

— Карелин мырзаны ким билбейт!

— Жаш, офицер кезимде Карелинди Балхаш боюндагы талааларды, Жети-Суу Ала-Тоосун кыдыртып чыккамын. Ага чөптөрдүн көп сандаган түрлөрүн жыйнап бергемин, канаттууларды туюк союп, кеп куюп берчүмүн. Илим мурда билбеген коңузду мен таап бергемин. Менин урматыма анын атын «Абакумовдун доркодону» деп койгон...

Тамактанып бүткөндөн кийин полковник Петр Петровичке ал тарабынан 1846-жылы негизделген шаарчаны көрсөттү. Өзүнүн ишке буйрөлүгүн көрсөткүсү келип, казактардын татынакай үйлөрүн, жер которуп келген биринчи орустарды, алар тиккен түп-түп теректерди көрсөттү. Алардын короолорундагы алма бактары, абрикостору күчүнө келип, жүзүм шактары күнгө чагылышат.

Көк майсан аянтта чала бүткөн крепосттук чиркөө заңгырайт. Абакумов чиркөө өзүнүн долбоору боюнча салы-

нып жатканын сыймыктануу менен айтты. Ошол эле аянтта гарнизондун казармалары, складдар, округдун начальнигинин канцеляриясы турат. Копалды бүт курчап турган жал, ушул жерден башталат экен. Жезден уюткан замбиректердин оозу Кыргыз талаасына каратып коюлган.

Копал орус букаралыгына өткөн чоң ордонун кыргыздарын коргой турган аскердик чыңдоо катары курулган.

Шаарда жети жүз түтүн калк жашоочу, солдаттар менен жер которуштуруп келген орустардан башка, кыргыздын Дуулат жана Атбан деген тилектеш урууларь туруучу. Казармаларда Сибирь аскеринин казактары менен линиялык батальондун солдаттары туруучу.

Полковник мындай деди:

— Биз өңдөнгөн солдат байкуштарга: талаага бар, орун-очок алып жашай бер деген буйрукту беришти. Байкуш солдат келди да орун-очок алып калды. Орустун мужиктери солдат болгонду жакшы көрбөйт, алар жер үчүн жаралган. Мужик сындырып, талкалаганды жаман көрөт — аны жер, дыйканчылык чакырып турат. Копалдын негизделгенине көп болду дейсиңби, азыр көрчү, биз буудай, таруу, арпа айдап жатабыз. Тешесине жыйырмадан түшүм алабыз. Ашкабак дегенди ордунан козгой албайсың, дарбызы чиркөөнүн коңгуроосундай бар...

Эртеси, жергиликтүү казактардын узатуусу астында Петр Петрович Жети-Суу Ала-Тоосуна жол тартат.

Кар баскан чокулар менен мөңгүлөр залкар жана тунук көрүнөт. Петр Петрович аргасыздан мындай ойго келди: укмуштай сулуулугу менен суктандырган жер экен. Анын мына ушул көз уялткан чокуларга чыккысы, көгөргөн асманга кирип эрип кеткиси, ушул жапайы дүйнөнүн ажырагыс бир бөлүгү болгусу келди, ошону менен бирге ушул жерде жашап, өз алдынча ой жүгүрткүсү, жердин сулуулугун сезгиси келди.

Ал атын теминип койду эле, узатып келаткандар жетпей калышты. Петр Петрович адырга чыгып, Корск өрөөнүн көрдү. Өрөөндү Корадан-Караталдын бир тармагынан чыккан буу баскан.

Жети-Суу Ала-Тоосунун сулуугуна суктанган Петр Петрович ошол эле замат өзүнүн күндөлүгүнө буларды жазды:

«Кор суусунун боюндагы өрөөндүн көрүнүшү укмуш... Мен келатканда кырдын бийиктиги Копал жалпак тоолорунан 1500 метр жогору тургандай көрүндү, бирок ал Кор өрөөнүнөн караган кишиге андан да, бийик өңдөндү. Бул жерде тургандардын айтымына караганда кечип өтүү оор болгон, кээде тап-такыр мүмкүн болбогон кең жана ташкындап аккан өзөн, үстү жагынан караган кишиге кү-

мүш тасмадай сызылып жатат, ак көбүктөп, шаркыраган агымы, таштан-ташка урунганда чыккан дабышы кулакты тундурат. Ак көбүгү жана чачырандылары мөңгүдөн башталган өзөндөрдүкүнө окшоп, бозомук...

Өзөндүн наркы өйүзүнөн тоо башталат, а дегенде Сибирь пихталары, андан ары бадал, анан көк шибер болуп, кар басып жаткан жерге чейин кетет. Ошол кар баскан тоонун бетинен тике түшкөн, туурасынан кеткен кыя чыйырлар көрүнөт. Турнабай менен карап көрсөм, узунунан жаткан кыя жол өңдөнгөн чыйырлар терең жарык экен, ал эми тикесинен кеткен чыйырлар көчкүнүн изи окшойт.

Көздүн жоосун алган өрөөн мени канчалык суктандырганы менен аны көздөй түшүү жөнүндө ойлоп коюу мүмкүн эмес эле, ошондуктан мен кыр менен жүрүп олтуруп, чокудан чокуга өтүп, түбөлүк тунжураган карга жетүүгө аракет кылдым. Өзү урап түшкөн гранит зоока торогонго чейин атчан жүрүп олтурдук...»

Өлгөн-талганда Петр Петрович түбөлүк тунжураган кардын жээгине жетет.

Жапайы тоо эчкилер үркүп аскадан аскага секирип, жандай өтөт, бүркүттөр калдайган канатын кагып сызат, каргалар болсо кандайдыр бир белгисиз нерсе чакырып жаткансып, төмөн карай жылып бараткансыйт.

Семенов анын бийиктигин гипсотермометр менен өлчөп көрмөкчү болот. Ал үчүн суу жылытыш керек болчу, ошондуктан узатып келаткан жаш жигиттен спирт куйган бөтөлкөнү алат, бирок спирт күйбөйт. Ошон үчүн чокунун бийиктигин көз өлчөө менен аныктайт.

Петр Петрович Копал тоолорунун капталдарынан өсүмдүктөрдүн коллекцияларын жыйнайт. Алардын кээ бирлери альпы флоралары боюнча белгилүү эле, бирок көпчүлүгү Алтай жана Борбордук Азиянын өсүмдүктөрүнө таандык болучу.

Копалга кеч кайтышат. Чарчап-чаалыккан, бирок абдан ыраазы болуп кайткан Семенов полковникке буларды айтты:

— Гипсотермометрден башкасынын баары жакшы болду. Эмне үчүндүр спиртибиз күйбөй койду.

— Спирт кимде эле? — Абакумов кабагын салып сурайт. — Прошкабы? Прошканы бери чакыргылачы!.

Ширидей капкара болгон казак жетип келди. Полковник бөтөлкөнү алып, спирттен стаканга куйду.

— Бул эмне, Прохор? — деп сурады.

— Билбейт экемин, улуу урматтуу таксыр,— деген жоопту айтты шектүү Прохор, анын сөзүн баамдап олтурган Семенов Прохордун муну биле турганын байкады.

Полковник эшик алдында чыгып, дөбөтүн чакырды, ал спиртти жалап жиберди. Минута өтпөй дөбөт калтырап-титиреп чыкты.

— Кана, эмне экенин көрдүңбү, Прохор?

— Уу, улуу урматтуу таксыр...

— Стрихнин,— деп тактады полковник калбайган эриндерин таптап. — Прошка жолдо баратып бөтөлкөнү жарымдап салып, үстүнө суу куюп койгон турбайсыңбы. Илимге деп сактаган спиртти соккон экенсиң да айбан! Карелин мырза экөөбүз ар дайым стрихнин кошчубуз. Ошонун баарын казактардын көзүнчө жасоочубуз. Бирок алардын эч кимиси тийип көргөн эмес.

Жети-Суу Ала-Тоосуна чыккандагы кыйналгандык өзүнүн натыйжасын берди. Семенов төшөккө жатып калды. Башынан камкор Абакумов өз мейманын өзү карады, дары чөптөрдү, жыты буркураган тоо балын берди. Бирок полковник эртеден кечке бошобогондуктан Петр Петрович бир нече сааттар бою жалгыз жатып калды.

Ал диванга жатып алып, катырып койгон ак жорудан көз албады, кургатылган чөптөрдүн жытын искеди, анан өткөн-кеткендер көз алдынан чубап жатты. Балалык жылдары, өзү өсүп чоңойгон Урусово, Москва, Петербург, өзү өтө жакшы көргөн География коому көз алдынан кетпей койду.

Ал полковниктин үйүндө үч күн жатты. Төртүнчү күн дегенде эптеп ордунан туруп, Абакумовдун кеңеши боюнча Копалга жакын жердеги Арашан жылуу суусуна кетти. Жылуу суу анын жанын кейиткен дартты алып салгандай болду.

Жылуу сууда бир нече күн болду. Ошол эле учурда Биен өзөнүнүн бойлоруна, Копалдын берекелүү талааларына экскурсия жасады. 24-августта жолго чыгууга даярдана баштады. Полковник Абакумов бат эле кечки тамакты даярдата салды. Винодон толтура стакан куюп алып, коштошуу сөзүн баштады:

— Кымбаттуу Петр Петрович! Кудай сизди Сарбагыштардын курч бычагынан, тоо көчкүлөрүнөн, жолборстун тырмагынан жана кадимки эле ич өткөк оорусунан сактасын. Ишиң ийгиликтүү болсун...

Короодо үч ат кошкон трашманкенин коңгуроосу шаңгырайт. Мындан ары Семеновду Копалдын казактары узатып бармак. Ошентип ал, меймандос полковник жана семипалатинскилик казактар менен коштошот, трашманкеге олтурат. Арабакеч божусун силкти эле, аттар атырылып жөнөдү. Семенов артына кылчайды.

Полковник чатын керип, халатынын өңүрүн ачып са-

лып, тигинин кетип жатканына өкүнүп, ичимдиктен башы ооруп калган неме эшик алдында туруп калды.

— Чубар-молдого тие кетиңиз! Жаман болбойт! — деген сөзү Семеновго кадимкидей угулду.

*VIII глава*

# ЧӨЛДӨГҮ ЖОЛУГУШУУ

Дал Семеновдун үстүндө канатын жайып карчыга сызып жүрөт. Караталдын үстүндөгү түндүктөй булуттардын көлөкөсү агымга каршы жылып, аны кайра бурууга өзөндүн алы жетпегендей. Булуттардын жылышынан суунун агымынан, балыктардын үйүр-үйүр болуп сууда сүзүп жүрүшүнөн адамды суктандырган турмуш сезилип турат. Шамал көдөө чөптөрдүн башын ийкегендей көрүнөт, бирок алардын ар бир толкуну кыймыл, жашоо жышааны.

Семенов учу-кыйрына көз жетпеген Кыргыз талаасынан, чаң баскан жолдогу таш бакалардан, тиги мелтиреген асманда сызып жүргөн карчыгадан, көз албай карап келатты, жаратылыштын сулуулугу суктандырды.

Трашманке кычырап, каткалаң кумга келгенде дөңкүлдөп келет. Жыбылжып батып бараткан күндүн шооласы, Жети-Суу Ала-Тоосунун чокуларынын нары жагынан ай чыгып келатты, аркайган аскалардын көлөкөсү жолдун таманына түшүп жаткансыды. Алар чаң баскан жолдо — арбайып-тарбайып, кыймылсыз жатат. Семенов ошол көлөкөлөрдүн ичинен кыймылдын сулуулугун издеп келет. Көлөкөлөр болсо кыймылсыз, өлүк сымал. Ошон үчүн көзгө кунарсыз көрүнөт — сулуулукту жансыздандырган сыяктанат.

Күтүлбөгөн жерден көлөкөлөр үйрүлүп кыймылдап, кандайдыр бир белгисиз чоң аракетке келтире баштагандай сезилди.

Бул сырдуу кыймыл минутанын жүздөн бир бөлүгүндө болуп өттү, анан туруп кимдир бирөө айлананы бүт кыймылга келтирип, алга-артка жылдырып, кайра ордуна койгондой болду. Мына ошол эки силкиниш көпкө созулгандай — толук бир секунда чайкалгандай көрүндү. Ушул секунддун ичинде Семенов тоонун кулама бетиндеги аскалар, араң турган жарлардын өзү, жогору көтөрүлүп барып кайра жерге түшүп, тарс жарылып, бырын-чырын чыкканын байкады. Чаң асманга чыгып, урандылардын сыныктары жолдун боюна келип түшүп жатты.

— Жер титиреген экен! — деп түшүндү Семенов, жар-

лар кулап, дүңгүрөгөн табыш басылып, чаң тарап бүткөн кезде. Ал жер титирегенин өмүрүндө биринчи жолу өз көзү менен көрдү, өз кулагы менен укту, тоолор да, талаалар да, солкулдаганын сезди. Жер титиреп бүттү, Петр Петрович болсо анын экинчи солкулдашын күттү. Эмне үчүндүр экинчи жолу кыймылдаса, трашманкенин дөңгөлөгүнүн таманында жаткан жер жарылып кетээр деген ойго келди.

Кечинде Кара-Булак бекетине келди. Бекеттин жер тамдары ачык талаадан орун алган экен; андан обочороок жерде жаш алма көчөттөрү ыргалат. Анын жалбырактары саргарып, бүрүшүп калган. Петр Петрович алманын бирөөнө колун тийгизип көрдү эле, кулап кетти. Көрсө, ал таштак жерге сайып койгон алманын бутагы экен. Семенов бекеттин начальнигинен мындай деп сурады:

— Жерге сайып койгон жыгачтын силерге эмне пайдасы бар?

— Сиздин урматыңызга шашып тиге салдык эле,— деген жоопту айтты, тартынбастан начальник. — Полковник Абакумов ботаника министри баратат, дарактарды жакшы көрөт экен, тез аранын ичинде бак тиктиргиле деген буйрук менен атайын киши жибериптир. Ошондон улам кылган аракетибиз...

Петр Петрович кабагын салып жымыйып койду. Омскиден тартып эле, «ботаниканын министри» жөнүндөгү уламыш кабар тарап кетиптир. Андай кабардын тарап кетишине География коому тарабынан Семеновго берилген ачык катта, аны ботаниканын магистри деп атаган.

Бир аз дем алгандан кийин Петр Петрович өзүнүн күндөлүгүн ачат. Өзү жыйнап алган чөптөр менен гүлдөрдүн аттарын латынча жазат. Незабудка-Мусотис Стилватюке, казак можжевельниги-Линениус Сабинге айланат.

Ал жакында эле болуп өткөн жер титирөөнү эсине салат. «Мен өмүрүмдө биринчи жолу жолуктурган күтүлбөгөн окуя таң калтырды; зоокалар солкулдап, салаңдаган аскалар тоо башынан тынымсыз урап жатты: ал абдан күчтүү жер титирөө эле».

Ал ушуларды эске салганда, жердин титиреши өзүнүн коркунучтуу күчүн жоготуп койгонсуду, секирип бир жерде турбаган көлөкөлөр, зоокалар солк этпестен анын күндөлүгүнүн барактарынан орун алды. Ал көргөндөрдүн баарынын күчү кетип, тереңдигин да, жазылыгын да, жаңылыгын да жоготуп койгонсуду. Ал жаңы окуяларды жана жолугушууларды күттү. Башынан өткөндөр жөнүндө ээн кабинетине барып олтурганда, баарын чубатып эске салганда ойлонуп көрө баштамак.

Петр Петрович өзүнүн күндөлүгүн алып койду. Өзүнүн пикири жазылды, гербарийлер иретке келтирилди, Кара-Булакта туруп дагы эмнелерди бүтүрмөк? Ооба, унутуп кала жаздаган турбайбы, полковник Абакумов айткан чала казактардын жол башчысы Чубар-молдого жолугуу керек эмес беле. Чубар-молдо турган жерге чейин сегиз гана чакырым болчу. Петр Петрович чала казактар менен таанышууну чечет. Тилмечти ээрчитип Чубар-молдого жөнөйт. Жол өзү кичине болгону менен шаркырап аккан Караталды бойлоп кетет экен. Суунун иримдеген жерлеринен аркайган таштар чыгып турат, ташкындап ак көбүк чыгат, алда-кайдандыр агып келген дүмүрлөр солкулдап тирүү жандай көрүнөт.

Семенов Караталдын кечүүсүнө кирет, оодарып таштайбы, түбүндөгү таштар менен кошо чайкап кетеби деп коркот. Алар абрикос бактарынын, огороддордун жана бахчалардын жанынан өтөт. Бактардын арасынан чатыры жалпак ак үйлөрдүн төбөсү көрүнөт — бул Чубар-молдонун турагы эле. Жайылып жүргөн бир айгыр үйрү жылкылар Петр Петровичти кишинеп тосуп алат. Поселкага киргенде бир короо куйруктуу койлорду кууп өтөт.

Чала казактар аны анчалык ишене бербей тосот. Чубар-молдону көрүүгө болобу деген суроого терс жооп беришет. Петр Петрович тилмечин Чубар-молдого жиберет.

— Менин алыстан келгенимди айт. Мындай де: Петербургдун өзүнөн келиптир, таанышып алайын дейт, орустун жаңы жериндеги адамдардын турмуш абалы жөнүндө аңгемелешкиси келет.

Жарым сааттай болгондо узун бойлуу, олбур, салмактуу, өңүн кара-күрөң граниттен сомдоп жасагандай карыя келет. Шимилген жаагынан каторгада жүргөндөгү белгиси көрүнүп турат, узун ак сакалы көкүрөгүнө жайылган. Башында көк селде. Чала казактардын ардактуу адамы сексенден ашып калса керек.

Петр Петрович Чубар-молдону тосуп кыргызча салам берет, ал өзүнүн ар бир сөзүн тандап, чулдурап араң айтты. Чубар-молдо унчуккан жок, мыйыгынан күлүп койду. Петр Петрович кыргыз тилине караганда өтө эле начар билсе да өзбекче сүйлөй баштайт. Чубар-молдо жооп кайтарган жок. «Чал мага такыр түшүнгөн жок ко». Петр Петрович тилмечинен жардам сурайын дегенде, Чубар-молдо мындай деди:

— Байкашыма караганда орус болсоңуз керек ко дейм, төрөм? Орус тилин укпаганыма көп болуп калды...

Петр Петрович жеңилдей түшкөндөй болду. Сырын ичине каткан Чубар-молдо орусташып кеткен татар экен.

Петр Петрович Чубар-молдо менен көпкө олтурду, кымыз ичти, байыркы талааны башкарып келген карыянын башынан өткөндөрүн укту. Чубар-молдо өзү жөнүндө жай, чолуп-чолуп, кабагын сала олтуруп сүйлөдү, ал эми Петр Петрович болсо анын башынан өткөн укмуштарды көз алдына элестетип жатты.

Он сегиз жашар татарды солдатка алат. Чубар-молдо солдаттын турмушуна чыдай албай качат. Аны кармап келип, аябай уруп, каторгага айдайт. Жаш жигиттин татына өңүнө каторжниктин тамгасын салып, Сибирге, коргошун кенине жөнөтөт. Чубар-молдо андан да, качып чыгып, учу-кыйрына көз жетпеген Кыргыз талаасына келет.

Будда кечилинче кийинип алган Чубар-молдо (өзүнө өзү молдо деген ат коюп алып) сырдуу, европалыктардын колу жетпеген Кашкарга барып эки жыл жүрөт. Андан кийин аны тагдыр байыркы шаарлардын бири болгон Кулжага айдап келет.

Кулжадан кытай соодагерлеринин кербенине илээшип, Чубар-молдо Борбордук Тянь-Шанга өтөт. Чүй өзөнүн бойлоп, асман мелжиген тоодон түшүп, Моюн-кум чөлүнө келет. Талас менен Олуя-Ата аркылуу Кокон хандыгына чейин барат. Көп жылдары Ташкенияда (Чубар-молдо Ташкентти ушинтип атады) туруп калат. Аерден ал орустар тобуна жолугуп, ага мүчө болуп кирет.

Үйлөнүп, бала-чакалуу болгондон кийин карылык моюнга минет, канчалык жер кыдырганы менен өз мекени көңүлдөн кетпейт. Азиянын күн кактаган жеринде жүрүп, Россиянын аяздуу карларын көксөйт.

Кыркынчы жылдары Ташкенттеги казактар тобуна — Жети-Сууда орустардын Копал шаары курулуптур деген кабар угулат. Кандай гана болбосун ошол Копалга кетишим керек деген ой Чубар-молдонун көкүрөгүнөн кетпей калат. Ал өзүнүн бир нече досторун үндөп Ташкенттен кетет.

Кургатылган шабдалы, мисте, мейиз жүктөгөн төө кербени бетеге-тулаң баскан Жети-Суу талааларын кезип көпкө жүрөт. Жол баштап келатканда Чубар-молдого жолдоштору ишенет, ал аларды аман-эсен кара суууга — Караталга алып келет. Ушерге келип, алар Ташкенттен келген чала казак аталып туруп калышат...

Семенов Чубар-молдо менен коштошуп, бекеттен бекетке өтүп, талаа жолунан талыбай жүрүп отурат.

Семенов топ-тобу менен келаткан казактарды, жер оодарып келаткан орустардын кирелерин, жаман-жаман чалма тамдарды, жалгыз мүрзөнүн үстүнө орнотулган жалгыз кресттерди көрөт. Жайылып жүргөн короо-короо

койлорду, төөлөрдү, чапандарын сыртынан курчаган, тебетей кийген аттууларды, килейген таш бакага окшогон боз үйлөрдү кезиктирет. Бирок ал талаанын өз кожоюну болгон кыргыздар менен али жолугуша элек болчу.

Ал Омск менен Семипалатинскиден көргөн кыргыздар, Орус империясынын букарасы болуп кеткендер эле. Букаралыкты ала элек кыргыздар жөнүндө орус чиновниктеринен анча-мынча арзыбаган пикирлерди уккан, бирок алардын үй-бүлөчүлүгү, турмушу, салты жөнүндө эч нерсе билчү эмес. Алардын макал-ылакаптары, ырлары, эстеликтери жөнүндө түшүнүгү жок эле, ошондуктан бөтөн элдин түпкүрүнө үңүлүп, анын улуттук өзгөчөлүгүн билгиси, түшүнгүсү, сезгиси келген.

Август айы дагы эле кумду карап турат, аба коюлжуп, талааны мунарык басып, анын өңүн өчүрүп, түрүн өзгөртүп салган.

Күн буканын канталаган көзүнө окшоп, такырлар каккаган күндөн улам жалтырап, кунары кетип тургансыйт. Таштар адам таң каларлыктай тырсылдап жарылып жаткансыйт. Чаңдаган чаңкай түштө ошол тырсылдап жарылып жаткансыган табыш саякатчынын кулагына жаман угулду. «Күндүн ысыгы чөлдөгү таштарды да, бакырып жиберүүгө мажбур кылат», — деген чыгыш элдеринин макалы эске түшөт, абдан туура айтылган экен. Ал тапанчасын кармап көрүп, шак кайра тартып алды, алаканын куйкалап жиберди.

Ал тумандаган талааны тиктеп олтуруп көзү талыды, ошондуктан Куянды жана Аламан тоо группалары жаткан түштүк-чыгыш жакка бурулду. Аламандын кырына чыкканда кеңдиги жана чоңдугу менен адамды өзүнө тарткан жер көз алдыңа тартылат деген сөздү угуп калган. Ошол жерден Кытай чек арасына кирип турган тоо кыркаларын көрүүгө болот, Жети-Суунун эң чоң өзөндөрүнүн бири Или даана көрүнөт. Күн чайыттай ачык болсо, Аламандан Асман мелжиген тоолор да байкалып турат.

Тим эле көз кырын салып өтсө да, бат эле Тянь-Шанды көрсөм дегенде Семенов ак эткенден-так этти. Өзү көрсөм деп көксөгөн нерсени, ким эле болбосун тезирээк көргүсү келет эмеспи.

Петр Петрович Тянь-Шанды өз көзү менен көрүп келгендердин кимисинен болбосун суктанып сурай турган: ал кандай? Жети-Суу Ала-Тоосуна окшошпу?

Ал жакка каттап турган казактар мындай жооп айтышты:

— Бир аз окшойт, бирок чоңураак...

Жолдогу бекеттердин начальниктери мындай дешти:

— Тянь-Шань — жер менен асмандын ортосундагы чексиз сепил. Анын бийиктигине даап карай албайсың!

Жер оодарып келген орустар колду шилтеп мындай дешти:

— Тиги таш баскан тоонун наркы жагы, бул дүйнөнүн бүткөн жери.

Август айынын мээ кайнаткан күндөрү Семеновдун шайын канчалык оодарганы менен көксөгөн максатыма жетсем деп дегдеди. Көк-Суу бекетине жеткенде Петр Петровичтин үмүтү мурдагысынан бетер күчөдү.

— Аламандын чокусуна чейин кимиңер узатып барасыңар? — деп сурады ал шашпастан.

Өзүн кайтарып келаткан казактардын ичинен эч кимиси Аламанда болуп көргөн эмес. Бекеттин начальниги мындай деген кеңешин айтты:

— Кадырлуу мырза, кыргыз султаны Адамсырт менен акылдашып көрүңүзчү. Канткен менен ал азиялык киши эмеспи, бүгүн ал Аламанда олтурат. Жайкысын ошол жерди жайлайт.

Семенов Адамсырттын жайлоосуна барат. Жылдыздар гана жарык кылып турган, үп жайлоо жактан иттер үрүп чыгат, а дегенде дүбүрт, андан кийин айкырык угулду.

Жоолугун чүмкөй салынган аялдар, балдарын колунан жетелеп боз үйлөрүнө кире качат, коломтодогу өчүп бараткан отту жээктей олтурган кыргыздардын карааны көрүнөт. Кыргыздар Семеновду кабагын салбастан, унчукпай кабыл алышат.

— Мен аксакал Адамсыртка жолугушум керек,— деп башындагы калпагын ала коюп, карыя кыргызга кайрылат. Ал кашы жок карыя Адамсырттын өзү болуш керек деген ойго келет.

Карыя унчукпастан тиги чоң боз үйдү көрсөтүп, колун жаңсап койду. Семенов ошол үйдү көздөй басат, кимдир бирөө күрөң тарткан оор килем эшикти ачып жиберет. Анын алдынан жаш, келбети келишкен жигит тосуп чыгат. Ал ашкан сулуу, талаа сулуулугун бүт бойдон өзүнө жыйнаган неме эле.

— Кош келипсиз,— деди орусча таптак сүйлөгөн Адамсырт. — Сиздин келишиңиз жөнүндө кабар биздин талаага эчак жеткен,— дегенде анын үстүнкү эрдинде ийрейип турган муруту тикирейе түштү. Адамсырт Семеновго балбылдаган капкара көзү менен тигиле карады, анын көз карашында меймандостуктан башка эч нерсе жоктой көрүндү Петр Петровичке.

Амандашып учурашкандан кийин, ал өзүнүн эмне үчүн келгенин айтты.

— Таңга жуук Аламанда болобуз. Сиз кам санабаңыз, меймандын камын биз көрүшүбүз керек.

Үйгө кирип, кийизге олтургандан кийин Семенов өзү мурда көрбөгөн жасалгалардан көз албай суктана карап чыкты. Самаркан килемдери түрлөнүп турат, шайы жаздыктар жыйылган жууркандардын үстүндө тирелет, бронза жана күмүш чапкан сандыктар. Чоргосу ичке, туткасы ийри, бийик кумгандар ирегe жакта турат, айга окшогон тегерек чылапчын да ошол жерде. Аппак кийиз менен жабылган үйдүн төрүндө көгүлтүр жаздыкка чыканактап, ала кийиздин үстүнө салынган алты катта кыргоолдун корозундай сыланган Адамсырт олтурат. Ачык түстөгү чепкен анын боюна кыналып, кичине, тоголок, капкара чачтуу башы акылга жык толгондой көзү, серпилген кыска муруту көзгө түшөт.

Жалпак столдун үстүнө тамак-аш коюлган: анда койдун майына бышырылган боорсок, курут, кант кошкон миндаль, кургатылган коон, туздалган дарбыз, сап-сары мейиз турат.

Семенов чыныдагы кымыздан жутуп коюп, Адамсыртка алдыртан карап олтурду. Султан акырындык менен анын саякатынын максатын сурамжылады. Ал өзүнүн ар бир суроосун абайлап, алдыртан берип, жообун уккан сайын башын көтөрүп, тунжурап туруп калып жатты.

— Биздин урууларыбыз өз ара тытышып жатат, душманыбыз аны өзүбүзгө каршы пайдаланууда,— деди Султан. — Кокон ханына букара болуп кеткен Сарбагыштар Бугуларды жеринен сүрүп, малын алып, өзүлөрүн туткундап, тынч жатпады. Сарбагыштар күчтүү, анын үстүнө көп, ошондуктан Бугуларды өз жеринен сүрүп жатышат. Бугулар орус падышасына баш калкаласак аман калабызбы деп үмүттөнүшөт. Талаа кыргыздары тукум курут болбойлу деп, орус букаралыгына өтүштү. Менин ак падыша жагына өткөнүмдүн себеби да ошол,— дейт Адамсырт, бирок анын Орус букаралыгын алганына кубанганын, же өкүнгөнүн байкоо кыйын эле.

— Мен окумуштуу кишимин, ошентсе да бир атадан тараган уруулардын өз-ара салгылашып жатканы өкүнүчтүү,— дейт Семенов. — Мен кыргыздардын тынч жашашын каалаймын, алардын салтын, ырларын, макал-лакаптарын билгим келет. Мен Кыргыз талаасы менен Асман тиреген тоолорунун жаратылышын изилдешим керек — менин саякатымдын максаты ушундай.

Адамсырт ишенбегендей көзүн сүзүп, унчуккан жок. Шамдын бүлбүл жарыгында анын чепкенинин өңү өчүп

баратканcыды. Азыр ал талаадагы коргондун кырында олтурган каргага окшоп калды.

— Асман тиреген тоолорду эртең менен эрте Аламандын кырына чыгып гана көрүүгө болот,— деп Адамсырт Семеновдун сөзүн тескери бурду.

Петр Петрович үп болгон боз үйдө жатып, анын түндүгүнөн тиги түнөргөн асмандагы жыбыраган жылдыздарды көрдү. Үйдөн обочо жаткан Адамсырттын малын кайтарган малчылардын күңкүлдөп ырдаганы кадимкидей угулуп турду. Түпсүз талаага окшогон, бир беткей муңдуу үн түнкү тынчтыкты бузгандай болду. Семенов мындай ойго келет: бул муңдуу үн тиги жылдыздарга канат каккан менен, амалы түгөнгөндөй дайынсыз житип жатат. Анан дагы жылдыздарга канат каккансыйт.

Алар Аламандын чокусуна жеткенде таң өөк салып, жарык боло баштайт. Аламандын кырынан туруп караган кишиге айлана абдан сонун көрүнөт экен, бирок түштүк-чыгыш жактагы булут асман тиреген тоону көрсөтпөй салды. Ага чейин дагы эки жүз чакырым бар эле, ошондуктан Семенов өз үмүтүн басаңдатууга аракет кылды.

Жаш султан Петр Петровичти жаңы кыя менен Көк-Тал өзөнүн көздөй алып жөнөдү. Ал өзөндүн боюу Адамсырттын экинчи жайлоосу болчу. Кийимдеринин тамтыгы кетип самтыраган малчылар өзүлөрүнүн кожоюнун тегеректеп калышты. Алардын тотуккан өңдөрү, ачыккан адамдардыкындай көздөрү, төө тикен тыткан колдору менен буттары Семеновду абдан иренжитти. Алар турган боз үйлөр болсо сасык, өзүнчө бир дөбөгө окшоп кетет. Эскилиги жеткен кийиздер, төөнүн жыдыган терисин кашаага жайып коюшкан, эшик алдында койдун сөөктөрү жатат, ыш баскан казандагы чай муздап, үстүнө койдун майы тоңуп калган.

Мейман менен кожоюнуна деп малчылар суунун жээгине кийиз салышат. Сейрек сакал, кызыл көз кымыз куят, чыны толгон кымыздын үстүндө койдун жүнү калкып жүрөт. Семенов кымыздан жутуп, суунун боюна майда, көгүш, назик чөпкө назар салып суктанат. Ал андан бир тутам жулуп алып, жыттап көрүп тактайт:

— Цероткарпюс аренариус!

— Эбелек,— деген жоопту айтат Адамсырт, өзүнө тааныш чөптүн латынча атына түшүнбөстөн.

Ал эми Петр Петрович болсо анын кыргызча атына түшүнгөн жок.

— Эбелек — дедиңизби? — деп сурайт ал. — Ал эмне деген сөз?

Алар көпкө чейин которо албай убара болушту, анан

келип «жер шырдагы» — деген жөнөкөй, даана түшүнүккө токтошту.

Тиги, Асман тиреген тоолорду басып жаткан чагылган булуттары акырын жылып, Көк-Талдын сол жак өйүзүнө өттү. Ал абдан акырын, керээли кечке түрүлүп барып, өзөндүн боюна кара нөшөрүн төгүп жиберди.

Жамгыр жааган жер менен Семеновдун ортосунда жыйырма саржандай ачык жер турду. Күн акырындык менен өзөнгө нурун чачыратып, жамгыр менен кошо түшүп, суунун үстүндөгү көбүктөрдү тарата баштады. Ак лилиялар менен эткел чөмүч баштар жамгыр алдында бийлеп, бири-бирине сөйкөнүп жаткандай көрүндү. Сазандар чагылгандан улам жин тийгендей болушту. Алар сары жонун чыгарып ийрелендеп, аласалып, атырылып толкун үстүнө чыгып, салтанат куруп жатышты.

Жамгыр басылгандан кийин укмуштай сонун кеч кирди. Асман, талаа, өзөн жаркырап, жээк жактан чөптөрдүн укмуштай сонун жыты келди, муңдуу талаа мемиреп тынч жатты.

Семеновдун көз алдында кандайдыр бир туюк, жеңил көрүнүштөр турду, талаадагы оргуштаган окуялар алдакайда кетип жаткансыган табыш угулду. Анда азырынча талаа жөнүндөгү эскерүүлөр жок болчу,— анын мейкиндиктери боюнча пикир гана жыйнаган.

Килейген, мала кызыл тарткан күн бетеге-шыбактардын бою менен тең болуп калган кезде, Адамсырт туура жакты көздөй басты. Чөк түшүп олтура калып, башындагы кара калпагын алып, батыш жакка бурулуп, намаз окуй баштады. Ал кандай сүйлөсө, намазды ошондой эле шашпай окуду.

Күүгүм аралаш малчылардын карааны көрүнүп турду. Адамсырт сейрек сакал, кызыл көз малчыга мындай деди.

— Мейман биздин ырыбызды уксам дейт. Кана, ырдап берчи Наурбек.

Семенов жаш султандын кичи пейилдик кылганына ыраазы болду; түндө Адамсырт анын кыргыз легендалары менен ырларын уккусу келгендиги жөнүндө өтүнүчүнө назар салбагандай көрүнгөн эле.

Карыя малчынын манчалары домбранын ичегиден жасаган кылына тийээри менен муңдуу табышын чыгарды. Ал муңдуу табыш караңгылыкты аралай чаап кеткенсиди, Наурбек үнүн созолонто баштады. Кыркыреген үнүнө маш болгон эриндери айкалышып, кайгынын белгиси даана байкалып турду.

Наурбек Семенов мурда укпаган, Кыргыз талаасынын баатыры Махам Махамбет жөнүндө ырдап жаткан.

*IX глава*

## ЫРЧЫНЫН БАШЫ

...Козголоңчулар талкаланат. Исатай өлүп, Махамбет талаага качып кетет.

Мына, ал ээн талаадагы жалгыз үйдө, эски кийиздин үстүндө олтурат. Декабрь айындагы шамал үйдүн үзүктөрүн делпилдетип, акындын чарчап-чаалыккан колуна бубак чачырап, башына жана ийиндерине бубак тургансыйт, бирок акын үшүгөнүн сезбейт. Кайгы менен сууктан улам көгөргөн эриндери, анын жүрөгүнөн атырылып чыккан ырларды акырын айтууга аргасыз кылды. «Чарчап чаалыккан шумкар, кай жакка бет алып учсам, өз мекенимди таштап кете аламбы деп өкүнөт»,— деп ал ырынын биринчи саптарын кайталады, анан анын үстүнө жаңы сөз кошууга чамасы келбей калды. «Кайрылып кылыч алгым келди эле, бирок менде шайман жок...»

Махамбет башын жерге салып, кардуу бороонду тыңшайт. Ичимдеги дартымды кайда барып, кимге айтам? Жангир ханды жек көрөм, ал осуятымды кимге айтам, эл ичинен чыккан козголоңдун тарыхын ким эсинен чыгарбай сактай алат, эл ичинен чыккан каар менен күрөштүн ырларын даңкы чыккан Исатай Таймановдун — анын досунун ысмын кимдер сактай билет?

Бою кыска, эткел, чаар, эриндери калбагай адамдын кебетеси Махамбеттин көз алдына тартылды — ал Бикей ордосунун ханы Жангир болчу.

Акын башын көтөрдү эле, жек көрүндү Жангир хандын элеси көздөн кайым болду.

Боз үйдүн эшиги ачылып, жаш жигит кирип келди да, баш уруп мындай деп сурады:

— Сага эч нерсенин кереги жокпу, аксакал?

— Мага эми эч нерсенин кереги жок, балам.

— Кечинде мен бир шектүү кишини көрүп калдым. Ал ушул үйдөн көзүн албай тиктеп турган экен. Хан жиберген, шүмшүк чөөлөрдүн бириби деп корком. Сизди издеп жүрсө керек. Мен андан ким болосуз, ким керек эле десем, жооп бербестен талааны көздөй чаап кетти.

— Ыракмат жигит. Махамбет хандын чөөлөрүнөн коркпой калган: Махамбет эми кудай жолунда турган киши. Эгерде шашылыш ишиң болбосо, кийизге өтүп отуруп, кеп ук. Укканыңды илип ала коё турган жакшы жериң бар экенин билем. Мен айткандарды жакшылап угуп, көкүрөгүңө түйүп кой. Менден уккандарыңды бир кезде башкаларга айтып бере турган бол.

(Ушул учурда хандын ордосунан сегиз атчан киши аттанат. Жангир хандын жигиттери аттарынын оозун коё берип, талаа кезип сызып келет. Аттар оозун бербей, жумшак карды эшип, шамалды жиреп отурду.

Алардын эң алдында чап жаак, эриндери жука, Нарын талаасынын ач карчыгасына окшогон бирөө келатты...)

— Хан Жангир кандай кысымдарды көрсөтпөдү, кандай гана чыгымдарды ойлоп таппады! Биз ага зекет да, согум да, тулак да, битир да берип көрдүк. Анысы аз келгенсип, «кызыл кийиз» үчүн, «жылкы сойгонуң» үчүн, «балбан төө» үчүн, «семиз кой» үчүн деген чыгымдарды ойлоп чыгарды. Ал биздин жайытыбызды, биздин катындарыбызды жана балдарыбызды тартып алды. Жатакчылардын колунда эмне болсо, хандыкы деп эсептелди. Биз Жангир хандын кысымына чыдабай ага каршы козголоң баштадык. Ал козголоңдун башында менин досум Исатай турган эле.

Бардык жактан, бардык айылдан эл чогулуп келе берди. Биз хандан жерибизди, катын-балабызды кайтарып берип, адилетсиз алык-салыктарды жоюуну талап кылдык.

Хан бизди башка бирөөнүн этин уурдаган ачка иттер деген атка кондурду. Ошентип ал, бизди кармап, козголоңчулар катары жазалоого буйрук берди. Хандын жакын тууганы султан Кожо бизге каршы аттанды.

Исатай экөөбүз козголоңчуларга:

— Биз азырынча азбыз, хандын колу көп, күчтүү. Мейли, алар бизден көп болсо да, салгылашып өлөлү.

Биз өз айлыбызды чыңдап, коргонууга даярдандык. Султан Кожо биздин чыңдоонун алдында жети күн турду. Курчап алып камоодон натыйжа чыкпагандан кийин султан Кожо ачыкка чыгып салгылашалы деди. Биз алардан үч эсе аз болсок да макул болдук. Биз айылдан чыгып, салгылашууга даярдандык. Биз аларды укмуштай жек көргөндүктөн, Кожо батына албады. Бул кан төкпөстөн жетишкен жеңишибиз, бизге канат байлады. Исатай хандын ордосун басып алып, Жангирди биздин талаптарды орнотууга аргасыз кылалы деген чечимге келдик. Аны угуп коркуп кеткен хан кат жибериптир.

«Кайра тартып кеткиле, өз айылыңарга тарагыла, мен силердин арыз-муңуңарды текшерип көрөйүн» — деп жазыптыр хан.

Мен анын убадасына ишенген жокмун. Исатайга мындай дедим:

— Эгерде жыландын куйругун бассаң, башын жанч...— деген кеп бар.

Исатай менин тилимди алган жок. Ал кайра тартты,

хан убадасына турган жок. Биз хандын жерине, малына кол сала баштадык, анын айлын конушун чаап алууга аракет кылдык. Сегиз жүз отуз жетинчи жылы күзүндө биз хандын ордосуна бардык. Мен Исатайга: жыландын куйругун баскан, башын жанчууга тийиш деп дагы айттым. Исатай дагы ыргылжың болду.

Эмнеден корксом, ошол болду. Жангир күчтүү кол курап алды, үч жолу салгылашкандан кийин биз Урал суусуна чегиндик. Аны кечип өтүп ээн талаага кетип калдык...

Боз үйдүн сыртындагы ызылдаган шамал угулуп турду, талаада каардуу бороон улуп, түпсүз асманга окшогон кең талаа созулуп жатты.

— Андан аркысына кулак түр, балам. Биз таландык, бирок жеңилген жокпуз. Күрөштөн кайра тартпадык. Биз Жангирге каршы Кичи ордонун жатакчыларын көтөрдүк. Күн-түн дебей айылдан айылды кыдырып жаңы жүрүшкө үндөдүм. Көп узабай Жангирге каршы жүрүшкө аттана турган үч миң жигит чогулттук. Биздин күчүбүз султан Баймахамбеттин жүрөгүнүн үшүн алды, ал хандын тагына баруучу жолду тороого камынды.

Биз Баймахамбет менен чексиз талаадагы Ак-Булак деген суунун боюнда беттештик. Бизде колдо жасалган кылыч менен найзадан башка эчтеме жок болчу. Султан орус куралдары менен куралданган. Күнória кактап, талаа чаңдап, Ак-Булактын суусу киргил тартып турган.

Биз жан аябай салгылаштык, бирок колдо көп айырма бар эле, орус куралдары өз ишин кылды. Салгылашуу кызып калганда Исатай каза болду. Ал баатырларча салгылашып, баатырларча курман болду. Биз жеңилип, талаага качып кеттик. Мен кайра Нарын чөлүнө кеттим...

(Ушул учурда, декабрь айындагы кардуу талаада хандын атчандары келатты. Аттардын туягы карды эңшерип ууртунан ак көбүк агып, кара терге түшкөн аттардын жонуна муз туруп жатса да ат аяган бирөө жок. Алар шашып келет, колго түшпөс акынды таппай калып, хан Жангирдин каарына калабызбы деп коркушту.

Алар шашылгандан, шашылып келатышты! Алардын баарынын алдында айгыр минген, чап жаак, Нарын талааларындагы ач карчыгадай болгон неме...)

Махамбет жигитке мындай деди:

— Жангир хандын мени издебеген жери жок. Мен тирүү турганда тынч алып уктай албасын билет. Мени калкалаган эл. Дал өзүңө окшогон карапайым эл, балам. Эмне үчүн хан артыңдан түшүп алган деп сурарсың? Ал менин айылдан айылга кыдырып, ырдаганда ырымдан коркот. Хандын тыңчылары кээде менин дайнымды билип калы-

шат. Өткөн жылы алар таап гана тим болбостон, хандын алдына алып барышкан. Мен күндүн кулагындай түрүлгөн чапан кийген ханга тике карадым. Ал чапан орустун алтын акчасы менен он беш миң сом турат экен. Жангир ошондой кымбат чапан кийсин үчүн, кымбат шарап ичсин, ойноп-күлсүн үчүн биз аргасыздан оор чыгымды мойнубузга алышыбыз керек экен. Ооба, балам, хандын чапаны алтын менен адамдын канынан, күмүш менен кембагалдардын теринен, жибек менен бечаралардын көз жашынан токулган.

Хан анда менин көзүмдү тазалай алган жок. Мен анын кандуу тырмагынан эптеп бошонуп, талаага качып кеткенмин...

(Бул арада хандын атчандары кар баскан жалгыз үйгө жакындап калган.

Аттардын күшүлдөп-бышылдаганы, атчандардын бирибири менен кажылдашканы угулуп турду. Жанагы ач карчыгага окшогон киши ээрге өбөктөп, тизгинин коё берип, казак кылычын кынынан сууруп алат...)

Жаш жигит башын көтөрүп, аттардын дүбүртүн угуп кыйкырып жиберет:

— Аксакал, душмандар келип калды!

Жигит чуркап чыгат. А Махамбет болсо акырын ордунан туруп, керилип алып, койнунда катылуу жаткан шамшарын кармап көрөт.

Ал өзүнүн душмандарын салмактуулук менен күтөт, чарчаганын сезип, кабагын түйөт. Кимдир бирөө үйдүн үзүгүн алып ыргытат, аттарынан түшүп, үйгө кирип келишет.

Махамбет бир кадам артка жылып, шамшарын сууруп алат да, душмандарын качырып сала берет. Алар аны курчап алып, көтөрүп урат да, тим эле тебелей баштайт...

Баягы эриндери жука, чап жаак неме Махамбеттин башын бир колуна көтөрүп үйдөн чыгат. Ал анын али жумулбай, бажырайган көзүнө тике кароодон коркуп, акырын алып чыгат. Бирок ал чыдай албай тиктей салат, манчалары менен анын көзүн укалап жаап жиберет.

Ал энтигип, сылтый басып, өзүнүн атын көздөй бет алат. Ырчынын башы ага уюган алтындан салмактуу көрүнөт...

6*

*X глава*

# КӨК ТИРЕГЕН ТООЛОР

Наурбек Махамбет жөнүндөгү аңгемесин аяктаганда түндүн далайы болуп калган.

Ал домбурасын тизесине коюп, көзүнүн кыйыгы менен Адамсыртка карады. Жаш султан эч нерсеге назар салбагандай болуп, эрдин тиштеп, кыймылсыз олтурган. Жайкалган чөптүн үстүндө малчылардын көлөкөсү жүрөт, элебектин этеги Көк-Талдын боюна чейин кеткен.

— Жангир хан кыргыздарды аябай кыскан экен,— деди Адамсырт. — Мен орустардын мындай деген макалын билем: өзүң олтурган бутакты кеспе. Жангир болсо, ошол бутакты кескен. Махамбет болсо талаадан чыккан чоң акын болгон,— деп бүтүрөт сөзүн Адамсырт күтүлбөгөн жерден. — Бирок ал козголоңчу болгон. Ошон үчүн ал ырдаган ырынын аягына чыкпай башынан ажырап жүрөт...

Таң ата Семенов Адамсырт менен коштошот, трашманке таштак жолго чыгат. Аны узатып келаткан казактар бирде алдыга кетип, бирде артта калып тоодак атып жүрүштү.

Талаанын түрү өзгөрө баштайт. Жети-Суу Ала-Тоосунун алдыңкы катары адырларга айланды. Сөксөөл өскөн кум дөбөлөр, сары кумдар үйүлүп тоо болгон жерлерге жетишти. Семенов трашманкеден түшүп, ошол дөбөлөрдү көздөй басты.

Кум үстүндө кара кочкул тарткан кыяк чөптөр быжырайт, казтаман гүлдөрүнүн кызгылт өңү өчүп бараткандай көрүнөт, феруланын жалбырактары бүрүшүп чаңда жатат. Жапайы розалар тийип койсоң күбүлүп, алюмин чачып койгондой агарган тамарискилердин башы кум үстүндө салаңдап турат.

Семенов ботаниктердин каныккан көзү менен күн кактап куурап бараткан чөптөргө жалооруй карап алды, анан сөксөөл жал болуп өскөн жерге келип токтоду.

Жапыз өскөн сөксөөл токою тунжурап, эби-сыны жоктой көрүнөт. Анын жоон тамырлары жыландын өлүгүндөй ийри-муйру болуп, таштай катуу. Жыланач бутактардын учунан жалбырак сымал көгүш бирдемелер көрүнөт. Тегерегине куу бутактар толуп кеткен. Петр Петрович алардын бирин басып алат. Бутак таманынан ыргып барып обочо жерге түшөт. Семенов чочуп кетет, анан күлүп жиберип, кумда жүргөн кескелдирикти колуна алат. Алаканына салып көрүп, кумга таштайт. Кескелдирик сойлоп кетет, анын артында кумда ийри-муйру из калат.

Семенов ал жердин өсүмдүгүнөн бир тутам жыйнап алып, трашманкеге келет. Казактар мыйыгынан күлүп, мырза саякатчынын жоругуна таң калгандай болушат.

— Илиге качан жетебиз? — деп сурайт ал башчы болуп келаткан казактан.

— Кеч киргенче жетсек болот эле, бирок...— деп күңкүлдөп, баш болуп келаткан казак кызыл кыруусу бар шапкесин кежигесин көздөй жылдырып койду.

— «Бирок» дегениң кандай? Бүтүрө сүйлө?

— Кара куюн башталабы деп корком. Абаны көрбөйсүзбү салмактанып, түнөрүп турат. Трашманкеге жатып алыңыз мырза, мен сени кийиз менен жаап коёюн.

Чынында эле аба коюлуп, асман түнөрүп, айнектин эритиндисине окшоп бараткан. Түштүктөн шамал жүрүп, кум дөбөлөрдүн үстү чаңгыттай баштады. Петр Петрович башындагы кыруусу жазы калпагын алып, маңдайындагы терин сүрттү.

Учу-кыйрына көз жетпеген талаалар, улуу токойлор сыяктуу эле, унчукпай тиктеп олтурууга көндүрөт эмеспи. Ойлоно баштайсың, Семенов эки тизесин кучактап, кийизди жамынып трашманкеге жатты да, жан жагынан сызып өткөн кумдуу талааны, шамалды, ал асманга учуруп жаткан чаңды көрүп, көп нерселер жөнүндө ойго батты. Бир тамчы бал алыш үчүн аары алты миң гүлгө конуш керек. Аны ким эсептеп чыкты экен? А биз болсо, орус империясында канча адам жашаганын так билбейбиз. Россиянын өзү жөнүндө да, божомолдоп билебиз. Өзүбүздүн чек арабызды даана билиш үчүн дагы канча саякат жасап, канчалык географиялык ачууларды ишке ашыруу керек? Борбордук Азиядагы чек араны эле алып көрөлүчү. Жаңы орус жерлери менен миң чакырым жол бастык, ал эми чек ара болсо, Урал-Иртыш боюнча белгиленген. Таң калаарлык, калтыс маселе...

Түштүк жактан жүргөн шамал улам күчөп, асмандагы кара булуттарды аласалдырып, оодарып кирди. Кандайдыр бир адамдын үрөйүн учурган маал башталды — шамал менен кара булуттардан улам талаа кангырай түштү. Майда шагылдар шуулдап учуп, андан чоңураактары өз ордунда делдектеп, тамыры менен жулунган чөптөр куюндап учту. Шамалды жарып учууга аракет кылган карчыга куш—максатына жеткен жок. Майда канаттууларды асманга көтөрүп, анан жерге таштап жиберди. Ошентип өлгөн канаттууларды тоголотуп барып, кум көөмп таштады. Казактар аттарын жаткырып, алардын далдасына далдаланышты — адамдар менен аттардын үстүнө кум ширелип жатты.

Семенов кийиздин четтерин кымтып алды. Кум айнекке тийгендей тырсылдап, кийиздин ичине кирип, тиштердин арасында кычырап, моюнга, коюнга, оозго, көзгө толду.

Семеновдун, суналып жаткан казактардын, аттардын, Кыргыз талаасынын үстүндө кара бороон жүрүп жатты.

Ал кечинде гана басылды. Казактар үстү башын кагып, аттарды кошту. Семенов адыр аралап, айлуу түндү кезип келатты. Айдын күңүрт жарыгынан улам, кум дөбөлөр укмуштай чоң көрүнүп жатты, сөксөөлдөр көп жана сырдуу көрүндү.

Анчалык бийик эмес адырдан орун алган Кара-Чек бекетине келип түнөшөт. Семенов саат төрттө ойгонуп, трашманкеден түшөт. Боюн түзөп, башын көтөрдү. Тиги адырдын нары-нары жагында, асмандын түштүк-чыгыш бөлүгүндө коюу, ак булут жатат; узунунан келген көгүлтүр тилкелер анын үстүнөн астын карай кесип тургансыйт.

Семенов ошол булутка көз жүгүртүп алып, терс карап кетти. Анын көңүлү көк баш өсүмдүккө бурулат. Алсыз гүлдөрү кара бороонго туруштук берип, азыр кумдун артынан башын көтөрүп, өзүн көздөй чакырып жаткансыды.

Ал колуна таяк алып, адырды капталдай басты. Тиги ак булуттар аны менен кошо бараткандай болду. Ар бир кадам сайын жанагы булуттар кеңейип, жайылып, чоңоюп өзүнүн түрүн өзгөртүп жатты. Асмандын бир жагындагы булут үч өркөч чокуга сайылды, чоку аппак болуп калды.

Семенов улам жогору чыгып баратты, булуттар асмандан ажыраган кейиптенип, көөп, рельеф өңдөнүп калды. Ак булуттар горизонтту саймалап түр берген сыяктанды. Көк жана жашыл темгилдер, андагы сызыктар тереңдегендей, көөп бараткандай көрүндү — учу-кыйрына көз жетпеген панорама укмуштай каат жана сулуу сыяктанды.

Семенов чокуга чыкты. Адам мурда көрбөгөн нерсесин көпкө күтсө ,а деп жолукканда адаттагыдай эле сезилет эмеспи. Алды жагында Илинин туурасы чыккан киргил нугу көрүндү, Петр Петрович алды жакта Асман тиреген тоолор жатканын билди.

Кубанычы койнуна батпай, башындагы калпагын ала коюп, булгалап жиберди.

— Саламатсыңбы, Тянь-Шань!

Ал күнү кечке канатсыз учуп, көңүлү көтөрүлүп жүрдү. Асман тиреген тоолорго чейин дагы далай бар эле — жүз чакырымдай келет, бирок ал анын акылын жана көңүлүн бийлеп, жаркырап-жайнап, салтанат курду.

Трашманкенин жай жүргөнүнө ыраазы болбой, өзөндү бойлоп атчан чапты.

Асман тиреген тоону көргөндөн кийин Семеновду кур-

чап турган жаратылыш өзгөрө түшкөнсүдү. Ал тап-такыр башка, өсүмдүктөрү бөтөнчө жаралган жерде жүргөнсүдү. Бөрү карагаттын арасына кирип кетти. Адамдын боюнан үч эсе бийиктик кылган токой андан ашып турду, анын кызгылтым мөмөлөрү беттерине тийип жатты. Чаар-ала кыргоол быр коюп, токойго уча качты. Жыттуу жана тарак жалбырактуу чөптөр жайнап, акациялар менен курчавкалар эски чөөттөрдү басып калган. Анын көңүлүн күмүш жалбырак жийде бурат. Жеңил, тунук чатырга окшогон, жалбырактары жука жийде Илинин үстүндө салаңдап турат, алардын арасынан тигиле караган кишиге Асман тиреген тоолор даана көрүнөт.

Ал камыш баскан кара куймага барат. Балхаш боюндагы жолборстордун кумга түшкөн изине суу толуп, Илинин жийделери кара, узун ийнедей көрүнөт.

Ал Илинин жээгине жетип, атынын оозун тартты да, туруп калды. Жээктин дал өзүндө кейпи-сыны жок баркас турган экен, Или бекетинин казактары бирдеме кылгансып күйпөлөктөп жүрөт. Бекет андан обочо жерде экен: ага атайылап үй сала элек, казактар боз үйдө жашоочу. Семенов ак саргыл чач, жаш боцмандын жанына келип, мындай оор баркас каерде курулганын сурады.

— Көлдө, Балхашта,— деп манчыркай, көптү көргөн кишиче жооп берет боцман.

Семенов Балхаш жөнүндө кызыгып, ынтызарлык менен сурай баштайт; тереңдигин, анда сүзүп жүрүүнүн оор-жеңилин сурамжылады.

«О» тамгасын чоё сүйлөгөн, Волга боюнда жашоочулардай жооп бере баштайт боцман:

— Баркасты курганыбызга жарым жылдай болуп калды. Абдан терең жерине барганыбыз жок, ашып кетсе сегиз саржан тереңдикте болдук көрүнөт, андан тайыз жерлери да бар. Жээгине калың камыш өсөт, азиялыктар аны токой деп коюшат. Ал токойдо жолборстор көп. Алар камыш арасын жакшы көрүшөт. Көлдөн Илиге чыгып, агымга каршы сүйрөп келдик. Или бекетине чейин бир айча жүрдүк окшойт. Ошентсе да, эптеп жеттик...

«Эптеп жеттик» деген сөздү манчыркай, сыймыктана сүйлөдү.

— Абдан жакшы саякат кылган экенсиңер,— деди Семенов аларды көтөрө чалып.

Дарыядан кечке жүрүп араң өтүштү. Трашманкени жалпак таман кайыкка салышты, Петр Петрович казактары менен атчан келишти. Биринин ээрин бири кармап алып, катар бастырып кечишти, ошентсе да, казактардын бирөө чөгүп кете жаздады. Казак иримге кирип бараткан-

да жанындагы жолдошунун атына жармашып, араң калат. Өзүнүн аты иримге кирип жок болду, бир оокумда барып суунун үстүнө өлүгү калкып чыкты.

Или дарыясынан Верный деген орус кыштагына чейин дагы эки бекет бар эле. Семенов трашманкеге келип түштү, асман тиреген тоолордун алгачкы көрүнүшүнөн көз алган жок. Семенов өзүнүн художник болуп калбаганына, Ала-Тоонун ушул турушун өз колу менен тартып албаганына өкүндү. «Художник ала келбей, чоң ката кетирген экемин. Ала келбегениме деп өкүнүп коём, ким мага макул болот эле?» Колу менен сыйпалап, төш чөнтөгүндөгү китепчесин алды. Адатта ал күндөлүгүн бекеттерге келгенде толтурчу, азыр ага чыдай албай, трашманкени токтотту. Анчалык оңтойлуу болбосо да, бутун сунуп, китепчесин тизесине коюп алып буларды жазды:

«Илиден Алма-Ата бекетине чейинки жолдо Ала-Тоонун чубалып жатканын көрүп келдик. Анын чыгыштан батышты көздөй кеткен асман мелжиген тоо кыркалары эки жүз чакырымдан ашса керек. Анын эң орто ченинде үч баштуу тоо аркайып турат, анын бийиктиги 4500 метрден ашуун болот.

Кеч кирейин деп калды, Ала-Тоонун этектерин кургак туман басты, анын нары жагында бийиктиги 3000 метрден кем болбогон каралжын кырка тоолор жашынып жаткандай көрүндү; бирок анын бийиктиги 3 миңден 5 миңге чейин жеткен мөңгү чокуларында булут жок, тунук, батып бараткан күндүн нуру мөңгүгө укмуштай сонун, кызгылтым түр берип, баары даана көрүнүп турду...»

Ал өзүнүн Асман тиреген тоолорго суктанышын өтө начар баяндаган узун кол жазмасын окуп көрдү. Анын көкүрөгүндө акындыктын да, живописецтин да таланты оргуштайт, бирок анын баарын жазууга манчаларынын алы келчүдөй эмес. Адамдын моокумун кандыра турган жакшы сөздөр, сүрөттөмөлөр, суктануу жана таңдануу оозунан түшүп калгансып чөнтөк дептерине жакшылыктуу бирдеме жаза албады. Жаратылыштын жандуу поэзиясы кагаз-баракка түшпөй койду.

— Ах, эмне деген эбегейсиз сулуулук! — деп улутунуп алды.

— Сен эмне дедиң, төрөм? — деп сурады трашманкенин арабакечи олтура турган секичеде олтурган казак.

— Эмне? Менби? Эчтеме дегеним жок.

— Азыр Алма-Ата бекетине жетебиз. Андагы тоолорду айтпа, кудай өзү колдосун! — деди да, казак аттарын айдап жөнөдү.

Верныйдагы аскер турган жерге алар түн киргенде ке-

лишти. Көзгө сайса көрүнгүс караңгы түн капчыгайлар менен аскаларды көрсөтпөй салды, тоо чокуларындагы ак кар гана асманга жарык берип тургандай көрүндү. Алар мурдагысынан бийик, улуу, кол жеткистей.

Алды жактан бүлбүлдөп от көрүнө баштады: үйлөрдүн тик бурчтары, чарчыланышы, чиркөөнүн мунаралары жана коңгуроо какчу жерлери, үйлөрдүн чатырлары менен маңдай жактары, колонналары менен портиктери, магазиндер жана дүкөндөр көз алдына тартылып ар кандай түстөгү жарыктар көрүндү.

Кимдир бирөө апырта мактаган шаар Семеновдун көз алдына тартылды, ал Омскиде эле: Верныйда жалпак жаман жер тамдардан солдаттар туруучу чатырлардан, Заилийск крайынын начальниги турган кичинекей жыгач үйдөн башка эчтеме жок экенин уккан. «Мына бу иллюминациялардын эмне кереги бар?» — деген ойго кетти аскер чыңдоосунун дарбазасына кирип баратып.

*XI глава*

## АЖЫДААРДЫН ЖАНА БАЛЫКТАРДЫН КӨЛҮ

Ал боз үйгө түнөп, эртең менен Заилийск крайынын начальниги, Чоң ордонун приставы, полковник Хоментовскийге жолугуу үчүн басты. Кыргыз талаасы менен жыйырма беш күн жол жүргөндөн кийин таза жана жакшылап жасалгаланган кабыл алуу бөлмөсүндө болду, ага бөлмө сонун көрүндү.

Күзгүнүн түпкүрүнөн орто бойлуу, кең далы, отуздарга барып калган жигит көрүндү. Азиянын шамалына тотуккан маңдайына тармал чачы түшүп турат, суйдаң муруту карчыганыкындай тумшугунун алдында сербеет. Өңү, ээги, мойну күнгө күйүп тотуккан. Петр Петрович өзүн-өзү көрүп жылмайып коёт.

Тиги катырып койгон бүркүттүн кебине көзү түшөт: үйдүн төбөсүнө байлап койгон жырткыч люстраны, тырмагы менен кармап турат. Ал бүркүт эмес эле, Париждеги Сободун кудайларына окшоп калган.

Эртең мененки мелүүн жел карагайдын бүчүрү, жапайы гүл жыттанат, тоо өзөндөрүнүн салкын абасы уруп тургансыйт. Күн нуру керегелердеги көлөкөнү өстүрүп, бурчтарга күн түшүп, Самаркандда токулган килемди жаркыратып салды.

Семенов менен Хоментовский бири-бирин Петербургда жүргөндө эле жакшы билчү, ошондуктан эски жолдоштор катары учурашты. Михаил Михайлович Хоментовский билимдүү адам жана ишмер администратор эле. Семенов менен болгон анын саякатынын максаты жөнүндөгү аңгемесинде баалуу жана пайдалуу кеңештерди берди.

— Сиз бат эле тоо аралап, Ысык-Көлгө жетсем деп турасыз. Мен сиздин эмне үчүн шашканыңызды түшүнүп турам. Абдан жакшы убакта келдиңиз. Ысык-Көлдүн чыгыш жагындагылар тынчып калды. Сарбагыштар менен бугулардын ортосундагы кандуу кагылышуулар токтоду. Бугулар чыгышка, Кытай чек арасына качып кетишти. Көлдүн жээги бирин-бири кажыган уруулардан бошоп калды. Ырас, кайыккан баш кесерлер жолугуп калышы ыктымал, бирок алар куралдуу отрядга анчалык коркунучтуу эмес. Мен казактардын бир жакшы отрядын берейин, өзүңүз башкарыңыз. Кыскасын айтканда, саякат кылууга оңтойлуу маал, кечирээк келип калганыңызга өкүнөм. Тоолордо тынымсыз күн жаай баштайт, жакында бороон башталат. Ошондуктан шашылуу керек,— деди Михаил Михайлович.

Кара кыргыз урууларынын ортосундагы — бугулар менен сарбагыштардын ортосундагы касташуу бир нече жылдардан бери созулуп келатат. Сарбагыштар Кокон хандыгынын букарасы, ал эми бугулар болсо Россия жагына өтүп кеткен. Кокон ханы орустардын Орто Азияга кирип келишине аянбастан каршылык көрсөтүп жатты. Англичандар колдоого алган Кокон ханы бугуларды кууантуктап, жерин тартып алып, бүтүндөй бир урууну жок кылмак.

Семенов Верныйга келген күндөрү, бугулар Ысык-Көл өрөөнүн таштап кеткен, ал эми сарбагыштар болсо ал жерди ээлей элек болучу. Бул жагдай Петр Петровичке эч кандай коркунучсуз эле Ысык-Көлдү көздөй бет алууга мүмкүндүк берген.

Ал Верныйда көп турган жок. Хоментовскийдин жардамы менен он казактан турган отряд түзүлүп, кыргыз жол көрсөтүүчү болуп кошулат. 2-сентябрь күнү кечке маал Петр Петрович Верныйдан чыгышты көздөй бет алып, Заилийск Ала-Тоосун бойлоп жол тартат.

Асман тиреген тоолорду биринчи жолу көргөн минутадан баштап, алар Семеновду туткундап алды. Ал анын кар баскан, агала чокуларынан көз алган жок, анын улам жаңы сулуулугу чубалып жатты. Алардын аябаган бийик аскалары жапайы бактарды кучактап, Или өрөөнүн калкалап тургансыйт.

Түнөргөн капчыгайларда булут уялап жатканын Семе-

нов өз көзү менен көрдү. Алар укмуштай тездик менен коюлуп, чагылгандуу булут болгонун, анан өрөөнгө кара нөшөр төккөнүн байкады. Ал көйкөлүп жаткан жашыл дарактарды көрдү, алар бири-бирин көздөй ыргалып, өз ара тутамдашып, күн тийип тургандагы толкунга окшоп түрлөнөт.

Сол жагында жаткан Кыргыз талаасы туман баскан деңизди эске салат. Чынында эле, ал деңиздей толкуп, кумдары кырданып, булуттардын калдайган көлөкөлөрү туш-тушка тарап жатты.

Отряд Ысык өзөнүнө жетет. Жапайы алма, өрүк жана долоно жыш чыккан Ысык өрөөнү Заилийск Ала-Тоосуна кирүүчү жолдун бири эле. Ушерге келгенде отряд бир күн туруп калат.

Дем алып жатып, Семенов тоо арасындагы Ысык деген кичине көл жөнүндө билет. Аны узатып келаткандар Ысыктын тегерегинде жолборс көп болот деп ээликтирет. Мергенчилерди ээрчитип, ал ошол Ысыкты көздөй бет алат.

Ысык өрөөнү тик өөдө кетип, тоо таянат, алма менен өрүк шактары барган сайын калыңдай берет. Мергендер алмалуу токойго кирет. Кызгылтым жана кыпкызыл алмалар ар бир дарактын түбүндө жайнап жатат, жалбырактары акырын шуудурайт.

Семенов тарам-тарам жалбырактуу жана калдайган чоң гүлдүү карагандыны көрүп, колун созот да, шап кайра тартып алат. Күйбөс купина турбайбы! Ал атынан түшөт да, көпкө чейин күйбөс купинага карап турат, Рязань губерниясында өскөн бул өсүмдүк кайдан жүрөт.

Мурдатан тааныш гүл өзү жакшы көргөн орто орус жаратылышын эске салды.

Ал чөнтөгүнөн ширенке алып чыгып, чакты да, күйбөгөн купинага от койду. Бир түп бадал дүрт дей түшкөндөй болду. Анын ар бир жалбырагы, сабагы, гүлдүн сыртын калкалап турган жалбыракчалар көгүлтүр жалын чыгарып барып, өчүп калды. Ал эми күйбөгөн купина болсо, от тийбегендей гүлдөп, ошол бойдон турду. Сыртынан караган кишиге кадимки эле гүлгө окшогон купина эфир майын чыгарып, ошонусу дүрт дей түшкөн экен.

— Ой-бо-ой! — деп жиберди аны узатып келаткан киши. — Гүл күйгөн жок. Сен аны дубалап койгонсуң го?

Анын мааниси жок суроосунан улам жылмайып алды. Аны узатып келаткан киши ынтызар жана акылдуу неме болчу. Петр Петровичтин өсүмдүктөрдү жыйнап жүргөнүн байкаган киши, кичинекей, ичке бадалды көрсөттү. Көрсө ал, жаңы, али белгисиз бересклеттердин бир түрү экен.

Бир нече жыл өткөндөн кийин ботаниктер бересклеттин

Тянь-Шанда өскөн түрүн «Семеновдун евонимусу» деп атамак. Ошол күндөн тартып ботаниктер, зоологдор, географтар гүлдөрдү жана чөптөрдү, курт-кумурскаларды жана айбанаттарды, мөңгүлөрдү жана тоолорду анын аты менен атай баштайт, ал биринчи ат коюу окумуштуу үчүн өтө кымбат...

Жапайы мөмө дарактарынан кийин Тянь-Шань карагайларынын зонасы башталды. Алардын кара-көк тарткан бутактары далдайып, кубаттуу сөңгөктөрү асман мелжийт. Семенов башын көтөрүп анын учуна назар салды, бирок калың бүчүрлөрдүн арасынан тиги ак жана мала кызыл тарткан аска менен зооканын таштары гана көрүндү. Карагайлар бүткөндөн кийин арча, шилби, кара жана кызыл карагат зонасы башталат. Мергендер камынып калышты — ушундай жерден жолборстор кезикчү. Бирок мергендердин ал аракети текке кетти, шалдайып, үрпөйө түшүштү. Семенов жолборстун жолугаарына анчалык ишене бербеди, мергендерди тамашалап жатты.

— Бекер шылдыңдаба? Аның жакшы эмес! Жолборс шылдыңдабайт. Ырас! — деп кабагын салды узатып келаткан киши. — Жакында эле жолборс менин байталымды жарып кетти. Ай-ай-ай, болгондо да, ченеген байтал болсочу!

Ашуу барган сайын тик боло баштады.

Семенов атынан түшүп, узатып келаткан кишини жанына алып, тоо породаларын көрүп келатты. Кызыл порфир, кызгылтым диориттер менен ак сиениттер. Вулканизмдин эч кандай белгиси жок. Гумбольдттун гипотезасы аныктай турган фактылар алдыда турган. Азырынча баардыгы алдыда. Гумбольдттун гипотезасы да, Семеновдун жаңылыктарынын да, сырлары кийин ачылмак. Ысык деген көлгө качан жетебиз?

— А дегенде шаркыратмага барабыз,— деген жоопту айтат узатып бараткан киши. — Шаркыратмадан көлгө чейинки жол жаман. Жол жок десе да болот. Кулама жардан өтөбүз, ооба!

«Тянь-Шандын аскаларын ашмак болгон жолоочу, эсиңде болсун: сен кирпикке жабышкан жаштайсың» деген чыгыш элинин макалы эсине түштү Семеновдун.

Өзү да, өзүн узатып келаткан киши да бир мезгилде, мергенчилердин кубанычтуу үнүн угушту:

— Жолборс, жолборс!

Мылтыктын үнү чыкты. Дагы үн чыкты:

— Арчага кирип кетти!

Семенов ашынган мергенчилерге жолборстун артынан түшүүгө кеңчилик берип коюп, өзү жашыл көлдү көздөй

чыгып баратты. Күркүрөп-шаркырап килейген таштарды агызып жаткан Ысыкты төрт жолу кечип өттү. Тоодон түшкөн суу көбүрүп-жабырып, аскадан аскага тийип, саякатчыларды агызып кетчүдөй көрүндү.

Узатып келаткан киши Петр Петровичти шаркыратмага алып келди. Көбүктөрү атырылган суу аскадагы тешиктен атырылып, терең капчыгайды көздөй кетип жатты. Батып бараткан күндүн шооласына чагылышкан суу тасмасын Семенов үнчүкпастан, суктана карап турду.

— Жашыл көлгө бүгүн жете албайбыз. Кечиктик,— деди кайгыргансып узатып келаткан киши.— Түнкүсүн жол жүргөн жаман. Түн ичинде кыйын. Ырас!

Семенов өзүнүн отрядына келет. Мергендердин баягы бойдон келе электигин угуп, чочуду.

Жолборс уулагандардын иши жамандык менен аяктады. Жырткычтардын артынан түшкөн мергенчилер экиге бөлүнүп кетет. Алардын бирөө бадалдын түбүндө өңүп жаткан жолборсту көрүп калат, бирок атууга чамасы келбейт. Жолборс казакты качырып сала берет, алдыңкы колу менен анын колундагы мылтыкты уруп түшүрөт да, туруп калат.

Ошентип адам менен айбан тиктешип, узакка созулган минуталар туруп калышты. Ушул арада экинчи, жаш, тажрыйбасыз мергенчи өзүнүн жолдошун көрүп, жардам берүүгө шашылат. Жолборско он кадамдай калганда коркуп кетип, ата албайт. Жолборс аны качырып сала берет да, көтөрүп уруп, бадалды көздөй сүйрөп жөнөйт.

Жолборстон запкы жеген мергенчи эптеп мылтыгын ала коюп, жырткычты эки жолу атат. Жолборс казакты таштап, арчанын арасына кире качат. Жолборс анын сол колун чайнап салыптыр, ийни менен оң колунун манчаларына тиши тийген.

Үчүнчү мергенчи мылтыктын үнүн угуп, ошол жакка бет алат, келатып жолборстун өлүгүн көрөт. Мергенчилер өзүнүн жолдошун аттардын жанына алып келип, анан турган жерине эртең менен келишет, бул арада Петр Петрович өз отрядын аларды издөөгө жиберген болот.

Жарадар болгон казакты Верныйге жөнөтүп, Семенов Ысыкка жетпестен, андан ары жол тартат. 4-сентябрда Асын-Тоону ашмак болот. Ысык өрөөнүндөгүдөй эле, бул жерде да, жаратылыш өсүмдүктөрү биринен сала бири алмашып жатты. Жапайы алма менен өрүктөрдөн кийин — Тянь-Шань карагайы, андан кийин арча, чычырканак, андан ары бийик тоо шибери.

Сентябрь айында өсүмдүктөрдүн өңү өчүп баратса да, бийик өскөн гүлкайырлар, өңүн өчүрбөгөн софоралар сап-

сары болуп жерди каптап алган, шалфейлер дагы эле көгүлтүр тартат, көгүлтүр чачыраткылардын баштары ыргалып турат. Кызыл мыя тамыры акыркы күчүн жыйнап гүлдөп, анын катарында медуцина, касатиктер, жапайы астралар.

Петр Петровичтин көңүлүндөгүлөрү табылгандай болду. Гербарийлери толукталып, күндөлүгүнүн барактары латынча жазылган сөздөргө толду.

Асын-Тоонун белине чыгып, ал ушерге түнөп кетмек болот. Семенов өмүрүндө биринчи жолу бийиктиги үч миң 500 метрден ашкан жерге чыкты, ал эми ашуу болсо килейген таштардын астында жаткан дөңгө окшоп калат.

Мына бу, жука туман басып жаткан тоолор, бубак баскан, жайкалган көк шиберлер, кокту-колоттор, тиги төмөн жакта атырылып агып жаткан суулардын көңүлүн көтөргөндөй болду.

Асман тиреген улуу тоонун алдында алдастап тургандай болду. Баягы эле тунжураган чокулар, түпкүрүнө көз жетпеген аскалар, керилген жайыттар, аларды бубак басып жаткансыйт. Чарчап чаалыккан казактар коңурук тартып, коломтонун жанында өзүн узатып келаткан киши уктап жатат, аттардын оозduktары шылдырайт.

Семенов эртең менен Асын-Тоодон аттанып, Асу суусуна түшөт. Түндө жааган кар бат эле эрип кетти, тоо аралап чыккан күн даана тийип, температура жогорулай баштады, гүлкайырлар менен солубастар жерден башын көтөрдү.

Жол көрсөтүп келаткан киши Семеновду капчыгай аралатып олтуруп, Заилийск Ала-Тоосундагы ири өзөндөрдүн бири Челекке алып келет. Челек Петр Петровичке күркүрөп-шаркырап аккан чоң суу өңдөнүп көрүндү. Анын жээгинде асман мелжиген теректер, чычырканактар. Саякатчылар кечүү таппай жээктеги токойду аралап көпкө жүрүштү. Бир жерге келгенде Семенов мүйүзү бир нече айры маралды үркүтүп алат.

— Бугу, бугу! — деп жиберет аларды узатып келаткан киши. — Аткыла, бугу экен!

Семенов ийниндеги мылтыгын алгыча марал көздөн кайым болот.

Үч-Мерке деген жалпак тоону басып, саякатчылар түштүк-чыгышка бет алат. Мындай наам ага ошол жалпак тоолорду кесип аккан үч суудан улам коюлган экен.

Семеновдун жолун торогон, биринчи Мерке агып өткөн жардын бийиктиги үч жүз метрге жетет. Петр Петрович ошол жардын боору менен жылып түшүп, Тянь-Шандын тоо породаларын өз көзү менен көргөндөй болду. «Биз тө-

мөн түшкөн өрөөндүн капталдары өтө тик эле, ал кум менен чапташкан порфир, сиенит, диорит жана башка тоо тектеринен турган жалпак тоолорго мүнөздүү экен».

Экинчи Меркенин жээгине келип, талдардын көлөкөсүнө түнөмөк болушту. Казактар от жакмакчы болуп, куурай чогултушту. Кечки тамагын жыгач кашык менен ичишти. Петр Петрович чынычы алып, чайына кара сухардан салды. Ал шашпай, ыракаттанып, жанындагы жолдошторуна көз чаптырып коюп, ичип олтурду.

Чолок мурун, жээрде-кара, сары сакал, кең далы, арык чырай, жумушка бышкан колдор. Жүрүштүн оордугуна, тамактын тартыштыгына наараzы болбостон, коркпостон алар Семеновду ээрчип өзүлөрү мурда болуп көрбөгөн бөтөн тоого баратышты.

Каменный поясты, Сибирди багындыруу үчүн Ермак Тимофеевичти, Алыскы Чыгышка Ерофей Хабаровду, Муз деңизине Семен Дежневди узатып барган казактар деле ушундай күндөрдү башынан өткөрсө керек? Иртыш менен Лenaны, Обь менен Енисейди, Уралдын алтын менен кымбат баалуу таштарын, Алтайдын күмүшү менен коргошунун ошолор табышкан. Талаалардагы кербен жолдору, токой аралаган тилке жолдор, кечүүлөр, Сибирдин суук жолдору ошолордун канына боёлгон.

Семенов Тянь-Шандын чок ортосуна жетип калган кезде, казактар менен крепосттук солдаттар Заилийск Ала-Тоосундагы чыңдоолорду бекемдеп, Алыскы Чыгышты жер-суусу менен багындырып, Охот жана Берингово деңиздеринин жээктерине кыштактарды куруп жатышкан. Алардын колунан жаралган жана багындырылган нерселер бүт бойдон эки баштуу бүркүткө баш ийген.

Семенов эртең менен үчүнчү Меркени басып өтүп, Табылгыты капчыгайына келет. Жол көрсөтүп келаткан кишинин айтуусуна караганда, эки өзөндүн башаты ошол жерде экен: алардын бирөө түштүктү көздөй агып Ысык-Көлгө, экинчиси-түндүктү көздөй агып, Илиге куят экен. Табылгытынын белине чыкканда Ысык-Көл көрүнүп турат.

— Мен Табылгытыдан ары барып көрө элекмин,— деп чынын айтты жол көрсөтүп келаткан киши.

Кереэли кечке жүрүп Табылгытыны араң ашат. Ашуунун үч чакырымга жана бийиктикте тургандыгына карабастан өсүмдүктөр дүйнөсү өтө эле ар башка экенине Семенов бөтөнчө көңүл бөлөт. Ошол эле күнү ал ашууда европалык, уюлдук, алтайлык, борбордук азиялык формадагы гүлдөр менен чөптөр өскөндүгүн аныктап алат.

Кечке жуук ал Табылга-Суу өрөөнүнө түшөт. Кар баскан бийик тоо өрөөндүн түштүк жагын тосуп турат.

— Ушул тоодон Ысык-Көл көрүнүп турат дейт мындагылар,— деди жол баштап келаткан киши. — Эртең менен көлдү көрөсүң. Эми эс ал. Макулбу!

— Мен аны азыр көрүшүм керек. Ысык-Көлдү көрүп, көз жоосун кандырбасам уктай албайм,— деп жиберди Петр Петрович чыдамсыздык менен. От жагып, чатыр тиккиче, кечки тамакты даярдагыла, деген буйрукту берди узатып жүргөндөргө.

Жол көрсөтүп келаткан киши унчукпастан камчысы менен гүлдөрдүн башын кыя чаап жатты. Ал чарчап, Семеновду андан ары узаткысы келбей калган. «Мынчалык шашыштын эмне кереги бар?» — деп сурагансыйт анын бүтүйгөн көзү.

— Баарыңар дем алгыла. Мен жалгыз эле барып келем. — Петр Петрович ийиндеги сумкасын оңдоп алып, өр тартты.

— Аксакал, токтой тур!— Жол баштоочу Семеновдун артынан кууп жетти. Бөтөн жерде ал аны жалгыз таштай алган жок.

Алар күн батканда араң жонго чыгышты. Петр Петрович көптөн күткөн, көксөгөн көлдү көрдү. Ал тим эле чоюндан уюткандай мелтиреп жаткан Ысык-Көлгө көз чаптырып, жаратылыштын байыркы энчисине сугу түшө тиктеди.

Ал унчукпаган терең ойго батып кайтты, бат эле тамактанып, жуурканга оронду да, уктап калды, Баарынан мурда туруп, күндөлүгүн ачты. Айлана жымжырт, ошол тоо тынчтыгын, тоо суусунун гана шаркыраган үнү бузуп жатты. Ал карындашын жаагына сүйөп, кабагын бырыштырып, сөз издеп жаткансыды: «Ашуунун белинен эңкейип түшө баштагандан тартып атактуу Музарт тоо кыркаларынан Ысык-Көлдүн батыш жээгине чейинки Тянь-Шань тоолорунун сулуулугуна суктанып келе жаттым...»

Ал көзүн ачып, жогору жакты тиктеди. Таң сүрүлүп, тиги чокулар асман тирейт. Мөңгү баскан ак чокулар кол жетпестей, түндүктөй көрүнөт. Семеновдун жогору жагында кара сызык тартып Табылгыты жатат. Чын эле кечээ ал казактар менен адамдын башын айланткан бийиктикте болгонбу? Алардын алдында андан бийик жерге чыгуу, бийик ашуулардан ашуу милдети турат.

Шүүдүрүм баскан бадалдардын нары жагынан шаркыраган тоо суусунун үнү угулуп турду. Канаттуулар чочугандай үн салып, ит мурундун кызыл ашы түнөрүктүн нары жагынан көрүндү.

Карагайдын бүчүрүн төшөнүп жаткан жол баштоочу ордунан туруп отунга кетти. Казактар да ойгонуп, кери-

лип-чоюлуп уйкусун ача албай жатышты. Жээкте жайылып жүргөн аттар кишенеп жиберишти. Казактардын кылычтары кыңгырап, от күйдү. А Семенов болсо мындай деп жазды:

«Мен жакын арадагы бөксө тоонун кырына чыктым, андан Ысык-Көл даана көрүнүп турат экен, анын түштүк батышына чейин 150 чакырымдай бар көрүнөт.

Түштүк жагынан караган кишиге Ысык-Көлдүн көгүлтүр бассейни ак мөңгүлөр менен курчалган. Тянь-Шань аны курчап турган дубал сыяктанат...»

Казактар аны эртең мененки тамакка чакырды. Ал күндөлүгүн бешмантынын чөнтөгүнө салып, сууга жибитип, куйрук майга куурган сухарды шашып-бушуп жеп жиберди да, аттарды токугула деген буйрукту берди.

Бир нече сааттан кийин отряд Түп менен Жыргалаң өзөндөрү куюп жаткан кең өрөөнгө түшөт. Мурдатан таанyш чөптөр көздүн жоосун алды — тегерек баш, шалфей, медуница, өзөндөрдү, арыктарды бойлоп чыккан узун камыштар. Жапайы камандар аны аралата жол салып алышкан, атчандарды көрсө болду, чыйылдап камышка кире качат экен. Ар кайсы жерден кыргоолдор бырпырап учуп жатты, казактар сулуу канаттууну аталы деп, окторун аяды.

Семенов менен жол баштаган киши отряддын алдында келатты. Тунжураган тоолорго ишенбегендей, кыраакы көзү менен теше тиктейт. Күтүлбөгөн жерден ал атынын оозун тартып, токтой калды. Жаңы эле кеткен аттардын изин көрсөттү.

— Сарбагыштар!

Семенов ийнин куушуруп, кабагын салды. Кол курап алган Сарбагыштар менен беттешүү коркунучтуу эле: өзү жана отряды Кокон хандыгынын букарасы болуп кеткендердин олжосуна айланып кетиши ыктымал эле.

Бир нече чакырым жүргөндөн кийин дагы токтоп калышты. Калың камыштын жээгинде боз үйдүн калдыктары, кийим-кечек, казандын сыныктары жатат.

— Алар буерде эртең менен болгон окшойт,— деп күбүрөдү жол баштоочу. — Көлдү көздөй кетсе керек.

Жол баштоочунун кооптонушу казактарга да жетти. Эгерде алар кол сала турган болсо: кичинекей отряд жакшылап каршылык көрсөтө албай турганына Семенов түшүндү. Казактар бири-бирине ыктап, унчукпастан Петр Петровичке карап турушту.

— Алга! — деген команда берди ал. — Ысык-Көлгө бир нече эле чакырым калды. — Ошентип ал, биринчи жөнөдү.

Токойсуз ээн талаа Ысык-Көлгө барып такалат. Семе-

нов отряддын алдында баратты, анын максаты тезирээк көл боюна жетүү болчу.

— Аксакал! — ал жол баштоочунун чочугандай серт үнүн укту. — Карачы, аксакал...

Семенов көз чаптырды. Жол баштоочу тиги капталда турган атчан кишини көрсөттү. Ал алдын көздөй жүткүнүп, саякатчыларды көрдү да, анан атына камчы салып, асканын нары жагына кирип кетти.

— Бул жерде селсаяк барымтачылар көп болот,— деп эскертти жол көрсөтүп жүргөн киши. — Абдан этиет болуш керек.

Семенов менен казактар эки жагына жалт-жалт карап улам арылай берişти. Көлгө эки чакырымдай калганда Семенов атынан түштү. Чычырканакты аралап жөө кетти.

Түп — Жыргалаң өрөөнүнүн көл тарабы бийик кашат экен. Төмөн жакта көгүлтүр тартып, мелтиреп Ысык-Көл жатат. Саман түстөнгөн кумду шырпылдаган көл толкуну чайкап турат. Жээктеги кумдан таштардын сыныктарын, шагылды көрбөйсүң. Түп суусу көлгө чыгыш жагынан куят экен, батыш жагында учу-кыйрына көз жетпеген көл, мелтиреген кең талаада эч ким жашабагандай көрүнөт.

Семенов көлдөн алаканына толтура суу сузуп алды. «Көлдүн суусу өзүнүн түсү жана тунуктугу жагынан өтө сонун, бирок туздуу келип ичүүгө болбойт экен. Кумдуу жээкте таш деген көрүнбөйт, ар кайсы жерден тоо тектерине окшогон чайкамаларды жолуктурууга болот. Мен жээктен тапкан үлүлдүн кабыктары агын сууда табылуучу жаңы бир түрүнө окшойт».

Толкун чайып, мелтиретип таштаган нымдуу жээк менен кичине булуңду көздөй бет алат. Тайыз булуңду балырга аралаш ак лилия баскан — алар жандуу нерседей кыймылдап жатты.

Андан кышылдаган, бышылдаган табыш чыгып жаткансыды. Семенов таң калды, көрсө булуңга сазан деген неме толуп кетиптир. Чоң баш, жону сапсары, килейген сазандар ары-бери сойлоп, суудагы чөптөргө чалынып жатса да, төө жалбырактарды шимип жаткансыйт.

Аларды көрүп, казактар чыдап тура алган жок, кылычтарын кынынан сууруп алып, балырга чалынган сазандарды чаба башташты. Чапканда да, өтө кумарланып, кадимки балыкчылардан бетер үстүнө үйрүлүп түшө калып чаап жатышты.

Будда карыя кечил Сюан-Цзандын айткандарынын туура жерлери да бар көрүнөт. Ысык-Көлдөгү балыкка сан жеткис.

Ажыдаар көрүнгөн жок.

# ЧҮЙ СУУСУНУН ТАБЫШМАКТУУ СЫРЛАРЫ

Семенов сарбагыштардан бекеринен чочуган эмес экен.

Алар кечке жуук көлдүн түштүк жагына келишти. Тоо капталдарынан атчандардын карааны көрүнүп, белги берген оттор күйө баштады. Бир аз кишиден турган отряддын жээкте калышы бир жагынан максатка ылайык келбесе, экинчи жагынан коркунучтуу эле. Оңунан чыкпай калган саякатына өкүнгөн Семенов Верныйга кайтууну чечет.

Экспедициянын алдына койгон милдеттердин бирөө да чечилбесе кантип өкүнбөйт! Азыр анын колунда Тянь-Шань вулкандардын натыйжасында пайда болгон деген Гумбольдттун гипотезасын аныктай турган материал жок. Ал Чүй суусунун кашында да болгон жок — анын Ысык-Көлдөн агып чыга тургандыгы распы? Ал көлдүн жалпы аянтын жана тереңдигин билбейт, анын жээгиндеги жан-жаныбарларды, өсүмдүктөрдү изилдеп көрө элек. Ал Ысык-Көлдү курчап жаткан татаал тоо кыркаларын талдап көргөн жок. Бир аз күндүк саякаттын ичинде үстүртөн, кокусунан көзгө түшкөн пикир гана бар.

Түп — Жыргалаң өрөөнүнүн көлгө такалган учунда туруп, ал Ысык-Көлдүн мелтиреген панорамасына көз чаптырды, коштошту. Алтын түстөнгөн күндүн шооласы көлдү туурасынан как жарып, тоо чокуларынан ак булуттар сүрүлө баштады.

Кечки буурул жылдызсыз асмандын кучагына кирип жок болду, тоолордун карааны көрүнбөй калды. Катуу, тим эле сөөктөн өткөн шамал башталды, майда жамгыр себелеп, температура төмөндөп, нөлгө жетти. Жамгыр калдайган суу карга айланды, аттар менен казактарды кар басып, агарган караанга окшоп калды. Төрт саат тынбай жол жүргөндүктөн суй жыгылышкан. Семенов токтоого буйрук берди. Үшүп, чыйрыккан казактар чарчап-чаалыккандыктан түшөөрү менен жатып калышты, а Петр Петрович от жактыргысы келбеди: суу болуп өлө чарчаган неме, чолок тонуна оронуп сыз жерге сулады.

Ал түн ортосунда барып ойгонду. Кар басылып, булут тарап, чыкыроон тартып турган. Казактарды ойготту: үшүп жата бергенден көрө жолго чыгууну чечишти.

Семенов Түптүн боюна келгенде таң агара баштайт. Ал көпкө чейин жылый албады. Суук, жоболоңдуу түндөн кийин араң эле жаны калыптыр.

Өрөөнду жарып, шаркырап аккан суу, жыланач зоокалар бүлбүлдөйт. Чарчап-чаалыккан немелер бир аз сергий түшүштү, Семенов окумуштуу кейпине келди. Ал өзүнүн геологиялык түзүлүшү боюнча өтө кызык зоокалардын жанынан назар салбастан өтө албады. «Мындагы акиташ породалары анчалык көзгө урунбайт, ошондуктан аны байкоо кыйын, бирок алардын катуу, ныкталган метаморфизалык кумдун астында жатканы бышык... Алардын баары ошол эле акиташтан, кумдан жана кызыл порфирден уюган, килейген таштардан турган тоо тектери менен бузулган... Кыязы бул жерде кызыл порфир жаруучу породанын милдетин аткарса керек, анткени ал түпкүрдө жаткан породалардын уюткусун түзөт экен.

Ашуу ашып, өрөөнгө түшүп, шаркыраган сууларды кечип, шаркыратмалардын жанынан өтүп келатышты, бирок тажрыйбалуу жол баштоочу асман тиреген тоо арасындагы жолду жазбай таап келатты. Бир жумадан кийин ал экспедицияны Челек суусунун боюндагы, Кыргыз талаасы менен тутамдашкан өрөөнгө алып келди.

16-сентябрда Семенов Верныйга келет. Хоментовский анын келгенине абдан кубанды: чынын айтканда полковник экспедициянын илимий натыйжасына анчалык кызыккан жок, анын кубанычынын алдында башка себептер жаткан.

Семенов саякатта жүргөндө Верныйдагы абал абдан жаман болуп кеткен. Сарбагыштар бугулардын айылдарына кол салып, чаап алып жатышкан Верныйдан келаткан орус кербендерин тоной баштаган.

Үч жүз казак атчандарын, жөө аскерлердин бир ротасын алып Хоментовский Чоң ордонун кыргыздарынын узатуусу астында Чүй өрөөнүндөгү Кокон хандыгынын чыңдоосу болгон Токмокко келет. Андагы көчмөн сарбагыштарды талкалап, үйүр-үйүр жылкыларын, короо-короо койлорун тартып алат.

Хоментовский Чүй өрөөнүндөгү акыркы учурдагы абалды айтып берди да, анан күтүлбөгөн жерден Семеновго мындай сунуш менен кайрылды:

— Мен сизге казактардан жүздү берейин. Сарбагыштардын тылын чалгындап келиңиз. Чүй өрөөнүнө барып, Кокон хандыгынын андагы аскер күчү жөнүндөгү маалыматтарды чогултуп келиңиз,— деди да, Хоментовский аскер иши жагынан билими бар кишинин өзү келип калганына кубанды.

Семенов кожоюндун янтардан жасалган канжасын манчалары менен тегеретип олтуруп, анын сөзүн укту. Анан мындай деп сурады:

— Ал жүрүшкө качан аттаныш керек? Аскер отрядына командалык кылууну мойнума алам...

Ал токсон казактан турган отрядды алып Верныйдан жөнөп кетет. Азыр Заилийск Ала-Тоосун этектеп, батышты көздөй кетти. Верныйдан кырк чакырымдай узагандан кийин Петр Петрович Қаскелең суусун кечип өтүп, бөксө тоолор менен баратты. Андагы көп сандаган кокту-колоттор жол жүрүүгө кыйындык кылды. Семенов сарбагыштарга беттешсек деп көксөгөн казактарды араң басып келатты.

Андай беттешүү ошол эле күнү болду.

Отряд чоң коктулардын бирөөнө жакындап калган, ушул учурда Семенов жардам берүүнү сураган бирөөнүн ачуу үнүн угуп калат. Бир топ барымтачылар Ташкенттен Верныйга келаткан кичинекей кербенге кол салып жаткан экен. Баш кесерлер төөлөрдүн жүгүн түшүрүп, өзбек соодагерлерди чечиндирип жатканда Семеновдун отряды келип калат.

Сарбагыштар качып жөнөйт. Семенов тапанчасын колуна ала коюп, алардын артынан түшөт. Ал жайыла чаап келаткан казактарга назар салбастан, барымтачыларды кууй берет. Қара терге түшкөн атынын алы кетип, таскактай баштайт, Семенов менен барымтачылардын ортосу алыстайт.

Ал тизгинин тартты эле, аты токтоп калат. Қазактар да, аттарынын оозун тартып, кайра тартышат. Қазактар менен барымтачылардын ортосунан өрт чыгат: көрсө, качып бараткандар кургап калган чөпкө от койгон экен. Талаадагы өрт тим эле дубал болуп шамал аны казактарды көздөй айдап келет. Ошентип, алар артка чегинүүгө аргасыз болот. Өрттүн өчүшүн күткөн Семенов коктуга кирип түнөмөк болот.

Таң атты, асман чайыттай ачык. Асман тиреген тоолор күзгү тунук желдин кучагында жаткансыйт. Төө өркөчтөнгөн чокулар чыгыштан батышты көздөй чубалып жатат, алардын ичинен Салкын төр — Сөөк-Дөбө өзүнчө бөлүнүп заңкаят. Анын чокусу ак чаңгыт тартып, карагайлар жашыл нурун чачыраткандай көрүнөт. Тоо чокуларынын колтугунда седептей жалтыраган булуттар жатат. Семеновдун тегерегиндеги гүлкайырлар өрттөнүп бүтөйүн деп калган, софордун акыркы гүлдөрү саргарып түшөйүн деп, кызыл мыя күбүлүп жаткан. Суунун боюна өскөн камыштардын башы барбайып, тобурчакты эске салат.

Қара-Қастек өрөөнү менен жүрүп олтуруп, отряд Заилийск Ала-Тоосуна көтөрүлө баштайт. Суусу анчалык көп

эмес Кастекти бойлоп, ал экиге бөлүнгүчө Семенов төрт саат жол жүрдү.

Ашуунун туу белине түнөштү. Көптөн бери оор жол баскан казактар мылтыктарын колунан түшүрбөй, унчукпай отту жээктеп олтурушат. Күн абдан суук, айдын бүлбүлдөгөн жарыгында тиги тоолор, аскалар каралжын тартып көрүнөт.

Семенов таштын үстүнө бүкчүйүп отуруп алып, күндүз көргөндөрүн жазып жатты. Баятан бери оттун жанынан кетпеген жол баштоочу көк чай демдеди. Семенов таштан туруп, оттун жанына келди да, муздаган манчалары менен койдун майын салган көк чайды алды. Ал аны акырын ууртап, жол баштоочунун сүймөнчүлүк менен карап отурганын байкады.

— Дагы ич. Көп ичсең үшүбөйсүң, аксакал.

Жол баштоочунун үнү көз карашындай эле сүймөнчүктүү эле. «Кыргыздардын өз ара салгылашканынын, же орустардын басып киргенинин буга эмне кереги бар» — деген ойго келди, Петр Петрович аргасыздан.

23-сентябрда ал отрядын баштап, ашууга көтөрүлдү. Асман тиреген тоолорду туман басып жаткан, бирок түнөргөн, нымдуу булутту аралап, күн көтөрүлдү. Өз ара кажылдашкан казактар Семеновдун артынан келет. Ашуунун белине келгенде күн көздү уялтып, нурун чачты. Күзгү күндүн нуруна сырдуу Чүй чагылышып жатты. Бир нече сайга бөлүнгөн суу керилген өрөөндү кезип барат. Чүйдүн нары жагынан мөңгү баскан жаңы тоолор көрүндү. Чокулар, кырлар, кулама жарлар түгөнө турган эмес, алар жер менен асманды бүт ээлеп, жер атмосферасынан жадагандай күнгө кулач жаят деген ойго келесиң аргасыздан.

Чүй өрөөнүн түтүн басып жаткандай көрүнөт. Токмоктун жанындагы Кокон ханынын аскердик чыңдоосунун айланасында сарбагыштардын айлы көрүнбөйт. Алар кайда жоголгон? Петр Петрович мындай чечимге келет: сарбагыштар жолугуп кала турган болсо, салгылашуунун кажети жок, андан көрө акырын Чүйдү бойлоп жогору тартыш керек.

Алар өрөөнгө түшүп, эч кимге байкатпастан Токмокту айланып өтүп, Чүйдү бойлоп жогору карай кетишти. Алды жакты чалгындап бараткан казактар кыргыз абышканы кармап алышат. Чал ар кайсынын башын оорутуп, көпкө сүйлөдү, жол баштоочу да анын сөзүн көпкө чейин чаргытып которду. Кыргыздын сөзүнөн Семенов буларды билди: Хоментовский менен болгон салгылашуудан кийин коркуп калган сарбагыштар чоң манап Үмөталыны ээрчитип Ысык-Көлгө көчүп кетиптир.

Семеновдун мына ошол чоң манап менен беттешкиси келди.

Керилген Чүй өрөөнүнүн жогорку учундагы тар капчыгайга кирди. Мындагы бийик аскалар, сууну калкалап турат, анын оң жагынан, сол жагына, сол жагынан оң жагына сансыз ирет кечишти. Верныйда жүргөндө эле уккан Боом капчыгайы ушул экенине Семенов эми түшүндү.

Эки жагын аскалар кыскан, суунун кубаттуу агымы күркүрөп-шаркырап жатты. Суу агызып жаткан чоң-чоң таштар адамдарга да, аттарга да, коркунучтуу эле. Жол барган сайын кыйындай баштады. Кээ бир жерлерге келгенде аттардын жүгүн түшүрүп, суудан алыстап, зоокаларды тепчип өтүүгө туура келди.

Семенов Боом капчыгайынын ичинде бир күн жүрдү. Тар өтөккө келгенде караңгы кирип кетти. Ал эки бийик зооканын түбүнө токтоп, кароол койду. Эки зооканын ортосунан көрүнгөн түнөргөн асманга көз чаптырды. Ал зоокалар жылдыздар жыбыраган асманга сайылып тургансыйт. Аргасыздан чочулады. Эгерде сарбагыштар келип калса, отряддын айласы эмне болот. Таш кулатса да, баарын кырып жок кылат.

Семенов чатырга кирип, уктайын деди эле, уктай алган жок, чочуп жатты.

«Жүзгө жакын адамдын тагдыры жана иштин ийгилиги үчүн жоопкерчилик менин мойнумда эле. Мен бекеринен чочулаган эмес экемин: биринин артынан бири атылган мылтыктын сигнал берүүчү үнү угулду. Казактар өзүлөрүнүн аттарын көздөй чуркашты, мен тапанчамды колума алып, чатырдан чыктым».

Катуу чуркагандыктан энтигип, кырга чыгат. Кароолдо тургандардан тополоңдун себебин угат.

Казактар өзүлөрүнүн жогору жагынан кулаган таштын табышын угушат. Асканын нары жагынан жаңы чыгып келаткан айдын жарыгында, тымызын жылып келаткан эки кокондуктун караанын көрүп калышат. Алар канчалык аракет кылганы менен ураган таштардын табышы кароолдо тургандарды чочутпай койбойт. Ошондуктан кароолдо тургандар мылтык атып, лагердегилерге кокондуктар бар экен деп туюндурат.

Семенов кыялап өтүп бараткан сарбагыштарды көпкө чейин байкап турат. Таамай аткан киши аларды бирден терип, төмөн түшүрөр эле, бирок Семенов атууга тыюу салат. «Биз алардан Ысык-Көлдөгү кара кыргыздарды, орус отряды жакындап келатат деп эскертип коёбу, ошону менен бирге душман катары тосуп чыгышабы деп корктук... Мен отрядды аттандырдым, дагы жолго чыктык...»

Бул жээктен тиги жээкке өтмөй, зоокаларды кыяламай, сыйгаланып түшмөй коркунучу дагы башталды. Суудан кечип өткөндө Семенов бир нече жолу өлүп кала жаздады, суу ат-маты менен аласалдырып да көрдү. Аны кайтарып жүргөн эки казак болбогондо, өлүп калмак. Алкыш айтууга болбойт, анткени, казактардын көңүлүнө кетмек.

Боом капчыгайы барган сайын кеңейип, зоокалар барган сайың жапыздап, Семеновдун отряды жазы өрөөнгө чыга бергенде Кыргыз айылы көрүнөт. Казактардын келатканын көргөн эркектер тоону көздөй чабышты, кызыл өгүз минген карт чал коктуга кире качты. Айылда аялдар менен балдар гана калыптыр. Жүрөгү түшкөн байкуштар ыйлап-сыктап чөгөлөй калышат.

— Сен буларга айтчы,— деп өтүндү Семенов жол баштоочудан,— мен эч кимисин капа кылбайм. Анан мындай де: мен Үмөтаалы манаптыкына мейманга баратам. Аны менен достошкум келет. Ал азыр кайда?

Үмөтаалы өзүнүн айлы менен Ысык-Көлдүн бери жагындагы Көтмалды деген суунун боюнда. Аялдар ушундай дешет. Чүй боюндагы жазы жана түз өрөөн менен Семенов манаптын айлын көздөй бет алат.

Отряддын алдынан короо-короо койлор чыгат. Сакалы сүйрөлгөн эркечтер баштаган койлор сыгылышып араң келет. Койлордун, козулардын маараганы кулакты тундуруп, алардын туягынан чыккан чаң уюп жатты. Сансыз койлордун артынан жылкылардын кишенегени, уйлардын мөөрөгөнү, төөлөрдүн боздогону угулат.

Отряд токтоп калат. Казактар койлордун арасынан жол ачып, көпкө убара болушат, бул арадан төрт саат өтүп кетет.

Семенов өзүнүн келаткандыгы жөнүндө кабар бермекчи болуп, улуу даражалуу манапка киши чаптырат. Үмөтаалыга конок болуп келаткан ак начальник жөнүндөгү кабар бат эле тарайт. Семенов Көтмалдыга келсе, эл уясынан үрккөн аарыдай ызылдап калган экен. Үйлөрдөн ардактуу аксакалдар, куралдуу жоокерлер чыгат, аялдар менен балдар чочуй карап турушат. Бир нече атчан чаап келатып, тарс кайра бурулуп кетишти. Петр Петровичке сарбагыш уруусу бүт бойдон өзүнүн даражалуу манабынын жанына чогулгандай көрүндү. Тоо арасындагы жайлоодо турган кадимки талаа ордосун, ал өмүрүндө биринчи жолу көрдү да, Чынгысхандын заманын эсине түшүрдү.

Сарбагыштардан корккон, казактар өзүнүн командирин курчап алып баратышты. Коркунучтуу, өзүн жоокер санаган сарбагыштар казактарга караганда бир нече эсе көптүк кылат эле, бирок Семенов бейкапар алга карай ба-

ратты. Үмөтаалыныкына мейманга келаткан кишини, мейман катары тосуп ала тургандыгын ал жакшы билүүчү. Меймандостуктун законун булар ыйык көрөт.

Чоң, ак өргөөнүн алдынан Петр Петровичти манаптын агасы менен иниси тосуп алат. Кымбат баалуу килемдер тартылган үйгө кичи пейилдик менен киргизип, даражалуу манаптын айылда жок экенин чаргыта айтышат.

— Үмөтаалы майданда курман болгон туугандарыбыздын ашына кеткен. Ал орустар менен болгон салгылашууларда өлгөн,— дейт манаптын бир тууганы Семеновго жаман көзү менен карап. — Сен өзүңдү Үмөөтаалынын тамырымын дебедиңби, андай болсо биз сенин сөзүңө ишенебиз.

Петр Петрович дипломаттык жана чын дили менен мындай жооп айтты:

— Мен силерге алыс жерден келдим. Орустар менен сарбагыштардын ортосундагы кагылышууларды Верныйга келгенде угуп, абдан өкүндүм. Менимче, биз ынтымактуу коңшу катары жашашыбыз керек. Орустар эч качан бирөөнүн жерине биринчи болуп кол салып көргөн эмес, эгерде Чоң ордонун — орус букаралыгын алган кыргыздарга кол салбай турган болсоңор, силерге да, кол салбайт. Чоң Ордо орус падышалыгынын букарасы. Мен Үмөтаалы менен чындап тамыр болгум келет, ал экөөбүздүн достугубуз, орус менен кара кыргыздардын ортосундагы достукту чыңдай тургандыгына ишенем.

Даражалуу манаптын агасы анын сөзүн макул дегендей башын ийкеп олтуруп укту. Манаптын бир тууганы сактанып, салмактуу олтурду. Семеновдун сөзүн угуп, ал кыскача мындай жооп берди:

— Мейли, ошондой эле болсун.

Ошол замат ордунан туруп чыгып кетти. Бир маалда үч жараган атты жетелеп келди.

— Менин иним Үмөтаалынын жаңы досуна, мына үч күлүктү мингизейин. Сенин сөзүңдү Үмөтаалыга айтам, азыр мында болсо эки тамырды кучакташтырып койсом ырас болбойт беле. Өз досуна мейман болуп келген киши, эмне кааласа ошону иштейт, айтканыңды эки кылбайбыз.

Семенов кубанып кетти. Анын ойлогон ою ордунан чыгып, Ысык-Көлдүн батыш жээгине барып, Чүй суусунун андан агып тургандыгын, же агып чыкпай тургандыгын аныктамак. Ал жол билген эки сарбагышты ээрчитип, эртең менен аттанмак болду.

Чүй суусу жөнүндөгү маселе европалык жана орус географтарынын ортосундагы көптөн бери чечилбей келаткан талаш эле.

Ысык-Көлдүн биринчи картасын чийген Унковский Чүй суусунун көл менен байланышы жок деп көрсөткөн.

Картограф Ренат Чоң-Кемин суусун Чүй суусунун башаты деп билген.

Исленьев өзүнүн картасында Чүй суусу Ысык-Көлдүн батыш жагынан башталат деп көрсөткөн.

Карл Риттер Ысык-Көлдүн суусу агып чыга турган жери бар, ал Чүй суусу болуш керек деп ойлогон.

Александр Гумболдт Семипалатинскиде болгон кезинде бухарлык жана ташкендик соодагерлердин айтымынан улам, саздак суу Көтмалды Ысык-Көлдөн агып чыгат деп жазып алат. Соодагерлердин сөзүнө ишенип Гумбольдт мындай деп аныктаган: Көтмалды Ысык-Көлдөн чыгат.

Европалык географтар Гумбольдттун пикирине кошулушкан.

Семенов Чүй суусун бойлоп олтуруп, сазга чейин келет. Бул жерден Чүй суусу көлгө кирбестен терс бурулуп, тоо аралап кеткенин көрөт. Сазда болсо, жылтырап аккан суу араң көрүнөт. «Ал суу өзүнүн тайыздыгынан улам Көтмалды деген атка конгон экен. Анткени, ага көчүк бойлобойт эле».

Семенов ал сууну бойлоп Ысык-Көлгө чейин барат да, Көтмалды Чүй суусун көл менен байланыштырбай турганына көзү жетет. «Ысык-Көл эч кайда агып чыкпайт... Бүгүнкү күндө ал Чүй суусуна кошулбайт... Ал күркүрөгөн өзөндүн эки башкы тармагы бар: биринчиси — түбөлүк мөңгү басып жаткан Тянь-Шандан башталган Кочкор суусу, экинчиси — түбөлүк мөңгү баскан тоодон жана Заилийск Ала-Тоосунан башталган Кемин суусу...

Эгерде көлдүн деңгээлин мындан 15 тен 20 метрге чейин бийик деп эсептей турган болсок, анда Чүй суусу Ысык-Көлдөн агып чыгат деп айта алаар элек, балким бир кезде ошондой болгондур, аны Ысык-Көл бассейнине экинчи жолу барышымда, 1857-жылы тактап көрөйүн деген ойго келдим...»

Кийинчерээк ал өзүнүн «Верный чыңдоосунан Сөөк-Дөбө ашуусу жана Боом капчыгайы аркылуу 1856-жылы Ысык-Көлдүн батыш жээгине чейин саякат» деген макаласында ушундай деп жазат.

Семенов Чүй суусунун чыныгы башатын таап гана тим болбостон, ошону менен бирге Александр Гумбольдт менен Карл Риттердин кетирген каталарын оңдойт. Ал Ысык-Көлдүн суусунун кескин түрдө төмөндөп кетишинин жана Боом капчыгайынын пайда болушунун себептерин түшүндүрөт.

Семенов кар баскан ашууну ашып, Верныйга кайтат.

Бул сентябрдын акыркы күндөрү эле. Түнкү чыкыроондон кийин күзгү Каскелең өрөөнү менен жол жүрүш кандай сонун. Тунжураган Тянь-Шань карагайларынан ашып, тунук асманды жиреп, беш миң метр бийиктикте турган Талгар чокусу. Талгар чокусунун нары жагында андай таш чокулардын канчасы жатат? Анда илимге али белгисиз кандай мөңгүлөр, кандай өрөөндөр жана шаркыратмалар, гүлдөр менен чөптөр бар?

Асман тиреген тоолордон жарк-журк эткен чагылган нуру көрүнөт. Чагылган алыс жерде чартылдап жаткандыктанбы, же анын табышы майрамдагыдай угулгандыктанбы Семеновдун көңүлү сергий түшкөнсүдү.

Ал колундагы тизгинди таштап коюп өзүн курчап турган жаратылышты — коко тикендин башынан тартып, Талгар чокусуна чейинки жаратылышты эске салууга аракет кылат.

Тиги мөңгү баскан бийиктикке көз чаптырат. Анан тим эле көзү жетип турган кишидей мындай дейт:

— Мен силерге дагы келем, Асман тиреген тоолор!

*XIII глава*

## БАРНАУЛ КЫШЫ

Барнаулда төрт суткадан бери кар бороон уруп турду.

Шамал көчөдө улуп, үйлөрдү делпилдетип, чөптөрдү, куу чырпыктарды, чириген чүпүрөктөрдү учуруп жатты. Кабактардын (арак сатылуучу дүкөнчө) эшиктериндеги кулактандыруусу термелип, тоңгон кайыңдар шуулдап, кафедралдык собордун коңгуроолору шыңгырайт. Короолордун, огороддордун кырларына күрткү туруп, терезелерди гүлгө окшогон кыроо каптаган. Катуу шамалдан улам терезелердин кашектери калдырап, чатырлар кычырап, сарайлардагы тыпындар сапырылып жатты. Күүлдөгөн-дүүлдөгөн күңүрт табыштарга толгон, жарым-жартылай таштан салынган үйдө эски кулактандыруу илинип турат: «Мокей Семибратовдун дүң соодасы. Айбанаттардын териси. Кой териси. Жүн. Булгаары».

Үйүнүн экинчи кабатын жаш соодагер, анын байкашынча алаңгазар келген мырзага ижарага берген. Семенов мырза соодагердин ал бөлмөлөрүн музейге айландырып жиберет.

Жыгач дивандар, отургучтар, шкафтар өсүмдүктөргө толуп кеткен. Дубдан жасалган футлярга орнотулган чоң сааттын үстүндө катырган гүлдөр. Саат сайын үйдүн тын-

чын алган жез коңгуроонун кагышынан улам гүлдөр дирилдейт. Анын үнүнөн улам Петр Петрович селт эте түшүп, аргасыздан анын канча жолу урганын эсептейт.

Тянь-Шандан алып келген өсүмдүктөрдүн жыты анын көңүлүн көтөрдү. Ананчы! Алардын көпчүлүгү ботаниктерге али белгисиз. Аларды өзү биринчи болуп тапканына Петр Петрович кубанды. Эртеден кечке аларды сорттоду, аныктады, системага салды, өз байлыгын каттап чыкты.

Семеновдун саякаттан кайтканына төрт ай болуп калды. Ал Барнаулда кыштап, сегиз жүз элүү жетинчи жылдын жазында Тянь-Шанга экинчи саякат жасоону чечет.

Алыскы Сибирден орун алган шаар өзүн зериктирбей турганына көзү жетти. Кайда болбосун жакшы адамдар бар эмеспи. Аларды тааный билип, айтканын угуш керек. Ошондуктан ал ар бир адамга үңүлө карап, кунт коюп укту. Барнаулдун төрөлөрү менен алтын өнөр жайларынын ээлери, нан сатуучулар жана вино кызыл кулактары, тоо инженерлери менен дыйкандар көңүлүн аябай бурду.

Ал Барнаулдун айланасынан орун алган тоо кендеринде, Алтай селолорунда, шаардын базарларында, ичимдикканаларда жана дүкөндөрдө аларга жолугуп жүрдү. Шаардык китепканада көп болот, кечкисин өз демилгелүүлөр койгон оюндарга барат. Ошентип, ал шаардын мен менсинген адамдарынын баары менен таанышып чыгат. Алардын ичинде тоо инженери — Петербургдун атактуу артистинин бир тууганы Самойлов бар эле. Инженердин өзү да, укмуштай куудул болучу, Семеновду абдан суктандыра турган.

Чогулуп тамак ичүү, шаан-шөкөт, Самойлов менен өз демилгелүү адамдардын ойнунда болгон жолугушуу, Петр Петровичтин илимий ишине тоскоолдук кылган жок. Ал иш ага кубанычты да, бакытты да, сыймыктанып көңүл көтөрүүнү да алып келип жатты.

Ал чөптөр, таштар, кол жазмалар жайнап жаткан чоң столго олтуруп алып, колун тартактатып, киши окуй алгыс кылып жазып жатты. Кээде тармал чач башын көтөрө коюп, карандашын көзүнүн тушуна чейин көтөрө коюп, саймадай кыроо түшкөн терезеге көз кыйыгын салат. Папоротниктердин канат-канат болгон жалбырактарын, отко күйбөс купиналардын гүлүн, алмасы өтө бышып кеткен дарактарды ошол саймаланган кыроого салыштырып көрдү, Ийилектей бересклеттер, кыроонун ичке жипчелери бирде тоңуп, бирде эрип жаткансыды.

Анан туруп ал жол-жол тери жабылган диванга көз жүгүрттү. Жылмайып алды. Өзүн узатып келаткан мергенчилер, жол баштоочулар жолборс атып, терисин өзүнө

белек кылып бергенин эскерди. Ордунан туруп, жол-жол тери жабылган дивандын жанына келип ойлоно түшөт. Эмки жылы Ысыктын жалпак тоолоруна бара аламбы? Ошол эң сонун жерлерди дагы көрө аламбы? Өзүнүн жакында эле ошол жерлерде болуп келгенине өзү танданат.

Анан туруп анын бардык ою Асман тиреген тоолорго барып токтоду. Ал кабинетте ары-бери басып жүрүп, Тянь-Шандагы өсүмдүктөр зонасы жөнүндө ойлоно кетти. Ал зоналарды бир нече кабат кылып жайгаштырган жаратылыштын өзү эмеспи. Төмөнкү, же биринчи зона алты жүз метр бийиктиктен орун алган. Ал жайы ысык, кышы жумшак Азиянын өзүнө гана таандык өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү менен мүнөздүү. «Ошондуктан бул зона орус колонизациясынын көңүлүн бурбастан, бүт бойдон көчмөн калктын колунда калган, алардын жашоосунун өтө маанилүү шарттарынын бири болгон, анткени кышы жылуу келип, кар аз жаап, малы такай жайытта жүрөт».

Ал терезенин түбүнө келип токтоду, башын бир жагына кыйшайтып көрдү. Ой жүгүртүүсүн улантты. Ал экинчи зона алты жүз метр бийиктиктен башталып, бир миң төрт жүз метрге чейин барат да, токтоп калат. Экинчи зона өзүнүн кышкы жана жайкы мелүүн климаты менен айырмаланат. Анын флорасы орус-европа флорасына окшоп, Азия тибиндеги өсүмдүктөр аларга аралаш өскөн. Бул зона Заилийск Ала-Тоосунун түндүк жак бетин бүт ээлейт жана сугатка абдан жакшы. Анда толуп жаткан өзөндөр жана көлдөр бар. Экинчи зонанын сугат жерлери түшүмгө бай. Бул жерге бак, жүзүм тигүүгө жана бахча өсүмдүктөрүн айдоого болот.

Семенов столго олтура калып, өзүнүн оюн жаза салат. География коомуна жибере турган отчёту барган сайын көбөйө берет. Илимий байкоолор менен бирге колонизация, айыл чарбасы, багбанчылык жөнүндөгү иштиктүү ойлор пайда болот. «Бул зона орус колонизациясы үчүн өтө маанилүү экендиги түшүнүктүү:

Эгерде орустар туруктуу элден сугаруу жолдорун үйрөнүп ала турган болсо, өзү ээлеген жерден укмуштай сонун түшүм алып, мөмө дарактары менен жүзүмдүктөрдү тигээринде талаш жок».

Үчүнчүсү токой зонасы. Алар эки миң беш жүз метр бийиктикке чейин жайгашкан жана тоонун боорлорун гана ээлейт. Анын климаты катуу жана нымдуу. Үчүнчү зона токойго бай. Бул жер които келгендер үчүн жана колонизация үчүн өтө ыңгайлуу. Алар курулуш материалдарын ушул жердин өзүнөн табышат, ууга чыгышат жана балчелек кармаса да, болот...

Семенов аскада салаңдап турган Тянь-Шань карагайларын көз алдына келтирди. Алар зоокаларды басып, төртүнчү субальпы зонасына такалып тургандай көрүнөт. Мында суук, шамал жана төр жайыттары өкүм сүрүп тургандай көрүнөт. Кыргыздар өзүлөрүнүн сан жеткис малын ушул жерге багышат.

Семенов андан өтүп, бешинчи зонага, Тянь-Шандын төрүнө чыккысы келди. Бул зона жер которуп келгендер үчүн жараксыздай көрүндү. Ал саякатчылар менен альпинисттер үчүн гана кызык. «Ошонусуна карабастан ал, берекелүү крайдын жаратылышынын экономикасы үчүн маанилүү ролду ойнойт, анткени алар турмушка жараксыз көрүнгөнү менен түштүктүн мээримдүү күнүнүн жардамы менен жаратылышты жандандырып турат. Бул зонадагы карлар эригенде анын жайыттарын гана азыктандырып тим болбостон, ошондой эле толуп жаткан өзөндөрдүн башаты болуп калат, алар дыйканчылык зонасына келип, талааларды, мөмө бактарын жана жүзүмдүктөрдү кандыра сугарып турат. Дыйканчылык зонасына келгенде ал өзөндөр жоголуп, төмөнкү ысык зонага жетпей калат, бууланып асман океанына чыгат да, кар баскан зонага барып, түбөлүк тунжураган мөңгүлөрдүн запасын көбөйтөт:

Заилийск Ала-Тоосундагы беш зона жөнүндөгү өзүнүн оюн Семенов андагы өсүмдүктөрдү байкоо менен бышыктайт. Анткени ал тоолордун боорунан жана капчыгайлардан 70 түрлүү өсүмдүктөрдү чогултуп келген. Алардын ичинде илимге таптакыр белгисиз өсүмдүктөр, клен менен четиндин жаңы түрлөрү бар болучу.

Семенов өзүнүн География коомуна жиберген отчетунда ошол беш зонага тең кеңири мүнөздөмө берген.

Ал өсүмдүктөр дүйнөсү — географиялык көрүнүшкө жатат, ошондуктан аны геология, гидрография, ошол жердин климаттык шарттары менен тыгыз байланыштырып талдоо керек деп көрсөткөн, Петр Петрович ажыратып жана талдап чыккан Заилийск Ала-Тоосундагы ар бир зона сыртынан алып караганда географиялык бирдик болуп калаарын жана ал адамдын турмушу үчүн маанилүү экендигин көрсөттү. Географиялык зоналар жерди изилдеп чыгуудагы маанилүү кадам жана географтардын ишинин программасына айланды.

Тянь-Шанды кийин изилдегендер Семенов көрсөткөн жол менен барышты. Н. А. Северцов, А. Н. Краснов, Р. И. Аболин тарабынан түзүлгөн тоо кыркаларынын зоналык схемасы Семеновдун методунун туура экендигин көрсөттү.

Семенов жаратылышты адамдан ажыратып караган эмес. Ал аны адамдардын муктаждыгына жана чарбалык кызыкчылыгына байланыштырып изилдеген. Заилийск Ала-Тоосунун үчүнчү (токой) зонасын талдай келип, мындай деген ачык жыйынтык чыгарган: «Заилийск Ала-Тоосунун эки башында жаткан Челек-Кемин өрөөндөрү климаттык шарттары боюнча эл отурукташтырып, дыйканчылык кылууга жарактуу жер».

Ал Орто Азиянын тоо этегиндеги суу чыкпаган жерлерине дарактарды тигүү мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө ойлоно келип, жер которуп келгендерге балчелек кармоо, жер иштетүү, нымдуу зонадагы карагайды кантип кесүү керектиги жана аларды кантип сактоо зарылдыгы жөнүндөгү кеңештерин берген.

Өзүнүн илимий иштерин баштаган кезде эле Семенов илим бул өзүңдү курчап турган нерселерди жана жаратылыштын күчүн тааный билүү, аларды өзүңө багындыруу аны өзүңдүн жана башкалардын керегине жаратуу — дегендик экендигин түшүнгөн.

Короодо кардуу бороон уруп турат. Бороон терезе жапкычтардын жанын койбой калдыратып, кургак чырпыктар үйдүн чатырын такылдатып, кар терезенин айнегин шыбыргактатып жатты. Кар аралашкан катуу шамал терезеге тийгенде коңгуроодой шыңгырайт.

«Ушундай бороон-чапкында келген ким болду?» — деп Семеновдун кыжыры келди.

Эшик алдында кимдиндир бирөөнүн салмактуу кадамы, эшиктин кычырап ачылганы угулду. Бөлмөгө чоң тон кийген, кызыл мончок жаткырылган кийиз өтүкчөн киши кирип келди. Ал тонунун жакасын түшүргөндө Семенов анын Достоевский экенин көрдү.

Жазуучунун шимилген беттери кызарып, көздөрү балбылдап, ийиндери түзөлө түшкөн. Ал тим эле чирене кийинген: этеги кең сюртук, ичке шым. Сыга байлаган кара галстугу жакасын тиреп тургандай көрүнөт.

— Тим эле күйөөлөп бараткандай кийинипсиң го!— деп күлүп жиберет Семенов, күтүлбөгөн мейманды кучактап.

— Таптың, аял алайын деп баратам.

Семенов Федор Михайловичти диванга олтургузду да, кечки тамагы бышкыча досунун аңгемесин укту.

Семипалатинскиде Достоевский жаш, билимдүү Мария Дмитриевна Исаева деген аял менен таанышат. Анын күйөөсү, майда чиновниктердин бири, орой. Ал оңолбогон зөөкүр ичкич, аялынын айласын кетирет, Исаевди Кузнецскиге которуп жиберет. Томск губерниясынын көмүскөдөгү бул шаарчасы Семипалатинскиден жаман болчу. Жакын-

да жазган катында Марья Дмитриевна күйөөсү өлгөнүн кабарлайт. Достоевский ага үйлөнмөк болуп, Кузнецскиге бараткан экен.

Сөздөн улам аңгеме Петр Петровичтин Асман тиреген тоолорго экинчи саякаты жөнүндө болот. Саякатка чыгаардын алдында Семеновдун Омскиге, генерал-губернатор Гасфортко барып келе тургандыгын билип, Достоевский мындай деп жиберет:

— Ал жердеги менин досум Валиханов менен таанышып алыңыз. Ал сизге өтө пайдалуу киши.

Достоевский Чокон менен 1855-жылы, ал Гасфортту Жети-Сууга узатып баратканда таанышкан. Жаш Валиханов кыргыз тилин жана салтын жакшы билгендиктен генерал-губернаторго көп жардам берген.

— Чокон Омскиде зеригип бүттү. Мен аны менен кат алышып турам. — Достоевский Валихановдун катын алып чыгат. — Чокон мындай деп жазат: «Омскидеги ушактардан жана жылма куулуктардан жадап бүттүм, көзүм көргөн жакка баса бергим келип калды. Сиз кандай дейсиз? Кеңеш бериңизчи, Федор Михайлович!»

Достоевский Петр Петровичтикинде эки жума мейман болот. Алар Барнаулдун базарларына барып, үйлөнгөндө керек боло турган нерселерди сатып алышат. Көркөм чыгармачылыктын оюндарына барышат, шаардын чет жакасына чыгып, сейил курушат. Обь дарыясын бойлоп атчан жүрүп көрүшөт.

Бирок Семенов үчүн Достоевскийдин али жазылып бүтө элек «Өлүктөрдүн үйүнөн чыккан кат» деген чыгармасынын главаларын угуу унутулгус нерсе болот. Аны главадан главага өтүү менен окуп, китепти Омскинин түрмөсү жана каторгада жүргөндөр жөнүндөгү аңгемелери менен толуктап жатты.

Петр Петрович укмуштай сонун чыгарманын биринчи угуучуларынан болуп калат. Андан жарым кылым өткөндөн кийин, Достоевскийдин көзү өткөн соң, улгайган Петр Петрович өзүнүн мемуарында мындай жазат:

«...Анын китеби мага укмуштай таасир берди, чексиз оор күрөштүн туткунунан көңүлү жарык, акылы тунук бойдон чыккан кордуктун кордугун башынан өткөргөн киши менен бирге жүргөндөй болдум, «балбан жаштык, айнекти талкалап болот кылат» — деген ушул эмеспи. Ырас, бул өңдөнгөн жазуучулардын эч кимиси, мүнөзү жагынан ар түркүн адамдар менен бирге жүрүп, алардын психологиясын даана талдай алган эмес. «Өлүктөрдүн үйүндө болушу» таланттуу Достоевскийди улуу жазуучу — психолог кылган деп айтууга болот.



П. П. Семенов.
1851-ж.



В. А. Семенова.
1851-ж.



Ф. П. Литке.



К. М. Бэр.

Ф. П. Врангель.





В. И. Даль.



Орус географиялык коому жайгашкан имарат.



А. Гумбольдт.



П. П. Семенов Тянь-Шанга жасаган саякаты учурунда



Г. Н. Потанин.



Ч. Ч. Валиханов.



П. П. Семенов
Тянь-Шанда.
1856-ж.



С. Рейсдалль. Пейзаж.



Боом капчыгайы. Сүрөтү П. Кошаровдуку.



П. П. Семенов — Географиялык
коомдун вице-председатели.



П. А. Кропоткин.



Н. А. Северцев.



Н. М. Пржевальский.



А. И. Воейков.



М. П. жана И. Д. Черскийлер.



Петрограддагы Васильев аралынын Сегизинчи линиясындагы П. П. Семеновдун үйү.



Этюд. Эркектин портрети.
Рембрандт.



Г. Натшер.
Жаш кыздын сүрөтү.

Ю. Лейстер.
Аткыч жана сүт көтөргөн бийкеч.



Ысык-Көл.





П. П. Семенов-Тян-Шанский. 1913-ж.

Ага өзүнүн тубаса талантын өнүктүрүү оцой-олтоң болгон жок. Ал түбөлүк оорукчан болуп калат. Анын бат-бат кайталап, көтөрүп чаап турган талмасын көрүп туруу өтө оор эле. Ооба, анын турмушу да оор болчу, үйлөнгөндөн кийин дагы жанталашып иштөөгө аракет кылышы керек эле, кыскасын айтканда жашоо үчүн жанын сабап күрөшүү зарыл болчу.

«Өлүктөр үйүнөн чыккан кат» өзүнчө эле бир капитал экенин, ал оор турмуштан куткара тургандыгын, калганы көп узабай өзүнөн-өзү келе берерин биринчи ынандырганыма кубанам. Жакшы келечектен үмүт кылган Достоевский Кузнецскиге жөнөп кетти, бир жумадан кийин жаш аялын жана өгөй уулун ээрчитип, көңүлү көтөрүлүп, меникине келди, эки жума мейман болуп Семипалатинскиге жөнөп кетти...»

Семенов да, жолго даярдана баштайт. Кетээрден бир күн мурда ал Самойловго жолугат.

— Мен дагы жалгыз калат турбаймынбы,— деди капа болгондой инженер. — Сиз барда абдан жакшы эле Петр Петрович. Генерал-губернатор сиздин жаңы саякатыңызга уруксаат беришин, болгондо да, тезирээк беришин чын дилим менен каалаймын. Айтмакчы, эмне үчүн сиз художниктерден бирөөнү ала жүрбөйсүз?

— Алыскы Тянь-Шанга саякат кылууга ким макул болот дейсиз?

— Мен билген бир киши бар. Томскидеги гимназиянын сүрөт мугалими Кошаров Павел Михайлович. Кат жазып жиберейинби? Сиз да, бир-эки ооз жазып бериңиз.

Инженер Самойловдун кеңеши жагып калат. Петр Петрович художник Кошаровго чакыруу катын жазып берип, Омскиге жүрүп кетет.

*XIV глава*

## ЧОКОН ВАЛИХАНОВ

Ал Валихановду издеп убара болгон жок. Чокон өзү келди. Көрсө ал, орус мундирин кийген жап-жаш кыргыз экен. Эполетиндеги алтындын буусу анын арык ийнине жарашып тургансыйт, кара чачы маңдайына түшкөн, ичкесинен тарткан көзүнөн талаа калкынын баамдагычтыгы байкалат.

Чокон Валиханов Аблай деген кыргыз ханынын чөбүрөсү, Чыңгыс хандын алыстан барып кошулган тукумунун

бири эле. Анын чоң атасы кыргыз ханы Вали орус букаралыгын алган. Александр Биринчи Вали ханды жакшы көрө турган. Падышанын буйругу боюнча Кыргыз талаасына ханга арнап таштан үй салынган. Мухаммед-Ханафия-Чокон Чингисович Валиханов ошол үйдө туулат.

Чокон Григорий Потанин менен бирге Омскидеги кадеттик корпусту бүтүргөн, немец жана француз тилин эң жакшы билген, Орто Азия менен Кытай империясынын тарыхын кылдаттык менен үйрөнгөн. «Чокон Чыгыштын тарыхына барган сайын терең үңүлүп үйрөнө баштайт: кыргыз уруусунун бул тарыхында кандайдыр бир терең сыр бар, алардын ичинен байыркы усун, кирей, найман калктарынын аттарын табууга болот, бул аны кыргыз элинин байыркы жомок, ылакаптарындагы маалыматтарды бетине кармап, анын тарыхын тактасамбы деген ойго салат»,— деп жазган өзүнүн досу жөнүндө Григорий Потанин.

Чокон Семеновду мейманга чакырат.

Ал Омскинин чет жакасындагы кичинекей үйдө турат экен. Бөлмөгө өзбек килемдери тартылып, жерге кыргыз кийизи салынган. Петр Петровичти жаш офицер жыйнаган байыркы китептер, Кытайдын кол менен тарткан карталары, геологиялык коллекциялар кызыктырды. Чокон өзүнүн кымбат баалуу нерселерин сыймыктанып көрсөтөт:

—Бул «жад» деген таш. Кыргыздар муну жамгыр жаадырат деп ырым кылышат. А мунусун «эшек таш» дейт, аны алып жүргөн кишиге көз тийбейт. Муну александрит деп коёт, муну алып жүргөн кишиге күч берет. Мунун александрит деп аталып калышынын себеби, Александр Македонскийдин урматына коюлган.

Петр Петрович Чокондун Чыгыштын тарыхы боюнча аңгемесин өтө кызыгып угат. Чокон усун менен дуулат уруусунун тарыхына абдан кызыгат экен. Байыркыдан калган кол жазмаларга караганда кыргыз эли дал ошол уруулардан тараган. Чокондун көңүлүн Кашкария, же Чыгыш Түркстан — байыркыдан бери өзүнүн маданияты болгон, илимге тап-такыр белгисиз өлкө бурат. Кашкариянын каат жана караңгы башкаруучулары Европанын окумуштуулары үчүн бардык жолду жаап коюшкан. Өлтүрүп коюудан коркуп, Кашкарга эч ким бара алган эмес.

Чокон Петр Петровичти өзү Омскинин архивинен таап алган, азырынча дайынсыз Кашкарияга баруучу жол жөнүндөгү сейрек документтер менен тааныштырат. Анда Бурнашев менен Поспеловдун Ташкентке жасаган саякатынын жазмалары, натуралист Шренктин жол жазмалары, Макшеев тарабынан түзүлгөн «Арал деңизинин жагатылышы» бар эле.

— Кашкарияга тиешелүү болгон нерселерди иликтеп жатам. Соодагерлердин жана ар түрдүү мансаптагылардын маршруту боюнча ал өлкөгө баруучу ар кандай жолдор жөнүндө көптү билип алдым,— дейт Чокон. — Сибирден Кашкарияга баруу үчүн Көкчө-Тоо жана Акмоло талааларын, Бетпак талаанын чаптарын, Кара-Тоонун кар жукпас тоолорун, Чүйдүн камыш баскан жерлерин басып өтүш керек. Андан ары жол Ташкент, Кокон жана Маргалаң аркылуу кетет. Соодагерлер Кашкарияга баркытты, келенкорду, чоюнду жана темирди мына ошол жол менен алып барышат экен...

Чокондун сөзүн угуп олтурган Семенов мындай ойго келет: «Мына ушундай демилгелүү адамдан он чактысы болсо, анда илим Орто Азияны Европадай эле билген болоор эле...»

Ал Индия аркылуу Кашкарияга барууну чечкен Адольф Шлагинтвейтти эсине салды. Ал жөнүндө Чоконго айтты.

— Жалгызбы! — деп жиберет Чокон. — Ачыгын айтсам: ал байкуштун көргөн күнү эмне болоор экен. Шлагинтвейт бардык нерседен шек санаган Кашкардын башкаруучуларынын курманы болуп бербесе болду.

Петр Петрович Валихановду сынай карап алды. Кашкарияга бара турган киши, ушунун өзү. Европалыктардын эч кимиси азиялыкмын дей албайт да. Кашкарга саякат жасоого бул жигиттикиндей даярдык эч кимде жок.

Ошентип, өз акылын бир жерге токтотуп алган Петр Петрович мындай суроо коёт:

— Сиз Кашкарияга барар белеңиз? Тилди билесиз, жергиликтүү элдин тукумунансыз. Кыргызча кийинип алып, соодагер, анын кызматчысы, же көрсөтүүчү болумуш этип, ошол өлкөгө барып келсеңиз болоор эле. Кашкарга барсаңыз сизден эч ким шек санабайт. Саякаттын максаты — ал элдин тарыхын, турмушун, жеринин жаратылышын жазып келүү. Эгерде сиз макул болсоңуз, сизди ошол саякатка жиберүүгө далалат кылып көрөйүн.

— Мен Кашкарга барууга дайым даярмын,— деген жоопту айтат Валиханов. — Эгерде генерал-губернаторду макул кылсаңыз, мен сизге алкыш айтаар элем.

Петр Петрович Григорий Потанинди жолуктурайын деди эле, ал талаага кетиптир. Ошентип, Семенов Гасфортко жолугуу үчүн барат.

Генерал губернатор саякатчыны абдан жакшы кабыл алат. Мыйыгынан жылмайып коюп, үрпөйгөн чокчо сакалын улам сыйдалап, Гасфорт Семеновдун көргөн-билгендерин, алар тууралу пикирин сураштырат. «Ага ишенип бер-

ген крайдагы анын ишмердүүлүгүн мен кандай бааласам, ошондой болуп чыгаарына Гасфорттун көзү жетип турду»,— деп жазган Петр Петрович.

— Өз ыктыяры менен орус жерине каратып, сиз башкарып турган Заилийск крайы, орус жеринин Азиядагы бир канаты болуп калаарына шек кылбайм, улуу урматтуум,— деди ал генерал-губернаторго.

Гасфорт анын сөзүн туура көргөндөй башын ийкеп койду да, коюлжун тарткан көзүн жүлжүйтүп алды.

— Заилийск крайы кенен жана укмуштай бай,— деп сөзүн улантты Петр Петрович. — Ошондуктан биздин мамлекеттик чек арабызды ушундай кенен жердин алдынан эмес, артынан белгилеп алганыбыз тап-такыр туура эмес. Империянын чек арасы баягы бойдон эле, казактар орун-очок алган эски, Уралдын агымы боюнча сакталып келе жатат. Чек арабыз Петропавловскиден Иртышты бойлоп Омскиге, андан ары Зайсан көлүнө барып бүтөт. Такталган чек ара болбогондон кийин, мындай чоң крайды башкаруу кыйын болооруна макулдурсуз, улуу урматтуум...

Анын коюлжун көзү айнектей жалтырай түштү. Сүйрүсүнөн келген башын төмөн түшүрдү.

— Биздин мамлекеттик чек арабызды урал-иртыш узун багытынан, кыска багытка өткөрүү өтө зарыл деп эсептеймин. Жаңы чек арага Заилийск Ала-Тоосундагы Верныйды, Сыр-Дарыянын боюндагы эл отуруукташкан Петровскийди кошсок жакшы болоор эле...

Гасфорт ийниндеги эполеттерин кыймылдатып, жука эриндеринен жылмаюунун белгиси байкалды. Семенов өзүнүн чек араны өзгөртүү жөнүндөгү пикири генерал-губернаторго жагып калганын түшүндү.

— Мунуңуз жаман пикир эмес,—дейт Гасфорт,—бирок бийликтин башында олтургандар азырынча эрте деп коёбу дейм. Санкт-Петербургдун макулдугун албай туруп, чек араны өзгөртө албайм.

— Заилийск крайын ээлеп алуу жана аны солк эттирбей башкаруу Россияга көрсөткөн чоң кызмат болуп эсептелет,— деп кыйыта сүйлөдү Петр Петрович. — Мындай ишти тарых өзү баалайт.—Ал эмне дээр экен дегенсип бир азга унчукпай калат. — Жаңы крайды илимий жактан изилдеп чыгуу үчүн көргөн чаралардын баары Азия материгинин түпкүрүн көрсөтүп турган илимдин булагы болуп калмак.

— Заилийск крайында илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө мен тилектешмин,—деп жиберет Гасфорт өзүнүн билимдүү башкаруучу деген атагын жоготуп койгондон коркконкишидей.

Ошентип, Петр Петрович өзүнүн Асман тиреген тоолорго экинчи саякатынын программасын баяндай баштайт. Гасфорт анын бардык сунуштарына макул болот. Генерал-губернатордун жакшы пикирде олтурганын байкаган Петр Петрович Кашкарияга экспедиция жиберүү жөнүндөгү пикирди айтты.

— Сиздин адъютантыңыз Чокон Валиханов мына ушул оор жана маанилүү милдетти аткара алат. Ал абдан жөндөмдүү жигит экен. Чыгыштын тарыхын абдан жакшы билет, айрыкча кыргыздар менен тукумдаш калктын тарыхын андай билген киши жок көрүнөт,—дейт Петр Петрович.

— Эгерде сиз жогорку чөйрөдө олтургандардын макулдугун алсаңыз, мен сиздин сунушуңузга макулмун,— дейт Гасфорт. — Санкт-Петербургдан уруксат албай туруп, Кашкарияга экспедиция жиберүү мүмкүн эмес...

Петр Петрович Гасфорттон хорунжий Потанинди кызматынан бошотуп Петербургдагы университетке жиберүүнү өтүнөт.

— Григорий Потанин менен Валиханов өңдүү адамдар орус илими үчүн табылбаган олжо,— дейт ал чечкиндүү түрдө.

Гасфорт анысына да, макул болот. Ошентип алар өз ара ыраазы болуп бөлүнүшөт.

1857-жылдын 21-апрелинде Петр Петрович Омскиден жөнөп кетет. Семипалатинскиге келсе, томскилик художник Павел Кошаров күтүп жаткан экен.

Тордолуп жана коороздолуп жасалган трашманке Кыргыз талаасын кезип, Заилийск Ала-Тоосун карай дагы жолго чыгат.

*XV глава*

# ТАШ-БУЛАКТАГЫ СОТ

Илинин жээктеринде эрте жазда гүлдөп, кайра солуучу эфемерлер жайнап турган экен.

Анемондор жерге килемдей төшөлүп, тажы баштар ыргалып, ышкындын жалбырагы кумду жарып чыгып, көздүн жоосун алат. Кызыл жоогазын жердин бетин бербейт, көгөө чөптөр жайнап, жапайы сарымсактын жыты мурунду жарат, самолевкалардын, грабелкалардын, таш буурчактардын гүлдөрү теңселет.

Жарым чөлдүн чөптөрү гүлдөп бүтүп, бышып, май айынын аягында эле өзүнүн касиетин жогото баштаган.

Аларды көрүп Павел Кошаров аябай таң калды. Художниктин кызыл жүзү, кайкы мурду, бажырайган көзү, жазы кырдуу калпагынын алдынан даана көрүнөт. Сергек, сезимдүү, жок нерсени ойлоп тапкан сөзмөр Кошаров Семеновду жолду ката эриктирген жок.

Алар Тамгалуу-Таш жайытын бет алып бараткан. Оң жагында горизонт менен тутумдашкан түпсүз талаа, сол жагындагы өзөндүн наркы өйүзүндө Асман тиреген тоолордун мөңгүлөрү жылтырайт.

Илинин жазы жээктери бирде жогоруласа, бирде тарый түшүп жатты. Трашманке Кызыл капчыгайга кирет. Аска таштарын жарып өткөн өзөн жогору жактан көрүндү. Семенов өзөндүн үстүндө салаңдап турган жылаңач аскага көз чаптырат.

— Мына,— деп художник кызыл асканы көрсөттү. — Тамгалуу-Таш дегенибиз ушул болуш керек...

Трашманке токтоп, Семенов менен Кошаров секирип кумга түшөт. Алардын маңдайында Тамгалуу-Таш турат — Семенов ошону көрүү үчүн өз жолунан бура тарткан. Кошаров трашманкеден альбому менен карандашын алып чыгып, тартайта жазылган тибет тамгаларын көчүрүп алат.

Тибеттердин бул жазуусу XVIII кылымдын орто ченинде Илинин таштарына жазылган экен, анда Жунгар бийлиги өкүм сүрүп турган. Алар Жунгариянын батыш чегин белгилей турган.

Майдын ысык күндөрүнүн бирин саякатчылар ошол жайытта өткөрүшөт.

— Или дарыясынын боюндагы Тибет жазууларын биринчи жолу көчүрүп алган европалык адам мен болсом керек,— дейт Кошаров альбомун коюп жатып. Биринчи болуунун өзүнчө чоң мааниси бар.

Алар Верныйга түн ичинде келишти. Чоң ордонун приставы Хоментовский жок экен, Семеновду жаңы начальник ыкшоо, салмактуу Перемышльский тосуп алат. Ал Хоментовскийдей шайдоот, тартынбаган киши эмес көрүнөт, маселени өз алдынча чечүүдөн тартынган неме окшойт.

Семенов өзүнүн саякаты жөнүндө дагы айтып бермек болду.

— Мен а дегенде Ысык-Көлдүн бассейндерин Кашкария менен байланыштырып турган жерге жетишим керек. Ошондой эле Теңир-Тоо кыркаларын изилдешим керек,— деди Петр Петрович, өзүнүн планы чоң ордонун приставы үчүн абдан керек экендигин эске албай туруп.

Ушул кышта Ысык-Көлдүн жээгинде жашаган кыргыз урууларынын ортосундагы өз ара салгылашуу кайра башталган. Сарбагыштардан куугунтук жеген бугулар, көлдүн

чыгыш жагын өзүнө кайтарып алууга аракет кылышат. Ошондуктан алар Чоң ордонун приставына орус букаралыгына алууну өтүнүп кайрылышат. Россия колдой турганына көзү жеткенде гана алар сарбагыштар менен салгылаша алмак.

Бугуларга аскер жагынан жардам керек экендигин Перемышльский жакшы түшүнөт. Ошондой болсо да, генераль-губернатор Гасфорттун макулдугун албай туруп жардам берүүдөн коркот.

— Густав Ивановичтен уруксат сураган менен эчтеме чыкпайт,— деп даттанат ал Петр Петровичке. — Гасфорт тышкы иштер министерствосуна кат жазып, андан жооп алып, анан губернияга жазганча көп убакыт өтөт.

Көпкө ойлогондон кийин Перемышльский мындай чечимге келет: Петр Петровичти элүү казактан турган конвой узатып барат. Ошону менен бирге экспедицияга Тезектин бир жарым миң кишиден турган отряды — чоң ордонун султандарынын биринин отряды кошулат. Семеновдун казактары менен Тезектин атчандары сарбагыштардын жүрөгүнүн үшүн ала турган күч болот.

Петр Петрович саякатка аттанаардын алдында, күтүлбөгөн жерден дуулат жана атбан урууларынын ортосундагы юридикалык кызык жаңжалды бүтүрүүгө катышып кетүүнү сунуш кылат. Полковник Перемышльский Семеновдон бул тартышка калыс болуп берүүнү сунуш кылат.

— Сиз ал эки урууга тең түз кишисиз, демек, калыссыз. Анын үстүнө жергиликтүү администрацияга да кирбейсиз, кыргыздар болсо жакшы окумуштуу катары кадырлашат.

Петр Петрович жаңжалдын эмнеден башталганын сурайт.

— Ал өзүнчө бир калтыс иш, сүйүү мүнөзүндө деп айтса да болот, эки уруунун салтына тең тийип турат,— деген жоопту айтат Перемышльский. — Дуулат уруусунун чоң байларынын биринин кызына, атбан уруусунун ошондой эле чоң байларынын биринин уулу куда түшөт. Күйөө калыңын төлөп, кызды сурайт. Ал эми кыз болсо, мен ага тийбеймин дейт. Эгерде зордуктап бере турган болсоңор өлүп тынам дегенди айтат. Кыскасын айтканда, байыркы салт мурда болуп көрбөгөндөй бузулат. Бул чырды ар бир уруудан үчтөн бий келип, бүтүм кылышы керек.

Бул күтүлбөгөн жерден дуушар болгон иш, Семеновду кыргыздардын сот укугу менен тааныштырмак. Сот жүрүп жатканда чоң ордонун бийлик башында олтургандары жана анын жаш муундары менен таанышып алам го деген ойго келет.

Семенов макул болот. Таш-Булактан жолукмак болу-

шат, ошентип Семенов Верныйдын чет-жакасына чыгып кетет. Өткөн жылы ал Заилийск Ала-Тоосунун бөксөлөрү, Алма-Ата өрөөнү, Талгар чокусу менен тааныша алган эмес.

Кошаровдун узатуусу астында ал Алма-Ата өрөөнүнө келет. Керилген тоо өрөөнү аларды бөрү карагаттын кызгылтым гүлдөрү, пиондор жана жоогазын менен тосуп алат. Тоонун боорунда клендор чиренет.

Петр Петрович өзүлөрү жаңы жолуктурган клен породасы, Гималайдын клендоруна окшош экендигин канааттануу менен күндөлүгүнө жазып алат. Кийинчерээк ботаниктер Заилийск кленун «Семеновдун клену» деп аташат.

Окумуштуу менен художник Алма-Ата өрөөнү менен бир нече саат жол жүрүп, көкүрөк шиберлерине чейин барышат. Өр тартып бараткаnда Петр Петрович төрт жолу гипсометр менен бийиктикти өлчөп алат. Алар барып токтогон жердин бийиктиги эки жарым чакырым экен.

29-майда Семенов өзүнүн отряды менен Верныйдан жөнөп кетет. Талгар суусун кечип өтүп, ал Жашыл-Көлгө экскурсия жасамак болот — ал Заилийск Ала-Тоосунун зонасынан орун алган эле. Эртең менен эрте Семенов, Кошаров жана алты казак, эки жол көрсөтүүчү болуп, акырын көлгө жетишет. «Биз өр тарта баштаганда Талгар чокусу даана көрүнүп турду, ал Монбланга окшош экен, бирок андан кооз да, көркөм да, көрүндү. Биздин алдыбыздагы өр тарткан өрөөн токой зонасына таандык болчу, андан алма менен өрүк дарактарын, Тянь-Шань четиндерин, долонону, Заилийск клендорун, чычырканактарды, бай теректерди, талдарды, шилбилерди көрүп, көзүбүз тойду. Өрөөн ажайып бир кооз бакка окшоп кетет».

Өр тартуу барган сайын оор боло баштайт. Эрий элек кар тозгоктору кезигет. Саякатчылардын алды жагында жаткан чоң тоо кыркалары көлдү көрсөтпөй турду.

Бак-дарактар артта калып жок болду. Кар баскан тоо беттеринде ачык сары гүлдөр жайнайт. Семенов мындай сары гүлдөр тиги Сармат өрөөнүндө эрте гүлдөөрүн эске сала келип, Урусовону көз алдына келтирет. Бир боор Рязань талаасынан канчалык алыс турган жерге келгенин ойлоп турду.

Жүрүп отуруп акыры адырларды ашышты. «Биздин төмөн жагыбыздагы суусу өтө таза жана тунук, көк жашыл тарткан, айланасы Забайкальенин жерине окшоп кеткен Жашыл-Көлдү көрүп кубандык. Көлдүн наркы өйүзүндө өркөчтөнгөн адырлар, оң жагында аппак болуп көздү уялткан ак кар баскан, тунжураган бийик тоо чатырлары жатат».

Петр Петрович мына ошол тоого чыкмак болот. Алар жарым жолго жеткенде чагылган чартылдап келет. Айлананы бүт булут каптап, чартылдаган чагылган көздү уялтып, үнү кулак тундурат. Кара нөшөр жалгыз аяк жолдорду жууп, таштарды кулатып, Семенов минут сайын бир жамандыкты күткөндөй болду. Алар чокуга чыкканда жамгыр басылды. Капкара булуттар капчыгайга кирип жок болуп, күн жаркырап тие баштады. Көл болсо, алдакайда төмөн жакта калды, Асман тиреген тоолордун үстүндө акыркы булут ойноп турат. «Күн нуруна ширелген тиги көк асман, кара булут каптап, чагылган чартылдап жаткан, төмөн жактагы Жашыл-Көл эч качан көз алдымдан кетпейт, унутпайм. Чокунун дал өзүндө туруп мен гипсометр менен өлчөп көрсөм, анын бийиктиги 2950 метр экен».

Эртеси Семенов Ысык суусунун боюнан Перемышльскийге жолукту. Ал экөө Таш-Булактагы кара кыргыздардын уруу аралык сотуна жол тартат.

Күн бүркөк, Асман тиреген тоолордун чокусунда булут жатат: жапайы жоогазындар жамгыр күткөндөй көрүнөт. Чөптөрдөн жылуу ным чыгып жаткансыйт.

Жайыттан жылкылар, короо-короо койлор, ак жана саргарып бараткан боз үйлөр көрүндү. Меймандар үчүн өзгөчөлөнгөн үй тартууланды. Перемышльский аларды өзүнүн даражасына ылайык көрүнүш катары бааласа, Семенов этнограф катары, Кошаров художник катары суктана баалады.

Мына бул чоң, ак боз үйдүн үзүктөрү төөнүн жүнүнөн токулган кызыл сызма менен коздолуп, Кашкардын килемдери салынган. Ылай полго шырдактар салынып, жайылган килемдердин үстүнө Кытайдын фарфор идиштери, Бухаранын жез кумганы, оймо-чиймелеп жасаган орус сандыктары турат.

Сот башталаардын алдында Семенов Тезекти — атбан уруусунун султанын, алдыда турган экспедициянын катышуучусун көрөт. Сарбагыштарды тартынбастан чаап, көнгөн Тезек согушка анча деле ынтызар киши көрүнбөйт. Ал эми дуулат уруусунун султаны Аалы ичим тап, бир сырдуу неме көрүнөт.

Петр Петровичке уруулардын бийлерин тааныштырды. Дуулаттар соттун составына — эки бети саландаган, өхүлөгөн-төхүлөгөн эткелинен келген Дыйканбай баатырды, сейрек сакал, кытмыр көз, ак чач — Дугамбайды, сөзгө чечен, менменсиген Жайнакты көрсөтүшөт.

Атбандар тарабынан сотко: талаа салтын жакшы билген жан аны катуу сактаган Жайнак Экинчи, жанына эч

ким даап бара албаган атактуу Атымкул, кишиге шектене тиктеген, сөзгө чыйрак карыя — Мамай келди. Гүлдүү чепкен кийген, көк кур курчанган бийлер операнын артисттерине окшоп кетет.

«Бийликти тукум кубалап албастан, эл шайлагандыктан алардын ким экенин билүүгө кызыктым. Ырасын айтканда, XIX кылымдын бул жарымында аларды эч ким дайындабаптыр, эч ким шайлабаптыр. Алар коомдук пикирден улам келип олтуруп калган, адилеттүүлүктү талап кылгандар өз ыктыяры менен талаш-тартышын бүтүрүү үчүн кайрылып жүргөн кишилер экен... Алардын ичинде белгилүү ак сөөктөр, айрым учурда кара сөөктөр да болот экен, башкача айтканда, кадыр-барктуу адамдар көрүнөт».

Сот чоң боз үйдө башталат. Семенов менен Перемышльский төрдөн орун алышат. Алардын эки тарабында соттор олтурушту. Калыс катары Петр Петрович биринчи суракты колукту берсин деген сунушту киргизди.

Үйгө он тогуз жашар кызды алып киришти. Семенов менен Перемышльский гана эмес, тиги түрдүү бийлер да, талаанын татынакай сулуусун көрүп таң калышты. Кыз сүйлөй баштайт, Петр Петрович анын тартынбай так сүйлөгөнүн угуп таң калат. Ал шаңдуу, даана добуш менен мындай дейт:

— Мен күйөөнүн жана анын ата-энесинин мага койгон дооматын мойнума алам. Ардактуу судьялар мени күйөөсүнө берилсин деген чечимге келээрин да билип турам, ал силердин ишиңер. Бирок күйөө мени тирүү ала албайт. Менин өлүгүмдү алганда, күйөөгө, анын ата-энесине не пайда...

Сотко келген кызды алып чыгып кетишет. Кызды актоого аракет кылган Петр Петрович бийлерге кыскача сөз менен кайрылат:

— Мындай иш кыргыз законуна ылайык чечилиши керек, аны ардактуу аксакалдар, менден жакшы билесиңер. Бирок даражасы бийик бийлер орустун закону боюнча кыз макул болбосо, күйөөгө аргасыз кылып берүү болбой тургандыгын эсиңерге сала кетким келет. Ошондуктан кыргыз законун сактоо менен кызды бекер жеринен өлтүрүп албай турган жолду тапсаңар болот го деп ойлоймун...

Петр Петрович улутунуп алды да, тиги сүрдүү бийлерге көз чаптырды.

—Мен мында эки маанилүү шарт бар го деп турам: биринчиден — күйөөнүн жана анын ата-энесинин кызыкчылыгын адилеттүүлүк менен канааттандыруу: экинчиден — бүтүндөй бир уруунун сыймыгын сактоо. Ардактуу бийлер эки урууну жараштырып коё тургандыгына көзүм жетип турат...

Пикир алышуу башталды. А дегенде салмак менен акырын айтып келип акыры талаш-тартышка өтүштү. Талаш-тартыштардын аягы уруулар ортосундагы жаңжалга айланып кетчүдөй болуп баратты. Бийлер кызаландап, топулары кежигесине түшүп, чепкендеринин төшү ачылып кетти.

Өз уруусуна кадыр-барктуу, адилеттүүлүгү менен, адамга алдатпаганы менен атагы чыккан Атымкул мындай деди:

— Кыз атбан уруусун бүтүндөй жер каратып отурат. Күйөө жана анын ата-энеси калыңды кайра алайын дебейт. Атадан калган салтты бузгандар аябай жазаланыш керек. А закон болсо...

— А законду болсо, биринчи иретте күйөө бузду,— деп Жайнак Атымкулдун сөзүн бөлө чапты. Ал дуулат уруусунан чыккан адилет, адамга сыр бербеген киши болучу. Жайнак алаканын жая калып Атымкулду токтотуп койду:

— Ооба, Законду биринчи күйөө бузду,— деп кайталады сөзүн Жайнак. — Атактуу кишинин кызы сөзсүз биринчи аялы болушу керек. Калыңын төлөп, күйөө бала колуктусуна келген кезде биз, күйөө баланын аялы бар экенин билип калдык.

— Мунуң калп, кудай көрүп турбайбы! — деп жиберди атбан уруусунан келген бий.

— Жок, бул чындык, кудайга кой! — деп Жайнак колун бооруна алат.

«Кыргыз элинин салты боюнча атактуу адамдын кызы өз күйөөсүнүн биринчи аялы болуп барууга тийиш, ошондуктан ак сөөктөрдүн ата-энеси өзүнүн кызын экинчи аялдыкка бербей тургандыгын Семенов билүүчү.

Күйөө законду биринчи болуп бузганын Атымкул да, мойнуна алды. Ошентип байлар күйөөнүн доомат коюуга акысы жок деген бүтүмгө келишти. Акырында, атбан уруусун жер каратпоо үчүн эмне кылуу керек деген маселеге такалышты.

Мамай бий ордунан турду. Ал сыйда сары сакалын сылай олтуруп, кызды күйөөсүнө бир жума берсеңер оң болот го деген кеңешин айтты. Андан кийин кызды ата-энесине жеткирип берет. Ошентип, атбан уруусу намысын алган болот.

Бийлер макул дегендей баштарын ийкешти. Семенов дагы сөз алат. Бийлердин ачуусуна тийбестен акырын гана Мамайдын сөзүнүн жөнү жок экенине токтолду.

— Кызды бир саатка болсо да күйөөсүнө жеткирип берүү, кыздын да, анын ата-энесинин да беделин кетиргендикке жатат, канткен менен алар да «ак сөөктүн тукуму». «Ак сөөктүн» кызы биринчи гана аял болуп барыш керек,

туткундоого болбойт. Бир уруунун кадырын сактап, экинчисин басмырлаган жакшы болбойт...

Султан Тезек ордунан турду.

— Күйөө менен кыздын тагдырын чечип жаткан бийлердин ишине киришүүгө акым жок эле,— деп баштады Тезек. — Эми, сөз менин уруумдун сыймыгын сындырбоо болуп жаткандан кийин, өз пикиримди айта кетейин. Күйөө берген калыңды кайтарып берүү жана кун төлөтүү адилеттүүлүккө жатат. Мына бу олтурган салабаттуу бийлердин чечимине макулмун. Менин уруумдун шагын сындырбас үчүн, кыздын агасы Дыйканбай куда түшкөн атбан уруусунун кызынан баш тарттырып, кун төлөтпөстөн калыңын кайтартып берсеңер абдан адилеттүүлүк кылган болоор элеңер... Дыйканбай берген калыңын кайтарып алсын.

Бийлер Дыйканбайды карап калышты. Ал ордунан турду да чечкиндүүлүк менен мындай жооп кайтарды:

— Өз карындашымды аман-эсен алып калуу жана уруулар ортосундагы чырды бүтүрүү үчүн султаныбыз Тезектин айткандарына макулмун.

Көпкө чейин ары кетип, бери кетип олтурушуп, бийлер мындай чечимге келишти: атбандык күйөө балага жүз жылкы берилсин. Атбандарды жер каратпоо үчүн элүү жылкы алынсын.

Семенов үп болуп кеткен үйдөн абага чыгат. Кеч кирейин деп бараткан. Жамгыр басылды. Жайлоонун үстү жагынан Асман тиреген тоолор даана көрүнүп турат, жашыл шибердин үстүнө туруп калган мончоктогон шүүдүрүм жымың-жымың этет. Жоогазындар жайнап турат. Алардын жанынан табыш алдырбай бирөө өткөндөй болду, көрсө акталган кыз суу жакка бет алып бараткан экен. Семенов аны ээрчий карайт, анан жылкылар тепсеп кеткен чөптөрдүн баш көтөрүп жатканына назар салат. Кызыл гүл акырындык менен баш көтөрүп келаткан.

*XVI глава*

## НАРЫНДЫН БАШЫНДА

Орустун аскер отряды жөнүндөгү кабар Ысык-Көлдүн жээгине чейин жеткен.

Атчандар айылдан айылга кабар салып, ал кабарды тоо арасында жашаган калкка бат эле жеткирди. Адат катары уламыш сөз ар дайым чындыкты бурмалайт эмеспи.

Эч кимге зыяны жок окумуштуу-саякатчы Семенов коркунучтуу душман катары айтылып жатты. Султан Тезектин бир жарым миң атчандары ал ушакты сүрөп, сарбагыштарды дүрбөтүп салды. Сарбагыштар Тезекти куу жана кытмыр душман деп жаман көрүүчү.

7-июнда Петр Петрович менен Тезек бугулардын билерман манабы Боромбай жайлаган кичи Каркырага келишет. Бугулардын манабы Семеновду кучак жайып, кубаныч менен тосуп алат. Анысы түшүнүктүү эле: бугулар уруусунун абалы абдан кыйын болчу. Ысык-Көлдүн түштүк тарабындагы алар ээлеген жердин баарын сарбагыштар тартып алган. Кокон хандыгынын букаралары бугулардын Сыр-Дарыянын башына чейинки жерлерин бүт ээлеп, Хан-Теңир тоосуна чейин барышкан. Сарбагыштар бугулардын үч миң кишиден турган отрядын бүт талкалап, Боромбайдын катындарын, балдарын туткунга алып кетишкен.

Семенов бугу менен сарбагыштардын ортосундагы салгылашууларга киришпейин дейт, бирок Боромбай менен Тезек чабуул коюуну талап кылат. Петр Петрович кандай кыларын билбей, маң болуп турганда Ысык-Көлдүн түштүк жээгинен жакшы кабар келип калат.

Орустардын келип калышынан улам сарбагыштар корkконунан чаап алган жерлерин таштап, колун Чүй өрөөнүн карай жылдырат. Бугулардын жери, жайыты, бакдарагы ээн калат. Ошондуктан Семенов Нарындын башын көздөй колуна курал албай бармак болот. «Мен эми Тянь-Шандын түпкүрүнө чейин баруу мүмкүндүгүн алдым», — деп жазат Петр Петрович өзүнүн күндөлүгүнө. Ошол эле замат Боромбайга мындай дейт.

— Мен өз отрядым менен жол көрсөтүүчү кишилерди алып, экспедицияга жөнөйм, Максат—Жуукуну ашып, Нарындын башына баруу.

— Султан Тезек силердин Ысык-Көлдөгү жерлериңерди кайтарып калат.

Петр Петрович кырк тогуз казакты, он эки жол көрсөтүүчүнү алып, художник Кошаров экөө Боромбайдын айылынан чыгып, Сан-Ташка бет алат.

Жылаңач аскалар күнгө чагылышып, түнөргөн кичинекей жашыл көл чайпалып, күндүн нуру түшүп турат. Тиги дөбө болуп жыйылган таштарды Кошаров биринчи көрөт.

— Эмне үчүн бул жерди Сан-Таш деп койгон?

— Сен легенданы жакшы көрөсүңбү, Павел?

— Эгерде ал чындыкка жатса...

— Кыргыздарда Сан-Таш жөнүндө легенда бар. Тамерлан чыгыш өлкөлөрүнө жүрүшкө аттанганда ушул

жерди ашкан экен. Дал ушерге келгенде Тамерлан өзүнүн колун санап көргүсү келет. Анын ар бир жоокери көлдүн жээгине бирден таш ыргытат. Миң сандаган Сан-Таш аркылуу өтөт. Ал өзүндө канча кол калганын билгиси келет. Ар бир жоокери бирден таш ыргытса, бир нече мертебе аз болуп калат. Монголдун бул чыгыш өлкөлөрүн багындыруучусу өз колун ошентип санаган экен.

Сан-Таштын белинде туруп алар түбөлүккө кар басып жаткан Муз-Төрдү көрүшөт. Ак мөңгүнүн кыздардай тазалыгы саякатчыларга кокусунан бүткөндөй көрүнөт. Анын чокусу ушунчалык бийик, ушунчалык улуу жана жер жүзүнөн ушунчалык алыс көрүнгөндүктөн Семенов өзүн да таза жана сергек сезди. Художник да ошондой абалда болду — анын таңыркаган көзү балбылдап капкара боло түштү.

Алардын койну кубанычка толуп, көңүлү көтөрүлүп, Сан-Таштан Жыргалаң өрөөнүнө түшөт. Бул жерге келгенде алардын баягы кубанычынан из калбагандай көрүндү.

Алардын алдынан ач-жылаңач, ал-абалы начар адамдар чыгат. Көрсө алар сарбагыштар туткунга алып кеткен, Боромбайдын уруусундагы бугулар экен.

Семенов ач-жылаңач келаткан байкуштарга курут, эт жана кургатылган кара нан берип тойгузат.

Эртеси Жыргалаң өрөөнүн кесип өтүп, кыргыздар арасында даңкы чыккан жылуу сууга — Алтын-Арашанга келет. Семенов бул жерлерден вулкан калдыктарын табамбы деген оюнан кайта элек болчу. Ал отрядын Кошаров менен Каракол суусуна жөнөтүп коюп, жол көрсөтүүчү менен жылуу сууда калат. Кошаров менен Караколдун боюнан жолукмак болот.

Петр Петрович Алтын-Арашандан вулкандардын калдыгын издейт.

«Тянь-Шанда вулкан породалары бар же жок экенин аныктоо менин башкы милдетим эле, Ак-Суу өрөөнүндөгү жердин түпкүрүнөн чыккан кристалл породалары (палеозойск системасындагы акиташ менен сланцтар) гранит менен сиенит экенине көзүм жеткенден кийин, Асман тиреген тоолордон аркырап түшкөн суулар кулатып келген сансыз таштардын арасында вулкан породасы бар бекендигин билүү гана калган. Бирок андан өзөндүн бойлорунан, өрөөндүн өзүнөн, таштардын арасынан андай аттуу нерсе таба албадым. Ошондуктан Ак-Суу өрөөнүнүн жаратылышын изилдөөгө өттүм».

Семенов геология балкасын мындай таштап, ботаникага өтөт. Бөрү карагат менен долоно бадалдарын аралап, алма дарактарына суктанып, гүлдөр менен ар түркүн чөптөр-

дү көрөт. Анан кырга чыгып, Семенов тасмадай сызылган Караколдун боюндагы жаңы өрөөндү көрөт. Кошаров менен мына ошол жерден жолукмак.

Түнт токойду аралап өткөн суунун боюнда эчтеме жок. Суунун шаркыраган табышы тоонун чокусуна угулбады, күндөн көз уялат. Аскалардын түнөргөн көлөкөсүнөн эчтеме көрүнбөйт. Семенов турнабайын салды эле—суу, жашыл жээк, көлөкөлөр жакындай түшөт. Караколдун жээгинен атчан кишилер көрүнөт.

— Биздин отряд, — деп жиберди Петр Петрович.

—Жок, сен бөтөн жердик кылып, аларды ажырата албай жатасың, — деп жол көрсөтүп келаткан киши серепчилей карады. — Сарбагыштар тура...

Жашынууга кеч болуп калган алар көрүп калды. Отряддан бир нече атчан бөлүнөт. Петр Петрович тапанчасын сууруп алып, сарбагыштардын алдын торой бастырат.

Алар бири бирине бетме-бет келишет, ортодо кичинекей жарча калат, бир жагында Семенов, бир жагында сарбагыштар. Тапанчасын колуна кармаган бойдон Петр Петрович тиги жардын кашатына кирип келген узун бойлуу, арык чырай немеден көзүн албайт.

— Силер ким болосуңар- — деп сурайт атчан киши.

— Орустарбыз,—Семенов чоң отряддан бөлүнүп келатканын, ал бугуларга жардамга келгенин түшүндүрөт.

— Отрядыңар кана? — деп атчан киши кытмырлык менен көзүн жүлжүйтүп коёт.

— Отрядыбыз тиги көрүнгөн тоонун нары жагында.

Атчан киши мыйыгынан күлүп койду.

— Анда силер биздин туткунсуңар.

— Азырынча туткун эмеспиз,—Семенов тапанчасын жогору көтөрөт. — Мына бул курал менен сансыз жолу атууга болот. Андан көрө убактыны бекер өткөрбөйлү.

Атчан киши дагы шектүү жылмайды.

— Тэ-тетиги колду көрдүңбү! — деп жиберет жол көрсөтүп келаткан киши. Каракол жакты көрсөтүп.

Кошаров баш болгон отряд белди ашып, сууну бойлоп келаткан казактардын кылычтары күнгө чагылышып, жүктүү төөлөр кадамын таптап, бугулар ат үстүндө ойноп келаткан.

Аны көргөн сарбагыштар аттарынын оозун кайра тартып, өзүлөрүн көздөй бет алышты. Бир нече минутадан кийин алар токойго кирип кетишти.

— Биз ырас убагында келген турбайбызбы. Мен сарбагыштарды тиги белде туруп көргөмүн,—деп кубанды Кошаров Каракол суусунун жээгине, Семеновдун жанына

олтуруп жатып. Аларга чычырканактын көлөкөсү түшүп, ак көпөлөктөр бутак аралай учуп жүрөт.

— Тянь-Шандын жолдору жаман экен,—деп сөзүн улады Кошаров.

— Жол дегендин дайны жок, карышкыр менен илбирстин изинен башка эчтеме көрбөйсүң. Төөлөр менен аттардын үстүндөгү жүгүн нечен жолу түшүрүп, нечен жолу арттык. Терскей аксакалдын аты учуп кетти. Терскей анын жүгүн алып чыкканча, үч саат убакыт өттү. Байкуш Терскей досу өлгөн кишидей ыйлабадыбы. Эстей жүрөйүн деп, атынын кулагын, куйругун кесип алды. Атсыз кыргыз, амалы түгөнгөн киши экенине түшүнөм.

Семенов ордунан туруп, шымына жабышып калган суу кумдарды кагып түшүрдү. Анан оттун жанында үңкүйүп, кабагын салып отурган карыя бугунун жанына келип, колун ийнине салды.

— Капа болбо, аксакал! Жакшы атың бар эле, айла жок—кудайдын буйругу ошол. Менин өрүүн аттарымдын бирин берейин. Тандаганыңды ал.

Терскей колун бир силкип алып, анан ыраазычылыгын билдиргендей, колун бооруна алып, баш урду.

Чарчап-чаалыккан жолоочулар ээр токумун башына жаздап, уйкуга кириші. Семенов уктай алган жок. Таң ата элек, тиги зоокалар, көк асмандын койнуна кирип, өзүн көздөй чакырып жаткансыды. Түбөлүк кар чүмбөттөгөн экинчи бир чоку — Өгүз-Башы өрөөнү тиктеп тургандай көрүндү. Ала көлөкөлөнгөн тоо арасы жым-жырт түнжурайт.

— Жатаар алдында бир аз басып келбейлиби,—деди Семенов художникке.

Кошаров Семеновдун чарчабаганына таң калды. «Бул бир чарчаганды билбеген адам экен»,—деген ойго келет, жаны жер тартып араң турган Павел Михайлович.

— Мейли, басса басып келели.

Алардын сейили, чыныгы изилдөө ишине айланды. Семенов сайдагы таштарды оодарып, балка менен жарып тоо тектерин дептерине жазып жатты.

«Мен жер үстүндө жаткан тоо тектерин кезиктире албадым, шондуктан суу агызып келген таштарды кылдаттык менен көрүп чыктым. Алардын арасынан Ак-Суу өзөнүнөн көргөн граниттерди, сиениттерди, кесек-кесек жиориттерди, габбролорду, акиташтарды, кара жана кызыл профилдерди, анча-мынча гнейстерди, кумдарды, амфиболиттерди, слацтар менен брекчилерди таптым, бирок вулкан породаларын жолуктура албадым».

Алар от жаккан коломтонун жанына келип, тиги алыс-

кы асмандагы Тянь-Шань жылдыздарын тиктеп, шүүдүрүм чөптүн үстүнө жатышты. Чычырканактын өткүр жана татына жыты каңылжаарды жарып, уктаткан жок.

Бул күндөрдүн ичинде художник канча ашууларды ашты, коктуларды өрдөп, сууларды кечти, ошондуктан ал азыр өзүнүн кайда жүргөнүн билбей калды. Тянь-Шандын түпкүрүн аралап, улам арылаган сайын жаратылыш кеңейип, дайынсыз болуп бараткандай көрүндү. Бири-бири менен тутумдашкан бийик тоолордун арасында художник өзүн артык баш кишидей сезди.

— Эртең кайда бет алабыз? — деп сурады ал.

— Жууку ашуусуна,— деген жоопту айтты Семенов уйку-соонун арасында жатып.—Аны ашкандан кийин Нарындын башаты болгон көлгө барабыз. Нарындын башына азырынча эч ким барып көргөн эмес. Нарын дегенибиз Сыр-Дарыянын башы,— деп Петр Петрович чыканактап тура калды. Сыр-Дарыя дегенибиз — Азиядагы улуу дарыялардын бири, анын кайдан башталаарын эч ким билбейт.

— Сиз билесиз да, Петр Петрович...

— Кыргыздардан укканымды гана билем. Мен анын кайдан башталганын өз көзүм менен көрүшүм керек. Мен аны изилдеп чыгышым керек,— Семеновдун үнүнөн чыдамсыздыктын белгиси билинип турду.

— Сиз эмне үчүн кол жетпеген нерсеге кучак жаясыз. Сиз географсыз, геологсуз, ботаниксиз жана энтимологсуз. Булардын баары бир киши үчүн көптүк кылбайбы?

— Ырас, көңүлүмдө акын да, художник да болсом деген үмүтүм бар. Мен статистиканы поэзиядан кем көрбөйм,— деп Семенов отко чырпыктардан таштап койду. Жалбырттап күйгөн от аскалардын караанын көрсөттү.— Анын баары көптүк кылбайбы деп сурадыңыз го? Биз ошол артык баш деген нерселерди алышыбыз керек. — Семенов аябай гүлдөгөн бөрү карагаттын сабагын чимирип туруп отко ыргытты.

Нарындын башына баруучу жол Семенов ойлогондон оор болуп чыкты.

Тар капчыгай сланц таштары, гранит жана порфир плиталары менен бөгөлүп, шагылга толгон. Унаалары ташыркап, кишилердин шайы кетип бүттү. Ошентип, саякатчылар өлгөн-талганда Жууку ашуусунун түбүнө араң жетет. Жайдак талаада кичинекей көл бар экен: жапжашыл көрүнгөн көлдүн үстүндө аңырлар жүрөт.

— Кичинекей көлдө, кыпкызыл канаттуулардын жүргөнүн кара,—деп жиберди Кошаров.—Көл менен аңырдын эч кандай окшоштугу жок!

— Демек, ошондой да болот тура. Көргөн көздө жазык

жок дейт эмеспи.—Петр Петрович булуттун үстүндө жаткан ашуунун белине көз жүгүрттү. — Кызыктардын баары алды жакта, Павел Михайлович.

Кечке жүрүп Жуукуну араң ашышты. Семеновдун кулагы чуулдап, тизелери калтырап, бүткөн бою ооруксуна баштайт. Түтөккөн өңдөнду, андайды сезбеген Кошаров өзүнө-өзү таң калды.

Кумдары куюлуп турган ичке таш кыяда аттардын, төөлөрдүн, койлордун өлүктөрү жатат. Күтүлбөгөн жерден Семенов минип келаткан кула бээ үркүп, учуп кете жаздады.

Петр Петрович асканын бир уурчугуна жармашып, үзөңгүдөн бутун чыгарууга араң үлгүрдү. Аты тең салмактуулугун жоготуп, учкан бойдон зындандын түбүнө кетти.

Кошаров чуркап барып, борчукка илинип салаңдап турган Семеновду тартып ала койду.

— Сиз кылдын кырында турдуңуз. Бир укмуштуу керемет гана аман алып калды,—деп жиберди ачуусу келген художник.

— Менин атым эмнеден үркту?

— Кишинин өлүгүнө чалынып, мүдүрүлдү.

Семенов жыртык бешмантчан бугулардын бир өлүгүн көрдү. Өлүктү таш менен корумдап койгон экен. Баары аттарынан түшүп, жетелеп алышты да, жол тарта беришти. Кечке жуук гана экспедициянын катышуучулары ашуудан ашты. Алдыда келаткан Семенов төө өркөчтөнгөн өрөөндү биринчи көрдү. Тоо кыркалары артта калды. Адырлардын арасындагы көлдөрдө жашыл түстөнүп көрүнгөн аңырлар үргүлөйт. Алар адамдан коркпостон, жолоочуларды ордунан козголбой узатып тургансыды.

Топ-топ болуп өскөн, белгисиз тоо пияздары гүлдөп жаткан экен. Алтын түстөнгөн аралдар, ала-телек аралдарга алмашып—ак лютиктер, жашыл купальницалар, көгүлтүр гиацинттер көздүн жоосун алат, бирок Семенов да Кошаров да сукташган жок. Аларды башка, адамдын бүткөн боюн дүркүрөткөн көрүнүштөр чочутту.

Жанагы саргыч тартып, уйпаланган пияздардын үстүндө адамдын өлүктөрү жаткан. Анда эркектер менен аялдар, балдар менен карыялар бар экен. Корккону нан, ачкасынан кебетеси кеткен өлүктөрдүн бири чалкасынан түшүп, бири көмкөрөсүнөн түшүп, көздөрү жумулган. Үч жарым чакырымдай бийиктикте, таза, муздак абада жаткандыктан өлүктөр бузулбаптыр. Алар тим эле уктап жаткандай көрүнөт, ал жолоочуларга абдан катуу таасир кылды. Сарбагыштар ушул жерде, Боромбай манаптын жердештерин — бугуларды кырган экен.

Семенов бийик тоо арасындагы өрөөн менен кабагын сала айланасына көз чаптырып келатты. Пушкиндин: «О, талаа, талаалар, сенин үстүңө мынча өлүктү ким толтурган?» — деген саптарын эскерди. Тунжураган бул талаадан кандайдыр бир тирүү үндөр угулуп жаткансыды. Эмнени-дир, көзгө көрүнбөгөн бир нерселердин ызылдаган-тызылдаган табышы чыгып, кулак тундургандай болот. Горизонттон кичинекей бүлбүлдөгөн караан көрүндү, жанагы табыштар бат эле жакындап келаткансыды.

Адырдын наркы бетинен жапайы болуп кеткен, үрпөйгөн дөбөттөр чыга келди. Алар арсылдап үрүп келип, экспедицияны курчап алды — өзүлөрүнө жаңы кожоюн издеп жүргөнсүдү. Өлүктөр жаткан талаа тиги адырдын наркы бетинде калган. Азыркы өрөөн түштүк чыгышты көздөй бет алат — андан үч көл жылтырап көрүндү. Алардын ар биринен суу агып чыгат экен. Ал үчөө акыры барып бир сайга кирет да, туман баскан өрөөнгө кирип жок болот.

Байыркы Яксарттын, азыркы Нарындын Орто Азиядагы чоң дарыялардын бири Сыр-Дарыянын башы ушул болучу.

Петр Петрович чөк түшүп олтура калды да, муздак суудан кочуштап туруп жутту, ысып турган бетин жууду. Ал европалыктардын ичинен биринчи болуп Нарындын башатынан суу ичти. «Биз Нарындын башатында сай-сайлап эки саатча жүрүп калдык, бирок аны бойлоп төмөн карай түшкөн жокпуз: анткени, аттарыбыз жүрбөй араң эле жаны калган».

14-июнда Петр Петрович тоодон Жуукунун боюна түшүп, өзүнүн отрядына кошулат. Жол көрсөтүүчүлөр Семеновду байыркы бузулган дубалдардын жана эски үңкүрлөрдүн жанынан алып өтүп, Ысык-Көлгө бет алышат. Ошол эле күнү кечинде Семенов көздүн жоосун алган көлдү экинчи жолу көрөт. «Күнгөйдө, күндүн кечки нуру жарык берген кара булуттар жатат. Күнгөй Ала-Тоосунун мөңгү баскан чокулары жашыл дукаба жамынган кезде, тоо өтөктөрү агыш түтүнгө же булутка окшоп, тоолорду өрт чалып, түтөп жаткандай көрүндү».

Отряд Кызыл-Суунун чатына келип токтойт. Петр Петрович Ысык-Көлдүн жээгин изилдеп көрүүнү чечет. Көл толкуну эмнелерди гана чайып чыгарбаган: үлүлдүн кабыктары, канаттуулардын сөөктөрү, жапайы чочконун тиштери, ал турсун тиги коло кылымдагы жез куралдар жатат. Петр Петрович кыргыздардан Ысык-Көл илгери-илгери бир заманда монголдор курган шаарды басып калганын угат. Ал Ысык-Көлдүн тереңдигин өлчөй албайт, бир дагы кайык табылбайт, бирок кыргыздардын айтымына караганда «көлдүн түбү жок» экен.

Петр Петрович Ысык-Көлдүн жээги, тоолуу Азиянын калкы илгертен бери көчүп-конуп жүргөн жолдун милдетин аткарып келгенин аныктайт.

Илгери бир заманда Ысык-Көл бассейнинде кубаттуу көчмөн калк — усундар жашаган. Алар жөнүндө Кытайдын жыл сүрүүчүлөрү биздин эранын III кылымында жазып калтырган. Кытайдын летописине караганда көлдүн боюнда 120 миң усундардын үй-бүлөсү жашаган экен. Усундар мал чарбасын кесип кылып, жылкы—алардын башкы байлыгы болгон. Усундар гунндарга баш ийген, бирок өзүлөрүнүн да башкаруучулары болгон. Аларды «кюнми» деп аташкан. Кытайлар усундар менен аскердик союзду түзүүгө аракет кылышкан, алар менен жакындашкысы келген. Биздин эрага чейинки 107-жылы Кытай императору өзүнүн кызын: усундарды башкарган кишиге берет. Падышанын кызы үчүн усундардын кыштоосуна шаар салынат. Эл аны Чи-гу-чин — кызыл өрөөндүн шаары деп аташат. «Менимче ал кызыл өрөөн Жыргалаң өрөөнүндө болушу ыктымал, Чи-гу-чин Ысык-Көлдүн жээгинде эмес, андан бир далай обочо жерде турганы ырастыр»,—деген жыйынтыкка келет Петр Петрович көлдүн жээгин кылдаттык менен изилдеп чыккандан кийин.

Гунндардын кысымына чыдабаган усундар батышты көздөй качып отуруп, чөл талаадагы түрк тукумдарына аралашып кетет. Мына ошол союздан кийин кыргыздар-казахтар деген эл пайда болот.

Семенов бардык жерди изилдеп жүрүп, кийин дайынсыз кеткен усундардын изин изилдейт. Ал алардын маданиятынын калдыктарын Кызыл-Жар жана Барскоон өрөөндөрүнөн табат.

Тиги, байыркы замандын түпкүрүнө көз жүгүртүп, көчмөн калктардын тарыхын салыштырып көрүп, алардын маданиятынын калдыктарын изилдеп чыгып, Петр Петрович жаратылыш менен адам баласынын ортосундагы ажырагыс байланыштарды аныктаган.

Тянь-Шань жөнүндөгү эмгектеринде ал жерлерди, алардын жаратылыш өзгөчөлүктөрүн, адамдардын турмушундагы чарбанын мүнөзүн ачык жана илимий негизде көрсөткөн. Анын изилдөөлөрү орус географтары үчүн эң сонун үлгү болуп калды. Дүйнөнүн жалпы көрүнүшүн жана анын майда-чүйдөлөрүн тааный билүүнү алар Семеновдон үйрөнгөн. Петр Петрович Тянь-Шань жөнүндө окумуштуу катары, акын катары, художник катары айтып берүүчү. Тянь-Шандын эбегейсиз чоң, кайталангыс ландшафтын ошол киши жазган.

«Ысык-Көлдүн туптунук көгүлтүр бети, ошондой эле

көгүлтүр тарткан кадимки Женева көлүнөн калышпайт, бирок Женева көлүнөн беш эсе чоңдук кылган, учу-кыйрына көз жетпеген көгүлтүр мейкиндик Күнгөй жагынан караган кишиге чыгыш менен кучакташып жаткандай көрүнөт, анын эч бир теңдеши жок ландшафты Женева көлүнө караганда тим эле алпка окшойт...

Чалкыган Ысык-Көлдүн айланасын узундугу үч жүз чакырымдай асман тиреген тоо кыркалары курчап турат. Бөксө тоолор алаканга салгандай даана көрүнөт, анын туура жагындагы кайчылашкан өрөөндөрдү—көлдүн үстү менен сызып келген жеңил жана тунук булуттар жумшартып турат, мына ушул учурда көлдүн ажары мурдагысынан ачылып анын бардык сулуулугу көз алдына тартылат, Орто Азиянын булутсуз континенталдык ачык асманынын алдында Тянь-Шандын ак мөңгүлүү тоолору күнгө чагылышып, дапдаана көрүнөт...

Көлдүн чыгыш жагына канчалык жакындаган сайын, анын мелтиреген тунук бетин улуу Хан-Теңир тоо группалары калкалап тургандай сезилет...

Саякатчы көлдүн Күнгөй тарабынан томсоргон ээн жерлерди көрөт, цивилизацияга түшүнгөн адамдын колуна тийсе, ал жерге үй салып, бак тигип гүлдөтүп салаар эле. Азыр ал жерлерге эчтеме айдалбайт, таштак, чоң-чоң таштар гана басып жатат. Токой дегенден дарек жок, шаркырап аккан суулардын бойлоруна, көлдүн жээгине бийик бадалдар өскөн, алардын көпчүлүгү кызгылтым дан байлаган бөрү карагат менен чычырканак, талдардын эки же үч түрүн кезиктүрүүгө болот. Ал токойлордон анда-санда кыргыз малчылардын боз үйлөрүн, узун моюн, эки өркөч төөлөрдү көрүүгө болот, токойдун жанындагы камыш каптаган жерлерден көп сандаган жапайы чочколорду же ушул калың камыштын ээси болуп алган—канкор жолборсторду кезиктирет...»

1857-жылдын октябрь айында География коомуна жиберген өзүнүн катында Ысык-Көл менен Хан-Теңир жөнүндө ушундай деп жазган.

Ысык-Көлдө экинчи жолу болгондон кийин Петр Петрович Боромбайдын айлына келет. Карыя манап ага өзүнүн уруусунун жер-суусу менен орус букаралыгына өтүшүнө жардам берүүсүн сурайт. Боромбай болсо Ысык-Көлдүн чыгыш жартысын, Тянь-Шандын түндүк жагын Хан-Теңирге чейин ээлеп турган.

— Мен бугуларды орус букаралыгына кабыл алуу жөнүндө өтүнүч менен кайрылып көрөм, бирок анын алдында мен силерге тиешелүү жерлерди көрүп чыгышым керек,— деген жоопту айтат Семенов. — Көк-Жар менен Сары-

Жаздын башына чейин барып, Хан-Теңирге жете келишим керек.

Боромбай Семеновдун карамагына жол көрсөтүүчүлөрдү, аттарды, төөлөрдү берет. Куйрук май менен чайдан камсыз кылат, жолдуката керек болгондо кой алып турууга уруксат этет.

Петр Петрович Чоң Каркыраны бойлоп, Хан-Теңирге бет алат.

*XVII глава*

## ХАН-ТЕҢИР

Кубаттуу жана адамды өзүнө тарткан көрүнүштөн улам анын көзү тунарат.

Ушул күнгө чейин көргөндөрүнүн баары кайда кеткени билинбей дайынсыз жок болду. «Мен мурда эч жерден көрбөгөн өтө бийик чоку, биз турган жерден түштүктү көздөй чубалжып жатат. Ал чокусунан таманына чейин кар баскан мөңгүнүн өзү эле».

Төбөсү асманга сайылган тоолордун саны отуз экен. Алардын ар бири Монбландан бийик, ошолордун ортосунда асман мелжиген ак чоку, калгандарынан эки эсе бийик көрүнөт. Тегерек тарткан булут, анын чокусуна чейин сайып койгон туудай желбиреп тургансыйт.

— Тянь-Шандагы эң бийик чоку, Хан-Теңир деген ушул, — дейт Семенов Павел Кошаровго.

— Мага бул жердин жаратылышы, адамдын үрөйүн учура тургандай көрүнөт,—деген жооп айтат художник.

— Тянь-Шань деп аталып калышынын поэтикалык күчүнө эми гана түшүндүм. Теңир-Тоо дегенибиз «Жаннат чокусу» дегенди түшүндүрөт. Жергиликтүү калк тиги кар баскан чокуларды тиги дүйнөнүн жаннатына окшоштурушат, ал эми Хан-Теңирди болсо — тиги дүйнөдөгү жаннаттардын падышасы деп коюшат. Ошондуктан Кытайлар бүткүл тоо системасын: Асман тиреген тоолор — Тянь-Шань деп аташкан.

Петр Петровичтин түшүнүгүн уккандан кийин художниктин көңүлү көтөрүлө түшөт да, мындай дейт:

— Поэзия канчалык так болсо, математика менен ошончолук жакын болот.

Теңир-Тоого көпкө чейин үңүлө карап, изилдеп олтургандан кийин Семенов гипсометрдик өлчөөгө өтөт. Художник ага колунан келишинче жардам берет. Анын бийикти-

ги жети миң метр болуп чыгат. Семенов канааттангандай жабдыктарын мындай алып коёт: Хан-Теңир Тянь-Шандын башкы точкасы экенине ишенет.

Ал өмүрү өткөнгө чейин Тянь-Шанда андан бийик чоку бар экенин уккан жок...

Тиги Хан-Теңирдин үстүндө жаткан тунук булут барган сайын көбөйүп, андагы седептей жылтыраган өңдү өчүрө баштады. Анын жанындагы чокуларды да, булут чулгап алды.

Семенов Сары-Жаздын жээгине түнөмөк болот. Чатырды бат эле тиге коюп, отту жагып, кечки тамактарын ичишет. Күн батып бараткандагы Хан-Теңирдин көрүнүшүн тартуу үчүн Кошаров колуна карандаш алат. Семенов чатырга кирет. Үстүндөгү чолок тонун чечип, күндөлүгүн ачып, тиги отту тегеректеп отурган казактар менен бугуларга көз чаптырат. Алардын ичинен өңү ай сымал саргыч тарткан жол көрсөтүүчүгө көз такала түшөт. Анын капкара кашынын алдындагы тоодогу бороон-чапкынга көнүп бүткөн көздөрү үргүлөгөнсүйт.

Тизесинин үстүндө жаткан күндөлүгү шуудурай түшөт, Петр Петрович аны туура жагына алып коёт. Жазгысы келбеди. Ою алда кайда кетип, эсине эч нерсе кармай албай калды. Санкт-Петербург да, Берлин да, Париж да, Неаполь да жок. Гумбольдт, Риттер, Достоевский, китептер, картиналар жана географиялык карталар, татынакай залдар, театрлар бир жакка жылып кеткендей болду. Анын көз алдында Хан-Теңирдин жалтыраган чокусу гана калат.

Ал чарчагандай эстеди. Чатырдын тешигинен сызып бараткан туман, анын нары жагында ай—кыргыз калканына окшогон ай көрүндү. Туман чокуларды тосуп, өзөндү бойлоп, коктуларга толуп, аскаларга жабышып жаткансыды.

— Жолду баскан арбытат,—деди Семенов уйку-соонун арасында, анан башын саландатты.

— Петр Петрович, ойгонуңузчу!—деп художник аны ийинден тартты.

Семенов көзүн араң ачып, чатырдын тешигинен көз жүгүрттү.

— Эмне үчүн жымжырт болуп калгансыңар? — деп сурады ал.

— Бороон болот окшойт...

Тунжураган тынчтык жамандыктын белгисин берип тургандай сезилди. Чатырдын кездеме учурмасын кар басып, өңгүл-дөңгүл болуп калган, айлана түнөрүп аппак кар кылкасы акырын жылып келаткансыйт, адамдар кардын астына кирип, аттарын кийиз менен жаап, өзүлөрү ки-

йизге оронгон. Чатырдын оозунда жаткан жол көрсөтүүчү өзүнүн камырабаган кейпинде: мен буерде жатканда силер эч нерседен кам санабагыла дегендей туюлат.

— Башым заңгырап, тим эле жарылып кетчүдөй болуп баратат,— дейт Кошаров. — Бир жагынан кулагым чыңылдайт.

— Бийиктиктен улам ошентип жатат,— деп Семенов чатырдын этегин кымтып койду. — Жакшы бекиткен экен.

Уюлгуп жаап жаткан кар шыбыргактай түшүп барып, жылтыраган темгил пайда болду, ал барган сайын чоңоюп кетти. Ошол шыбыргактаган кардын арасынан айдын нуру көрүнүп, тоо чокулары жарк дей түштү. Кар кайра калыңдап, айдын нуру көздөн кайым болду. Түн ак парда тартылгандай көрүнөт, алда кайдан чыккан табыш жер дүңгүрөткөндөй угулду.

Семенов, андан кийин Кошаров алыстан-алыстан чыккан табышты угушту. Андан кандайдыр бир кыянаттыктын, кааттыктын, ырайымсыздыктын белгиси билинип турду. Анан оор, өтө оор гүүлдөгөн табыш чыкты эле, андан жаап жаткан кар да, солкулдай түшкөнсүдү.

Семенов Теңир-Тоодо бороон болуп жатканына түшүндү. Аны билгенден кийин чочулабай калды. Ал калыбына келип, тиги шуулдаган табышка кулак түрүп жата берди.

Жыландай сойлоп, шыбыргактаган кар уруп турат. Аба коюу тартып, чатырды уруп тургандай сезилет. Теңир-Тоонун чокусунан шамал ура баштады. Шамал ары-бери урунбастан, улам барган сайын күч ала берди. Аскадагы тоңгон таштар бири-бирине урунуп, түшүп жатты. Чатыр солкулдап, шуулдап, анын этеги бирде көтөрүлүп, бирде түшүп, Петр Петровичти башка койгулайт.

Бир кичинекей таш учуп келип, чатырды тешип кетти, андан ышкырып шамал кире баштады, чатыр делпилдеп кирди. Чатырдын ичи борошолоп, Семенов менен Кошаровду кар басып, чатырды учуруп кете тургансыды.

Петр Петрович салмактанып барып, ордунан турду да, чатырдан чыкты. Аны шамал учуруп, түнөргөн караңгылыкты көздөй алып жөнөйт.

Петр Петрович улам бир ташка жармашканы менен шамал учуруп, бирде кулатып, бирде тургузуп алып баратты. Кулагы тунуп, көзү эчтеме көрө албаган Семенов төмөн карай кулап, аппак мунарыкка кирип кетти. Бул секундага созулду, Семеновдун башы карга кирип кетти. Анын жогору жагында бороон уруп турат. Петр Петрович карды колу менен шилеп ыргытып, кардан бошонууга аракет кылат.

— Аксакал! Тирүү барсыңбы, аксакал? — Жалпак бе-

тин кар баскан бирөө анын жанына келип, балбан колу менен ийинден тартып тургузат. Дагы бир колдор келип, аны жогору карай алып жөнөдү.

Кошаров менен жол көрсөтүп келаткан киши Петр Петровичти шамал алып кеткен чатырга көтөрүп келип, кийиз менен жаап салышты.

— Кудай жалгап үшүк албаптыр,— деп күңкүлдөйт жол көрсөтүп келаткан киши,— Семеновдун жанында жатып.

Таңга жуук бороон басылды. Асман таптаза. Семенов үстүндөгү кийизди алып ыргытып, касаба болуп туруп калган карды ачып жүргөн художник менен жол көрсөтүп келаткан кишини көрөт. Кар тоскогунун алдында калгандар үстү-башын күбүп-кагып, аттарын, буюм-тайымдарын, отун алып келишти.

Петр Петрович башынан аягына чейин даана көрүнө баштаган Теңир-Тоого көз чаптырат. Анын этегинде борбордук Азия өзөндөрүнүн системасына кирген Тарымдын бир канаты Сары-Жаз агып жатат.

Семенов Хан-Теңир менен Көк-Жар ашуусунун бийиктигин экинчи жолу өлчөп көрөт. Хан-Теңирдин жети километр бийиктикте турганын аныктайт. Көк-Жар ашуусунун бийиктиги 3510 метр болуп чыгат.

25-июнь өсүмдүктөрдү жыйноо күнү болот. Петр Петрович элүү түрлүү өсүмдүк жыйнап алат; алардын ичинен отузу таптаза Азия өсүмдүгү болуп чыгат. Кийинки күнү эртең менен ал Теңир-Тоонун түндүк жак бетине чыгып, кардын канчалык бийиктикте экенин өлчөп көрөт. «Мөңгүдөн башталгандыктан өңү көк-жашыл чаңгыт көрүнгөн» Сары-Жазды кечип өтүп, отрядына өрүүн берет. Жол көрсөтүүчүлөр Семенов менен Кошаровду кыска жолго салып түбөлүк мөңгү талаасына алып барат. Өр тарткан жол өтө эле тик келип, шагыл жайнаган жол оор болду. Жүрүп олтуруп алар 3950 метр бийиктикке чыгат. Бул метрлер «Тянь-Шандын түндүк бетиндеги кардын бийиктигин, ошондой эле бул чокудагы мен жеткен эң жогорку точканы айкындап турат»,— деп жазат ал өзүнүн күндөлүгүнө.

28-июнда эртең менен Семенов башаты мөңгүдөн башталган Сары-Жаздын башына бармакчы болот. Абдан жай, этиеттик менен жүрүп олтурушат. Өзөндүн бою мрамор таштар менен буулган. Петр Петрович кайсы жагына назар салбасын, ак жана көк мрамор көрүнөт.

Килейген таштардын арасында кулжанын ийрилген, узун мүйүздөрү жатат. Семенов эңкейип барып, алардын бирөөнү алат.

— Бул кочкордуку,— деп түшүндүрөт жол көрсөтүп келаткан киши. —Чоң кулжаныкы тура, аркардыкы буга тең келмек кайда...

— Бул килейген кулжанын мүйүзү жөнүндө Марко Поло жазган,— дейт Петр Петрович художникке,— бирок венециандыктар ага ишенген эмес. Он тогузунчу кылымдын биринчи жарымында гана англиялык саякатчы Вуд Памирден дал ушундай мүйүз тапкан. Англиялык зоологдор ага анын атын коюп алышат. Айтмакчы, ал зоологдор кочкорлорду өлүп бүткөн жаныбар деп эсептешет. Аны азырынча эч ким тирүү көрө элек...

Теңир-Тоонун боорундагы жалтыраган муздар даана көрүнө баштайт. Петр Петрович көксөп келаткан кубаттуу мөңгү мына ушул жерден башталат. Сары-Жазды башынан аягына чейин бир нече жолу тепчип кечүүгө туура келет. Суу көк кашка көрүнөт. Сүттөй ак көбүктөр ташка тийип жарылып жаткансыды.

Керилген Сары-Жаз өрөөнүн тиреп турган чоң мөңгү, Семеновду аябай кызыктырган эле. Мөңгү Теңир-Тоонун башынан ылдый түшүп, өрөөнгө келгенде өзүнчө эле бир кашат болуп калган. «Мөңгүнүн бүткөн жери өзүнчө бир түскө ээ, ал карарып бараткан мраморго окшоп кетет... Мөңгүнүн жанагы кашат болуп калган жеринин бийиктиги 100 метрдей бар. Анын жарылган жерлеринин өңү тунук-жашыл өңдөнөт. Сары-Жаздын башаттарынын бири мына ошол мөңгүнүн астынан атырылып чыгып жатат...»

Семенов колуна балка алып, анын бир сыныгын жарып көрөйүн деди эле — темирдей шыңгырады. Анын үстүндө «столдор» тургандай көрүндү — көрсө килейген ташты тиреп турган муз бут экен.

Арадан көп жыл өткөндөн кийин Тянь-Шандагы ошол чоң мөңгү Семеновдун мөңгүсү деп аталат.

Саякатчылар Теңир-Тоонун этегине келгенде караңгы түштү. Татынакай сүрөттөрдү тартып алганына маашыр болгон Кошаров үргүлөй түштү. Семенов болсо күндөлүгүменен алпурушуп олтурат. Казактар өзүлөрүнүн туулуп өскөн жерлерин эстеп, бугулар болсо адаттагыдай эле жакшы демделген көк чайын ичип жатышты.

— Кочкор, кочкорлор! — деп кыйкырып жиберди жол көрсөтүп келаткан киши.

Алардан тээ бийикте, ичке тумшукта ийрийген чоң мүйүздүү үч кулжа турган эле. Көгүлтүр асмандын алдында кулжалар капкара болуп көрүнөт. Алардын аябай чоңдугу, чиренип турганы Петр Петровичти өтө таңдандырды.

— Марко Полонун койлору! Жомоктогудай сонун жаныбарлар дале бар тура! Венециандыктар Марко Полону

шылдыңдап күлүшкөн эле, ал эми окумуштуулар бизге ишенет го дейм. Атпа! — деп Қошаровдун мылтыгын кармады.

— Буларды атууга көзүң кыйбайт,— деп Павел Михайлович макул болду, мылтыгын ордуна коюп жатып. — Ушундай сейрек кезиге турган олжодон бирди ала кетсек жаман болбос эле.

Сүрөтчү катуу ышкырып жиберди.

Қулжалар турган жеринен аскага бет алды. Алар түпсүз зоокадан учуп өлөбү десе, так секирип өтүп кетти. Бирок калдайган мүйүздөрү зоокага тийип, түшүп кеткенине карабастан, аласалып ордунан туруп, көздөн кайым болду.

Саякатчылар көпкө толкунданып турушту. Кечки тамакты ичип бүткөндөн кийин гана Петр Петрович өзүнүн байлыгын Теңир-Тоонун жан көрө элек өсүмдүктөрүн ирет-тей баштайт. Алардын ичинде төрт жаңы табылган чөптөр бар эле. Эң баалуу табылга төө куйрук болчу.

Гербарийин иреттеп жатып, Петр Петрович Теңир-Тоонун боорунда жайнаган генциан менен көк гүлдөрдөн көзүн алган жок.

2-июлда Боромбай манаптын айлына кайтып келди. Бул жерде аны кайгылуу болсо да, өтө маанилүү жаңылык күтүп турган. Боромбайдын уруусундагы бир топ кыргыз Қашкарга барып келиптир. Қашкарда бир нече жылдардан бери элди эзип, аймактын айласын кетирген каардуу жана ырайымсыз Валихан кожо деген бийлик кылуучу. Немец географы Адольф Шлагинтвейт 1856-жылдын кыш айларында ошого келет. Қашкардын башкаруучусу оболу аны абдан жакшы кабыл алат да, кийин күтүлбөгөн жерден талыбаган саякатчыны өлтүрүүгө буйрук берет. Адольф Шлагинтвейттин башын Қашкар базарынын аянтында алдырып салат.

Семенов бул кайгылу кабарды унчукпай отуруп укту. Ал кыргыздардан саякатчынын эмне себеп менен өлтүрүлгөнүн так биле албады, бирок чечкиндүү бир ойго келип токтойт: андай ойду ишке ашыруу үчүн Қашкарга Чокан Валиханов сыяктуу поручикти гана жиберүү керек деген чечимге келет.

Экинчи жаңылык да көңүл жылытаарлык эмес болучу. Семеновдун алышманы султан Тезекти Чоң ордонун султаны Тарыбек колго түшүрүп алып кетиптир. Қишенделген Тезек козголоңчулардын колунда. Тарыбек аны сарбагыштардын колуна салып берем деп коркутуп жатыптыр. Семенов Тезекти бошотуп алуунун аракетине түштү...

Аттар кара терге түшүп келатты. Минген аттары чарчаганда жетектеги аттарды алмаштыра минип Семенов менен

Кошаров алдыда келатышты. Эч нерседен кайра тартпаган Тезек баатыр кандайча туткунга түшүп калды? Тезектин атын укканда сарбагыштардын төбө чачы тик турчу эмес беле? Боромбай манаптын башаламан сөзүнөн Семенов бир гана нерсеге — куу султандын Тезекти кандайдыр бир келишим түзүү үчүн чакырганын түшүндү. Тезек өзүнүн аскерлерин калтырып, төрт жигити менен Тарыбекке барат. Ал султанды туткундап, кишендеп салат. Тезек менен барган эки жигит качууга үлгүрөт. Алар өздөрүнүн султанынын колго түшкөнүн Боромбайга жеткирип келишет.

Жети сааттын ичинде Семенов жүз элүү чакырымдай жол басты. Түн ичинде Тарыбектин конушуна жетип, казактарды терең аңдын ичине токтотту.

— Кудай акы, ушул Тарыбек менен түк кармашкым келбей турат,— деди ачуусу аябай келген Петр Петрович жылан пияздардын башын кыя чаап жатып.

— Эгерде Тарыбек Тезекти сарбагыштардын колуна өткөрүп берген болсочу? — деп сактанып сурады Кошаров.

Семенов анын суроосуна жооп бербестен таштын үстүнө чыкты. Артта калган бугулар бирден чубап аңга түшүштү.

— Ашыкча күтүүгө болбойт. Эгерде биздин келгенибизди Тарыбек байкап калса, Тезекти өлтүрүп коёт. Тез аранын ичинде анын айлына кирип барыш керек. Эскертип коёюн: бир да кыргызга тиймей жок. Тарыбекти колго түшүрүп, Тезекти издегиле,— деп буюрду Петр Петрович казактарга сүрдүү карап.

Ошентип алар колунан келишинче айылга тез кирип барышты. Айылда жан көрүнбөйт. Аларды каршылап алсыз, шайманы куруган Тарыбектин бир тууганы чыкты. Ал үрөйү учуп таазим кылып, алаканын жая:

— Султан Тезек түндө качып кетти. Менин агам Тарыбек болсо тоого кеткен.

— Сенин туура сүйлөп жатканыңа мен кантип ишенем? — деп сурады Семенов. — Тезектин качып кеткенин ким ырастай алат?

— Султандын өз кишиси. Ал качканга үлгүрө албай калыптыр, азыр биерде.

— Ошол адамды бери алып кел.

Бугу Тезектин түндө качып кеткенин ырастайт.

— Мен эсебин таап аны кишенден бошоттум. Ал бир атка минип житип кетти.

Петр Петрович оор жүктөн кутулгандай үшкүрүп алды. Бардыгы анын оюндагысындай болуп чыкпадыбы. Тарыбек менен жаман айтышып, салгылаша турган эчтеме болгон жок. Тарыбектин бир тууганы менен коштошуп, Челек суусуна саякатынын акыркы бекетине бет алды.

Челек өрөөнү Заилийск Ала-Тоосун как жарып тургандыктан Семеновго Тянь-Шандагы эң чоң өрөөндөрдүн бириндей көрүндү. Петр Петрович адат катары айланасындагы тааныш гүлдөргө жана чөптөргө көз кырын салып, акырын бастырып келатты. Мына, жалбыздар гүлдөп, калың жалбырактуу клематис жайнап турат. Жапайы алча менен Сибирь акациясы өз ара тутамдашып калгандай көрүнөт.

Кула ат минген Павел Кошаров аны менен катар бастырып келатты. Көк мелжиген тоолордун сүрөттөрү жана эскиздери түшүрүлгөн кагазга жык килем куржун салпсалп этет. Павел Михайлович эмнегедир өзүнчө жылмайып, кыясы сүрөтчүлөрдүн ичинен биринчи болуп көк мелжиген тоолордун пейзажын, анда жашаган адамдардын сүрөтүн тартып алганына кубанып келатса керек. Чынында эле анын жакшы иштей алдым деп кубанууга акысы бар эле.

Семенов Челек өрөөнүнөн аттанып чыккандан кийин, бир нече ашуу ашып алгачкы саякатын баштаган Талгарга келди.

Аба тунук, кечки сыдырым жел жүрүп турат. Көк мелжиген тоонун үстүндө жаткан тармал булуттар талааны көздөй жылып жатты, камыш калкалаган көл үстү мелмилдейт, күнгө какталган көдөө чөптөрдүн толкуну Илини көздөй сызып турат. Алыс-алыстан уюлгуган чаң көрүнөт.

Талаа жактан дүңгүрөгөн дабыш угулуп, жылкылардын кишинегени, адамдардын үнү чыгат. Жанагы коюу чаңдын арасынан атчандардын карааны көрүнүп, алардын ичинен бирөө бөлүнүп алга чыкты.

Семенов Тезекти тааныды.

Султан чапкан бойдон анын жанына жетип келди да, алдындагы айгырдын оозун тартып, секирип түштү. Семенов да атынан ыргып түштү. Экөө кучакташа кетишти.

— Менин кишилерим үч күндөн бери ашуунун белинде күзөттө турушат. Сени күтүп, эки көзүбүз төрт болду. Кой союлуп, бешбармак бышып, чанач-чанач кымыз даяр,— деди Тезек.

Талгардын боюндагы өрүш багына боз үйлөр тигилип, от жагылган. Кыргыздын меймандостукту билдирген кадимки шандуу тою башталды. Семенов менен Кошаров ак кийиздин үстүнө олтуруп, колу менен бешбармак жеп, кымыз ичип, Тезектин башынан өткөндөрүн угуп жатышты. Ал алдын көздөй жүткүнүп коюп, көк баркыт топуну кежигеге түшүрүп, сөзүн баштады:

— Тарыбектин кишилери мени Кеген суусунун боюндагы шаркыратмага чейин кууп келишти. Бөксө жол ошоер-

ге келип такалат, төмөн жагым шаркыратма, эки жагым аска, артымдан Тарыбектин кишилери. Эмне кылышым керек? Астымдагы атты камчы менен басып алдым да, шаркыратмага кирип кеттим! Ат өлдү, мен тирүү калдым, көрсө ташка биринчи болуп ат тийип мени сактап калган экен. Суунун шары агызып олтуруп, оор жарааттанган мени берки өйүзгө чыгарып салды. Эки күн капчыгайдан капчыгайга тентиреп араң дегенде өз айлыма жеттим. Тарыбек колума тийсе кескилеп өлтүрөм деген ойго келдим...

— Чын эле, кескилеп өлтүрөт белең? — деп күлүп койду Семенов.

— Ал кечээ мага мейман болуп кетти,— деди күтүлбөгөн жерден Тезек.

— Тарыбекпи? — деп сурады Петр Петрович таңданып. — Сен аны эмне кылдың?

— Тарыбек алдыма түшкөнү келиптир. Ал да орус букаралыгына өтсөм дейт. Ал экөөбүз жараштык, ошондуктан Тарыбекке жардам беришиңди өтүнөм...

Той таң атканча уланды. Семенов эртең менен эрте ордунан туруп, Верныйга бет алды.

Жаңы өсүп келаткан шаардын калкы бүт чыгып, экспедицияны тосуп алды. Казактар менен жер оодарып келгендер чиркөөнүн аянтына чогулушту, элет жерлерден атчан кыргыздар да келишти. Полковник Перемышльский экспедициянын илимий кызматын жогору баалаган жакшы сөздөрүн айтты.

Өзүнүн экспедициясына эмне үчүн мынчалык чоң маани берип элге жайып жибергенин Петр Петрович өзүнчө түшүндү. Кийинчерээк ал Кошаровго мындай дейт:

— Верныйдын казактары Ермак Тимофеевичтин тукумунан болот, ошондуктан экспедицияга өзүлөрү катышкандыгы үчүн гана мактап олтурган жери жок. Биздин адамдын аягы тийбеген жерлерде болушубуз, алардын ата-бабаларынын Сибирдеги эрдиктерин эске салгандыгы үчүн ошентип жатышат. Жер оодарып келген орустар болсо, Заилийск крайындагы укмуштай кененчилик менен таанышкандан кийин, окумуштуулар биздин пайдабыз үчүн келиптир деп кубанганынан келишти. Алар бул крайдын келечегинен чоң үмүт кылып калыптыр.

Үч күн өргүп алгандан кийин Петр Петрович Верныйдан жөнөп кетти. Анткени, жолдуката Ала-Көлдү көрүп, тезирээк Петербургга барыш керек болчу. Бул көлдүн жаратылыш шарттары, анын жээгинде болуп өткөн байыркы тарыхый окуялар, аны көптөн бери кызыктырып келген.

Верный менен коштошуп, Кошаровдун узатуусу астында алар Алма-Ата өрөөнүнөн чыгышты. Сентябрь айынын

кургак күндөрүнүн биринде, ал Или дарыясынан өтпөй туруп, көпкө Көк мелжиген тоолорго суктана карап турду.

Тоодон капкара, кою түтүн көрүндү — Тянь-Шандын токойлору өрттөнүп жаткан. Талгардын кар баскан чокулары кызгылтым тартып, таң шооласынан улам туман тарай баштаган. Анын жүрөгү ордунан козголо түшкөндөй болуп барып, кысылды: өткөндөгүлөрүнүн баары Семеновдун көз алдына тартыла түштү. Толкунданып, эмне кылаарын билбей, алаканы менен көзүн басты. Асмандын жарымын жаап турган мобу тоонун нары жагында ырас эле болдум беле? Жашыл капчыгайларды кезип, адамдын башы айланган ашууларда болдубу? Ысык-Көлдүн көгүлтүр суусунан ичип, гүл-чөптөрдү жашыл жайлоолордон жыйнадыбы? Хан-Теңирдин бийиктигин өлчөп, анын кубаттуу мөңгүлөрүн көрдүбү? Кантип эле?

Бул айлардын ичинде өз көзү менен көргөндөрдүн баары, азыр алыста калган адамдын колунан келбей турган нерседей көрүндү. Кайрылып келбестей сезилди. Ал сүрөтчү да мендей сезимге кабылдыбы дегенсип Кошаровго көз кырын салды. Бирок анын жүзүнөн андай белгини таба албады. Кошаров ээрдин кашын мыкчый кармап, Илинин киргил суусунан көз албай турган эле.

— Капа болуп турасыңбы, Павел Михайлович?

— Абдан, аябай капамын,— деп жиберди сүрөтчү ага кайрылып карабастан. — Көк мелжиген тоолор менен коштошуу оор экен.

— Балким биз буларды кайра көрбөстүрбүз,— деди Петр Петрович. Ал Тянь-Шань менен коштошо турган кандайдыр ылайыктуу, өтө маанилүү сөз тапкысы келди. Бирок таба алган жок, унчукпай калды.

— Сага эмне болду, Петр Петрович? — деп сурады сүрөтчү. — Эмне дедиң?

— Өзүм бир сөз таба албай калсам эле, Пушкинди эстейм,— деп акырын жооп берди Семенов. — Тянь-Шань менен Пушкиндин ырын айтып коштошоюн:

> Сен менин көксөгөнүм, күткөнүмсүң!
> Булут басып, тунжурап жаткан жерим,.
> Максат кылып алдыма койдум эле,
> Кыдырып далай жериң көрүп келдим.
> Атыңды угуп алыстан сүйгөм сени,
> Түпкүрдөн дүңгүрөгөн дабыш чыкса,
> Кечкисин да, үнүңдү угам эми...

Ырды аягына чейин айтып чыкпастан, атынын башын бурду да, Илинин жээгинен таскактатып кетти.

# АЛА-КӨЛ

Ал көзүн жүлжүйтүп Ала-Көлдү тиктеген бойдон келин таштын жанындагы коргондо олтурат.

Көл жактан соккон жел акырындык менен күч ала баштады. Семенов анын баягы адамды учурган, атты аласалдырып кеткен, боз үйлөрдүн түндүгүн түшүргөн «юйбэ» экенине ишене алган жок.

Шамал бир калыпта ышкырып, андан Петр Петровичке жылкылардын дүбүртү, төөлөрдүн боздогону, найзалардын карсылдап сынганы, темирдин темирге тийип шаңгыраганы кошо угулуп жаткансыды.

Шор баскан талаада чаап келаткан атчандар, жолдун чаңын асманга сапырып, жылжыган кербендер көз алдына тартылгандай болду.

Ала-Көлдүн кумдуу жээги менен келаткан арабалар, көчтөр, чүмбөттөлгөн арабалар менен коозделгон трашманкелердин кычыраган табыштары элестейт...

Көлдүн дал ортосунда учу шуштуйган дөбө. Аны Арал-Дөбө дешет. Падышалар, кечилдер, саякатчылар ал жөнүндө сегиз жүз жылдан бери кеп кылып келатышат. Ала-Көл жөнүндө биринчи жолу VIII кылымда монгол летописинде жазылган. Жылаңач жерден орун алган, ортосунда учу шуштугуй келген дөбөсү бар түнөргөн көл эмне үчүн элдин баарына белгилүү болуп калган?

Борбордук Монголиядан Кыргыз талааларына кирген Чынгысхандын жер майыштырган колу адегенде Ала-Көлгө келген.

Монгол көчмөндөрүнүн колу мына ушул жерден түштүк-батышка жана батышка тарап кеткен.

Алардын бир бөлүгү Балхашты бойлоп, Или, Чүй, Сыр-Дарыя аркылуу жүрүп отуруп, Каспий деңизин айланып өтүп түштүк-батыш Европага кол салган.

Экинчи бир бөлүгү батышты бет алып, Иртыш менен Волгадан кечип өтүп, Россияга кирип барган...

Монголдор башкарып турган эки жүз жылдын ичинде чынгызхандыктарга кулдук уруп, белек алып барган көп сандаган кишилер Ала-Көл аркылуу өтүүчү.

Чынгысхандын борбору Кара-Корумга белек алып баратып, армян падышасы Гетум ушерге түшүп, дем алып кеткен.

Католиктердин кечили Плано Карпини Ала-Көлгө тийбей өтө алган эмес. Ал өзүнүн саякаты жөнүндө жазып

көл жана анын күнгө какталган тоолору, «юй-бэ» деп аталган шамалы жөнүндө баяндайт. Карпини кышкысын ал шамал Ала-Көлдүн үстү жагындагы тоодон башталат деп түшүнбөстүктөн жоромолдогон.

Орто кылымдагы саякатчылардын бири Гильом Рубрук да Ала-Көлдү көргөн. Король Людовик IX буйругу боюнча ал элчи катары монголдордун улуу ханына жолугуу үчүн Кара-Корумга барган.

Ала-Көлгө жетүү үчүн Рубрук көп жол жүрөт. Ага чейин Крымды, Кара-Кумду, Сыр-Дарыяны, Чүйдү, Бет-Пак-Талаа чөлүн, Жунгариянын ашууларын басып өтөт. Ала-Көлдөн аттанып, Жунгар аркылуу Кара-Корумга араң жетет.

Карпини менен Рубруктан бир нече кылым өткөндөн кийин бул жерге Григорий Карелин келет. Ал көлдү да, Арал-Дөбөнү да изилдеп көрөт.

Карелинден кийин ага Александр Шренк барат. Ал Ала-Көлдөн вулкан калдыктарын издейт, бирок эч нерсе таппайт.

Егор Ковалевский менен Томас Ульям Аткинсон Ала-Көлдү айланып, Тарбагатайдын бөксө тоолорунда болуп, баягы эле вулкан калдыктарын издешет. Бирок таппайт.

Байыркы летопистер, Плано Карпини менен Рубруктун маалыматтары акыры легендага айланат. Ал легендаларга ишенген Александр Гумбольдт менен Карл Риттер аны чындык деп билишет. Шамал мурдагысындай эле ышкырып, жайкалган көдөө чөптөрдү Семеновдун таманын көздөй жапырылтып жатты. Кум оозуна кирип, тиштерин кычыратат. Асмандагы булуттар улам төмөндөп, ыргалган шибер менен аймалашып, адырлардын ары жагына Семеновду узатып жүргөн казактар далдааланды. Кошаров болсо коллекцияларды, гербарийлерди алып, Семипалатинскиге кеткендиктен, Петр Петрович менен сырдаша турган киши жок эле.

Таш моло орнотулган коргонго келип кыялы менен кылымдардын түпкүрүнө ой жүгүрттү.

Мына бу суу, адырлар, шор баскан жерлер, калың камыштар менен анын үстүндөгү күзгү асман тарыхый улуу окуялардын күбөсүндөй көрүндү. Ооба, мына бу көзү үлүрөйгөн «келин таш» да, ошого күбө болгондур.

— Карелиндин, Шренктин, Аткинсондун — атактуу окумуштуулардын айткандарында калет жок көрүнөт,— дейт ал өзүнө өзү коргондон түшүп келатып. — Ошондой болсо да, Арал-Дөбө вулкандын калдыгы эмес экенине өзүм толук ишенишим керек.

Жанынан карыш жылбай узатып келаткан казактар-

дын алдына түшүп, көлдү чыгыш жана батышка бөлүп турган мойнокту ашып келатты. Анчалык бийик эмес, саздак, сары каймактаган көлмө баскан мойнокто кайра учуп кетүүгө камынып жаткан жапайы каздар, өрдөктөр, аңырлар абдан көп экен. Алардын каркылдаган, чыйылдаган үндөрү, канаттарынын кагылышы, бир багытта жүрүп турган шамалдын ышкырыгын угузбай калды. Семеновго бул шамал миңдеген жылдардан бери Ала-Көлдүн тынчын алып, ышкырып тургандай сезилди.

Петр Петрович Арал-Дөбөгө бет алганда шамал мурдагысынан катуулай баштады. Аянты эки миң чарчы чакырым келген көл тайыз эле. Аралдагы дөбөгө жеткиче Петр Петрович суу болуп, чыйрыга баштады. Жыңалач аска, аркайган таштар, шагылдар. Ал Арал-Дөбөнүн чокусуна чыкты. Күнгө какталып какшыган жараңкалар, порфирлер, вулкан болгонун ырастай турган эч кандай белги жок. Аларды көрүп, көңүлү кайта түшкөнсүдү. Карылыгы жеткен, башы калтыраган Гумбольдт, анын бирдемеден үмүт кылгандай караган көгүлтүр көзү маңдайына тартылгандай болду. «Эгерде сиз мага вулкан сыныктарын алып келе турган болсоңуз, тынч жатып өлөөр элем». Улуу геогграф жана чыныгы адамды алдоого кантип дитиң барат? Ага ачуу чындыкты айтпай коюуга болобу? Жок! Сулуулап калп айткандан, сумсайтып чындыкты айткан жакшы. Илим кетирген катаны кечирет, калп айтканды аябайт.

Петр Петрович сентябрдын акырында Кошаров менен Достоевский күтүп жаткан Семипалатинскиге келди. Алар менен кошо журналдар, газеталар, каттар, жаңылыктар күтүп жаткан.

Кошаров ботаникалык, геологиялык, этнографиялык табылгалардын баарын аман-эсен жеткириптир. Миңдеген чакырым жол баскан трашманке дагы эле баягысындай жакшы, жаңы көрүндү, ошондуктан Семенов тымызын тынып, ичинен кубанды.

Сүрөтчү Томскиге жетүүгө ашыгып жатты. Ал көк мелжиген тоолордун сүрөтү салынган альбомду Семеновго тапшырып, жаңыларын Петербургга жибермек болуп, жолго даярдана баштады. Асылым Павел Михайлович! Ал эч нерседен тартынбаган, ишенимдүү жолдош эле, саякат кыйын экен деп бир да жолу башын жерге салган жок. Петр Петрович сүрөтчүнү өөп, жылуу, муңайым коштошту.

30-сентябрда Достоевский Петр Петровичти узатты. Сүргүндө жүргөн жазуучу Семенов аркылуу өзүнүн тууганДарына кат жазып, бир катар тапшырмаларды берди. Алар шаардын четинде, Барнаулга баруучу кан жолдо коштошту. Семенов трашманкеге олтурар замат аттар ордунан

козголду. Ал артына кайрылып, башындагы шляпасын алып, булгагылап, катуу кыйкырып мындай деди:

— Калаадан жолугушканча аман бол, Федор Михайлович!

Достоевскийдин бөкчөйгөн караанын кайыңдардын далдасында калды. Петр Петрович тасмадай сызылган жолдон көзүн албайт. Көк мелжиген тоолор кайрадан анын көз алдына тартылып, бирок ал азыр «али ачыла элек пардону көтөрүп гана койгонун» эсине салат. Өткөн эки саякат сырдуу Тянь-Шанга болгон чалгындай гана көрүндү.

Мунун бардыгы алгачкы башталыш болучу. Көк тиреген тоолор жөнүндөгү китептин алгачкы барагы ачылган эле. Ал китепти бүт окуп чыгуу бир кишинин колунан келбейт.

Өзүнүн замандаштары үчүн Семеновдун Тянь-Шанга болгон саякаты илимий чоң окуя болучу. Өз саякатынын мезгилинде Петр Петрович Азиянын жерин таануу боюнча эң маанилүү маселени чечет.

Ал Тянь-Шандагы кар жаткан чекти ажыратып, анын бийиктигин белгиледи.

Ал Сары-Жаз суусунун башындагы мөңгүлөрдү ачып, анын Азия континентиндеги улуу мөңгү экендигин аныктады.

Ал Александр Гумбольдттун Көк тиреген тоолордун вулкандан улам жаралгандыгы жөнүндөгү гипотезасын текшерип көрүп, жокко чыгарды.

Саякаттан кайткандан кийин Петр Петрович ошол маселелердин бардыгы боюнча бир катар илимий макалаларын жарыялады. Жол жүрүп жазган күндөлүктөрү менен өзүнүн байкоолору анын: «1856-жылы Верныйдан чыгып, Сөөк-Дөбөнү ашып, Боом капчыгайы аркылуу Ысык-Көлдүн батыш тарабына чейин саякат». «Тянь-Шанга же, Көк тиреген чокуларга, андан ары Яксартка же, Сыр-Дарыянын башына чейинки биринчи саякатты картага түшүрүү». «Көк тиреген чокулар же Заилийск крайы» деген географиялык эмгектеринде чагылдырылган. Карл Риттердин экинчи томундагы «Котормочунун баш сөзү» да ага тиешелүү.

Саякаттан элүү жыл өткөндөн кийин ал жол күндөлүгүнө дагы бир жолу кайрылган. Алардын баарын талдап чыгып, өзүнүн «Тянь-Шанга саякат» деген эмгегин жазат.

Өзүнүн географиялык эмгектеринде Петр Петрович Тянь-Шань тоолорундагы кар жаткан бийиктик жөнүндөгү маселени өтө кунт коюп талдайт. Анын аныктоосуна караганда Көк тиреген тоолордогу кар үч-үч жарым миң

метр бийиктикте жатат. «Анын климатынын кургактыгы, түбөлүк мөңгүлөрдүн туруктуулугун жогорулатат» — деп жазат Петр Петрович. «Эгерде Көк тиреген чокулардын адаттан тышкары кургак атмосферасына аябаган ысык күндөрдү жана адыр-тоолордун абдан ысып чыгышын, булутсуз ысык жана кургак атмосфераны кошумчалай турган болсок, бийиктикте жаткан мөңгүлөр жөнүндө түшүнүк алабыз...»

Тянь-Шандагы ушундай кургак климаттын шартында мөңгүлөр кантип сакталып турат деп Семенов адегенде күмөн санаган эле. «Ал күмөн саноолорду фактылар жокко чыгарды, анткени Хан-Теңир татынакай тоо группаларынан, жайкалган мөңгүлөрдү жана мен Альпы тоолорунан көрбөгөн муз деңиздерин таптым».

Семеновдун саякатына чейин Ички Азияда вулкандын бар экендиги тандыргыс факты деп эсептелген. Карл Риттер, Абель-Ремюз, Клапрот, Иакинф, Александр Гумбольдт Тянь-Шань вулкандардан улам жаралгандыгына ишенип келишкен. Гумбольдт вулкандар Кулжа, Турфан, Ысык-Көл жана Ала-Көл райондорунда ушул күнгө чейин өкүм сүрүп турат деп ойлогон.

Семеновдун Или өрөөнүндө, Музарт менен Жууку ашууларында жүргүзгөн, Ала-Көлдө өткөргөн изилдөөлөрү андай жаңылыш көз караштарды жокко чыгарды.

Илим Гумбольдт менен Риттердин көз караштарынан баш тартат. Мындай баш тартыш Ички Азиянын геологиялык структурасын туура түшүнүүдө зор роль ойноду. Семеновдун Тянь-Шандын тоо жолдорун изилдеп чыгышы, географиялык илимдеги чоң окуя болуп калды. Алар тоо кыркаларынын түзүлүшүн аныктап, эң ыңгайлуу жол байланыштарын көрсөттү. Семеновдун эки саякатынын маршруту географиялык жаңы экспедициялардын жүрүшү үчүн үлгү болуп калды.

XIX кылымдын 40-жылдарында илимде Тянь-Шань жогорку кеңдик жана меридионалдык тоо чоку системасы катары эсептеле турган. Семенов кайчылашкан өрөөндөрдү, Заилийск Ала-Тоосун, Жыланач бөксө тоолорун, Мерке, Каркыра, Кеген жана Чарын өзөндөрүнүн бойлорун изилдеп чыгуу менен ал орфографиялык схеманы жокко чыгарды.

Семеновдун Көк тиреген тоолорго жасаган саякатынын илимий натыйжасы ар түрдүү жана өтө бай. Тянь-Шандын туңгуч изилдөөчүсү катары ал биринчи жолу илимий байкоо жүргүзүп, жыйналган материалдарын биринчи болуп жыйынтыктады. Белгисиз өлкөнүн географиясын үйрөнүүгө комплекстүү мамиле жасоо анын саякатынын негизи болуп калды.

Петр Петрович географиялык адабиятка жаңы терминдерди киргизди. Кайчылашкан өрөөн, бөксө тоолор, өзөндүү аймак, тоо кыркалары, ойдуңдар анын жеңил колу менен жазылып, турмушка кеңири сиңип кетти.

Кийинчерээк, Орус география коомунун элүү жыл ичиндеги иштерине баа берип келип, Семенов мындай деп жазат: Коомдун экспедициялары, «илимий изилдөөлөргө гана кызмат кыла турган геодезиялык сүрөт тартуулар жана орфографиялык аныктоолор менен чектелген эмес... Алар өлкөлөрдүн жаратылышын изилдөөгө, анын жаратылышын, андагы айбанаттарды аныктоого, акырында, жер үстүндө жашап, жаратылыштын күчүн өзүнө багындыра билген адамдарды изилдеп көрүүгө айрыкча көңүл бурушкан...»

Андай экспедицияларга өзү негиз салган.

1857-жылы ноябрь айынын башында Семенов Петербургга кайтып келди. География коомунда дагы бир катар өзгөрүштөр болду. Адмирал Литке вице-председателдик орунга кайтып келет.

Федор Петрович саякатчыны кучак жайып тосуп алды. Коомдун мүчөлөрүнүн чогулушун чакырат. Петр Петрович өзүнүн саякаты жөнүндө кыскача отчет берип, ошону менен бирге үчүнчү, мурдагыдан кенен жана маанилүү саякаттын планын киргизди.

Петр Петрович Тянь-Шандын түштүк жагы менен Ысык-Көлдөн чыгып, Үрүмчү менен Кулжага чейин барууну ойлоду. Көктү тиреген чокуларды Ысык-Көлдүн батыш жээгинен тартып, география илиминде таптакыр белгисиз жерлерди кезип, Музарт ашуусуна чейин изилдеп чыгууну көксөйт.

Петербургдагы сансыз жолугушууларга, жаңы тааныштарды күтүүгө, толуп жаткан иштерге карабастан Петр Петрович өзүнүн достору — Потанин менен Валихановду унуткан жок. Ал Потанинди Петербург университетинин эркин угуучусу кылып орноштурду. Азия департаментинин директору Е. П. Ковалевскийди Валихановдун Кашкарга жасоочу экспедициясына кызыктыра алды.

Батыш Кытай боюнча саякатка барып келген жазуучу, дипломат, ориенталист, География коомунун мүчөсү Ковалевский Ички Азиядагы орус изилдөөчүлөрүнө өтө кызыккан жана чоң маани берген. Семенов менен Ковалевский Чокан Валихановдун экспедициясына макулдук алышат. Петр Петрович жаш саякатчы үчүн атайын кат даярдайт.

Валихановго Кашкардагы саясий жана аскер абалдары менен таанышып келүү сунушун жүктөйт. Кашкар элинин тарыхы менен таанышып келиши зарыл деп табылат. Анда-

гы соода иштеринин абалын билүү табышталат. Ал каттагы негизги маселе Кашкардын географиясын изилдөө эле. Валиханов ал жердин жаратылышын, айбанаттарын, жер байлыгын изилдөөгө өзгөчө көңүл бурушу керек болчу.

Ошону менен бирге Семенов өзүнүн саякатынын материалдарын иштеп, үчүнчү экспедициясынын программасын тактайт. Ал ички Азияга 1860-жылдын жаз айларында аттанууну божомолдойт. Бирок анын бул ою ордунан чыкпай калды.

— Мага сиздин адамды сүрөгөн, өтө керектүү оюңуз абдан жакты,— деп тынчтандыра сүйлөйт Петр Петровичти адмирал Литке,— бирок азирети падышанын өкмөтү экспедицияга керек болгон каражат ажыратпайт. Биздин Ички Азияга киришибизге бардык жагынан каршы турган Англия менен байланышыбызды бузуп алабызбы деп чочулайт биздин өкмөт...

Петр Петрович Литкенин кабинетинен капаланып чыгат. Географиялык жаңы ачуулардын чегинде туруп, ошол чектен өтө албайт деген эмне? Жаңы горизонтту көрүп туруп, ага жакындай албаса, чыныгы изилдөөчү үчүн андан жаман мүшкүл барбы?

II

*XIX глава*

# РЕФОРМА АЛДЫНДА

Петербургду айың сөз аралады. Ал алдыда турган крепосттук укукту жоюу, дыйкандарды бoштондукка чыгаруу, жер реформасы жөнүндөгү адамды толкундаткан, кулак түрдүргөн, бири-бирине карама каршы келген ушак эле. Петр Петрович толкундана түшкөн борборду кыдырып, көчөдөгү, коомдук жайлардагы, география коомундагы сөздөргө кулак салды.

Крым согушу империяны саясий жана экономикалык тозгунга алып келди, ошол согуштун кесепети ички кайра курууларды тездетүүнүн зарылдыгына үндөдү. Алысты баамдай билген орус помещиктери буга тез түшүндү. «Севастопольдогу соккудан, акыркы согуштун азап-тозогунан кийин, башкаруунун эски системасы өзүнөн-өзү ыдырай баштайт»,— деп жазган тарыхчы Чичерин. «Биз батыштан кирип келген тышкы душмандардын күчүнө багынбастан, өзүбүздүн ички күчсүздүгүбүздөн улам багынып бердик»,— дейт рязандык помещик Самарин. Ал турсун барып турган реакционер, келечектеги падышачылыктын министри Валуев мындай дейт: «Азыркы түзүлүшүбүз Россиянын рухий жана коомдук күчүнүн өнүгүшүнө тоскоолдук кылып жатат, сыртынан караган кишиге жылтыраганы менен ичи чирик».

Крым согушунун мезгилинде жана андан кийин Россияда дыйкандардын көтөрүлүшү күч ала баштайт.

Мужиктер помещиктерди өлтүрүп, заңгыраган короо-жайларын өрттөп, салык төлөөдөн баш тартып, буйруктарды аткарбай коюшат. Көптөгөн крестьяндар үй-бүлөсү менен өзүнүн төрөлөрүнөн безип, токойлорго, тоолорго жашынышты. 1857-жылы Россияда кырк козголоң болду. Крепосттук кулдукка каршы чыккан элдик кыймыл он алты губернияны кучагына алган.

Киев губерниясында гана андай козголоңго беш миң

дыйкандар катышты. Пятигорскинин жанындагы Маслов Кут селосунун кембагалдары өзүнүн помещигинен кулдуктан куткарууну талап кылышты. Помещик жардамга аскер чакырттырды.

Кембагалдардын козголоңу өзүнөн өзү ар кайсы жерден чыга берди. Алар крепосттук түзүлүштүн кантип урап баратканына күбө болуп гана турушту. «Көп сандаган адамдарды кучагына алган бул таптын кокусунан баш көтөрүп, өз күчүнө ишенип, көзү жете турган болсо, мойнундагы шамиянды алып ыргытып, эзүүдөн бошоноорунда талаш жок»,— деп айтылган Москва менен Петербургга тарап кеткен жашыруун каттардын биринде.

Россияда жаңы доор башталды. Дыйкандар крепосттук укукту жок кылуу үчүн күрөш жүргүзүп, алар жүргүзгөн күрөш өлкөнүн капиталисттик өнүгүшүнө жол ачат.

Крымдагы согуштан кийин Александр Экинчи москвалык дворяндарга мындай деп айтууга аргасыз болот:

— Крепосттук укук төмөнтөн баштап өзүнөн өзү жоюлушун күткөндөн көрө, аны жогору жактан жоё баштоо дурус болоор... Силерден өтүнөөрүм, мырзалар, муну кантип ишке ашырууну ойлоп көрсөңөр...

1857-жылдын январь айында Александр Экинчи дыйкандардын иштери боюнча ар түрдүү долбоорлор жана каттар менен таанышып чыгуу үчүн «жашыруун комитет» түзөт.

Бул комитет 1839-жылы Николай Биринчи тарабынан эле түзүлгөн болчу.

Комитетке падыша өзү председателдик кылган, анын мүчөлүгүнө ашкере реакциячыл кул ээлери тартылган. Ал жашыруун комитеттин милдети — «помещиктердин колундагы дыйкандардын турмуш абалын жакшыртуу болучу».

Кембагалдардын экономикалык абалы жөнүндө жок дегенде жалпы маалымат алып келүү үчүн комитет борбордук орус губернияларына өзүнүн эмиссарларын жиберет.

Андай эмиссарлыкка күтүүсүздөн ак ниет, акылдуу, крепосттук укуктун барып турган душманы Заблоцкий-Десятовский дайындалып калат.

Жашыруун комитеттин тапшыруусу боюнча Заблоцкий-Десятовский борбордук губерниялардын баарын кыдырып чыгып, дыйкандардын абалы жөнүндө доклад жазып берет. Ал кембагалдардын адам чыдагыс оор турмушу жөнүндө тартынбай жазгандыктан, Жашыруун комитет докладды Николай Биринчиге берүүдөн жазганат.

«Россиядагы крепосттук абал жөнүндөгү» катында Заблоцкий-Десятовский дыйкандарды тез аранын ичинде бошондукка чыгаруу жөнүндөгү маселени коёт. Жашыруун комитеттин мүчөлөрү маселенин коюлушуна наараз экен-

диктерин билдиришет. Көп узабай падышанын өзү да крепосттук дыйкандардын турмуш-тиричилигин жакшыртуу жөнүндөгү» ойдон баш тартат. Ошентип, Жашыруун комитет өзүнүн ишин аяктайт.

Александр Экинчи комитетти кайра негиздейт, бирок ал жайбаракат, сактанып, негизги маселелерди аттап өтүүгө аракеттенип иштей баштайт. Падышага жасакерленип иштеген комитеттин мүчөлөрү — помещиктен кеңчилик албай туруп, кембагалдардын үйлөнүүгө акысы барбы? Дыйкандарды жазалоо боюнча помещиктердин укугун чектөөгө болобу? — деген өңдүү «проблемаларды» чечмелейт.

Ички иштер министринин досу Левшиндин айтымына караганда Жашыруун комитеттин мүчөлөрү «өзүлөрүн иш ушуну менен эле тынчып калат» деп жоотуп келишкен.

Бирок крепосттук укукту жоюу жөнүндөгү «иш» тынчып калган жок. Өзүлөрүнүн ыктыярына жана каалоосуна карабастан падыша жана дворяндар крепосттук реформага даярдана башташты. Крепосттук түзүлүштү жокко чыгарууга аларды кандай күч аргасыз кылды? Ал суроолорго кийинчерээк Ленин жооп берди:

«Помещик-крепостниктер Россиянын Европа менен товар алмаштырып турушуна тоскоолдук кыла алган эмес, дыйканчылыктын эски, урап бара жаткан формаларын кармай албаган. Крым согушу крепосттук Россиянын чирип жана алсырап бараткапын көрсөттү. Боштондукка чыгаруунун алдында ондогон жылдар өткөн сайын күч алып бара жаткан дыйкандардын «бунту» эң биринчи помещик Александр Экинчини төмөнтөн баштап кыйраганды күткөндөн көрө, жогортон баштап боштондукка чыгарууга аргасыз кылган...[1]

1857-жылдын ноябрь айында Александр Экинчи виленскинин генерал-губернатору Назимовдун атына жазылган катын жарыя кылат.

Ал кат аркылуу крепосттук укук жөнүндөгү маселе биринчи жолу Жашыруун Комитеттен ачыкка чыгарылат. Падыша дворяндардын өкүлдөрүнөн турган губерниялык комитетти түзүүнү сунуш кылат.

Тумандаган ноябрь күндөрүнүн биринде эртең менен падышанын катын окуп, Петр Петрович өзүнө коңшу — Васильевск аралынын Сегизинчи линиясында жашаган Заблоцкий-Десятовскийге шашылыш барат.

Семенов Андрей Парфеновичти абдан жогору баалай турган. Алардын алгачкы жолдоштук мамилеси, көптөн бери достук мамилеге айланып кеткен эле.

---

[1] Ленин В. И. Чыгармалар, 4-бас. 95-б.

— Издетпей келип калганыңды кара,— деп күлүп жиберет Андрей Парфенович. — Мен өзүм сага барайын деп отурдум эле. Падышанын катын окудуңбу? Кудайга шүгүр, сөздөн ишке өтөт деген ушул.

— Мындай улуу ишке бүткүл өмүрдү арнаса да болот,— деп жооп берди Петр Петрович. — Мен өзүмдүн туулган жериме барып, помещиктер менен дыйкандардын пикирин угуп келсемби деп турам. Алардын пикири менен толук таанышып келгим келип турат.

Андрей Парфенович Семеновдун оюн чын ниети менен колдоду.

Петр Петрович Рязань жана Тамбов губернияларына жөнөп кетти. Жолду ката ал нижгороддук жана москвалык дворяндарды дыйкандар маселесин талкуулоого чакырып, падышанын жиберген каттары менен тааныштырды. Помещиктердин кызыкчылыгын колдогон падыша алардын пикирин угууга кызыккан эле. Баягы Жашыруун комитет дыйкандар маселеси боюнча Башкы комитет деп атала баштаган.

Башкы комитет дыйкандар реформасына даярдык көрүү боюнча келип түшкөн губерниялык комитеттер тарабынан даярдалган бардык долбоорлорду жана каттарды карап чыкты.

Ар бир губерниялык комитетте өз ара күрөшкөн топ бар эле. Помещик-«либералдардын» кай бир бөлүгү дыйкандар маселеси боюнча кеңечилик кылышты. Алар өзүлөрүнүн иштерин капиталисттик жолго салмакчы болгон жана реформанын зарыл экендигине түшүнгөн дворяндар эле.

Алардын экинчи бир бөлүгү — «ашкере консерваторлор» — аларды мыскылдап ушинтип атап коюшчу, эч кандай кеңечилик кылгылары келишкен эмес. Ашынган крепостниктердин ичинде майда дворяндар менен ири феодалдар бар эле.

Петр Петрович мына ошол карама-каршы далалаттардын, пикирлердин, ойлордун ортосунда калат. Өзүнүн чырпыктан согулган трашманкесине олтуруп алып дүрбөлөң түшкөн, эмне болоор экен деп кулак түргөн Россияны кыдырып, көңүл коё байкап, угуп, уккан-көргөндөрүнүн баарын көкүрөгүнө түйөт. Помещиктердин короо-жайларын, дыйкандардын үйлөрүн көрөт, кыштактардагы ашмачыларда, селолук базарларда, тегирмендерде болот. Губернаторлор, дворяндардын билермандары, помещиктер, крепостчулук кембагалдар, кызматчылар менен аңгемелешип көрөт. Губерниялык комитеттердин заседаниелерине катышат.

Күндөрдүн биринде анын трашманкеси пронскилик помещик Офросимовдун таш менен курчалган короосунун дарбазасынын оозуна келип токтойт. Өзүн билимдүү либерал, Россиянын закондорун жакшы билген кишимин деп эсептеген Офросимов калктын кайгы-муңу жөнүндө аңгемелешүүнү жакшы көрүүчү.

— Мен дыйкандарды боштондукка чыгарууну чын ниетим менен каалайм,— деп айтты ал Петр Петровичке. — Боштондук кембагалдарга пайда келтиреби, дворяндар кийин оңдоого мүмкүн болбой турган зыянга учурайбы деп корком. Мен өзүмчө долбоор түзүп көрдүм, дыйкандарды боштондукка чыгарууну дагы он эки жылга калтырса ырас болчудай. Бул жылдардын ичинде дыйкандарды бошотуп жиберүүгө болбойт. Ал турсун кембагалдарды помещиктердин колунан убактылуу бошотууга болбос. — Офросимовдун шашпай жай сүйлөгөн сөздөрү темирдей катуу угулду. — Дворяндык жерге толук ээлик кылуу укугунан пайдаланышы керек.

Петр Петрович Офросимовдон чыгып, Волконскийге шашылып жөнөдү.

Болугунан келген, жумшак, назик, көзүнүн алды менен караган князь Волконский барып турган крепостник эле. Ал да өзүнүн долбоорун түзүп, сунуш кылды: «Жер реформасы дыйкандардын турмушун жарытылуу жакшырта албайт, помещиктерди жакшы жерлеринен ажыратып, укмуштай зыян келтирет»,— деп жазыптыр князь Волконский.

— Азиз төрөм, Петр Петрович,— деди жалпактаган князь,— кулдарга энчи бөлүп берүү менен бүткүл дүйнөгө даңкыбыз чыгаарын билем. Азирети императордун дыйкандарды боштондукка чыгаргысы келиптир, анын айтканы биз үчүн ыйык нерсе. Анын ак көңүлдүгүнө кудай өзү жар болсун, бирок дворяндар жерин бекер эле бере койбойт. Жер — биздин ыйык менчигибиз эмеспи. Ошондуктан анын ар бир тешесине алтымыш теңге төлөп беришсин. Андан арзанга таптакыр болбойт!

Помещиктердин сунуштары менен долбоорлору Петр Петровичке жамгырдай жаады. Ири жана майда дворяндардан тартып, уезддик монастырлардын ээлерине чейинкилер жазып жатты. Алардын ар кимиси кембагалдардын кызыкчылыгын тебелеп-тепсеп, ошолордун таман акы, маңдай тери ширелген жерди бербөөгө аракет кылышат. Ошондон улам кабагы салаңдаган Семенов помещик Самаринге келди. Рязанда жүргөндө эле ал Самариндин акылдуу, дыйкандарды боштондукка чыгаруу жагында турган адам экендиги жөнүндө уккан болучу.

Аны жээрде сакал, салмактуу, сабырдуу, болук киши тосуп алды. Алар бирин-бири этиеттик менен баамдай олтуруп, бүгүнкү күндүн маанилүү маселесин көпкө талкуулашты.

— Эгерде помещиктер адилет болсо, жер дыйкандардыкы экендигин кыңк этпей моюндашы керек. Жерди акчага сатууга эч кандай акыбыз жок. Жер бөлүп бербей туруп, дыйкандарды боштондукка чыгарабыз деген кур бекер кеп,— деп күйүп-жанып сүйлөдү. — Ырас, мындагы помещиктер менин сунушумду жактырган жок. Кембагалдарга акча албай жер бөлүп берип, боштондукка чыгара турган донкихоттор табыла турган эмес,— деп Самарин мыйыгынан күлүп алды. — Өзүмдүн сунуштарым менен аларга жаман көрүнүп алдым, ушактап киришти. Тим эле коркуткулары бар. Дворяндардын кызыкчылыгына чыккынчылык кылды деп жатышат. Жерди дыйкандарга акысыз кайтарып бергенде гана реформа жакшылык менен аяктайт,— деп сөзүн андан ары улантты Самарин. — Мен кембагалдар менен аңгемелешип көрдүм. Алар эмне деп айтканын билесизби? Боштондук жакшы нерсе, жер болсо түбөлүктүү иш. Жерсиз жашоо мүмкүн эмес, ааламдын бөлөк четинде бош жер жок. Помещиктерден болбосо, биз жерди кайдан алабыз?

— Күч менен алышат,— деп Петр Петрович башын ийкегиледи.

— Шартты көрүп туруп помещиктер жерди берүүгө аргасыз болоор, бирок кудай өзү сактасын! — деп жиберди Самарин. — Туланын помещиктери үйдүн жанындагы жараксыз жер үчүн эле төрт жүз сексен сом берүүнү талап кылып жатышат. Бул өзүнүн баасынан он беш эсе кымбат. Ал эми рязандык помещиктер кембагалдар турган үй үчүн да, кампа үчүн да, ат менен уй үчүн да акча төлөсүн дейт. Башкача айтканда, өзүнүн кулдарынын тамырын кыркып туруп, жылаңач айдашмакчы. — Самарин оор үшкүрүп жерге үңүлдү.

Көпкө созулган ыңгайсыз тынчтык өкүм сүрдү. Батайын деп бараткан күн эски жасалгадагы кабинетке жарык берип, шам орноткон такталар жылтырап, керегедеги килемдер, илинип турган тапанчалар даана көрүнүп турду.

Петр Петрович Самариндин көз карашына толук макул эле, ал дыйкандарга жер бөлүп берип, боштондукка чыгарууну чын ниети менен каалайт бирок эмне кылуу керек? Самарин өңдүү бирин-серииндеринен башка дворяниндер бүт бойдон каршы. Император болсо алардын кызыкчылыгын басмырлагысы келбейт.

«Ошол кездеги мамлекеттик жана коомдук түзүлүштүн

негизсиз экендигине жана радикалдуу реформанын өтө зарылдыгына — ал акыры жүрүп олтуруп бүткүл орус калкын крепосттук көз карандылыктан бошото тургандыгына, дыйкандар оор түйшүктөн бошоп, эркин эмгек кылып, жерди жакшы пайдалана алышына» көзү жеткен Петр Петровичтин кабыргасы кайышып, кабагы түйүлдү.

Петр Петрович Россиянын келечегине көз жүгүртүп көрүп коркот. Россияда революция болот деген оюна да келбейт. Акырындык менен реформа жүргүзүү — крепосттук укукту жоюу, дыйкандарга жер бөлүп берүү, элди агартууну жолго салуу гана өз өлкөсүнө өзгөрүш киргизе алат деп ойлогон. Азырынча Россияда — теңсиздиктин, эскиликке жармашуунун жана обскурантизмдин доору өкүм сүрүп жатат. Ошентип, Самарин менен коштошуп, ал Рязанга жол тартты.

Кыштактарды аралаган жол менен келе жатты. Аттарын тойгузуп алуу үчүн кыштактагы тегирменге бурулду. Анткени ал ар дайым тегирменде болууну жакшы көрө турган: тегирмен жүрүп турганда жанында болсоң кандай сонун. Тегирмендин балыр басып, көгүш тарткан барасынын чабалактап айланганы, анын ташынын чимирилгени, тартылган ундун калага агып турганы моокумун кандырат. Тегирмендин устун карагайдан жасалган керегелери ундун тоскокторуна толуп, кампаны тарткан аркандар бурч-бурчтарга керилген. Семенов мешокко олтуруп, чарчаган буттарын сунду. Тегирменге келген кембагалдардын сөзүнө кулак түрдү.

— Бери карагылачы, мужиктер. Проскиде кембагалдар өзүнүн кожосун.суугa салып өлтүрүптүр. Мойнуна таш байлап сууга салып жибериптир. Полиция бир жума издеп, таппай коюптур,— деди арык, алсыз, жамаачы чапан кийген чал.

— Орловщинада кембагалдар өзүнүн кожосунун оозуна кара топурак толтуруп өлтүрүптүр дейт. «Мына бу биздин жердин топурагын жеп жатып өл деген имиш». Кожосу жети кадак топурак жеп өлүптүр,— деди орто бойлуу, кара сакал тегирменчи.

— А бизде мындай окуя болду,— деп баштады каргылданган үндүү да бирөө. Петр Петрович үн чыккан тарапка бурулду: бурчта кашы жок бирөө олтурган экен. — Ал мындай болуптур,— деди жөтөлүмүш болуп алиги киши. — Кожосун бороздойго тирүү көмүп салыптыр...

Ал аңгемелерди уккан Петр Петрович далдырай түштү. Акыркы жылдардын ичинде 147 помещик кембагалдар колдуу болгонун эстеди.

— Төрөм,— деп сурап калды күтүлбөгөн жерден тегир-

менчи,— кызы шаардык көрүнөсүң, боштондук жөнүндө эмне кеп бар? Боштондук болот бекен, же бекер сөзбү?

— Боштондук болот,— деп Петр Петрович чечкиндүү жооп берди.

— А жерчи? Падышанын катында: кембагалдарга жер бөлүнүп берилет, боштондукка чыгарылат деп жазыптыр, помещиктер болсо ал кагазды житире катып салыптыр. Бу чынбы, жокпу?

— Биле албадым,— деп мукактана жооп берди Петр Петрович.

Тегирмендин ташы чимирилип, калага ун агып турду. Беттерин бырыш басып сөөктөрү каржайган, алсыз мужиктер кабагын карыш салып олтурушту. Буттарында чокой, үстүндө жамаачыланган көйнөк, шым. Крепостной-кембагалдар. Эзелтен берки кулдар. Помещиктер өлтүрүп койсо доосу жок, чекесин жара кой, сурак жок, каторгага айдатып жибереби, кансыратып урабы, өзү билет. Буюм катары сатса да, адамкерчилигин басмырласа да өзү билет...

Петр Петрович Рязань жана Тамбов губернияларынан муңайып кайтты. Үч жума анчалык көп убакыт эмес, бирок «бул крайдын экономикалык абалы жана элдин тиричилиги менен таанышып, өзүмдү өтө кызыктырган бул губерниялардын дворяндарынын жана дыйкандарынын кулкмүнөзүн жакшы билүү мен үчүн жетиштүү эле».

Тамбов менен Рязандагы помещиктер дыйкандарды боштондукка чыгарууга макул, бирок жер бөлүп берүүгө каршы, же кымбат баада беребиз дешет. Тамбов жана Рязань дворянстволорунун пикирлерин окуп чыгып, Петр Петровичтин көзү буга толук жетти. Алардын пикиринин мааниси крепосттук эмгекти мүмкүн болушунча кечеңдетүүдө эле. «Дыйкандарга эптеп эле өлбөстүктүн оокатын кыла турган гана жер бериш керек, алар ошого укуктуу болсун. Дыйкандар экономикалык жактан помещиктерге көз каранды болушу керек. Кембагал, бей-бечараларга бөлүнгөн анча-мынча жерден башкасы помещиктердин карамагында калсын».

Дыйкандарды минтип «боштондукка» чыгарганда реформадан кийин да, крепосттук абал өкүм сүрө бермек. Жер жетишпеген кембагал өтө оор шарттар менен помещиктин жерин арендага алууга аргасыз болмок. Жарамсыз жер кембагалдардын колун матап, помещиктерге арзан жумушчу күч табууга мүмкүндүк бермек. Дыйкан өзүнүн чарбасын өнүктүрө албаган соң толугу менен помещиктерге көз каранды болор эле. Кыскасын айтканда, крепосттук эзүүнүн мезгилиндей эле укуксуз турмушка маталмак.

Помещиктердин талабы Петр Петровичке абдан жаман

таасир калтырды. Ошентсе да көпкө ойлонуп көргөндөн кийин, ал «Дыйкандар ишине активдүү катышууну, ал үчүн даярдыгы бар экендигин билип — ошондой чечимге келет».

Семенов Петербургга кайтып келип, Башкы комитеттин председатели генерал-адъютант Ростовцевге кат жазды. Граф Ростовцев Петр Петровичти бала күнүнөн билгендиктен, ошол замат өзүнө чакырттырды.

Граф Яков Иванович Ростовцев падышанын досу болгон жана анын ишенимине кирген киши эле. Александр Ростовцевди дыйкандар маселеси боюнча өзүнүн башкы кеңеш берүүчүсү деп эсептеген. Орустун алдыңкы катардагы интеллигенциясы графты теги жаман адам катары таанышкан.

Ростовцев пажеск корпусунда окуп, андан кийин лейб-егерск полкуна кирген. 1823-жылдан тартып ал «Жакшылык кылуучулардын союзунун» жашыруун мүчөсү болот. Ростовцев өзүнүн досторуна — декабристтерге салтанаттуу түрдө мындай убада берет; «жалпынын пайдасы үчүн бардык күчүмдү жумшаймын, өкмөттүн бардык чараларын колдоймун, ар кандай зыянкечтикке тоскоолдук кылам жана кызматынан артыкча пайдалангандардын бетин ачамын, карасанатайлык кылгандарды ашкерелеймин, ал эми өзүм болсо эч нерседен коркпостон жана тартынбастан иштеймин».

Декабристтер көтөрүлүшкө даярданып жатканын угуп, Ростовцев өзүнүн антын унутуп коёт. «Эр жүрөк, айкөл адам» улуу князь Михаил Павловичке келип, көтөрүлүш даярдалып жатканын айтып коёт. Декабристтер падышанын фамилиясын таптакыр өчүргөнү жатат деп маалымдайт.

Декабристтерди талкалагандан кийин Николай Биринчи чыккынчыны унуткан жок. Ростовцевди аскердик-окуу бөлүмүнүн штабынын начальниги кылып дайындайт. Лейб-егерск полкунун офицерлери, декабристтердин достору графты жек көрө тургандыгын ачык эле айта турган болушат. Ростовцев полктон кетүүгө аргасыз болот.

Александр Экинчи падышанын тирүү кезинде эле аскердик-окуу бөлүмүнүн штабынын начальниги менен достошуп алган. Такка олтурары менен ал аны — Ростовцевди мамлекеттик советтин жана министрлер комитетинин мүчөсү кылып дайындайт.

Дыйкандардын иштери боюнча Жашыруун комитет Башкы комитетке айландырылган кезде, падыша Ростовцевди анын председателдигине коёт.

Кийинчерээк Семенов өзүнүн мемуарында мындай деп

жазат: «Чынында эле дыйкандарды боштондукка чыгаруу боюнча закон даярдоо ишине Ростовцевдин эч кандай даярдыгы жок болучу... Тилекке каршы Петербургдагы интеллигенттердин кружогунан, түздөн-түз өзүнө карама-каршы келген герцендик «Колоколдон», Петербург менен катнашы бар дворяндардын ичинен көмөк көрсөтө турган киши таба албаган...»

Ростовцев менен анын жакын кишилеринин бири, бай помещик Позен «Дыйкандарды боштондукка чыгаруу жөнүндөгү» долбоор-катты жазышат. Ал кат падышаны абдан кызыктырып калат. Долбоор алдыда болуучу реформада помещиктердин кызыкчылыгын коргойт.

Ростовцев менен Позен дыйкандарды он эки жылдык мөөнөт менен боштондукка чыгарууну сунуш кылат. Ал жылдардын ичинде дыйкандар мурдагысындай эле толук бойдон помещиктерге көз каранды болушу керек эле.

Семенов Ростовцев менен Позендин долбоору менен таанышып чыгып, аябай иренжийт. «Бул кытмырлык менен түзүлгөн план кудай менен алтын дегенге кулдук уруп, дагы он эки жылга чейин крепосттук укукту сактоо керек дегендикке жатат». Дыйкандар крепосттук көз карандылыктан бошогондон кийин да, помещиктердин жерине бекиген бойдон калат. Ростовцев-Позендин долбоору анын оюнча «дыйкандарды биротоло жерден ажырап калууга алып келет».

Семенов граф Ростовцев чакыраары менен ага барды. Бир боор жерлерди кыдырып чыккандан кийин пайда болгон өзүнүн пикирин айтты.

— Помещиктердин көпчүлүгү алдыда турган реформадан коркуп жатышат. Алар аны жактырышкан жок, крепосттук укуктан ажырагылары келбейт,— деп айтты Петр Петрович. — Помещиктер крепосттук укуктан ажыраса өздөрү ташжалак калышын билишет: Рязань менен Тамбов губернияларындагы помещиктердин пикири мына ушундай. Анткени менен алдыңкы катардагы билимдүү дворяндар Крымдагы алаамат согуштан кийин дыйкандарды боштондукка чыгаруу сөзсүз керек жана өтө зарыл деген тыянакка келишиптир. Ал дворяндар, ошонун ичинде мен да дыйкандарды мындан ары крепосттук көз карандылыкта кармап туруу мүмкүн эмес деп түшүнөбүз.

Ростовцев Семеновдун сөзүн кунт коюп укту. Петр Петрович унчукпай калган кезде граф мындай деп сурады:

— Сиз Позендин долбоору менен тааныштыңызбы? Ал долбоорду улуу император жактырган...

— Позендин долбоору дыйкандарды боштондукка чыгаруу ишине чоң зыян келтириши ыктымал,— деп жооп

берди Семенов. — Дыйкандарды жерсиз боштондукка чыгаруу мүмкүн эмес. Эгерде мужиктердин жерин тартып алса, бардык жерде козголоң болуп, өкмөттүн административдик чараларынын шайманы жетпей калат. Крепосттук эмгек сактала турган он эки жылдык мөөнөттү реформанын негизи кылып алууга болбойт. Ал баягы эле кембагалдар жек көргөн крепосттук укуктун боёмолонгон бир түрү. Анын үстүнө дыйкандардын жерди сактап ала турган кудурети жок. Дыйкандар жер жөнүндө өз пикирлерин так жана ачык айтып олтурушат.

— Алар эмне деп айтып жатышат? — деп сурады Ростовцев.

— Мужиктер: «Биз силердикибиз, а жер болсо биздики. Биз байдын же падышанын «казыналык» кишилери бойдон кала беребиз, бирок жерди бизден ала алышпайт».
— Петр Петрович бир аз ойлоно түшүп, өз атынан буларды кошумчалады: — Чынын айтсам, дыйкандар реформаны азирети падышага толук ишеним көрсөтүү менен күтүп жатышат...

Ростовцев мыйыгынан күлүмүш болду. Анткени ал Семеновго белгисиз нерселерди биле турган. Үчүнчү бөлүм өзүнүн жашыруун билдирүүсүндө империянын көп жерлериндеги кандуу кагылышуулар жөнүндө кабарлаган болчу. Козголоң чыгарган дыйкандарды уруп-сабап, соттоп, сүргүнгө айдап жатканын билдиришкен. Дыйкандар өз жерлерин жана толук эркиндик алуу үчүн күрөшкө аттанышкан. «Закон күчүндө болгон менен крепосттук мамиле иш жүзүндө ыдырай баштады»,— деп кабарлаган Башкы комитетке Нижегородск губерниясынан.

Граф Ростовцев менен жолугушуу Семеновдун көпкө чейинки тагдырын чечти. Ростовцев Петр Петровичти Башкы комитеттин мүчөсү-эксперти болуп иштөөгө чакырды. Петр Петрович макулдугун берди.

«Жаратылышты жакшы көргөндүктөн Семенов саякатчы болгон, адамдарды сүйгөндүктөн коомдук ишмер болуп кетти»,— деп айтышчу анын замандаштары.

Семенов дыйкандар реформасы боюнча даярдык көрүү иштеринин борборуна келип калды. Комитеттин заседаниелери, жолугушуулар, долбоорлор, кыскасы бардык иш ал аркылуу өтө турган болду. Губерниялык комитеттердин сунуштары, ар кандай маанидеги каттар жана «падышанын атына» жазылган запискалар, жашыруун документтер менен билдирүүлөр анын колунан өтө баштады.

Башкы комитетте бири-бирине карама каршы турган эки топ пайда болду. «Либералдар» деп аталган топтун башында чарба депараментинин директору Н. А. Милютин

эле. Ага Қ. Д. Қавелин, А. П. Заблоцкий-Десятовский, Ю. Ф. Самарин, В. А. Черкасский жана башка реформа алдындагы доордун көрүнүктүү коомдук ишмерлери кирди. Петр Петрович да алардын катарында эле.

Либералдар дыйкандарга жер бөлүп берүү менен боштондукка чыгарууну талап кылышты. «Дыйкандарды сөз менен эмес, иш жүзүндө боштондукка чыгаруу керек, акырындык менен эмес, бардык жерде, бир мезгилде эркиндик берүү зарыл»,— деп жазат Тверск дворянствосунун башкаруучусу Унковский.

Твердик помещик-либерал дыйкандарды тез аранын ичинде боштондукка чыгарууну талап кылуу менен, мындай деп кошумчалайт: «Помещиктер өз жери үчүн кандай сый көрсө, крепосттук дыйкандарды боштондукка чыгаргандыгы үчүн ошондой сый көрүшү керек». Экинчи бир либерал Қавелин да, крепосттук кулдарынан жана аларга бөлүп берген жерлеринен ажырагандыгы үчүн сый көрүшү зарыл деп эсептеген.

Милютин башында турган либералдар тобу чарба жүргүзүүнүн капиталисттик методуна өтүүгө аракет кылган помещиктердин кызыкчылыгын колдогон. Ал помещиктерге соода, өнөр жай ишканаларын, айыл чарба фермаларын иреттеп алуу үчүн капитал керек болучу. Қавелин: «Дыйкандарды боштондукка чыгаруу биздин помещиктик чарбаларыбызды коммерсиялык жактан аягы менен тике тургузууну талап кылат»,— деп жазган.

Дыйкандар революциясынын чыгып кетишинен чоочулаган Милютин жана анын тобу бир аз кеңчилик кылууга баруу менен, ошол эле учурда багындыруунун жаңы жолдорун издешкен. Либералдар бул жолду жаңыдан баш көтөрүп келе жаткан орус буржуазиясынан көрүшкөн.

«Ашкере консерваторлор» тобу дыйкандар реформасынан кийин да крепосттук мамилени сактап калууга аракет кылышкан. Қонсерваторлор тобуна падышанын министрлери жана сенаторлор, даңкы чыккан бай дворяндар, ири помещиктер кирген. Қонсерватор-крепостниктер баарын эски бойдон калтырууга болбой тургандыгын жазбай түшүнүшкөн. Алар деги эмнени каалашкан?

Князь Гагарин помещиктерге дыйкандарды закон белгилеген шарттарды буйтап, жер бербестен эле боштондукка чыгаруу укугун белгилеген. «Жердин ээси болгон помещиктер падышанын тагынын жана мамлекеттин негизи болуп саналат. Алардын кызыкчылыгын кысымга алуу жана бийлик кылуу укугун басмырлоо, империянын туруктуулугуна таасир бербей койбойт»,— деп күпүлдөгөн князь Гагарин.

Граф Шувалов дыйкандар помещиктерге акчалай акы төлөсүн же болбосо, крепосттук укуктун учурундагыдай эле алган түшүмүн тең бөлүп турсун деп талап кылган.

Ички иштер министринин досу Левшин бардык жерге помещиктердин өзүлөрү ээ болуу укугу сакталсын, өзүнүн үйү, короо-жайы, жайыты, огороду үчүн кембагалдар помещик канча кааласа ошончо акы төлөп турсун деп талап кылган.

Либералдар менен ашкере консерваторлордун ортосундагы күрөш «кеңчиликтин чаралары жана формалары үчүн жүргүзүлгөн күрөш болучу. Либералдар, крепостниктер сыяктуу эле, помещиктердин менчигин жана бийлигин сактап калуу жагында болуу менен андай менчикти жок кылуу жөнүндөгү, андай бийликти толугу менен кулатуу жөнүндөгү революциячыл ойду жек көрүшкөн»[1].

«Кеңчилик кылуунун чаралары жана формалары үчүн» жүрүп жаткан күрөштө Башкы комитеттин председатели граф Ростовцев либералдар жагына өттү. Милютин менен Семеновдун таасири астында Ростовцев дыйкандарга жер берип, боштондукка чыгаруу жана ал үчүн помещиктерге милдеттүү түрдө жер акы төлөө керек деген пикирге келди.

— Кембагалдарды жерсиз боштондукка чыгаруу — ал канаттууларды бошотуп коё берүү менен барабар,— деп билдирүү жасаган Ростовцев Башкы комитеттин мүчөлөрүнө.

Семенов Ростовцев үчүн дыйкандар реформасы боюнча сөзсүз түрдө кеңеш берүүчү болуп калды. Ошондуктан Ростовцев дыйкандарды боштондукка чыгаруу боюнча закон долбоорун иштеп чыгууну Семеновго жүктөйт. Семенов макул болот.

— Закон долбоору бүткүл империяга таандык болуу менен бирге үч бөлүктөн турууга тийиш. Анын юридикалык бөлүгү дыйкандардын өзүнүн жана үй-мүлккө ээ болуу укугун дааналайт,— деп айтты ал. — Административдик бөлүгү боштондукка чыккан дыйкандарды орноштуруу жана башкаруу маселесин чечет. Үчүнчүсү — чарба бөлүгү, помещиктер менен дыйкандардын ортосундагы жер боюнча мамилесин кароого тийиш...

Закон долбоору боюнча Петр Петровичтин бул сунушу Башкы комитет тарабынан кабыл алынат. Андан тышкары Семенов Александр Экинчинин өзүнө берилүүчү атайын катты жазат. Анда губерниялык-дворяндык комитеттердин бардык сунуштары айтылган болот.

Семенов граф Ростовцевди жалпы закон долбоорун

---

[1] Ленин В. И. Чыгармалар, 4-бас. 17-т. 96-б.

редакциялап чыгуу үчүн Редакциялык комиссия түзүүнүн зарылдыгына макул кылат. Петр Петрович атайын кат жазып, аны Ростовцев падышанын өзүнө берет. Ошол эле учурда Милютин өзүнүн Редакциялык комиссия жөнүндөгү сунушун киргизет.

Редакциялык комиссия министерстволорго да, ведомстволорго да баш ийбестен, закон чыгаруу боюнча өз алдынча иштей турган болот. Комиссиянын ишин жактырып, жактырбай салууга бир гана падыша акылуу эле.

Александр Экинчи Редакциялык комиссия түзүүгө макул болду. Падыша анын председателдигине баягы эле граф Ростовцевди, иш башкаруучулугуна Семеновду дайындайт. Падышанын буйругу боюнча Петр Петрович Редакциялык комиссиялардын мүчө-эксперти болуп калат.

Петр Петрович Закон долбоору менен дыйкандарды боштондукка чыгаруу жөнүндөгү жобону иштеп чыгууга эки жылдан ашуун убактысын кетирди.

Бул арада дыйкандар реформасынын айланасындагы күрөш күчөгөндөн күчөй берди. Петр Петрович алдын ала айткандай, дыйкандар өз тагдырын тынч жатып күткөн жок. Жакында эле ал «дыйкандар өзүнүн келечегин падышага толук ишеним көрсөтүү менен күтүп жатат» деген болучу. Азыр ага — Редакциялык комиссиялардын иш башкаруучусуна империянын чар тарабынан үрөй учурган кабарлар келип жатты.

Көптөгөн губернияларда дыйкандардын козголоңу башталды. Анткени, помещиктер мужиктер пайдаланып келген жакшы жерлерди алып, өздөрүнө кошушуп, ошонун айынан алар козголоң чыгара башташат. Мужиктерди жакшы жерден жаман жерлерге көчүрүп, Сибирге айдашкан эле.

Черноземиялык жана борбордук губерниялардын помещиктери өлкөнүн какыраган талаа аймактарына көчүрүп жибериле тургандай кылып, өзүнүн карамагындагы бүтүн-бүтүн кыштактарды сата башташты.

Помещиктердин мындай кысымына чыдабаган кембагалдар козголоң жана көтөрүлүш чыгаруу менен жооп кайтарышты. Ростовцев менен Семенов Закон долбоору жана дыйкандарды боштондукка чыгаруу жөнүндөгү Жобону иштеп жаткан 1860-жылы эле империяда жүз жолу чоң козголоң болуп өттү.

Герцен тарабынан Лондондо басылып чыккан «Колокол» бүткүл Россияны дүңгүрөттү. Герцен менен Огаревдин укмуштай сонун макалалары менен памфлеттери дыйкандар реформасын даярдоого өтө чоң таасир берди.

Туура, адегенде Герцен да либералдардын жолун жолдогон. Ал Александр Экинчиге абдан ишенген эле.

Герцен падышага кайрылып мындай деп жазган: «Канткен менен элге мен сиз өңдөнүп туу боло албайм. Мен — оңолбой турган социалистмин. Сиз самодержавиялык императорсуз. Ошентсе да, Сиз менен менин туумдун ортосунда бир жалпылык болууга тийиш... ал элди сүйүү. Дыйкандарга жер бериңиз, ансыз деле ал ошолорго таандык. Россиядагы крепосттук абалдын тамгасын өчүрүңүз, биздин бир туугандарыбыздын жонундагы — адамды жек көрүүнүн белгиси болгон көк шишикти айыктырыңыз».

Падышанын атайын руксаты боюнча «Колоколду» Башкы комитеттин бардык мүчөлөрү алат. Петр Петрович өзүнүн жүрөгүндөгүнү таап жазган Герцендин макалаларын кунт коюп окуп чыгат. Ал Герцендин «адам баласынын тынчтык менен өнүгүү жолу, кандуу кагылыштан башталат» — деген сөзүн өз сөзүндөй кабыл алат.

Герцендин дыйкандарды жер бөлүп берүү менен боштондукка чыгаруу үчүн жүргүзгөн күрөшү, помещик-крепостниктердин алдамчылыгынын бетин ачат, ал Семеновдун либералдык көз карашына туура келет. «Кулчулдук падышанын бир ооз сөзү менен бүтүшү мүмкүн» деген сөздү эчен ирет кайталаган Петр Петрович, Герцендин баррикадасыз жана кансыз «жогорку жактан баштала турган революция» жөнүндөгү сөзүнө ыраазы болот. Бирок Герцен дыйкандар проблемасын тынчтык жолу менен чечүүдөн бат эле баш тартат.

«Колокол» «Орус адамы» деген катты жарыялайт, Семенов аны зор ынтаа менен окуйт. Ал Россияда дыйкандар революциясын баштоого карата чакырык эле. «Биздин абалыбыз адам чыдагыс, өтө оор, андан бизди балтадан башка эчтеме куткара да албайт, жардам да бербейт. Балтаңарды колго алгыла Русь».

Революциячыл демократ Герцен менен либерал дворянин Семеновдун жолу эки жакка бөлүнүп кетти.

Семенов дале мурдагысындай эле падышанын «боштондукка» чыгаруучу күчүнө ишенген. Герцен болсо мындай деп билдирген: «Александр Экинчи Россиянын ишенимин актаган жок».

Герцен граф Ростовцевди реакционер, элдин кызыкчылыгын коргогон реформаны ишке ашырууга жөндөмсүз адам катары бетин ачкан. Семенов болсо Ростовцевди «улуу ишке чексиз берилген киши» экенине ишенген.

Герцендин «Колоколу» жер жүзүн дүңгүрөтүп жаткан кезде «Современниктин» беттеринен Чернышевскийдин кубаттуу үнү угула баштады.

Чернышевский крепосттук укуктун жан чыдагыс азап-тозокторун өз көзү менен көрүп аябай муңканган. Анын бар-

дык ою дыйкандарды боштондукка чыгарууда болот. Крепосттук укукту жок кылуу жалпысынан кайра кароого алып келет жана орус коомун кайра жаратат,— деп көрсөткөн Чернышевский өзүнүн макаласында.

Улуу демократ дыйкандарга жер бөлүп берип боштондукка чыгарууну талап кылган. Андан тышкары боштондукка чыгып жаткан дыйкандарга кошумча жер бөлүп берүү керек. Помещиктерден алынган жердин акысын төлөөнү мамлекет өз мойнуна алууга тийиш. Ошону менен бирге падыша менен помещиктер крепосттук көз карандылыктан бошоп жаткан элди массалык түрдө талап алууга даярданып жатканын Чернышевский жакшы түшүнгөн. Ошентип, Чернышевский дыйкандар революциясы гана элди укук, жер жана эркиндик үчүн болгон күрөшүнө жардам берет. деген жыйынтыкка келген.

Революциячыл демократтар Чернышевскийдин айланасына топтоло баштайт. Анын ишенимдүү жана күчтүү соратниктеринин бири Добролюбов болот. Добролюбовдун кыска өмүрү бүт бойдон Россияны крепостничестводон жана самодержавиеден бошотуу үчүн күрөшкө жумшалды.

Либералдар дыйкандарды көтөрүлүшкө үндөгөн революциячыл демократтарга бардык күчү менен асыла баштайт. Кийинчерээк либералдар жөнүндө Ленин мындай деген: «Өкмөт куугунтукка алган демократтык кыймылдын демилгечилерин коргоп калуунун ордуна, алар фарсейлерче колун жууп колтукка уруп, өкмөттү акташкан. Ошондуктан алар өзүлөрүнүн бул чыккынчылык саясат үчүн кургак сөз жана куу какшык менен адилеттүү жазасын алышкан. Ооз жүзүндө келжиреп гана тим болбостон, эркиндик үчүн күрөшүүгө жөндөмдүү адамдарды жок кылып, өкмөт өзүн абдан бекем сезип калат да, «начальниктеринин уруксаты менен» ээлеп алган тыңгылыктуу жана экинчи орундагы позицияларынан либералдарды сүрүп чыгат»[1].

Губерниялык комитеттер өзүлөрүнүн иштерин аяктады. Алардын сансыз долбоорлору, сунуштары, каалоолору Редакциялык комиссияга берүүдөн мурда Семеновдун колунан өттү. Бул өтө оор, кыйын ишти Петр Петрович өзүнүн бардык күчүн, бүт убактысын жумшагандыктан гана ишке ашыра алды.

Жалпы закон долбоору менен дыйкандар жөнүндөгү Жобо редакцияланып бүттү. Жобонун жүздөгөн беттери дыйкандардын керт башынын көз карандылыгын жоюу,

---

[1] Ленин В. И. Чыгармалар, 5-бас. 5-т. 36-б.

дыйкандарга жер бөлүп берүү жана жер үчүн алкоону белгилөө, алар алган жерге акы төлөө — мына ушул үч башкы маселеге арналат.

1860-жылдын башында Ростовцев дүйнөдөн кайтты. Падыша Редакциялык комиссиянын председателдигине граф Панинди дайындайт.

Граф Паниндин бул ишке дайындалышы Редакциялык комиссиянын мүчөлөрүнө чоң таасир берет. «Дыйкандарды боштондукка чыгаруунун көмүскөсүндөгү душмандары абдан кубанышты. Граф Паниндин председатель болуп дайындалышы Редакциялык комиссия даярдаган закон долбоорун кайсы жагынан болбосун муунтуп салат деп ишенишкен»,— деп эскерген Петр Петрович.

Либералдар тобунан кирген мүчө-эксперттер — Черкасский, Самарин, Милютин, Татаринов, Заблоцкий-Десятовский жана башкалар отставкага чыгууну чечишет.

Семенов болсо абдан оор, оңтойсуз абалда калды. Ростовцев дүйнөдөн кайткандан кийин падыша Петр Петровичти Кышкы сарайга чакыртып алып, көпкө чейин аңгемелешти. Дүйнөдөн кайтыш болгон Ростовцевдин ордуна кимди дайындоого болот деп сурады. Петр Петрович түз жооп берүүдөн тайсалдайт.

— Менимче, азирети император, бекер эле чочулап жатасыз. Ал кишинин ордуна ким келип олтурбасын, иштин ийгилиги сиздин колуңузда эмеспи, азирети император.

Дыйкандарды боштондукка чыгаруу жөнүндөгү закон долбоору өзгөрүүсүз калат деп падыша Петр Петровичти ишендирет.

— Менимче бул сөзүмдү өзүңүздүн көмөктөштөрүңүзгө айтып тынчтандырып коюуга руксат этем,— деди Александр Экинчи.

«Ал мени кучактап туруп, менин Ростовцевге берген зор жардамым үчүн алкыш айтты».

Императордун куу чирендеринин кесири сөздөрү, либералдардын өзүлөрү өзүлөрүнө ишенбей олку-солку болушу, өтө кадырлуу крепостниктердин — княздар Меньшиковдордун, Гагариндердин, Горчаковдордун, барондор Корф менен Палендин каршы турушу, Редакциялык комиссиянын ишине кесирлүү, улуу княгина Елена Павлованын кирише кетиши, Петр Петровичтин өзүнүн шектениши ар дайым кенеңчилик кылууга алып барды.

Ал либералдар менен консерваторлордун, реакционерлер менен прогрессивдүү дворяндардын, бардык жагынан кадырлуу министрлер менен кууланган поптордун ортосунда далбас урат. Бири-бирине карама-каршы келген пикирлер, тымызын көрө албастык, принципиалдуу көз караштар

менен принципсиз максаттар, артынан айың сүйлөп жамаганатты кылуу Семеновду жыла бастырбай ээрчип алды.

Падыша Семеновду граф Панин менен Редакциялык комиссиянын мүчө-эксперттеринин ортосундагы данакер болот деп ойлогон. Падышанын айтканы Петр Петрович үчүн закон болгон. Ошондуктан ал алардын келечектеги мамилесин чекмелеп көрүү үчүн граф Панинге барат.

Эч кимди жана эчтемени жактырбаган, адамга кайрымы жок, өтө кырс, барып турган крепостник, бай аристократ Петр Петровичти өзүнүн ээн кабинетинде кабыл алды.

— Азирети император мага, председателдик милдетти аткарууга киришүүнүн алдында, сиз менен жакшылап таанышып алууну табыштады,— деди Панин Петр Петровичти креслого олтурууга үндөп жатып. Ошол эле замат өзүн өтө кызыктырган нерселерди сурай баштады. Маркум өзү жөнүндө кандай пикирде болгонун, мүчө-эксперттер ал жөнүндө кандай ойдо экенин сурап билгиси келет.

— Тартынбай бардыгын ачык айтыңыз,— деп эскертти граф Петр Петровичке.

Семенов Панинди өзүнүн бетке айткандыгы менен таң калтырды. Маркум Ростовцевдин атынан ал графка баарын, ал жөнүндөгү өзүнүн оюн жана Редакциялык комиссиянын либерал мүчөлөрүнүн оюн айтып берди.

— Граф Паниндин адамга жугуму жок, эч кимди жанына жакындатпайт, башкалардын пикирин жактырбайт, ошонтуктан Редакциялык комиссияларга жетекчилик кыла албайт. Граф Панин — тажрыйбасы такыр жок, орус адамынын турмушун таптакыр билбеген пенде. Граф жасалма жайда жашайт, анын чөйрөсүндөгү адамдардын өзүнчө ой жоруган пикири жок, адамкерчилик дегенди билбейт. Граф Панин Россиянын интеллигенттеринен ажырап калган киши, алардын коомдук жана рухий таламдары менен тааныштыгы жок.

«Мен сөзүмдү бүтүргөндөн кийин бир нече минутага созулган тынчтык өкүм сүрдү. Граф Панин менин жаап-жашырбастан айткан сөздөрүмдөн улам шылкыя түштү»,— деп кийинчерээк эскерген Петр Петрович.

Ал өз ичинен Панин Редакциялык комиссияларга жетекчилик кылуудан баш тартат го деп ойлогон. Андан баш тартпаган күндө да, мүчө-эксперттердин ишине кийлигишпейт, помещик-крепостниктердин тилин алып, закон долбоорун өзгөртө койбойт деген ойго келген. Тилекке каршы, бардыгы тескерисинче болуп чыкты.

Петр Петрович өзүнүн өмүрүнүн акырына чейин граф Панин Александр Экинчинин макулдугу менен закон долбоорунун быт-чытын чыгарарына көзү жетип жүргөн.

Жер жана андан түшкөн киреше помещиктердин колунда калсын үчүн Панин колунан келгендердин баарын жасады. Крепосттук дыйкандар үчүн тез арада боштондук берүү жөнүндөгү параграфтардын баарын өчүрүп салды. Боштондукка чыгаруу падышанын манфести жарыялаганда эки жыл өткөн соң ишке ашырылат деп божомолдогон. Помещиктер жерге ээ болуу укугунан ажыратылган эмес. Дыйкандар мурдагысындай эле түшүмүн берип, помещиктерге бекер иштеп бермек болот. Мужиктер помещиктердин макулдугу менен гана жер сатып алууга акылуу болуп калат.

Либерал монархист Семенов дыйкандарга жер бөлүп берип, тез аранын ичинде боштондукка чыгаруу жөнүндөгү оюн ишке ашыра албай алданып калат. Аны өзү абдан кадырлап жүргөн монарх алдап кетет.

*XX глава*

## МАНИФЕСТ

«Жогорку даражадагы манифесттин» текстин жазып чыгууну Александр Экинчи Москванын митрополити Филаретке тапшырды.

Филарет—православиялык чиркөөнүн эң эле реакциячыл өкүлдөрүнүн бири жана крепостничествонун коргоочусу болгон. Митрополит крепосттук укукту атам замандан калган диний Осуяттар менен актаган. Дал ошол Филарет өзүнүн ыйык чиркөө кызматкерлери менен бирге дыйкандарды селолук чиркөөлөргө алып келип, уруп жазалоого жол берген. Дал ошол Филареттин өзү жана анын пастырлары козголоң чыгарган кембагалдар жөнүндө «кудайдын кудурети менен алар Закавказьеге жана Сибирге айдалып жатат» деген сөздү таратышкан.

«...Кудай деген эл-журт, силер анын туусун бийик көтөргүлө, эркин эмгегиме кудай өзү жакшылык берсин деп тилегиле»,— деп айтылган манфестте, ошону менен бирге булар көрсөтүлгөн, «крепосттук кембагалдар бир кезде селолук эркин адамдардын укугун толук алат».

Манифестте «өз менчиги бар эркин дыйкандардын абалы» жөнүндө айтылган, бирок андан он сап өткөндөн кийин эле помещиктер «өзүнө караштуу жерлердин бардыгына ээ болуу укугунан» пайдаланылат деп айтылган.

Манифест элден, падышанын жана помещиктердин алдындагы өз милдетин унутпоону талап кылган.

«Ар бир адам бийликте олтургандарга кыңк этпестен

кулдук урууга тийиш, аларды бардык жагынан көтөрмөлөп, кадырлап, урматтап, алардын алдында өзүлөрүнүн жоопкерчилигин сезе билүүлөрү керек». Ыйык китептерден алынган цитаталардан кийин эле манифест дыйкандарга мындай деп эскерткен: «помещиктердин жерин алып, ал үчүн эч нерсе төлөбөй коюу адилеттүүлүккө жатпастыр...»

1861-жылдын 28-январында Александр Экинчинин председателдиги астында мамлекеттик советинин заседаниеси болот.

Дворецтин аябай жасалгаланган залында тымтырстык өкүм сүрөт. Ак чач, жалтыр баш, кыркма сакал, чоң сакал падышалык сенаторлор, өкмөт башындагы төрөлөр, атактуу дворяндар, ыйык чиркөө башкармасынын мүчөлөрү олтурушат. Чүйлүсү чыккан, ээктери салаңдаган, маңдайы жазы адамдар. Алтын кресттер менен медалдар, андреевскийлик денталар, майланышкан эполеттер, кара фрактар, жибек сызмалар, генерал мундирлери жайнайт. Мамлекеттик совет падыша качан заседаниени ачат экен деп сыймыктана күтүп отурушат.

Мына ошол тунжураган минуталардын маалында Петр Петрович чыдамсыздана күтүп, тиги мрамор колонналардан, жабыштырып жасаган шыптан, хрусталь люстралардан, дубалдарга илинген салмактуу гербдерден көз албай алаксып олтурду.

Гербдер, гербдер!

Россиянын чоң, кичине, ак гербдери, Польша падышалыгынын, Финляндия княжествосунун, Литва королевствосунун жана башкалардын гербдери...

Падыша заседаниени ачты.

— Мырзалар, мамлекеттик советтин кароосуна коюлуп олтурган долбоорду караган кезде, силер помещиктерди коргоо максатында бардык чара көрүлгөнүнө ишене аласыңар...

Мүнөттүк тыныгуудан кийин падыша сөзүн андан ары улантты:

— Мына ушул маанилүү ишти даярдоого киришүүнүн алдында, бизди күтүп турган бардык кыйынчылыктарды өзүмдөн жашырган эмесмин, азыр да жашыра албайм, кудайдын колдой тургандыгына жана бул иштин ыйык экендигине чын дилим менен ишенгендиктен, өзүбүз сүйгөн мекенибиздин жаркын келечеги үчүн баштап жаткан ишибизди кудай колдой тургандыгына көзүм жетет. Ошентип, кудайга кулдук кылып, иштин өзүнө өтөлү...

Падыша сүйлөп жатканда жымжырт турган залдын тынчын кандайдыр бир укмуш дабыш бузуп жиберди.

«Мамлекеттик советтин татынакай кылып жасалгаланган залынын падыша турган тактанын сол жагынан, үстү жактан төмөн карай бир нерсе тез жылып түштү».

Литва королевствосунун падышанын арт жагында илинип турган герби үзүлүп түшүп, ага болор-болбос чаң тийип өттү. Падыша артына кылчайып караса, талкаланган герб жерде жаткан экен. Залдагылар бир калкып үрөйү уча түштү. Олтургандардын баарынын жүрөгү түшүп, жүздөгөн көздөр сынып жаткан гербди карайт. Мына ушундай тарыхый мүнөттө мындай укмуш болот деп ким ойлоптур! Бүткүл Россиянын падышасы сүйлөп жатканда, анын карамагындагы королевствонун гербинин кулап түшүшү жакшылыктын белгиси эмес! Же муну жаман санаган бирөө жасадыбы? Же кокусунан болуп кеттиби?

— Бул жакшылыктын жышааны эмес, жакшылыктын белгиси эмес,— деп күбүрөдү Петр Петровичтин жанында олтурган митрополит Филарет.

Жымжырт турган залдын ичиндегилерден жалгыз Александр Экинчи гана эч нерсеге камаарабагандай токтоо көрүндү. Ал өз сөзүн аяктап, заседаниени ачты.

Мамлекеттик совет реформанын жалпы закон долбоорун кубаттады. 19-февралда Александр Экинчи манифестке кол койду, 5-мартта ал элге жарыяланды...

Орустун бардык чиркөөлөрүнүн коңгуроолору кагылды. Поптор өзүлөрүнүн текчелерине чыгып алып, манифест окуп, элди «боштондукка» чыгарган падышаны алкоого чакырды. Помещик крепостниктер менен помещик-либералдар атайын тамак беришти. Шампандар куюлуп, чуулгандуу сөздөр айтылды. Казына көзүн караган жазмачылар «эл улуу реформаны кубаныч менен кабыл алды» деп жазышты. Акын Сергей Тимофеевич Аксаков өзүнүн ырларында падышанын «кудай ишенип берген калкын ыйык багытка алып барат» деп даңктады. Тарыхчы Погодин мындай жарыя кылат, «манифест жарыкка чыккан күнү кембагалдар чачтарын квас менен суулап алып, кудайга кулдук урганы барат, бул асманда учуп жүргөн периштелер кубана турган сонун минуталардан болот». Губернаторлор кыштактар менен селолордогу мужиктер кубанганына чыдабай падышаны даңазалап арак ичип жатышат деп кабарлашат «Московские ведомости» азыр «Россияда наразы киши жок» деп жарыялайт.

Кастарлуу нагыз букаралык хоруна Петр Петрович да үн кошот. Дыйкандар реформасына өзүнүн үч жылдык оор кызматын зарп кылган Семенов «улуу окуя орус калкынын эсинен эч качан кетпейт» деп ишенген. Чокунуп сыйынуулар, жан эриткен жакшы илептер, кызматка байланыш-

туу сөздөрдү элдин алкышы деп билген. Ал мындай деп эскерген: «Мен элге жык толгон Андрей Первозванный чиркөөсүнө кирип бардым. Дуба окуп бүткөндөн кийин, поп секичеге чыгып алып, үнүн көтөрө салып, падышанын Манифестин окуп берди. Андагы адамдардын баары чөк түшө калып, кудурети күчтүү Кудайга чокунушту...»

Бул күндөрү кокусунан козголоң чыгып кетеби деп бардык губернияларга генералдар, падышанын адютанттары жөнөтүлдү. Аскер горнизондору бардык жерде даяр болуп турушту. Полицияларга кошумча патрондор берилди. Үрөйү учкан помещиктер өз үйлөрүнөн безишип же болбосо Петербургга чуулгандуу кат жазышты. «Бизде абал жаман. Дыйкандар козголоң чыгарып, акы төлөөдөн баш тартып жатышат»,— деп билдирди Белостоктон. «Дыйкандардын оозунан кубанычтуу сөз угуу кыйын» — деп жазат Владимир губерниясынан. «Газеталар кудайдан коркпой калп айтып жатат, дыйкандар кубанычта дегени бекер кеп; алар чиркөөдөн башын жерге салып кетишти»,— деп кыйкырышты Херсондун помещиктери.

Учу кыйрына көз жетпеген империянын бардык жерлеринде дыйкандардын толкуну башталат. Мужиктер орток эгин айдоодон, алым төлөөдөн баш тартышат, эч кимден сурабастан жерлерди ээлеп, помещиктерге караган токойлорду кыя башташат. Казань губерниясындагы Бездна селосунда дыйкандардын абдан чоң козголоңу болот. Бezднадагы дыйкандардын козголоңун басуу үчүн падышанын өкмөтү аскер күчүн пайдаланат. Граф Апраксин куралсыз кембагалдарды аттырат. Элүү бир киши өлөт. Козголондун жетекчиси дыйкан Антон Петровичти өлтүрүшөт.

Пенза губерниясындагы Кандиевка кыштагынын кембагалдары да козголоң чыгарышат. Ал өзүнүн тегерегиндеги кыштактарга жайылат: козголоңго катышкандардын саны он миңге жетет. Мужиктер колдоруна кызыл туу алышып, жер жана боштондукту талап кылышат, падышанын төрөлөрүн опузалашат. Ошондуктан Александр Экинчи дыйкандардын козголоңун кайсы жол менен болбосун басууга буйрук берет.

Генерал Дренякин козголоңчуларды аттырат. Төрт жүз адамды найзалашат, сүмбөлөшөт, алардын бир катарын Сибирге айдап жиберет.

Бул учурда орустун либералдары дыйкандардын козголоңун көрмөксөнгө салып, реформаны жана падышаны мактап жатышты. Бирок революциячыл демократтар Герцен, Огарев, Чернышевскийлер элди самодержавиеге жана помещиктерге каршы күрөшкө чакырды. Алар дыйкандардын кыймылына тилектештигин билдирүү менен реформа элди

алдоонун бир түрү экендигин көрүштү. Ошондуктан реформанын чыныгы максатын ашкерелешип, бетин ачышты.

«Эски крепосттук укуктун ордуна жаңысы келди. Кыскасы, крепосттук укук жокко чыгарылган жок. Элди алдап койду»,— деп жазган Огарев.

«Дыйкандардын кулагына куюп, канчалык сооротконмен алар башка, чыныгы боштондуктун келишине ишенип аны күтүшү керек»,— деп белгиледи Чернышевский.

Николай Шелгунов менен Михаил Михайлов «Жаш муундарга» деген прокламация чыгарышты. Алар бардык жерди элге берүүнү талап кылышты. «Эгерде жерди элге бөлүштүрүп берүү үчүн 100 000 помещикти кырып салгыла десе — биз андан тартынбас элек».

Москвалык студент Зайчневский «Жаш Россия» деген прокламацияны жазды. Ал рекламация алдыңкы катардагы орус адамдарынын, айрыкча студенттердин арасында кеңири тарады. «Россия өзүнүн өмүрүндө биринчи жолу революциячыл жолго түштү,— деп башталат ал прокламацияда. — Бул кандуу, эч нерседен жалтанбаган революция, баарын, азыркы коомдун бардык негизин толук бойдон өзгөртүү менен ушул күндөгү тартипти колдоочулардын бүт баарын шылып түшүрүүгө тийиш...»

Студент жаштар революциячыл демократтардын идеясын толкундануу менен кабыл алышты. Герцен, Чернышевский, Добролюбов алардын рухий жол көрсөтүүчүлөрү болуп калышты. Петербург, Москва, Киев, Казань университеттеринде козголоң башталды.

Самодержавие революциячыл кыймылга катышкандарды аёсуз жазалады.

Өлкөдө массалык түрдө камоо башталды. Перспективдүү журналдар жабылып, жекшемби күнү окуучу мектептер, элдик окуу мекемелери жабылды. Акын Михайловду каторгалык ишке Сибирге, анын досу Шелгуновду сүргүнгө куугунтуктады. Тыңчылардын ушагынан улам Чернышевскийди Петропавловск түрмөсүнө ташташты.

Либералдар революциячыл демократтар менен болгон күрөштө самодержавиенин тарабында турушту. Алар реформаны таналбаган дыйкандарга, революциячыл жаштарга каршы падышанын репрессиясын колдоп чыгышты. «Помещиктердин губерниялык комитеттери 1861-жылы жана дүйнөлүк калыстар—помещиктер (бийлик помещиктердин колунда болгондуктан аны дүйнөлүк деп коюшса керек) дыйкандарга тиешелүү жерлердин бештен бир бөлүгүн өзүлөрүнө таандык кылып кесип алышкан. Мындай талоончулуктан кийин мужиктер өздөрүнүн колунда калган жер үчүн аларга үч эсе кымбат налог төлөөгө аргасыз

болушкан, ушунун аты боштондук имиш. 1861-жылы «сатып алган» жер үчүн кембагалдар ошол жердин өз баасынан бир канча кымбат турган акы төлөшкөндүгү жашыруун эмес эле. Дыйкандар жерди гана сатып албастан, дыйкандардын боштондугун сатып алгандыгы эч кимге жашыруун эмес болчу. «Кайрымдуулук» менен берген жер үчүн мамлекет (сатып алуу акысы) дыйкандардан помещиктерге төлөнгөн акыдан көп акча алгандыгы да эч кимге жашыруун эмес эле! Бул мужиктерди талап алуу үчүн помещиктер менен «либерал» төрөлөрдүн түзгөн союзу болучу.

1861-жылы дыйкандар ушундай «боштондук» алып, помещиктердин чалмасына мойнун тосуп беришти. Помещиктер жерин басып алгандыктан дыйкандар ачкасынан өлүп тынууга, же аларга биротоло киренди болуп берүүгө аргасыз болушкан»[1].

Петр Петрович Семеновдун элди крепосттук кулдуктан куткаруу жөнүндөгү максаты ушинтип ойрон болуп, күлү көккө сапырылды.

*XXI глава*

## ТАЛАНТТАРДЫН БИРИМДИГИ

Күндөрдүн биринде Семеновдон мындай деп сурашты:

— Редакциялык комиссиядагы зор жана татаал иштер үчүн мынчалык күчтү кайдан алып жүрөсүз? Анткени сиз суткасына он сегиз сааттан иштеп жүрбөдүңүзбү?

— Мен андай күчтү оптимизмден жана элге кайрымдуу ишти аткарып жатканыма көзүм жеткендиктен алып турдум,— деп жооп берди Петр Петрович.

Ал тамашага буруп өзүнүн көп кырдуу ишин жумушка болгон аппетиттен келип чыкты деген.

Чынында эле, Башкы комитетте жана Редакциялык комиссияда иштөө менен бирге ал өзгөчө дилгирлик менен илимий проблемаларга да айрыкча көңүл бурган. Семеновдун дыйкандар реформасын даярдоого жумшаган жылдары, илимий ишмердүүлүктүн да тынымсыз жылдары болуп калды.

1858-жылы ал Риттердин «Азиянын жеринин жаратылышы» деген китебинин экинчи томун которуп бүттү. Анын «Котормочунун кириш сөзү» деген эмгеги Тянь-Шанга

---

[1] Ленин В. И. Чыгармалар, 4-бас. 12-т. 237-б.

арналган өз алдынча илимий эмгек болуп калды. Азиянын жеринин жаратылышына арналган үч маанилүү маселени кылдаттык менен толук талкуугa алган. Алар Көк тиреген чокулардын кар жаткан жерлери жөнүндөгү, Альпы мөңгүлөрү жөнүндөгү, вулканизм жөнүндөгү, маселелер болучу. Ал Тянь-Шандын кар баскан жерлеринин бийиктиги үч жарым миң метр экендигин аныктаган.

Александр Гумбольдт бул аныктоодон шек санаган. Атагы чыккан немец географы менен Семеновдун ортосунда илимий тартыштар башталат. Ишти жакшы билгендиги, географиядагы салыштырма методун пайдалануу менен Петр Петрович өзүнүн тууралыгын далилдеген. Ошону менен бирге ал Гумбольдттун Тянь-Шандын вулкандан улам жаралгандыгы жөнүндөгү гипотезасын биротоло жокко чыгарат.

Ал кезде немец географы илим үчүн талашсыз авторитетке ээ экендигине карабастан Петр Петорвич Гумбольдттун каталарын ачыктан ачык ашкерелеген. Семенов мындай деген: «Илим дегенибиз адам баласынын такай чындыкка умтулушу болуп эсептелет, ал эми чындык болсо, талаштан улам ачылган каталардын жана жаңылыштыктардын узун жолу аркылуу гана табылат... Ар кимдин өзү баштаган иши бар, бирок оор басырык ишмердин ыйык милдети, эң мыкты ишмерлердин кетирген каталарын көрсөтүү жана оңдоо болуп саналат...»

Петр Петрович Ички Азиядагы бардык жаңы изилдөөлөргө терең карап, байкоо жүргүзгөн. Ал Чокан Валихановдун Кашкарга жасаган экспедициясынын тагдырынан өзгөчө тынчсызданган. Анткени кайраттуу саякатчынын саякаты жөнүндө Петербургка деле эч кандай кабар келе элек болчу.

Валиханов борбордо 1859-жылдын күзүндө пайда болду. Жаш окумуштуу Семенов тарабынан түзүлгөн программаны эң сонун аткарып келди.

Чокандын Кашкарияга жасаган саякаты чыныгы илимий эрдик болчу. Ал Чыгыш Түркестан жөнүндө өтө баалуу маалымат алып келди. Өзүнүн «Алты шаардын абалы же, Кытайдын Нан-Лу провинциясынын чыгыш жагындагы алты шаарлардын абалы жөнүндө (Кичи Бухара) деген китебинде Чокан илимде алиге чейин белгисиз өлкөнү ачат.

Петр Петрович Чоканды зор кубаныч менен тосуп алды. Анын сунушу боюнча Валихановду География коомунун мүчөлүгүнө шайлашты.

Ал Чокандан Адольф Шлагинтвейттин трагедиялуу өлүмүн чыпчыргасын коротпой толук билди. Валиханов айтып келген маалымат укмуштай коркунучтуу болчу.

Кашкарды Валихан кожо башкарып турчу. Апийим тарткан, барып турган залим, зөөкүр неме өзүнө жакпаган кашкарлыктардын баарынын көзүн тазалап турган. Күн сайын шаарда киши өлтүртүп туруучу. Кашкардын аянтында өлтүрүлгөндөрдүн башынан пирамида тургузулган.

Адольф Шлагинтвейт Британия Индиясынан чыгып, мына ошол «башкаруучуга» келет. Шлагинтвейттин чөнтөгүндө Кокон ханы Кудаярга жазылган кат бар эле. Валихан кожо мына ошол катты талап кылат. Шлагинтвейт баш тартат. Кыжырданган кожо тезинен саякатчыны өлтүрүүнү буюрат.

Адольф Шлагинтвейттин башы алынат. Анын башын Кашкардын зулуму «тургузган» укмуш пирамидага коёт.

Шлагинтвейттин өлүмү жөнүндөгү кабарды уккан Петр Петрович Валихановдун Кашкария боюнча өзүнүн саякатын ишке ашыруу үчүн канчалык күчүн, акылын, амалын, чыдамкайлыгын жумшагандыгы жөнүндө ойлонуп калат.

Ал өзүнүн жаш, таланттуу окуучусу менен сыймыктанат. Аны Петербургдагы бардык көрүнүктүү окумуштуулар жана коомдук ишмерлер менен тааныштырып чыгат. География коомунан анын китебин басып чыгуусуна кам көрүп, Чоканды орден менен сыйлатууга, даражасын көтөрүүгө илимий иштерди жүргүзсүн үчүн борбордо калышына жетишкен.

Семенов Адольф Шлагинтвейттин эстелигин өмүр бою калтыруу жөнүндөгү маселени да унутуп койгон жок. Бир топтон кийин анын өтүнүчү боюнча илимдин артынан Кашкарга барып кыйналып өлгөн Шлагинтвейтке эстелик тургузулат.

Чарчап-чаалыккан, бирок канааттанган окумуштуу өзү жалгыз турган чоң үйүнө кайтты: аны үйүндө өзүнүн сүйүктүү жазуулары менен голландиялык живописчилердин сүрөттөрү күтүп турган.

Семенов көптөн бери өтө кумарланып картиналардын коллекциясын жыйнап жүргөн. Ошол кумардануу аны Петербургдун дүкөндөрү менен базарларын эрикпей кыдырып чыгууга түрткү болду. Ал «кичинекей голланец» деп аталган картиналардын кайсынысын гана болбосун соодалашпай эле сатып ала турган. Анын үйүндө Рейсдал менен Ван Гойендин, Стен менен Гельстин татынакай картиналары пайда боло баштаган. Ал Питер Артзендин, Абрам Ван Темпелдин, Гольст-младшыйдын, Ион Ван Клевдин картиналарын аздектечү бирок Рембрандтын картиналарын табууну көксөчү. Сыр сакталган анын оюу азырынча орундалбай жаткан.

Бош убактарында ал өзүнүн «голландыктарын» карап отурууну жакшы көрчү. Ачык турган терезелерден көзгө көрүнбөгөн шоола кирип тургандай сезилчү. Шаардын үстүндө эрте таңдагы жана кечки шоола даана көрүнө турган. Нева жана анын таш такталары жездей жылтырап туруучу.

Петр Петрович Соломон ван Рейсдалдын картиналарынын жанына келип токтоду. «Кичинекей голландыктын» пейзаждары патриархалдык турмуштун кубанычын баяндагансып, дыйкандардын тынч эмгеги түндүктүн күңүрт боектору менен сүйлөп турду. Үстүндө кайык сүзүп бараткан өзөн, сууга салаңдап турган мажүрүм талдар, балыкчылар салган тор, мына ушулардын баары Волганын пейзажын эске түшүрөт. Петербургдун айсыз түндөрү эски картиналарды ого бетер күңүрттөнтөт.

Ал XVI кылымдагы фламонд художниги Гаспар Натшердин кистисинен жаралган «Жаш кыздын портретин» көпкө карап турду. Портрет мурда ага көп кызык туюлчу эмес, азыр болсо бир нерсени эстеткендей креслого отурду...

Тизесине кандекти олтургузган жаш кыз тегерек столду чыканактап отурат. Төбөсүнө түйүлгөн, үлбүрөгөн чачы али өтө наристе экенин айгинелеп тургансыйт. Бөрсөйгөн эрини жылмайыңкы тартып, ар нерсеге ишене берген көзү алыска кадалган. Оң жак ийини ачык, көкүрөгүн калың баркыт көйнөк тосуп турат, мойнунда шуру. Эми эле ойгонгонсуган кыз таңды уйкусуроонун арасында тосуп жаткансыйт.

«Жаш кыздын портрети» Лиза Заблоцкая-Десятовскаяга окшоп кетет. Дал ошонун жылмаюсу, дал ошонун көз карашы. Мунун үлбүрөгөн чачы да кежигесине түйө байланган.

Буурул түндүн шooласы бөлмөнүн ичинде ойноп, өзүнө чакырып жаткандай тынчын алат. Петр Петрович плащын ийнине салып, көчөгө чыкты. Саат он бирге карап калганына карабастан айлана күүгүмдөнүп турат. Неванын киргил суусу, жез аттуу чабандес, Петропавловский крепосту тунжурап, Кышкы сарай менен Адмиралтейство заңкаят.

Петрограддын үстүндө буурул түн түшүп турат. Мына ушундай буурул түндөрдө сүйүшүп, поэмалар жаралып, орундалбаган оюңдан кападар болосуң.

Өзү эч нерсени этибар албай олтуруп, эски типте салынган үйдүн алдына кандайча келип калганын байкабай калды. Эшикти Лиза ачты.

Ал кеч келгени үчүн кечирим сурады. Андрей Парфенович үйдө жок экен. Лиза Петр Петровичке бир чыны кофе

ичүүнү сунуш кылды. Ал андан акырын уурттап, кызга суктана карап олтурду — анын назик үнү, түйүлгөн чачы көзүнө өтө сүйкүмдүү көрүнүп кетти. Ал кызга Тянь-Шань, Хан-Теңир, Кыргыз талаасы, Рязандын жайкалган токойлору жөнүндө айтып берди.

Анын берген суроолоруна кыз тез жана куунак жооп кайтарды. Ооба кыз живописти абдан жакшы көрөт, бирок аларды сатып алуу үчүн анда ашыкча акчасы жок. Ооба, ал атасынан калган сочинениелерди көчүрөт, цифралары көп болгондуктан тажап бүткөн. Мисалы, «Австриянын финансысы жөнүндөгү» сочинение.

Чагылгандан абдан корккондуктан, күн күркүрөй баштаганда караңгы бөлмөгө кире кача турганын мойнуна алып күлүп жиберди. Ошону менен бирге ал үйдөгү түйшүктү, идиш-аяктардын кагылышын, балдардын чуркурап турганын жакшы көрө тургандыгын да айтты.

Ал кызга өтө суктанып, сүйүп кайтты. Адамды зериктирген бойдокчулук сезим жоголуп, чарчаганы байкалбай калды.

Эми ал таң атпай өз ишине олтуруп, күндүз башкы комитетке ашыгып, кечкисин Лизага бара турган болду. Алар Неваны бойлоп басышып, картиналар галереясына барышты, антиквардык дүкөндөрдү кыдырышат. Адабият, музыка, живопись жөнүндө маектешет.

Жек көрүү бир дагы чоң көркөм чыгармага негиз боло албагандыгына ал ишенчү. Жек көрүү көлөкө сымал өтө тез көздөн кайым болуп кете турган нерсе. Жек көрүүдөн же адамга суз кароодон жакшылык көрөм деген художниктен эч нерсе чыкпайт. Искусство адамды жакшы көрүүгө тийиш, адамдардагы чындыкка кызмат кылышы керек.

Петр Петровичтин турмушунда кайрадан сүйүү башталды. Анын чыгармачыл күчүнө күч кошулуп, ал дагы миңдеген иштерди аткарууга жарай турганын туйду.

1861-жылдын жаз айларында ал Лиза Заблоцкая-Десятовскаяга үйлөнүп, сегизинчи линиядагы кайын атасынын үйүндө түбөлүктүү жашап калды.

Елизавета Андреевна ак көңүл, назик, үй оокатка тың аял болуп чыгат. Ал башына күн түшкөн кишинин үстүнө үйрүлүп түшкөн, кыжы-кужу, ак сөөктөр коомунан качкан киши эле. Анын өтүнүчү менен Петр Петрович кыштакта жүргөн сегиз жашар Митяны чакыртып алат. Елизавета Андреевна баланы жактырып, өз уулундай тарбиялайт.

Семенов илимий ишке биротоло киришет. Алтымышынчы жылдары Семенов «Азиянын географиялык түзүлүшүн изилдөөчү илимдин» үчүнчү томун Алтай-Саян тоо системасы жөнүндөгү кошумчалары менен которуп бүтөт.

Эми ал өзүнүн бардык күчүн илимге арнап калган соң, анын келечеги — максаты жөнүндө ойлоно баштайт. Жакында эле Риттердин китебинин биринчи томуна жазган өзүнүн баш сөзүндө мындай деген болучу: «Илимдин улуттук болушу анын элдин турмушуна кеңири сиңишинде өлүк символ болбостон, пластикалык башталыш болушунда дегени. Анткени, илим биздин реалдуу кылымыбызда күңүрт ойдон келип чыккан табышмак эмес: ал өзүн өзү таануу, чөйрөдөгү нерселерди жана жаратылыштын күчүн таануу, аларды багындыра билүү, өз керегине жаратуу жана керек кылуу үчүн зарыл нерсе....

Ошондуктан кайдыгер космополит болгусу келбеген ар бир окумуштуу өзүнүн мекендештери менен бирге жашоону каалаган окумуштуу адам баласынын билимин тартынбастан алга жылдыруудан башка, анын казынасын элдин турмушуна кеңири киргизүүгө аракет кылышы керек»

Илимдин багыты жөнүндөгү өзүнүн сөзүн ишке ашыра турган мезгил келип жетти. География коомунун тапшыруусу боюнча ал илимий мекемелердин иши жана жетишкендиктери менен таанышуу үчүн Англияга, Францияга, Бельгияга барып келди. Бул саякат алык-салык жана башка чыгымдар системасын, статистика маселелерин изилдеп үйрөнүүгө, география илиминин жаңы проблемалары менен таанышууга мүмкүнчүлүк берди.

Семеновду География коомунун физикалык география бөлүмүнүн председатели кылып шайлашты. Мына ушул жерде география, этнография, Россиянын тарыхы, Борбордук Азия жана коңшулаш өлкөлөрдүн тарыхы боюнча жаңы изилдөөлөрдүн идеясы пайда боло баштады. Петр Петрович мына ошол идеялардын дем берүүчүсү жана экспедициялардын уюштуруучусу болуп калды. Ал Чоң Сибирь экспедициясы өзүнүн чала бүткөн иштерин улантышына жетишти. Илимге такыр белгисиз жогорку же Кара Иртышты изилдеп чыгуу жөнүндөгү маселени көтөрүп чыкты. География коомуна жазган катында Иртышты изилдеп чыгууну ал Григорий Потанинге тапшырууну сунуш кылат.

Эртеден керээли кечке География коомундагы кечиктирилгис жана маанилүү иштерден колу бошобогон Семенов өзүнүн ишке ашпай калган үчүнчү Тянь-Шанга баруучу экспедициясы жөнүндө муңканып ойлоно турган болот. Коомдун вице-председатели адмирал Литке менен жолуккан сайын кабагы карыш түшчү. Ал адмиралдын өзүнүн долбоору жөнүндөгү: «Мындай эбегейсиз чоң экспедицияны жакын арада ишке ашыруу мүмкүн эмес»,— деген сөзүн такыр унута албай койду.

Балким ал чынында эле ошондой чыгар? География

коомунда каражат, өзүндө убакыт жок. Бул маанилүү себептерден башка дагы бир, өтө орчундуу себеп бар эле. Анын Азияны изилдөөгө болгон көз карашы адаттан тышкары кеңейди.

Азия материгин изилдеп чыгуу үчүн эки же беш эмес, ондогон комплекстүү экспедиция керек эле. Кыргыз талаасы, Монгол чөлдөрү, Сибирь ойдуңдары, тундра мейкиндиктери, Муз океанынын жээктери география карталарында «ак темгил» бойдон калып келаткан.

Россияны орустар өзүлөрү ачуу керек!

«Россияны орустардын өзүлөрү ачышы керек» — дегенибиз, аны изилдөө, таануу жана анын учу кыйрына көз жетпеген мейкиндиктерин, чексиз жаратылыш байлыктарын элдин кызматына коюу дегендикке жатат. Мына ушул максатты ишке ашыруу үчүн жеке өзү саякатка чыгышы зарыл эмес, бөлөктөрдүн да саякатка барышын уюштуруу керек. Жаңы экспедициянын идеяларын, оюн колдоого алуу зарыл. Жаш окумуштууларга иш жүзүндө кеңеш берүү жолу менен жардамдашуу керек.

Азыр мына ушул илимий ойлор жана башталыштарды Семеновдон башка ким аткара алмак? Ал көп сандаган экспедициялардын башталышында турган киши, географтар жана геологдор, ботаниктер жана энтомологдор, тарыхчылар жана этнографдар андан жардам сурап, кайрылып, колдоого алышын өтүнүшөт.

Алардын кызыкчылыгы, анын тагдыры, анын кызыкчылыгы болуп калды. География коомундагы ар түрдүү иштердин башында отурган Семенов өзүнүн шыктуулугу, дилгирлиги менен башкаларды таң калтырат.

Анын ар бир күнү саатына, минутасына чейин бөлүнгөн. Ал таң атпай ордунан турат, үйдөгүлөрдү ойготуп албоонун аракетинде акырын келип жуунат. Күзгүгө көз кыйыгын салса: чап жаак, чокчо сакал, көзүнүн түбүнө майда бырыш түшкөн, тармалдашкан чачында мезгилсиз пайда болгон ак кылдар.

Терезенин сыртында желге дирилдеген жашыл жалбырактуу кайыңдар бой керет, асман көгүлтүр тартып, айнектей тунук, коңшу үйлөрдүн үстүндө кызгылт түтүн сызылат. Петр Петровичтин заматта ишке кумары аша түшөт.

Анын столунун үстүндө сары жана көк папкалар жатат. Алардын ар биринде макалалар, рецензиялар, статистикалык таблицалар, географиялык, геологиялык, климатологиялык экспедициялардын долбоорлору, саякатчылардын каттары жана күндөлүктөрү, жаратылыш досторунун каттары, өлкөлөрдү жана элдерди изилдөө боюнча документтер бар эле.

Ал ар бир катты кунт коюп, кызыгуу менен окуй турган. Белгилүү геолог — князь Кропоткин өзүнүн Амурга, Уссуриге, Түндүк Маньчжурияга жасаган саякаттары жөнүндө жазат. Кропоткиндин каты Федченконун Фергана жана Зеравшан өрөөндөрүнө саякат жасоо жөнүндөгү долбоору менен алмашат. Географ Ханыков өзүнүн келечектеги Хорасанга жасалуучу саякатынын максаты жөнүндө баяндайт. Ал эми бул болсо, Ивашенковдун Каспий деңизин изилдөө жөнүндөгү долбоору. Алардын катарында Воейковдун Россиянын Европа бөлүгүнүн жана Уралдын климаты жөнүндөгү билдирүүсү менен Струвенин Алтай тоолорундагы астрономиялык байкоолор жөнүндөгү каты турат.

Ал каттарды кайра окуп чыгып, өз колу менен берметтей тизилген ондоолорду киргизди. Колу талыганда гана калемин столго койду.

Эшик жарым ачылды. Кабинетке Елизавета Андреевна кирип келди.

— Эртең мененки тамак даяр. Эмне үчүн мынча эрте турасың? Таң атпай өзүңдү өзүң кыйнап жатпайсыңбы?

— Чарчадым деген жаман адат, мен чарчаганды билбейм.

Тамактангандан кийин Петр Петрович Чернышев көпүрөсүнүн түбүндөгү имаратка кетет. География коомунда адам быкбырдай кайнайт. Географтар, статистиктер, этнографтар. Студенттер, татына кийинген айым, көз жашы кургай элек бир байбиче Семеновду күтүп турган экен. Петербургда анын атын билбеген киши жок болчу. Ага өтүнүч менен, арыз менен кайрылышат, акыл сурашат, акчалай жардам берүүсүн өтүнүшөт.

Адегенде ал келген кишилердин сөзүн угат. Жанагы көзүнүн жашы кургай элек байбиче өзүнүн уулу жөнүндө кеп салат. Көрсө ал геология институтунун студенти экен. Кандайдыр бир тыюу салынган жыйынга катышкандыгы үчүн аны институттан кууп жибериптир.

Петр Петрович байбиченин муңуна түшүнөт. Уулуңду мага жибер, жардам берүүгө аракеттенейин деп узатат.

Жанагы татына кийинген айым жакшылык кылуучулардын коомунун мүчөсү экен. Ал анын сөзүн чыдамдуулук менен угуп, кайсы коомдон экенин сурады. Аял жетимдер коомуна жардам берүүнү өтүндү. Ал жетимдерге жардам берүүдөн тартынып көргөн жан эмес.

Тамтыгы кеткен пальто, таманы түшкөн ботинка кийген жаш жигит. Сүлү кетип, арыктаганынан алайып эки көзү калган. Ал технология институтунда окуйт экен, нандан башка оозго алаар тамагы жок.

— Окуган институтуңуздун деканынан кат алып келиңиз. Кандай окуганыңызды толук жазсын. Ошондо гана ай сайын стипендия берип турайын, жок дегенде курсту аяктаганыңызча.

Өз алдынча келген кишилерди кабыл алып бүткөндөн кийин, География коомуна байланыштуу иштер башталат. Эми Северцевдин Түркестанга жасаган саякатына жардам бериш керек. Николай Алексеевич өзүнүн Түркестанды изилдөө иштерин уланта албайт, ага каражат жок. Ал эми Северцевдин изилдөө иштеринин өтө чоң мааниси бар. Северцев тартынбаган, чоң, талантуу киши. Илим үчүн жанын да, канын да аябайт. Сыр-Дарыяга барганда аны Кокондуктар туткунга алат. Аябай кыйнап, мунжу кылып коё жаздаган. Орус аскер башкаруучулары кийлигишип Северцевди өлүмдөн сактап калат. Ал кайра арадан үч ай өткөндөн кийин Сыр-Дарыяны изилдөө ишин уланткан...

Ишке кызуу киришип кеткен Семенов эшиктин кандай ачылганын, кабинетине казак фуражка кийген бирөө кирип келгенин байкабай калды. Ал акырын анын артынан өтүп, солдаттарча какайып турду.

— Учурашууга руксаат этиңиз! Потанин, Николаевдин уулу Григорий...

Петр Петрович ордунан ыргып туруп, өзүнүн досун бек кучактады.

— Качан келдиң?

— Бүгүн түнү.

Потанин Петр Петровичтин маңдайына олтуруп, мээримдүү тигилди. Ал үчүн Петр Петрович илим жагынан алганда да, турмуш жагынан алганда да чоң кадыр-барк эле. Потаниндеги жакшы, таза, жаркын нерселердин баары Семенов менен тыгыз байланыштуу болучу. Анын кеңеши боюнча Потанин Петербург университетине орношкон. Ачжылаңач, арабага түшүп араң дегенде борборго жеткен. Солдаттар менен арабакечтер өзүлөрүнүн жарамсыз тамагынан берип, багып келишкен. Ач-жылаңач адамдар Петербургдун казынасына ондогон пуд Сибирь алтынын жеткирип келген.

Көп узабай эле Потанинди студенттердин козголоңуна катышкандыгы үчүн университеттен чыгарып жиберет. Семенов аны жандармдардын колунан куткарып калууга үлгүрөт. Студентти сүргүндөн сактап калып, Петр Петрович Кара Иртыш менен Зайсанды изилдөө үчүн кетип бараткан астроном Струвеге кошуп берет.

Струве астрономиялык, магниттик, метеорологиялык байкоолорду жүргүзгөн. Потанин болсо Алтайдын жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнөн коллекция жыйнайт.

Ошондой эле ал Кара Иртыш менен Зайсан көлүнүн аймагы Кыргыз жана Калмак элдеринин этнографиялык чек арасы экендигин айкындайт.

Петр Петрович Потаниндеги адамда өтө сейрек кезиге турган, ар бир саякатчыга зарыл, татынакай сапаттарды көрүп, өзүнчө кубана турган. Ал азиялыктардын тилин билет, жергиликтүү калк менен тил табып кете алат. Азия континентинин табигый илимин жана географиясын жакшы билет. Потаниндеги дагы бир эң сонун сапат — илимге талыкпастан кызмат кылуу.

Потанин болсо Петр Петровичти өз атасынан артык көрүүчү. Ал Семеновго мындай деп жазган: «Сиз мени карайлап жүргөн жеримден кармап алып, илимге кызмат кылуу үчүн багыт бердиңиз, мен сиздин орус коомчулугунун алдында сиңирген эмгегиңизди замандаштарыңыз баалабаса да, башкалардан жогору баалаймын».

Потанин Омскиден жаңы келип түшкөн, жолдо көргөндөрү көз алдынан кете элек, андан калың токойдо жагылган оттун түтүнү менен Алтай кедраларынын чайыр жыты келип турат.

— Кана, сүйлөчү, сүйлөп жиберчи,— деди Петр Петрович досун далыга кагып. — Тамекиңди түтөтө олтурсаң да болот.

Потанин ачык, образдуу, жамактатып сүйлөгөндү жакшы билүүчү. Ал сүйлөп жатканда, Петр Петровичтин Бухтарминск өрөөнү көрүп тургансыды. Тоо аралаган жолдордун эки жагындагы жайнаган кызгалдактар, бересклеттин кызгылтым иймек баштары, Алтай кайыңдарынын эми баш багып келаткан жашыл жалбырактары көз алдына тартылды.

— Биз Бухтарманын жээгине түнөдүк,— деп айтты Потанин. — Таңга маал калың кар түштү. Чөп деген таптакыр көрүнбөй калды, кызгалдактар кардан башбагып чыгып турду. Анан дагы аюунун балпайган издери даана көрүнө баштады.

Потаниндин сөзүнө кулак түрүп олтурган Петр Петровичтин көз алдынан асман мелжиген кедралар баскан адырлар, дан куурайга тойгон аюулардын кыпкызыл тумшуктары, мүйүзү дары маралдар чубап өттү. Бадалдардын арасында жаткан каракур кантип быр дей түшкөнүн, кундуздун тырмагына кирген чилдин кантип чыйылдаганы угулду. Тайганын гүлдөрүн, табышын, жытын сезди. Гүл жайнаган Алтай жеринин жыты келип, андагы дабыштар кулагына угулгандай болду. Потаниндин аңгемеси Петр Петровичке өзү жасоочу саякатын эске салып, дагы саякатка барар бекемин деген күнүрт ой козголтту.

— Зайсандын жээгиндеги камыштын калыңдыгын айтпа — иттин мурду өтө турган эмес. Жапайы каман менен кыргоолду ошол калың камыштан көр. Кыргыздардын айтымына караганда жолборс да бар экен. Мен жол күндөлүгүн жазып жүрдүм. Материал бир топ болду. «Түндүк-батыш Монголиянын очеркин» жазайын дейм,— деп бүтүрдү Потанин өзүнүн аңгемесин.

Алар бир азга унчукпай калышты. Анан Петр Петрович мындай деп сурады:

— Омскиде кандай жаңылыктар бар экен?

— Кургак учук дартынан улам Чокан Валиханов каза болду.

— Анын каза болгондугу жөнүндө мага айтышкан. Бул илим үчүн өтө зор жоготуу.

— Мен Омскиде сүргүндө жүргөн бирөө менен тааныштым. Ал Польшадагы көтөрүлүшкө катышкандыгы үчүн сүргүндөлгөн экен. Географияга кызыгат экен, Сибирди изилдөөчүлөрдөн болсом дегенде эки көзү төрт, аны География коому үчүн пайдаланса жакшы болоор эле,— деп сөзүн улантты Потанин.

— Ал ким экен?

— Иван Дементьевич Черский.

Петр Петрович сүргүндө жүргөн кишинин фамилиясын өзүнүн дептерине жазып алды.

— Коомго жаш, жөндөмдүү изилдөөчүлөрдү ар дайым издеп таба жүрүшүбүз керек. Өзүбүз үчүн Россияны толук бойдон ачып алышыбыз зарыл...

Өзү негизделген биринчи күндөн тартып, География коомунун бардык аракети Россияны ачууга багытталган. Орустун география карталарында али изилдене элек аймактар, «ак темгилдер» көп болучу.

Семенов илимий экспедициялар даярдалуучу жана толукталуучу физикалык география бөлүмүндө он үч жыл председателдик кылды. География коомунун вице-председателдигинде да Петр Петрович бардык жаңы изилдөөлөрдүн шыктандыруучусу жана иш жүзүндөгү уюштуруучусу болуп турду.

Петр Петрович физика-география изилдөөлөрүнүн инструкцияларын жана программаларын түзгөн. Экспедициянын катышуучулары менен аңгемелешип, окумуштуулар менен маектешүүлөр өткөрүп, аларды жабдуунун камында болуп, ар түрдүү уруксаттарды алуучу. Толгон-токой кат алышуулар, жолугушуулар аябаган көп убактысын алуучу. Саякатчылар кайтып келгенден кийин, алардын илимий эмгектерин бастырып чыгарууга жардам берүүчү.

Семеновдун демилгеси менен География коому Сыр-Да-

рынын байыркы багытын изилдөөнү чечип, түндүк дециздерди үйрөнүүнүн планын иштеп чыгат.

Ошол эле мезгилде ал Карл Риттердин төртүнчү томун которуунун үстүндө иштейт, Орто Россиянын девонск пластарын изилдөөнү жазат, «Жалпы география боюнча записалардын» эки томун редакциялайт. Ал Энциклопедия сөздүгүнө жазылган география боюнча макалаларды жарыялап, эл аралык конгресстерде орус илиминин өкүлү болуп катышат.

Бир күнү география коомуна узун бойлуу, болук, тоголок бет, калың кара муруттуу киши кирди. Ал аскерлерче тик тура калып Семеновго:

— Генеральный штабдын офицери Николай Пржевальский,— деди.

Петр Петрович өзүнө келген мейманды креслого олтургузду. Сылыктык менен келгенинин себебин сурады. Пржевальский ага чоң, калың кагазга жазылган катты сунду.

— Бардыгы биерде айтылган.

Катты канчалык кунт коюп окуган сайын, Семенов ошончолук толкундана баштады.

Пржевальский Борбордук Азияны изилдеп чыгуунун эбегейсиз чоң планын сунуш кылды. Анда илимге таптакыр белгисиз болгон Тянь-Шань, Памир, Гималай тоолору менен курчалган Азиянын тоолуу жерлерин изилдөө көрсөтүлгөн. Сибирден Индияга чейинки, Памирден улуу Кытай сепилине чейинки чыгыш Азия да илимге белгисиз эле. Жаш офицер Борбордук Азиядагы өлкөлөргө барып, аны изилдеп, үйрөнүп, жазып келүүнү чечкен экен. Ал Гоби чөлүндө, Монгол талааларында, андан ары Жунгария аркылуу Тибеттин адыр тоолоруна чейин барууну ойлогон.

Генеральный штабдын офицери Гималайды, Памирди, Тянь-Шанды, Куэн-Лундун изилдене элек кыркаларын, Азиянын өзөндөрүн, жапайы чөлдөрдү, тунжураган тайгаларды изилдеп чыккысы келет.

Петр Петрович Пржевальскийдин долбоорунан өзүнүн оюн табат. Тянь-Шанга үчүнчү жолку жасоочу саякатынын планында ал өзүнүн алдына ушундай максат койгон эле. Ошондуктан анын көз алдына Көк тиреген тоолор, Ысык-Көл, Хан-Теңир, Кыргыз талаасы тартылды. Ооба, анын үчүнчү саякаты жөнүндө Пржевальский эч нерсе билген жок.

Петр Петрович кайгырган да, кызганган да жок. Ал эч качан бирөөгө жамандык каалаган киши эмес, кызганыч дегенди билбеген. Бир гана Пржевальскийдин эң сонун оюна ошол замат түшүнөт жана жогору баалайт. Көрсө, башка бирөөлөрдүн улуулугун моюндоо жана түшүнүү үчүн укмуштай акыл, тоодой жүрөк керек тура.

Семенов жаш офицерди абдан жактырып калат. Бир гана Пржевальский андай саякаттын татаалдыгын жана оор экендигин билеби? Азиядагы тоолуу жана талаалуу өлкөлөргө, өз ара касташкан согушчан эл жашаган жерлерге саякат жасоо коркунучтуу экенин туябы?

Генеральный штабдын тапшыруусу боюнча Пржевальский Сибирде болуп келген. Азыр анын алдында Уссури крайына барып турган, эгерде География коому анын долбоорун кубаттаса жана колдоого ала турган болсо, анда иш башкача болмок. Пржевальский өзүнүн өмүрүн Борбордук Азияны изилдөө ишине арнагандыгын чечкиндүүлүк менен айтты. Петр Петрович Пржевальскийдин долбоорун География коомунун советинин талкуусуна коёт.

География коому анын долбоорун, Семеновдун үчүнчү саякаты жөнүндөгү долбоорду кандай себептер менен жактырбаган болсо дал ошондой себептер менен четке кагат.

Дагы бир жолукканда ал Пржевальскийге өзүнө таандык ак ниети менен чындыкты айтат:

— Мен сиздин өз оюңузду ишке ашыра тургандыгыңызга ишенем. Бүгүн болбосо эртең, айтор сөзсүз ишке ашырасыз. Азырынча менин сөзүмдү угуп Уссуриге жөнөңүз. География үчүн ал да укмуш край эмеспи. География коомуна өзүңүз эмнеге жөндөмдүү экениңизди көрсөтүңүз. Мен сизге География коомунун бүт авторитетин пайдаланып бардык жагынан билген кеңешимди айтып жардам беремин. Азыр эле Чыгыш Сибирдин генерал-губернаторуна, менин досум, коомдун Сибирдеги бөлүмүнүн председатели генерал Кукелге сунуш катымды жазып берем. Уссури крайы боюнча иштей турган иштериңиздин программасын чогуу олтуруп түзөбүз. Макул деңиз...

Пржевальский макул болду. Семенов колдогон жана дем берген саякатчы Уссури крайына жөнөп кетти.

Арадан көп жылдар өткөндөн кийин Семенов Пржевальский жөнүндө мындайча эскерет. «Аны менен бир эле жолу сүйлөшүп көргөн киши анын сергектигинде, аракетчилдигинде жана кайратында кемчилик жок экендигин байкаар эле. Барып турган мергендигине караганда ал жакшы орнитолог болушу мүмкүн, анын үстүнө табийгый-тарых илимине шыктуулугу жана байкоого жөндөмдүүлүгү билинип турат, бирок география илими тармагында ал кезде анын эч кандай илимий кызматы көрүнө элек болучу».

Петр Петрович бөтөнчө талanттуу жана бир нерсеге шыктуу адамдарды жазбай таанып сейрек кезигүүчү жөндөмдүүлүккө ээ адам эле. Ал адамдагы гүлдөп турган талантты айкындай турган ачык мамилени түзө билчү, өзүнүн адамкерчилиги менен чындыкты айттыра алчу.

# СТАТИСТИКА ЖӨНҮНДӨ СӨЗ

Россияда кандай калктар жашайт? Азыр жер жүзүндө канча орустар жашайт? Алар эмне кесип кылышат, эмнелерди өндүрүп чыгарат, эмнелери бар?

Статистикалык таблицалар мамлекеттин абалы жөнүндө эпикалык тил менен сүйлөп берет. Анын алсырап баратканын да баяндайт.

Россияга атайын, ар бир жердин эсебин алган, соода жана транспортту камтыган статистика керек. Бүткүл империянын эл чарба турмушун кучагына алган илим катары керек. Ал эми Россияда болсо илимге негизделген статистика жок. Министерстволордо жана департаменттерде аны илимпоздор ойлоп чыгарган керексиз нерсе катары баалашат. Падышалык өкмөт эл аралык статистикалык конгресске катышуудан эки жолу баш тартты.

Реформадан кийинки Россиянын алдыңкы катардагы ишмерлери гана статистиканын мамлекеттик жана илимий маанисине түшүнө баштады. География коомунда саясий-экономикалык комитет түзүлүп, анда экономикалык жана коомдук турмуштун актуалдуу маселелери талкуулана турган болот.

Орустун ири экономисттери жана статистиктери К. И. Арсеньев, А. П. Заблоцкий-Десятовский, П. И. Кеппен, Н. А. Милютин, А. Г. Тройницкий ошол комитеттин мүчөлөрү болушкан. Мамлекеттик мекемелердин статистикага мисирейген-бюрократтык мамилесине карабастан География коомунун мүчөлөрү статистикалык изилдөөлөрдүн өтө терең маселелерин караган. География коому Россиянын статистикалык маалыматтарына, эл каттоо ишине, дыйкандардын жерин сатып алуу маселесине, дыйкандар реформасынын экономикалык таасирине, жаңы эле түзүлгөн Дворяндардын жана дыйкандардын банкасынын ишине, статистиканын уюштуруу негиздерине бөтөнчө назар сала баштаган.

Орустун эң көрүнүктүү статистиктеринин бири Заблоцкий-Десятовский болгон. Андрей Парфеновичти тамашага шоотуп «Статистиканын акыны» деп коюша турган.

Андрей Парфенович өзүнүн күйөө баласын статистикага кызыктырат жана ага тартат. Анын баары Заблоцкий-Десятовский көптөн бери ойлоп келген идеядан башталат. Ал орустун географиялык-статистикалык сөздүгүн түзүп чыгууну кыялданып жүргөн. Көп томдон турган чоң эмгек,

Россиянын турмушунун жаркыраган күзгүсү болуп калмак.

Ал сөздүк Орус жеринин жээктерине тийип турган бардык деңиздер жөнүндө баяндамак. Өзүнүн менчиктүү аттары бар бардык булуңдар, бурчтар, лимандар, кысыктар, аралдар жөнүндө айтып бермек. Ага бардык тоо кыркалары, адырлар, өзгөчө чокулар, кеме жүрүүчү бардык каналдар, өзөндөр, чоң көлдөр, минерал суулары киргизилмек. Тарыхый окуяларга, өндүрүшкө, соодага катышы бар бардык шаарлар, селолор, айтылуу жерлер даана көрсөтүлмөк. Империянын бардык губерниялары, уезддери, волосттору, округдары, монастырлары жана жайыттары кирмек. Фабрикалар менен заводдор, коргошун жана алтын, темир жана жез кендери аныкталмак. Россиянын учу-кыйрына көз жетпеген жерлерде жашаган бардык улуттар жана уруулар жөнүндө айтылмак.

Ал сөздүк беш томдон турмак. Ал ар бир географ, статисттик, этнограф, мугалим, ар бир сабаттуу орус үчүн такай колдонула турган справочник болуп калмак.

Петр Петрович Заблоцкий-Десятовскийдин оюн жалпысынан мына ушундай деп түшүнгөн. Адегенде анын бул ою Семеновду кызыктырып калды, андан кийин аны такыр кучагына камтып алды. Сөздүктүн башкы редактору болууга макулдугун берди. Петр Петрович аны түзүүгө эң мыкты окумуштууларды, коомдук ишмерлерди, жазуучуларды, жер ишине байланыштуу адамдарды тартат. Статисттик Кеппен Семенов менен Заблоцкий-Десятовскийге өзүнүн жыйырма миң сөздү камтыган карточкасын берет. Географиялык-статистикалык сөздүк үчүн элүү алты миң карточка даярдалган.

Сөздүктү басып чыгаруу үчүн коомчулук болор-болбос каражат бөлөт. Ал идеяны турмушка ашыруу үчүн башкы редактордун демилгеси менен талыкпай иштеши, ага өз ыктыяры менен келген жардамчыларынын талыкпай иштеши талап кылынат. Көп жылдар бою талыкпастан эмгек кылууну талап кылган сөздүктү анын замандаштары «Семеновдун сөздүгү» деп аташат.

Статистика Семеновду көп жылдар бою өзүнө камтып алды.

Бул жерде түшүндүрө кетүү зарыл. Статистика менен Петр Петрович экономикалык географияны түшүнгөн. Экономикалык география илим катары өлкөдө жана анын айрым райондорунда өндүрүштүн жайгаштырылышын жана өнүгүшүн үйрөнөт. Ал эми өндүрүш болсо, жаратылыштын шарттарына жараша өнүгөт жана ага көз каранды болот. Географиялык шарттарды жакшылап илимий негизде изил-

дебей туруп, өндүрүш күчтөрүн өнүктүрүүгө болбойт. Ошол эле учурда адамдын таасири болмоюнча географиялык чөйрөнү жакшы билүү мүмкүн эмес.

Физикалык жана экономикалык география өз ара тыгыз жана ажырагыс байланыштуу.

Семенов экономикалык географиянын маанисине жакшы түшүнгөн эң алгачкы орус окумуштуулардын бири болгон. Анын демилгеси менен Борбордук статистикалык комитет түзүлгөн. Ал анын туруктуу председатели болуп калган. Анын демилгеси менен бюрократ-төрөлөрдүн жөн салды мамиле кылышына сокку урулуп, орус статистикасына түнөргөн токой аркылуу жол салынган.

Статистика Орус мамлекети үчүн зарыл нерсе болуп калат. Өлүктөй болуп кыймылсыз жаткан цифраларга жан кирип, таблицалар сүйлөй баштады, кургак документтер жашоо менен толукталды. Мына ошентип, статистикалык комитеттин катышуусусуз, мамлекеттик бир дагы маанилүү маселе чечилбей турган болуп калды.

Сот бөлүктөрүн кайра куруу жана европалык таможендик тарифтерди кайра карап чыгуу, Четки Түндүктөгү жергиликтүү өндүрүштөрдү өнүктүрүү жана Вятско-Котласский темир жолун куруу, дошко карата налог салууну жокко чыгаруу жана жергиликтүү башкаруунун долбоору, дагы башка толуп жаткан маселелер статистикалык комитеттин председателисиз чечилбей турган болду.

Эгерде эрк жөнүндө, туруктуулук жөнүндө кеп кыла турган болсок, анда андай эрк Петр Петровичте ченемсиз эле. Анын тырышчаактыгы кандай гана ишти болбосун алга жылдыра турган. Ал өзүнүн досторун шыктандырууну жакшы көрүүчү:

— Адам баласы абдан күчтүү, анын колунан баары келет...

Семеновдун Борбордук статистикалык комитетте өткөргөн жылдары орустун статистикалык илимин өнүктүрүүдө кылымга тете болуп калды. Жалпы элдик каттоо жүргүзмөйүнчө статистика орундуу жана илимий жактан негиздүү боло албай тургандыгына Петр Петровичтин көзү жеткен. Калктын өлкөгө жайгашы, анын улуттук составы, алардын саны — статистикалык бардык изилдөөлөрдүн негизинин негизи болуп саналат.

Россиянын калкына жалпы каттоо жүргүзүү жөнүндөгү ой көптөн бери Семеновдун көңүлүндө жүргөн. Каттоону рекрутск тизме өңдөнгөн бардык административдик чаралардан бөлүп жүргүзүү зарыл экендигин жакшы билген. Падышалык өкмөт жалпы элдик каттоонун кереги жок деп табат. Бирок Семенов ага макул болбойт.

Анын жетекчилиги астында статистикалык комитет Россиянын калк орношкон жерлеринин тизмесин түзүүнү баштайт. Комитет жергиликтүү статистиктерге калкты өз алдынча каттоону жүргүзүүгө жардам берет. Семенов бардык жерде, ар бир жерде өз алдынча каттоо жүргүзүү келечектеги жалпы элдик каттоонун негизи болуп калат деп ачык эле айткан.

1869-жылы Семенов Петербургдун калкына каттоо жүргүзүүгө жетишет. Андан беш жыл мурда борбордо жүргүзүлгөн каттоо анчалык так эмес болучу. «Азыркы каттоонун өткөндөгү каттоодон айырмасы, мурдагы каттоо үймөүй өткөрүлбөстөн, квартал боюнча өткөрүлгөндүгүндө, азыр үй китептерине кайрылбастан, үйдө жашаган жандуу адамдарга кайрылып жүргүзүлгөндүгүндө»,— деп жазган Семенов. Алар тарабынан иштелип чыккан каттоонун бул формасы Россиянын бардык шаарларында жүргүзүлгөн каттоолор үчүн негиз болуп калган.

Ошентсе да, Семенов Петербургдун калкын каттоо боюнча жаңыдан жүргүзүлгөн иштин натыйжасына ыраазы болгон жок. Статистикалык негиздер анчалык жетилбегендиги көрүнүп калат. Калпыстыктар жана тоскоолдук кылуулар өтө көп болот. «Бир жарым кылымдан бери дош боюнча жана башка шылтоолор менен чыгым төлөөгө көнүп калган эл массасы, кандай гана түрдөгү болбосун каттоого каршы тургандыгы» жөнүндө ал География коомунун «Известиясына» кайгыруу менен жазат. Ал «жакындан бери гана статистикалык так маалыматтардын мамлекеттик-коомдук жана илимий жактан маанилүү экендигине түшүнө баштаган» падышалык администрацияны айыптаган.

1870-жылы Семенов падышалык Россиядагы биринчи жана тунгуч съездди — статистикалык съездди өткөрүүгө жетишет. Съездде Петр Петрович Бүткүл Россияда калкты кайрадан каттоону жүргүзүү маселесин коёт. Өкмөт калкты каттоону дагы белгисиз бир убакка чейин калтырууну чечет. Ошентсе да, съезд чоң ийгилик менен өтөт. Ал Орус статистикасынын көп сандаган кардиналдуу маселелерин талкуулайт. «Съездин заседанилерине тунжурап мамиле кылгандардын баарын сүрүп таштоого жетишүү менен бирге, өз ишине ак ниеттүүлүк менен мамиле кыла билген, съезддин делегаттарына ачык жана адилет пикирин айтууга мүмкүндүк берген өзүнүн председатели П. П. Семеновго съезд чоң милдеттүү эле»,— деп эскерет статисттик А. М. Сементовский.

Андан эки жыл өткөндөн кийин Петр Петровичтин аракети менен Петербургда Эл аралык статистикалык конгресс-

тин Сегизинчи сессиясы болот. Сессия анын председателдиги астында өтөт. Петр Петрович эл каттоону уюштуруу жана жүргүзүү принциптери жөнүндө доклад жасайт. Ал үзгүлтүксүз иштөөчү Эл аралык статистикалык комиссияны түзүүнү сунуш кылат. Андай комиссия Эл аралык конгресстин келечектеги сессиясына материалдарды даярдайт жана дүйнөлүк мааниси бар статистикалык иштерге жетекчилик кылат. Эл аралык комиссия түзүлүп, анын председателдигине Семеновду шайлашты.

Бүткүл Россиялык каттоону жүргүзүү боюнча Петр Петровичтин көп жылдардан бери жасаган аракети айрым гана ийгиликтерге алып келди. Ал кантип болсо да 428 уездде каттоо жүргүзүүгө жетишти. Жер ээлеринин ээлеген аянты, аларды жайыт жана айдоо жерлерге бөлүштүрүү боюнча маалыматтарды алат.

Андай каттоонун материалдарын Семенов он жолу бастырып чыгарды. Аларды «Россиянын Европа бөлүгүндөгү калк ээлеген жерлердин жана калк орношкон кыштактардын статистикасы» деген жалпы наам менен бастырды. Монументалдуу бул эмгектин төрт жолу чыгышына Петр Петрович кириш сөз жазат. Статистикалык талдоосунун тереңдиги жана мастерлиги, илимий көз караштарынын кенендиги жана аларды корутундулай билиши Карл Маркстын көңүлүн бурат.

Бул жылдары Маркс Россиянын экономикалык жана саясий жактан өнүгүшүнө кунт коюп караган. Ал жер рентасына арналган «Капиталдын» кошумча главасына материалдарды жыйнап жүргөн болучу. Семеновдун «Борбордук дыйканчылык областтарынын калк орношкон жерлериндеги жер ээлөөчүлүктүн статистикасы боюнча бир нече жалпы жыйынтыктар» деген кириш сөзүн Маркс бардык жагынан талдап көрөт.

Маркс Семеновдун макалаларынан көп жерин жазып алат. Ал макалалардан дыйкандардын жарамсыз жерлеринин мүнөзү, реформадан кийинки дыйкандардын алсырашы, помещиктердин жерди кызыл кулактык менен алып сатышы жана Россиядагы баш көтөрүп келаткан кыштак буржуазияларынын жырткычтыгы жөнүндөгү жерлерине Маркс атайын белги коёт.

Семенов орустун статистикалык мектебинин белгилүү жол көрсөтүүчүсү болуп калат.

Ошентип, Семенов Бүткүл Россиялык эл каттоону жүргүзүү жөнүндөгү оюн орундатуу үчүн отуз жыл убактысын кетирген.

## ВИЦЕ-ПРЕДСЕДАТЕЛЬ

1873-жыл.

Январь күндөрүнүн бир кечинде Чернышев көпүрөсүнүн түбүндөгү үйгө чаналар жана арабалар келип токтоп жатты. Шинель кийген генералдар, пальточон адамдар, чоң тончондор үйгө кирип жатышты. География коомунун мүчөлөрү чечинип, конференц-залга шашылышат. Алардын баарын толкундаткан бир эле жаңылык: адмирал Литке отставкага чыгып жаткан. Бүгүн жаңы вице-председатель шайланмак. Карыя адмиралдын ордуна ким шайланат?

Федор Петрович Литке чогулушту ачты.

— Сексенден өткөндөн кийин адам ал-күчтөн тайыйт экен, ошондуктан өз алымды көрүп туруп, ушул кызматта калам деп айтышым өөн болоор, ал ишти мурдагыдай аткара турган шай жок. Ал үчүн жаңы күч керек. — Адмирал аппак чачын алаканы менен сүртүп, түктүү жаагын сыйпалап койду. Мен вице-председателдикке Петр Петрович Семеновду сунуш кылам. Анын география тармагындагы, ошондой эле коомдун кызыкчылыгы үчүн кылган иштери баарыңарга белгилүү. Петр Петровичтин жетекчилиги астында Орустун география коому Европадагы өзү өңдүү коомдордун ичинде көрүнүктүү орунга ээ болду, ал мындан ары да өнүгүп, барган сайын күчүнө киреринде талаш жок...

Чогулуш Семеновду География коомунун вице-председателдигине бир добуштан шайлады.

Петр Петрович өзүнө көрсөтүлгөн ишеним үчүн ыраазылык сөз сүйлөдү:

— Коомчулук мага ишенип жүктөп олтурган, көп сандаган кыйынчылыктарды камтыган милдетти мойнума алуу менен мени шайлаган коомдун келечегин ойлосом, бир жагынан корком, анткени ал вице-председателдин өзүнүн жекече сапатына жараша болот эмеспи.

Коомдун негизги ийгиликтери анын өзүнө байланыштуу, орус коомчулугунун ичинен тынымсыз толукталып турган жандуу күчтөргө байланыштуу.

Коомдун вице-председатели ошол жандуу күчтөрдү иретке салып туруучу регулятор, коомдун башкы ишмерлери менен болгон мамилелердин арачысы... Коомдук организмдин таламын, жакшы аракеттерин жөнгө салуучу жана ошол аракеттерди турмушка ашыруунун каражаттарын табуучу башкы орган...

Чын эле Семенов коомдун жандуу күчтөрүн иретке сала турган киши болуп калат. Жаңы вице-председатель өз өлкөсүнүн жана коңшулаш өлкөлөрдүн географиясын иретке салуу үчүн мүмкүн болгон бардык аракеттерди жасайт.

Орустун өнөр жай ээлери жана соодагерлери География коомунун ишине кызыга баштайт. Ал капиталисттерге орустун чет-жакаларына баруучу соода жолдорун, жаңы базарларды жана жаратылыш байлыктарын табууга көмөк көрсөтө алмак.

Тилектештик коомунун мүчөлүгүнө Сибирдеги өнөр жай ээлери — миллионерлер М. К. Сидоров менен А. М. Сибиряков кирет. Географиялык жаңы ачуулар аларды толкундаткан эмес. Сибирь токою, алтын, графиттер кызыктырган аларды. Аларды өз товарларын өткөрө турган базарлар, андан түшкөн кирешелер кызыктырган.

Сидоровго Енисейге баруучу деңиз жолу өтө зарыл. Анын Енисейге куйган Курейкада өтө бай графит кени бар, ал эми Европада болсо графит абдан баа. Енисейден Европага баруучу эң кыска жол Карск жана Баренцев деңизи аркылуу өтөт. Ошондуктан Сидоров Енисейге биринчи жолу жетип, анын графит кенине жол салган кораблине чоң сыйлык берем деп убада кылат. Атагы чыккан уюл изилдөөчүсү Норденшельд — биринчилерден болуп Енисейге кирип сыйлык алат, бирок Курейкага чыга албайт.

Сидоров География коомуна кайрылат. Жаңы вице-председатель сибирдик капиталисттин акчалай жардамын зор ыраазылык менен кабыл алат. Сидоровдун акчасына капитан Шваненберг менен штурман Нумелиндин экспедициясы даярдалат. Алар «Северное сияние» кемеси менен Енисейден графит жүктөп, Петербургка келүүгө аракет кылышат.

«Северное сияние» Енисей булуңунда кыйроого учурайт. Экспедиция эми өз ишин «Утренная заря» кемеси менен улантат. Ал алдына койгон максатына жетет.

Сибиряков болсо Сибирдин жергиликтүү калкына барып, чоң соода жүргүзчү. Обь, Енисей, Ленага товарларын тез жана арзан жеткирип алуу Сибиряков үчүн өтө маанилүү иш эле.

Сибиряков берген каражатка Норденшельддин экспедициясы даярдалат. География коомунан экспедицияга подпоручик Оскар Нордквист катышат.

Норденшельд «Вега» деген кеме менен Карск деңизинен өтүп, Лена куймасында болуп, Берингов кысыгына жете бербей музга кыпчылат. «Вега» Түндүк булуңда кышты өткөрүүгө аргасыз болот.

«Веганын» аргасыздан кыштап калышы Нордквистке өзү күтпөгөн кызматты өтөйт. Подпоручик Чукотканын жээктерин изилдеп жүрүп, онкилондордун эски турагына туш келет. Көп сандаган каардуу эл эки жүз жыл мурда Чукоткада жашаган экен.

«Алар эч нерседен тартынбаган жоокер, атканы жаза кетпеген мерген, ак жолтой балыкчы болушкан. Киттерге ууга чыгышкан, белух менен морждорду сайышкан. Онкилондор өзүлөрүнүн үйлөрүн киттердин сөөктөрүнөн салышкан, куралдарын мамонттордун азууларынан жасашкан. Алардын буту тундранын Анадырдан Янга чейинки жерлерин басып өткөн, үйлөрүнө жаккан оттордун жарыгы асманга шоола берип турган. Алар чукчаларды кысып, алеуттарды жеңип келишкен. Мына ошентип алар жок болуп кетишти. Урушчаак онкилондордун кайда кеткенин эч ким билбейт»,— деп айтылат Чукоттон чыккан уламыштарда.

Сырдуу онкилондор качан, кайда жок болуп кеткенин Нордквист тактай албайт. Аларды ким жеңген? Чукотка тундрасынан аларды ким кууп жиберген? Же алар мекенин өзүлөрү эле таштап кетишкенби? Чоң жана күчтүү элдин изсиз жоголуп кеткени кандай? Мына ушулардын баары Нордквист үчүн да, География коому үчүн да чечилбеген сыр бойдон кала берди.

Норденшельд Түндүк булуңунда кыштап калган кезде, Европанын окумуштуулары менен географтары анын тагдырынан кабатырланып тынчсызданышат.

Өз акчасын жумшап Норденшельдди Түндүк деңиз жолун ачуу үчүн жөнөткөн өнөр жай ээси Сибиряковдун да тынчы кете баштайт. Сибиряков «Веганы» табыш үчүн «Норденшельд» деп аталган пароходду жабдып жөнөтөт.

Суэц каналы менен Инди океанына өтүп, Тынч океаны аркылуу Беринг кысыгына барууга тийиш эле. «Норденшельддин» бортунда География коомунун илимий секретары Александр Васильевич Григорьев бар эле.

Григорьев Ак жана Баренц деңиздеринде мурда да болгон. Ал деңиз айбанаттарын жана өсүмдүктөрүн изилдеп, Түндүк деңиздеринде гидрологиялык байкоолорду жүргүзгөн. «Норденшельд» Балтиканын жээгинен Японияга жеткенге чейин Григорьев илимий иштер менен алектенет. Инди жана Тынч океандарындагы суунун ар кандай тереңдиктеги температурасын өлчөйт, метеорологиялык байкоолорду жүргүзөт.

Бирок «Норденшельд» Норденшельдди куткара албай калат. Япон деңизинин тумандарына жеткенде пароход Исесо аралынын жээгине урунуп, түндүккө барууч у рейс аткарылбай калат.

Японияга жеткенде Григорьев Сахалинде жашаган айна деген кичине эл жөнүндөгү маалыматтарды жыйнайт. Григорьев айналардын турмушу жөнүндөгү японддук сейрек жолугуучу кол жазманы алууга жетишет. Ал айналар өз турмушунда пайдаланып келген буюмдардын эң сонун коллекциясын түзөт. Алардын көпчүлүгү өтө баалуу — андай буюмдарды Япониянын музейлеринен да табуу кыйын эле.

Японияда, Гонконгдо, Сингапурда калктардын типтери жана пейзаждары түшүрүлгөн альбомдорду, байыркы кол жазмаларды чогултуп келип, Григорьев География коомуна белек кылып берет.

География коому үчүн эң оор жана эң эле натыйжалуу мезгил башталат.

Анын вице-председатели — Александр Гумбольдттун татыктуу окуучусу — орус географтарынын жана саякатчыларынын арасында өзүнүн окутуучусунун идеясын кеңири таратат.

Александр Гумбольдт мындай деген экен: жерди бардык жагынан жакшы таануу үчүн, ар түрдүү адистиктеги жана багыттагы окумуштуулардын биргелешкен эмгеги зарыл. Ал биздин планетаны изилдөөнүн жолун көрсөткөн. Анын комплекстүү экспедиция жөнүндөгү идеясы илим үчүн укмуштай сонун горизонтторду ачты.

Семенов орус географтарынын ичинен биринчи болуп Гумбольдттун идеяларын жогору баалаган. Вице-председатель болгондон кийин ал идеяларды туруктуулук менен турмушка ашырып кирет. Ал ар дайым «география айрым көрүнүштөрдү гана эмес, өзүнчө бир топту же алардын ассоциациясын үйрөнүүгө тийиш. Жаратылыш менен адамдын өз ара татаал аракетинен улам, өлкөнүн географиясы пайда болот» деп эскертип келген.

Семенов жаңы экспедицияны узатып жатканда ар дайым алардын эсине буларды сала турган, өлкөлөрдү жана алардын айрым райондорун «эмгекти өз ара бөлүштүрүүгө ылайык келген, көп сандаган адамдардын биргелешкен эмгеги менен чечиле турганын» эстен чыгарбоо керек.

Жаратылыш географиялык шарттарды, же адам коомунун географиялык чөйрөсүн комплекстүү үйрөнүү ар бир экспедициянын максаты болуп саналат.

Физикалык жана органикалык закондорду, климатты, өлкөнүн өсүмдүктөрүн изилдөө менен бирге анда жашаган элдердин турмушун жана ишин изилдөө керек.

70—80-жылдары География коомунун ишмерлери улуу саякаттарды жасашып, зор ачууларды жүргүзүштү.

Бул мезгилде Пржевальский менен Миклухо-Маклай,

Потанин менен Мушкетов, Воейков менен Певцов, Черский менен Северцев, Грум-Гржимайло менен Роборовский орус илиминин атагын чыгарышат.

Ошол эле мезгилде Сибирь менен Алыскы Чыгыштын чет жакаларында, Урал жана Тянь-Шань тоолорунда, Орто Азия менен Монгол чөлдөрүндө көп сандаган экспедициялар иштеп жатты.

Эми География коому иш үчүн киши издебей калган. Ишке дилгир жаштар күн сайын анын эшигин черткилеп келе башташты. Алар жаңы саякаттардын долбоорун көтөрүп келип, жер жүзүндөгү адамдын буту тийбеген жерлерге барууну көксөшөт. Алардын көпчүлүгү алыскы өлкөлөргө саякат жасоону максат кылышат: Тынч океандын аралдарына, Амозонканын тропикалык жерлерине, Конгого, Цейлонго барууну каалашат.

Петр Петрович өзү өтө жакшы көргөн долбоорлордун, алдыда турган экспедициялардын, саякаттан кайткан экспедициялардын отчётторунун астында калат. Изилдөө ишине баруучулар вице-председателдин кеңешин уккандан соң жолго чыгышчу. Ал алардын алдына ачык максаттарды коёт, илимий программаларды иштеп чыгууга жардам берет, алар иштей турган жерлердин бөтөнчөлүктөрүн көрсөтөт. Ал таланттуу жетекчилерди тандайт, акчалай жардам көрсөтүүнү өтүнүп өкмөткө кайрылат.

Уюштуруу иштеринин оорчулугу бүт бойдон вице-председателдин мойнунда. Илимий чыгармаларды бастырып чыгаруу, географиялык карталарды түзүү, атластарды даярдоо, каражатка зарыл изилдөөчүлөргө жардам көрсөтүү үчүн каражат табуу оңой-олтоң иш эмес эле. Падышанын чөйрөсүндөгү бюрократ төрөлөрдүн ал иштерге салкын карашында чек жок болучу. Ошондуктан вице-председатель менен министерстволордо жана департаменттерде далай жолу кайым айтышуулар да болуп турчу.

— Северцев Түркестандан кайтып келди. Орус илими үчүн ал аябаган көп иштерди бүтүрдү, азыр анын казаны оттон түшүп олтурат. Ооба, Европада болгондо Северцевди алаканына салып көтөрүп жүрүшмөк! Ага болсо адистиги боюнча убактылуу иш таап бергилери келбейт,— дейт ички иштер министерствосуна барып, Түркестанды изилдөөчүнүн камында жүрүп.

— Чыгыш Сибирде бардык кыйынчылыктарды мойнуна алган, таланттуу адамдар —сүргүндө жүргөн поляктар иштеп жатат. География коому алардын ийгиликтерин белгилеп, алтын медаль менен сыйлады. Ал эми менин оюмча алар үчүн эң жогорку сыйлык — боштондук,— деп далилдейт Петр Петрович Азия департаментине барып.

Ал саясий кылмышкер Бенедикт Дыбовский жөнүндөгү жашыруун делону окуп чыкканга жетишкен:

«Дыбовский Бенедикт. Чачы күрөң, көзү көгүш, теги дворян, Варшавадагы башкы мектептин мурдагы профессору болгон. Үй мүлкүнөн, бардык укугунан ажыратылып, он эки жылдык мөөнөт менен каторгага айдалган. Иркутскиге 1864-жылы келди».

Петр Петрович каторгада жүргөн профессор жана башкаларды билчү. Сибирдеги География бөлүмүнүн жардамы менен Дыбовский жана анын досу Виктор Годлевский бир нече жылдан бери Байкалды изилдеп жүргөн. Алар жыйнаган материалдар Байкал жөнүндөгү таптакыр жаңы маалыматтарга жык эле. Сүргүндө жүргөн зоологдор Сибирдеги улуу көлдөн мурда эч белгисиз отуз моллюскалардын түрүн, гаммарид-бокоплавдардын жетимиш түрүн табышат. Андан башка алар тирүү балык тууган голомиянкаларды таап келишет. Андай балыктар Байкалда гана болот. Сууда жана кургакта бирдей жүрүүчү кескелдирик кейпиндеги төрт буттуу тритондун жазы түрүн табышат. Ошол эле кишилер: Байкалдын түбүндөгү температура ар дайым бир калыпта болот деген жыйынтыкка келишет. Ал экөө көлдүн эң терең жери 1320 метр экендигин аныкташат.

География коому Дыбовский менен Годлевскийди кичи алтын медаль менен сыйлайт. Петр Петровичтин өтүнүчү боюнча сүргүндө жүргөндөрдү бошотот. Профессор Дыбовский Петербургка келээри менен Семеновго ашыгат. Каармандыгы жана эрки мурдатан өзүн таңдантып жүргөн адам кирип келгенде Петр Петрович ордунан тура калат. Чын ыкласы менен болгон аңгемеден кийин ал профессорго коомдогу каалаган кызматыңызды алыңыз деген сунушту айтат. Көп жылдар бою каторгада, сүргүндө жүрүп, запкы жеген Дыбовский макул болот деп абдан ишенген.

— Мен жаңы эле кыркка келдим. Тынч жатып дем ала турган маал эмес, — дейт Дыбовский. — Эгерде сиз Камчаткага барып кел деген болсоңуз, кыңк этпей макул болор элем. Чыгыш Сибирде баштаган иштин аягына чыгууну аябай каалап турам...

— Биз сиздин өтүнүчүңүздү канааттандырабыз,— деди Петр Петрович.

Дыбовскийдин күтүлбөгөн жерден жарк дей түшкөн өңү томсоруп, эки кашынын арасына бырыш түшөт.

— Кубанычтан улам досторум жөнүндө унутуп калыпмын. Иркутскиге сүргүнгө айдалгандардын арасында Александр Лаврентьевич Чекановский деген жатат.

Бул ысым Петр Петровичке белгилүү болучу. География коому Чекановскийди Иркутск губерниясынын геологиясы

боюнча жазылган эң мыкты эмгеги үчүн алтын медалы менен сыйлаган. Коом Төмөнкү Тунгуска менен Оленеканы изилдеп чыгуу үчүн экспедиция даярдайт — ага Чекановский жетекчилик кылат. Чекановскийден көптөн бери кабар жок болучу, а Дыбовский болсо бир жагынан кубанычтуу, бир жагынан жаман кабар алып келет. Петр Петрович столду чыканактап, салыңкы кабагын улам сүртүп анын сөзүн угат.

Экспедиция Төмөнкү Тунгуска менен Оленекадан башка Верхоян кыркаларына да барат.

Александр Чекановский магнит полюсу Вилюй менен Оленеканын ортосунда, мурда ойлогонго караганда жети градус түштүгүрөөк жагында деп табат. Чекановский геологиялык жана палеонтологиялык эң бай коллекцияларды жыйнайт. Сибирдин түндүк-чыгыш жагынын жаңы географиялык картасын түзөт. Тилекке каршы, Чекановскийди күйүт баскан. Кайгынын туткунунан бошой албай койду.

Петр Петрович алаканын столдун үстүнө жая таштап, башын көтөрдү. Анан толкундап, үнү каргылданып мындай деди:

— Анда аны Петербургка чакырып келип, дарылаш керек...

Петр Петровичтин талабы боюнча Чекановский Петербургка дарылануута келди. Бирок кеч болуп калган эле. Ал күчкө толуп, таланты ташкындап турганда дүйнөдөн кайтты...

Бул учурда Певцов Жунгарияны, Монголияны, тоо артындагы Кытайды изилдеп жүргөн. Певцов География коому абдан аракет кылган максатка жетишет — Алтайдын түштүк-чыгыш четин, Кызыл-Баш көлүнүн бассейнин изилдеп чыгып, Гоби чөлүнө чейин барат.

Ушул эле убакта геолог Черский Чыгыш Сибирде саякат кылып жүргөн болот. Ал Байкалдын геологиялык картасын түзөт, Китойск чокуларын, Селенга өзөнүн жана анын куймаларын изилдеп чыгат.

Черский өзүнүн аялы Мавра Павловна менен бирге Байкал жээктериндеги адамдын буту баспаган жерлерге барат, анын геологиясын гана эмес, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүн, Сибирдин тарых башталганга чейинки абалын кызыгып билет.

Ошол эле кезде Большев Татар кысыгынын жээктерин картага түшүрүп, а Нейман Беринг деңизинин агымына байкоо жүргүзүп жаткан. Поляков Сахалинге барып, тарых башталганга чейин бул жерде жашаган адамдардын изине түшкөн. Ал байыркы адамдардын куралдарын жана буюмдарын табат, алардын Тынч океандагы аралдарда жаша-

ган адамдар менен болгон байланышын тактайт. Ошол эле учурда Лопатин Сибирдеги Чульма өзөнүн сүрөткө түшүрүп, Сендесер Кетти изилдеп жүргөн болот. Бул кезде барон Аминов Енисей-Обь суу башаттарын топография картасына түшүрүп жаткан. Воейков болсо бул учурда Американы, Японияны, Индияны кыдырып, дүйнөлүк климатты үйрөнүп жүргөн.

Ушул эле учурда Географиялык коомдун иши үчүн кам жеген жана тикесинен тик турган вице-председатель баш көтөрбөй иштеп жаткан. Анын замандаштары Петр Петрович өзүнүн илимий иштери үчүн качан убакыт табарына таң калыша турган. Ага ал жылмайып койчу да, ийнин куушуруп жооп берүүчү.

— Мен убакыт жөнүндө ойлобойм, тек гана иштей берем,— деп жооп берүүчү ал досторунун суроосуна.

Анын редакциясы астында «Жалпы География боюнча маалыматтардын» эки томдугу жарыкка чыгат. Ал география коомунун жыйырма беш жылдын ичинде кылган иштерин кеңири баяндайт. Өзүнүн Көк тиреген тоолорго жасаган саякаты жөнүндөгү макалаларын жана очерктерин жазат. Географиялык-статистикалык сөздүктүн кезектеги томун бастырып чыгарат. Түркестан менен Батыш крайларга этнографиялык экспедицияларды уюштурууга түздөн-түз катышат. Аны ошол экспедициянын программаларын түзүү боюнча комиссиянын председателдигине шайлашат. Этнографтар вице-председатель иштеп чыккан инструкцияларды алып саякатка жөнөшөт.

Бирок мурдагыдай эле Семеновдун илимий ишиндеги маанилүү орун «Азиянын жеринин жаратылышын» которуу жана ага кошумча киргизүү болуп калат.

Карл Риттердин эмгегине кошумча киргизүү, анын көптөн берки өз алдынча географиялык чыгармасы болуп калган. Азия материги жөнүндөгү илимий көз караштар вице-председателдин туруктуу иши аркылуу кеңейет жана тереңдейт.

Жер шарынын географиялык картасына түшүрүлгөн Азиянын «ак темгилдери» биринин артынан бири өчө баштайт. Пржевальскийдин, Потаниндин, Певцовдун, бир тууган Грум-Гржимайлолордун, Громбичевскийдин, Валихановдун жана Семеновдун өзүнүн атактуу экспедициялары Орустун География коомун дүйнөдөгү илимий борборлордун биринчи катарына чыгарат.

Коомдун мүчөлөрү эл аралык конгресстерде чыгып сүйлөшөт, эл аралык мааниси бар географиялык маселелерди иштеп чыгууга катышат. Уюл станцияларын куруу, жердин алгачкы меридианын аныктоо, жер шарынын кар-

тасын түзүү — мына ушул дүйнөлүк география маселелери эми орус окумуштууларынын катышуусусуз чечилбей турган болуп калат.

Европанын географтары менен саякатчылары коомго кызмат кылуу үчүн кайрыла баштайт. Вице-председателдин чакыруусу боюнча Россияга Норденшельд, Нансен, Амундсен, Свен Гедин, Шеклтон, Бонвало келет. Алар өзүлөрүнүн экспедициялары, илимий жетишкендиктери жөнүндө докладдарды окушуп, коом басып чыгарган эмгектерге катышат.

География коому өзүнүн адамды таң калтырган жана эң сонун ишмердиги үчүн өтө таланттуу окумуштуулардын тобуна милдеттүү. Бирок вице-председатель бардык иштердин жандуу жетекчиси болгон. Анын энергиясы жана багыт берүүчү ою бардык жагынан көрүнүп туруучу.

Петр Петрович Семенов менен География коому өз замандаштарынын көз алдында, бири-биринен ажырагыс жана бөлүүгө болбой турган түшүнүк болгон.

*XXIV глава*

## ЖАРАТЫЛЫШ ЧАКЫРЫГЫ

Балдар бат эле чоңоёт тура!

Жакында эле балдарына оюнчук издеп жүргөн киши, азыр болсо минтип турмуш жолун тандап алуу жөнүндө, Россиянын тагдыры жөнүндө, илим жөнүндө аңгемелешип калчу болду. Алар атасынан сөз талашып, макул болбой коюшат. Кай бир учурларда балдарынын көзүнөн: «Ата, сен жаман киши эмессиң, бирок заманың өтүп кеткен» — деп айткылары келгенин байкап калат. Бул картайып бараткан атанын шектенүүлөрүнүн бири эле. Мезгилге даба жок, убакыттын кандай өткөнүн билбей да каласың! Тунгуч уулу Дмитрий университетти бүтүп жатат. Ортончусу Андрей атасынын жолун жолдоду көрүнөт, өз өмүрүн энтомологияга арноону чечти.

Петр Петрович Андрейдин тандаган жолуна ыраазы. Анткени өзү да курт-кумурска, чымын-чиркей жөнүндөгү илимди жакшы көрөт эмеспи. Эки кызыккан — живопись менен энтомологияга ал өзүнүн көп жылдык өмүрүн жумшаган.

Анын үчүнчү уулу Вениамин географ болгусу келет. Измаил менен Валерий гимназияга каттайт. Ольга музыкалык училищеде. Уулдарынын эң кенжеси Ростислав эң

талантту сүрөтчү болом деп убада берип жүрөт. Ал тарткан пейзаждар абдан даана жана адамды өзүнө тартат. Сүрөттөрү живопистүү келип, орус жаратылышы байкалып турат. Абдан жакшы! Семеновдун тукумунан бир сүрөтчү чыгат экен.

География коомундагы ар түрдүү иштерден кийин Петр Петрович үйүнө келип дем алат. Ал аялы өңдөнүп, шаңдуу той-тамашаны, сейилдеп, кыр көрсөткөндү жаман көрөт. Анда-санда боло калган бош убактыларында өзүнүн энтомологиялык коллекцияларын системага салат.

Анын кабырчык канаттуу курт-кумурскаларынын коллекциясы укмуштай тез көбөйүп жатты. Васильев аралындагы эски, кенен үйүнүн текчелериндеги жүздөгөн ящиктерге Россиянын жана Азиянын курт-кумурскалары толтурулган. Жаңылары болсо үзгүлтүксүз келип турат.

Северцов Орто Азиянын коңуздарынын бир бүтүн «жыйнагын» белек кылып берди.

Монголиядан Потанин, Кавказдан энтомолог Комаров өзүлөрүнүн белектерин жиберишкен. Пржевальский болсо ага арнап Борбордук Азиянын курт-кумурскаларын чогулкан, Певцов — Түштүк Алтайдыкын, Регель — Бухара тоолорунун коллекцияларын жиберген.

Петр Петровичтин энтомологиялык коллекциясы Сахалинден Кавказга, Уралдан Гималайга чейинки эбегейсиз чоң территорияны кучагына алган.

Петербургда жашаган алгачкы жылдары Петр Петрович шаардын четиндеги өзүнүн дачасында болучу, бирок падышалык селодо адам абдан көп, ызы-чуу баш катырчу. Өзүнүн эң жакын досу жана кайын атасы, Завлоцкий-Десятовскийдин күтүлбөгөн жерден каза болушу Петр Петровичтин үй-бүлөсүн чакан Гремячкага көчүүгө аргасыз кылат.

Тынч жаткан Рановалын жээгиндеги Гремячка анын жайкысын жашай турган туруктуу жайы болуп калды. Урусовдогу үйүн сатып жиберет. Кыштакка көчөрдүн алдында анын үй-бүлөсү ызы-чуу түшүп, кубанып, түйшүктөнүп даярданышчу. Өзгөчө Петр Петровичтин өзү абдан кубанчу.

Жашыл талааны аралап бараткан трашманкедеги Петр Петровичтин кубанычы коюнуна батпайт. Июнь айынын эртең мененки күнү аны салтанат менен тосуп алгандай, миң кубулган талаа, Рязань чөптөрүнүн жыты көңүлүн балкытып салды. Көңүлү сергип, жүрөгү эркин кагып жаткандай туюлду. Мындай назик күндүн көлмөлөргө чагылышын күлүңдөп жылмайышын, шыбактардын нымдуу жытын ал мурда такыр сезген эмес. Дөңгөлөктүн астынан учуп чыккан карчыга куш күн шооласынан улам кызарып көрүнгөн канаттарын тез-тез кагып кайкыйт. Ошол кыз-

гылтым тарткан асманда торгойлор сайрап, жолдун жээгинде барсылдак. Анын көбүңкү тарткан баштары чөптүн арасынан чыгып, бери кел дегендей өзүнө чакырат, эгерде аны чаба турган болсоң, тарс этип, тапанчаныкындай табыш угулат. Токой арасындагы ачыктарда топ-топ болуп чыккан иван-чай, булак суулардын жээктеринде бышайын деп келаткан маймынжан.

Петр Петрович коого кирет. Нымдуу өлөң чөптөр таман алдында кычырап, папоротниктердин жалбырактары betти аймалайт. Үстү жагынан учуп өткөн чаар калдырканды көрүп, көпкө чейин тигиле карап узатат. Кайыңдар суюлуп, токой кашатка барып такалат.

Петр Петрович Ранованын көгүлтүр жээгине келип, анын шарпылдаган толкунуна бутун салат.

Гремячинскидеги жайды ал энтомологияга, негизинен ошого арнайт. Курт-кумурскаларды жыйноого болгон ынтызарлык, ошол иштеги зыкымдыкка алып келет. Ал Андрейге болуп көрбөгөндөй жаңылыкты кабарлайт. «Менин кабинетиме «кикинделла германика» учуп кирди». Өзүнүн уулуна Ранованын жээгине баргын деген кеңешин айтат. «Аердеги жарда, жалпак таштын астында таң калыштуу коңуздар жашайт». Ачуусу аябай келген аялы, айдап койгон жерге норка кирип, толгон-токой жөжөлөрдү кырып кеткенин айтат. Курт-кумурскалардын коллекциясын иреттеп олтурганына тоскоол болгон аялына акырая карап алды. «Норка жөжөлөрдү уурдайт бекен? Силер аны ушул күнгө чейин кармай элексиңерби? Эми да кармай албайсыңар. Англичандар менен согушкан бороон сымал ал дагы жеңилбей турган нерсе».

Кеч кирери менен улуу экөө кабинетке кирип бекитип алышат. Текчелерден ящикте турган курт-кумурскаларды чыгарышат. Бир, бешинчи, онунчу.

Петр Петрович айдын шооласынан токуган сыяктанган тунук, таза, мелтиреген саз жаныбарына суктана карайт. Анын канаттарында жети лаал жана төрт асыл таш сыяктуу темгилдер бар экен. Анын катарында ала-телек зефирлер, Маактын ак куйруктары, индиялык адмиралдар, кара күрөңүнөн келген махондор, жашыл чатыр кейптенген жаныбарлар.

Петр Петрович былк этпей отурат. Уулу ящиктин артынан ящикти ачып, андагы курт-кумурскаларды столдун үстүнө коюп жатты Атасынын чырактай балбылдаган көзү алардан өтүп бараткандай көрүнөт. Анын көзү тиги чөптүн сабагында жөрмөлөп өөдө бараткан коңузга, карагайдын кабыгынын астында жаткан көпөлөк куртуна, саздарда туулган голубянкага тигиле карап көнгөн.

— Мына бул татынакай көпөлөктү Уссури токойлорунан жибериптир,— деп Андрей деңиз үлүлүнүн кабыгына окшогон кызгылтым көпөлөктү берет.

— Кооз көпөлөктөрдүн көпчүлүгү зыянкечтерден болот,— деп жооп берет Петр Петрович. — Дүйнөдөгү курт-кумурскалардын сулуулугу өтө коркунучтуу сулуулук. Уссуриянын Махаону аш көк менен сабиздин душманы, ал эми жаз голубянкасы дан-буурчак өсүмдүктөрүнүн зыянкечи болот. Маактын ак куйруктары жаңгак токоюнун душманы, альциондор дуб токоюна зыян келтирет. — Петр Петрович ящикти өзүнөн нары жылдырып коёт. Уулу абдан кызыгып иштеп жаткандыктан өзү акырын кыймылдайт. — Энтомология курт-кумурскаларды классификациялап гана тим болбостон, алар жаратылышка кандай пайда келтирет жана кандай зыян келтире тургандыгын аныктоого тийиш. Маактын ак куйруктары маш буурчак талааларын сары-аврорадан сактап кала тургандыгын билесиңби? Бөрү карагаттын жалбырагын жеген белянка, огород өсүмдүктөрүнүн зыянкечи аргусту жаман көрөрүн билесиңби? Жаратылыштагы бардык нерсе анын закон ченемдүүлүгүнө багынат. Алардын сансыз сырлары өзүнүн изилдөөчүлөрүн күтүп жатат. Мен карып баратам, энтомология үчүн бир нерсе жасоого убактым жете турган эмес. Жаш натуралисттерге, Андрей сага гана ишенгенден бөлөк чара жок.

Атасы менен баласы өзүлөрүнүн байлыгын-казынасын тестеп олтурушту. Эчак эле караңгы кирген. Терезенин нары жагындагы карт липалар акырын шуудурап, таранчылардын үнү тынчтыктын кучагында угулуп турат. А Петр Петровичтин көз алдынан коллекциялар дале кылкылдап кеткен жок.

Кызыл менен саймалагандай жашыл түстөгү боору жалтыраган сары, көгүш темгил түшкөн ак, ак темгилдер түшкөн көк көпөлөктөр укмуштай кооз түр берип тунарат. Алар билинбей улам барган сайын көбөйүп, эски кабинеттин ичин толтура баштаган.

Петр Петрович коллекциялардан баш көтөрүп, терезеге көз чаптырат.

Тиги суналган Рановагын бою килем жайып койгондой көрүнөт, топ-топ болуп өскөн бөрү карагаттар, саздардын кубулушу, баркыт сымал жалбырактар, түштүктүн лимон дарактары, күрөң аполлондор, Индиянын адмиралдары, атам замандан бери келаткан мудорфийлер ошол килемге түр берип тургансыйт. Табигый килем миң кубулуп, сууга тийип турат.

Петр Петрович көзүн ушалады эле — килем көздөн ка-

йым болду. Мелтиреп агып жаткан Ранова гана калып, асман киргил тартып, эч нерсе жоктой көрүндү.

Түнкүсүн үйдө тынчтык өкүм сүрө баштаган кезде, ал пальма шамын коюп алып иштей баштайт. «Азиянын жеринин жаратылышынын» жаңы томун басмага даярдайт. Ага өзүнүн Чыгыш Сибирь, Байкал көлү, Байкал жээгиндеги өлкөлөр жана Гоби чөлү жөнүндөгү кошумчаларын киргизет.

Кээде, илимий эмгектери менен катар, күндөлүгүн толтурат. Мына ошондо анын бала чагы эсине түшөт. Ал өзүн кайрадан кичинекей бала кезиндегидей көрөт: «Типтик аскалар, терең коолордогу жарлар мени өзүн көздөй чакырып жаткансычу... Мага өзүбүз турган жердин четинен эч ким көрбөгөн, эч ким бара албаган чөйрөнү ачкандай көрүнүүчү». Орус жеринин жаратылышынын сулуулугу, тропикалык эң жакшы деген ландшафттардан артык көрүнөт. Орус жазы, кардын эрип жатышы, апрель айындагы саргыч тарткан суулар, мелтиреген жашыл токойлорду эч нерсеге салыштырып болбочудай. «Дарактар күн сайын эмес, саат сайын бүрдөп жатты: бирөө тунук көгүш тартса, бирөө аппак-кызгылтым гүл алды... Мына ушулардын баары мени жалгыз ээрчитип укмуштай сонун жаратылыштын койнуна алып киргендей болду...»

Ал акырын мыйыгынан күлүп, сөөгүн кычырата керилип алды. Көпкө чейин кабинетинин ичинде басып жүрдү. Столдун үстүндө жаткан кол жазмаларын, корректура барактарын, журналдан алган кесиндилерди иреттеп чыкты. Июнь түнүнүн кучагындагы терезени ачты. Кайрадан июнь айында магдыраган бактын түпкүрүнөн жаратылыштын чакырыгы угулуп тургандай болду.

Ал терезеден чыгып бактын ичине кирди.

Кайың менен липалардын арасы түнөрүп, гүл тигилген жактан буркурап сонун жыт келип турду.

Гремячидеги бак Урусоводогу сатып жиберген бактай эле чоң болуучу. Алма дарактары, парниктер, жүзүмдүктөр, толуп жаткан клумбалар. Липа дарагы тигилген аллея бакты экиге бөлүп, Рановага салынган көпүрөгө барып такалат. Бактын оң жагын чалкан баскан арык, сол жагын помещица Дарья Дмитриеванын талаасы чектеп турат. Помещицанын жерин иштете турган киши болбогондуктан шыбак, шыраалжын басып кеткен.

Петр Петрович мына ошол бетеге, шыбак, шыраалжынды тепседи. Ал аларды жакшы көрөт, бирок талаада калганын жактырбайт. Ушундай жердин пайдасыз жатканын карабайсыңбы! Ал кылчайып өзүнүн үйүнө көз жүгүрттү. Көгөргөн дарактардын арасынан агарып чатыр гана көрү-

нөт. Үй абдан жакшы салынган, анын курулушуна келишкен карагай устундар жумшалган, эшиктери тим эле дарбазадай. Үйдү эстен кеткис Собакевич салган. Анын фантазиясы менен эки эшик чыгарылган, бири бийик, көп сандаган тепкичтери бар, экинчиси жапыз, тепкичтери жок.

Жеринин бир этеги тиги кара буудай айдалган аянтка өтүп, Рованын жашыл жээгине барып такалат. «Чөп белге чыгат, жакында чабуу керек». Көлмө ак көбүктөп, акырын шырпылдап турат, анда сазандар багылат. «Кайырмак салып эрмек кылыш керек». Эски дубдун бутактарынын арасынан уюган алтындай жаркыраган нерсе жылт эте түштү. «Сасык коңуз», «Карабюсе сестрешери» деген тукумдун эң сонун нускасы. Ал сасык коңузду ширеңкенин коробкасына салып койгон. Көк майдан токойго айланат — кайың, карагай, токой жаңгагынын дарактары. Бардык жерде кууран, чириген карагайлар. Бул токой да ошол помещицаныкы, алар түбүнөн чирип бaратат, бирок помещица андан отун алдырбайт. Чык татырбаган сараң, кембагалдарды мал жайгандыгы, отун алгандыгы үчүн штраф төлөтүп кыйнап бүткөн.

Таң агарып келатты. Тынч. Мелүүн. Кеңендик.

Бака жалбырактын жытына аралашып баягы эле тынчы жок жаратылыш, эч нерсеге багынбаган жаратылыш кыймылы чакырып жаткансыйт.

Петр Петрович жандуу жана жансыз жаратылышка эң биринчи окумуштуу катары мамиле кылган. Курт-кумурскаларды коллекциялоо аракети менен илимий максатты көздөгөн. Акырындык менен анын коллекциясы аябаган чоң жыйнакка айланды. «Семенов жыйнаган курт-кумурскалар» деп аталган атактуу жыйнактын жети жүз бир миң экземплярын анын уулу Андрей Петрович Илимдер Академиясынын Зоология музейине тапшырат.

А Петр Петрович болсо чоң ынтызарлык жана ач көздүк менен коңуздарды, көпөлөктөрдү издей берет. Ал аларды чогултуу боюнча кыскача баяндама жазат. Экспедицияга жөнөп жаткандардын баарына энтомологиялык жабдууларды берип, курт-кумурскаларды кантип жыйноо боюнча кеңешип айтат. Россияны кыдырган жаш энтомологдорго өз акчасынан берип турат. Европанын жана Азиянын энтомологдору менен байланышып алардан жаңы коллекцияларды ала баштайт.

Орус жана чет элдик окумуштуулар өз иши үчүн анын коллекцияларынан пайдаланышат. Коллекция Россиянын жана Азиянын жаныбарлар дүйнөсүн изилдеген ар бир адам үчүн зарыл нерсе болуп калат. Окумуштуулардын жалпы кабылдоосуна караганда «Семеновдун жыйнагына»

Европадагы жана Америкадагы зоологиялык өтө бай деген музейлер да тең келе албай калган.

Орустун энтомология коому Семеновду өзүнүн президенти кылып шайлайт.

Семенов падышалык өкмөттөн коом үчүн акчалай жардам алууга жетишет. Анын демилгеси менен «Орустун энтомологиялык вестниги» чыгат.

Бул коомду анын президенти чейрек кылым колдойт жана багыт берип турат.

Коом Семенов атындагы үч сыйлыкты белгилейт. Ал сыйлыктарды өз алдынча изилдөө жүргүзгөн орустун энтомологдоруна гана берүүгө макулдашылган.

Петр Петрович өзүнүн аракети менен Россиядагы энтомологияга ынтызарларды чакырат. Орус жаратылышын изилдөөчүлөрдүн жаңы тобу пайда болуп, алар өздөрүн Семеновдун шакирттерибиз деп сыймык менен айтышкан.

*XXV глава*

## МУРАЕВИНО СЕЛОСУ

Мураевино Рановaнын жээгинде Гремячкадан бир нече чакырым жерден орун алган.

Ал чоң базары бар село-волостун борбору Петр Петровичке бала күнүнөн эле тааныш болучу. Ал Мураевинанын гана эмес андан бөлөк кыштактардын элин да билет. Волостто сегиз жүз түтүн дыйкандарды бириктирген жыйырма селолук община бар.

Петр Петрович Мураевинодо кадимки күндөрү да, базар күндөрү да болуп көргөн. Ал селого келген сайын аны мужиктер, катындар, балдар, чалдар тегеректеп алыша турган. Алар өздөрүнүн оор турмушун, кайгы-муңун айтып даттанышып, жардам жана кеңеш сурашат.

Мына бүгүн да аны чиркөө аянтында котологон эл тегеректеп алышты. Бир сокурайган чал келип (анын көкүрөгүндө «Орустун камсыздандыруу коому тарабынан өрттөн камсыздандырылды» деген жазуусу бар жез алка бар эле) Петр Петровичке бир барак кагаз сунат.

— Мужиктер ушул арызды азирети падышага берип коюуну сенден өтүнүп жатышат. Тоок жая турган жерибиз жок, салык төлөөгө алыбыз келбей калды, айлабыз кетип бүттү. Кудай үчүн жардам берип кой. Чынын айтсак, ушундай кагазды Даниянын королуна жибердик, балким ал падышага бирдеме дээр. Канткен менен падышанын кайын атасы эмеспи...

Үйү өрттөнүп кеткен жээрде сакал кембагал үй салыш үчүн карагай сурайт. Дагы бир жаш катын уюу өлүп калганын, балдары сүтсүз олтурганын айтып даттанат. Ал алардын кимиси менен гана сүйлөшпөсүн — кайгы-мундун кабары; жердин жетишпегендиги, алык-салыктардын оордугу, жерге байланыштуу ар кандай талаш-тартыштар. Помещиктерде болсо — жердин жакшысы, жайыттардын, мал сугара турган жерлердин оңтою, токой-талаалары. Атсыз калган короолордун саны барган сайын өсүүдө. Көптөгөн мужиктер кыштактан безип, өнөр жайы бар шаарларга, темир жол курулуштарына кетип жатышат.

Кыштактарда жаңы жырткычтар пайда болот. Кулактар менен кызыл кулактар, сүткорлор, жерсиз, унаасыз кедейлерди аргасыз кылып чырмап алышкан. Батрактарды эзүү барган сайын күч алууда.

Петр Петрович булардын баарын байкайт. Коңшу кыштактарга барып, кембагалдар менен жолугуп көргөндөн кийин, жаңыдан пайда болгон жырткычтардын эмне кылып жатканына көзү жетет.

Өзүнүн Гремячкасы кирген Мураевинск волостунун селолорунда жашаган общиналардын абалы менен шашылбастан таанышып чыгат.

Волостто сегиз жүз түтүн калк жашайт экен. Петр Петрович аларды түтүнмө-түтүн кыдырып чыгып, баары менен таанышып, ар бир кембагалга жолугат.

Ал уставдык грамоталарды, волосттук жана селолук соттордун токтомдорун, бардык жыйырма общиналардын окладдык барактарын кунт коюп карап көрөт. Боштондук алган дыйкандардын «жерлерин» жүздөгөн короо жайларын жана талаадан бөлүнгөн жерлерди көрүп келет.

Семенов жыйнаган толуп жаткан материалдарында жерге мамиле кылуунун бузулуп бараткандыгын, дыйкандардын ыркы кеткендигин, айыл-кыштактардагы пролетариаттардын санынын өсүшүн, помещиктер менен кулактардын бийлиги күч алып бараткандыгын кучагына алат.

Цифралардын, фактылардын, уставдык грамоталардын, окладдык барактардын, түтүн китептеринин ачуу тили: Мураевинск волосту реформадан кийинки орус дыйкандарынын абалын даана көрсөтөт.

Петр Петрович Мураевинск волосттунун экономикалык-статистикалык абалы жөнүндөгү изилдөөнү жыйынтыктап жазуу керек деген чечимге келет. Ошентип, ал бул татаал ишти баштайт. Гремячинск токойлорун кыдырып сейил кургнады, коңуз менен көпөлөктөрдү издегенди, чөп жана гүл жыйнаганды токтотот.

Ал главалардан главаларды жазып, өзүнүн жаңы эмге-

гине экономикалык гана эмес, ошондой эле географиялык мүнөздөмө берет. «Волосттун жалпы обзору» деген главасында ал, муравинск дыйкандары кандай жашаганын, иштегенин, жерден жана өзүнүн ага жумшаган эмгегинен эмне жакшылык көргөнүн баяндайт. Өзүнө тиешелүү жерден жана орток айдаган жерден волосттун дыйкандары алган киреше жалпысынан алганда жетишпейт, волосттун дыйкандарынын өзүлөрүн камсыз кыла албайт, алардын мойнуна түшкөн салыктарды жана налогдорду төлөй албайт»,— деген кайгылуу жыйынтыкка келет Петр Петрович.

Семенов чыныгы окумуштуу катары, барып турган тактык менен общиналык жана тиричилик кылуу тартибин, экономиканын, дыйкандардын турмушун, эмгекке болгон мамилесин даана көрсөтөт. Ал калктын санын, анын составын, жер иштетүү системасын, мал чарбасын айкындап берет. Дыйкандар өзүлөрүн дан менен кандай камсыз кылгандыгы жөнүндө, базарга канча дан сата ала тургандыгы жөнүндө айтат. Кулактардын жерлери, алардын кенен огороддору жана бактары, чарба курулуштары, беш бөлмөлүү үйлөрү жөнүндө баяндайт. Кыштактарда байлар менен жанаша жашаган кембагалдардын чатыры чириген жаман тамдары, кулап жаткан кашаалары, жарымсыз жерлери айтылат.

«Мураевинская волосту» фактылар жана мисалдар менен Орус дыйкандарынын таптык отурукташуусун көрсөтөт. Семеновдун изилдөөсү экономисттер менен статистиктердин иштеринен кескин түрдө айырмаланат. Эгерде Скребицкийдин, Даниельсендин, Головачевдин эмгектери ар кандай маанидеги фактыларды чогултуу менен чектелген болсо, «Мураевинская волосту» реформадан кийинки дыйкандардын турмушу жөнүндө жалпы жыйынтыкты чыгарган.

«Мураевинская волосту» 1880-жылы жарык көрөт. Петр Петровичтин жаңы эмгеги Карл Маркстын көңүлүн дагы бөлөт. Маркстын пикири боюнча Семеновдун изилдөөсү дыйкандардын экономикалык абалы, общиналык жана өздүк жерлерден пайдаланышы, талаадан бөлүнгөн жерлерди иштетиши, ошондой эле дыйкандардын бюджети, алык-салыгы жөнүндө мүнөздөмө болуп калат.

Маркс анын китебиндеги актай жээктерине — кыштактагы жаш буржуазия жөнүндө, рязандык помещиктердин мителиги жөнүндө айтылган жерлерине атайын белгилерди коёт. Семеновдун мураевинскилик дыйкандар сүткорлордон чоң процент төлөп карыз акча алгандыгына токтоло келип, ачуусу менен мындай деп жазат: «Жылына 120 про-

цент төлөйт деген эмне! Мындай мителер процентти жакалап туруп доолайт!»[1]

Петр Петрович мураевинскилик кембагалдар өтө тез жакырланып баратканын бардык жагынан талдап көрсөтөт. Ал кембагалдардын жерин карызы үчүн алып койгондугун, болбосо «өткөрүп» берүүгө аргасыз болгондугун даана айтат. Колунда жок байкуштар койчулукка же малайлыкка кетип жаткандыгын, балдарын эптеп күн көргүлө деп жөнөткөнүн көрсөтөт. Кедей байкушта «эч кандай киреше жок, анын көргөн күнү такай жакырчылык».

Семенов жазган саптарды талдоо менен Маркс күйгүзө мындай дейт: «Жерди общиналардын ээлеши жакшы натыйжа берген экен! Бир эле волосттогу общиналардын абалы, бир эле общинадагы ар башка дыйкандардын абалынан айырмасы жок.

Общиналарды салыштыруунун (ар түрдүү) өзү кызык, анткени, ошол салыштыруудан крепосттук укуктун мезгилинде дыйкандар кандай абалда болгонун, алардын абалы жакшыргандыгын же начарлап кеткендигин көрүүгө болот...»[2]

Реформа убагында дыйкандардын үлүшүнө тийген жер жөнүндө Маркс мындай ойду айткан: «Дыйкандарга жакшы жер калтырылган жок. Мисалы, үч бирдей общинадагы дыйкандардын жайыттарын жана жакын жердеги айдоо аянттарын тартып алышкан. Чын чынына келгенде баары дыйкандардын эмес, помещиктердин кызыкчылыгын сактоо үчүн оодарылган жана аралаштырылган...»[3]

«Мураевинская волость» Маркска дыйкандар реформасынын буржуазиялык мааниси менен крепосттук мүнөзүн жана реформадан кийин орус кыштактарындагы таптык күрөштөрдү изилдөөгө жардам берет.

Карл Маркс карап чыккандан он тогуз жыл өткөндөн кийин «Россияда капитализмдин өнүгүшү» деген өзүнүн эмгегинин үстүндө иштеп жатып, Ленин «Мураевинская волостко» кайрылат. Ал Семеновдун эмгегине авторитеттүү негиз катары мамиле кылат. Ленин Семеновдун бюджеттик изилдөөлөрүнө үч жолу кайрылып баса көрсөтөт, анын эмгегин «дыйкандардын айрым топторунун мүнөздөгөндүгү менен айырмаланат» деп көрсөткөн.

Семенов дагы саякатка барууну көксөйт. Тянь-Шань сыяктуу алыс жерге болбосо да, саякатка чыгуунун араке-

---

[1] Маркс менен Энгельстин архиви, 12-т. 126—127-б.
[2] Маркс менен Энгельстин архиви, 12-т. 126—128-б.
[3] Маркс менен Энгельстин архиви, 12-т. 127-б.

тин кылат. Уулу Андрей менен Крымга, Кавказга, Уралга барат. Аны менен бирге борбордук губернияларды дээрлик бүт бойдон кыдырып чыгат, аны менен Закаспийск темир жолунун ачылышына барат. Сыр-Дарыянын чөлдөрүндө болуп, өзүнүн өтө бай энтомологиялык коллекциясын толуктайт.

Бул барышында Петр Петровичте Россия боюнча жол көрсөткүчтү түзүү пикири пайда болот.

Ал барган сайын кеңейип, жаңы чектер көз алдына келип тактала баштайт. Орустун интеллигенттер коомуна, жаратылыштын көңүл сергиткен көрүнүштөрү киргизилген, жол жүрүүнүн кызык учурлары баяндалган, чөнтөк, «дептер» керекпи? Ай, ким билет.

Орус адамдары Россиянын учу-кыйрына көз жеткис кеңдигин, анын улуулугун беш колундай билүүгө тийиш. Анын бардык деңиздери, суулары, тоолору жөнүндө, талаа жана токойлору жөнүндө билиши зарыл. Анын бардык губернияларын, уезддерин, волостторун, анда жашаган бардык урууларды, алардын тарыхын, кесибин, салтын, динин жана закондорун билгени жакшы. Россиянын жери, тарыхы, уруулары, экономикасы жана турмуш-тиричилиги жөнүндөгү өзүнчө бир энциклопедия керек.

— Андай жол көрсөтүүчү китепчени түзүү үчүн биз Россиянын эң мыкты окумуштууларын, жазуучуларын, сүрөтчүлөрүн тартуубуз керек. Мен сизге убадамды берем, Маврикий Осипович....

Илимдин жана адабияттын көрүнүктүү ишмерлеринен жүз киши Петр Петровичтен өзгөчө чакыруу алат. Алардын көпчүлүгү Семеновдун чакырыгына макул болушат. Петр Петрович дагы Вульф менен сүйлөшөт.

— Көрдүңөрбү, айтпадым беле, жол көрсөткүчтү түзүүгө катышуудан эч ким баш тартпайт. Биз аны «Живопистүү Россия боюнча» деп атайбыз.

— Салтыков-Шедрин болбой койду,— деп Вульф капалуу башын жерге салат. — Анын жообун окуп көрүңүзчү...

Петр Петрович атактуу сатириктин, бала күнүнөн бери жакшы таанышынын катын окуп чыгат. Эми ал Салтыков-Шедринди абдан сейрек көрө турган болуп калат.

«Урматтуу мырза, Маврикий Осипович! Этнографиялык ишке эч качан киришип көрбөгөндүктөн Сиз сунуш кылган «Живопистүү Россия боюнчаны» басып чыгарууга зор дилгирлик менен катыша албаган соң, барбай тургандыгымды билдирем».

— Михаил Евграфович көп нерсени билген киши экенин билесиз го,— сөзүн улайт Вульф. — Жакында мен аны менен «Живопистүү Россия» жөнүндө аңгемелешип көрдүм.

«Өтө оор ишти баштаган жатыпсыңар,— деди ал. — Россиянын бардык жагынан талдап жазып чыгуу оңой иш бекен! Ал үчүн жүз адабиятчы менен окумуштуу аздык кылат. Менимче, миңдеген адабиятчылар менен окумуштууларды өлкө боюнча кыдыртып жиберсеңер да, Россиянын миңден бир бөлүгүн жазып келе албайт».

Мен ага каршы болдум. Ал турсун мен Михаил Евграфовичке француздар Артамов менен Армангонун «Россия — тарых эмес, байыркылардын турмуш тиричилигинин эстелиги» деген китебинин эки томун көрсөттүм.

«Бүткүл Россияны эки томго батырыптырбы! Андай иш французлардын гана колунан келет. Алар орустар шам жейт, аракты бочкасы менен ичет, алжапкычынын этегине чимкирет десе эле, орустарга мүнөздөмө берип бүттүк деп ойлошот. Биздин анткенибиз жарабайт. Менимче, Москванын алдындагы бир эле село жөнүндө жарым том жазууга болот. Бирок силердин идеяңарды кубаттаймын. «Живопистүү Россия боюнча» — бул жакшы кеп, абдан керек! Мына ошентип Петр Петровичке айтып койгула, макулбу!»

Орус жеринин улуу жазуучусу «Живопистүү Россия боюнчага» бирдеме жазуудан баш тарткандыгына Петр Петрович өкүнүп гана тим болот. Бирок Салтыков-Щедриндин жол көрсөткүч жөнүндөгү идеяны жактыргандыгы ал үчүн өтө кымбат эле.

Вульф Семеновдун он жети томдугун басып чыгарат, ал мындай деп аталат.

## КООЗ РОССИЯ
## БИЗДИН АТА МЕКЕНИБИЗ

**орустун императордук География коомунун вице-председатели П. П. Семеновдун**

**жалпы редакциясы астында чыкты**

Ал кызыл тыштуу, сүрөттөр менен коноздолгон, жыгачка оюлган гравюралар тартылган, эң мыкты сүрөтчүлөрдүн сүрөттөрүнүн репродукциялары түшүрүлгөн, география карталары бар чоң-чоң томдор болучу.

География коомунун мүчөлөрү, Илимдер Академиясы, көп сандаган илимий коомдор, жаратылыштын достору, краеведдер, жазуучулар, сүрөтчүлөр географиялык бул чоң эпопеяны түзүүгө катышат. Петр Петровичтин өзү болсо «Живопистүү Россия», «Көк тиреген аскалар», «Заилийск крайы» деген очерктерди берет.

Ал ошондой эле Россиянын Европа бөлүгүнүн Түндүк Уюлунун бүгүнкү абалы, Озерной, Литовск, Белорус областтар, Батыш Сибирдин жана Финляндиянын экономикалык абалы жөнүндөгү макалаларды жазат.

Россиянын Европа бөлүгүндөгү Түндүк Уюл—Архангельск жана Вологда губерниялары жөнүндө окуучуларга мобуларды айтат. «Бул областтарды Беломорск областы деп айтууга болот, Россиянын Европа бөлүгүндөгү Түндүк океандын бассейни менен айкалышып жатат».

Түндүк Уюлдун чек арасын ажырата келип, Семенов анын калкынын чарбачылык кесибин, тарыхый өнүгүшүн талдап чыгат. Андай талдоонун натыйжасы төмөнкүдөй: Беломорск областы, «Россиянын Европа бөлүгүндөгү областтар табигый жактан канчалык начар жана жай өнүксө, Түндүк Уюлдун калкы да ошондой эле начар, жай өсүүдө».

Акырында ал мындай жыйынтыкка келет, орус самодержавиеси булардын баарына акылсыздык менен салкын караган, анда чыгармачыл күч аз экенин өкүнүп айтууга болот. «Орус мамлекети батыштан, түштүктөн жана чыгыштан жер кошуп, улам жаңы областтарды өзүнө кошуп кеңейиши менен бирге Беломорск областына жөн салды карай турган болот. Өз жана асыранды балдардын эсебинен кайтарып алган, колонизацияланган жана басып алган, жаратылышы бай крайлар менен областтардын арасында калган жаратылыш оор жана жарды, калкы аз, түндүк край унутулуп четте калган».

Географиялык эң сонун жол көрсөткүчтүн бардык томдоруна Семенов автор, редактор, түзүүчү катарында катышат. Андагы ар бир очерк, макала, сүрөт, географиялык карта анын колунан өтөт.

«Живопистүү Россия» көпкө чейин географияны, тарыхты, элдердин турмушун, улуу мамлекеттердин биринде жашаган калктардын турмушуна кызыккан ар бир адам үчүн энциклопедия болуп калат.

*XXVI глава*

## ПРЖЕВАЛЬСКИЙ

Пржевальскийге жолуккандан бери көп жыл өттүбү?

Аны менен биринчи жолу көрүшкөндөн бери жыйырма эки жыл өтүптүр. Мезгилдин минтип билинбей өтүп кеткенине адамдын ишенгиси келбейт. Биринчи жолу жолугуш-

кандан кийин ал Пржевальский жөнүндө мындай деп айткан эле: «Бул жаш жигиттен эң сонун саякатчы чыгышы ыктымал».

Ал жаш жигитке Уссури крайына баргын деген кеңешти берген. «Саякат кылууга жана географиялык изилдөөлөрдү жүргүзүүгө жөндөмдүүлүгүңүздү көрсөтүңүз». «Ал кезде Пржевальскийде тажрыйба да, билим да, саякатчы деген наамы да жок болучу. Ошондуктан География коому аны Борбордук Азияга экспедицияга жөнөтүүгө көз жумду мамиле жасай албаган».

Семенов Пржевальскийди шыктандырып, жактырган Уссури крайы географ үчүн өтө кызык жер экенине ынандырган. Окумуштууну ал жерде кадам сайын жаңылыктар күтүп турат. Эгерде Пржевальский Уссури крайында өзүн жөндөмдүү изилдөөчү катарында көрсөтө ала турган болсо, анда ал «Коом тарабынан колдоого алынып, анын жетекчилиги астында Орто Азияга маанилүү экспедиция уюштурула тургандыгына ишенип койсун».

Пржевальскийдин Уссури крайынан кайтып келгенине он алты жыл өтүп кетти. Бул жылдардын ичинде ал Борбордук Азияга төрт жолу саякат жасады.

Пржевальский XIX кылымдын улуу саякатчыларынан болуп калды.

Петр Петрович өзүнүн досу жөнүндө сыймыктануу менен сөз козгоп, анын саякаты жөнүндө минтип жазат. «Коомдун ишмердигинин төртүнчү мезгилинде, 25 жылдык юбилейинен кийинки 1871-жылдан 1885-жылга чейинки убакыттын ичинде жүргүзүлгөн экспедицияларга Н. М. Пржевальскийдин экспедициялары деген ат коюлат. Бул жылдарда Орустун География коому тарабынан көтөрмөлөгөн жана сүрөөгө алынган талыкпас жана каарман саякатчынын аракети менен география илиминде Ички Азиянын көп жерлеринин сыры ачылат...»

Бирок Пржевальский Азия материгине саякатка барып келиши үчүн Петр Петрович канчалык аракет кылганын жана канчалык күч жумшаганын кимдер гана билбейт дейсиң.

Падышанын чөйрөсүндөгү төрөлөр менен бюрократтардын таштан катуу көз караштарын сындыруу керек болчу. Министрлер менен талашып-тартышуу, Орустун Пекиндеги элчиси менен кат алышуу, уруксат алуунун аракетин кылуу, анын маршруттарын макулдашуу, ар бир саякаттын илимий максатын аныктоо керек эле.

Пржевальский менен бирге олтуруп, экспедициянын планын түзүп чыкты. Эски карталардын жана кол жазмалардын үстүндө биргелешип отурушкан. Марко Полонун,

Карпининин, Рубруктун күндөлүктөрүн жана китептерин чогуу олтуруп окушкан.

Пржевальский кезектеги саякатка жөнөп кеткен учурда, Петр Петрович үчүн чыдамсыздык менен күткөн айлар башталуучу. Анын Борбордук Азияга жасаган биринчи саякатын мисалга алып көрөлү. Ал үч жылга созулат. Экспедиция он бир миң чакырым жол басат. Пржевальский ошол узун жолдун бардык жерлеринде метеорологиялык, магниттик байкоолорду жүргүзөт, маршруттарынын сүрөтүн түшүрөт, бийиктиктерди аныктайт.

Ошол учурда Николай Михайлович өсүмдүктөрдүн алты жүз түрүн чогултат. Илимдер Академиясынын зоология институту андан сүт эмүүчүлөрдүн жана канаттуулардын өтө сейрек кезигүүчү коллекцияларын алат. Биринчи саякатынын материалдары боюнча Пржевальский «Монголия жана Тангуттар өлкөсү» деген атактуу китебин жазат.

Анын ар бир жаңы экспедициясы мына ушундай болучу.

Борбордук Азия боюнча саякат кылууга Пржевальский өз өмүрүнүн бир жүз он бир айын жумшаган.

Ал басып өткөн жана картага түшүргөн маршруттар отуз миң чакырымга жеткен. Көз өлчөө менен түшүрүлгөн сансыз тармактар, өзүлөрү аныктаган астрономиялык пункттар менен бышыкталат. Анын изилдөөлөрү картографтарга, метеорологдорго жана башка илим тармактарына эң чоң пайда келтирет. Анын эң ири эмгегине Азия материгиндеги айбанаттар жана жаныбарлар дүйнөсүн изилдөө иштери кирет.

Ал Ганьси талааларындагы, Алашан чөлүнүн кумдарындагы, Алтын-Тоо бийиктиктериндеги тирүү нерселердин эң мыкты жана типтүү үлгүлөрүн жыйнаган. Окумуштууларды Хуанхэнин балыктары, Янцзыцзяндын канаттуулары, тоолуу Тибеттин жаныбарлары менен тааныштырат. Ал жапайы атты (Пржевальскийдин аты) жана жапайы төөнү табат. Корутундулай келгенде Борбордук Азиянын бардык түрдөгү айбанаттары жана өсүмдүктөр дүйнөсү илим үчүн өзүнүн барагын ачып берет.

Өтө шайдоот, эч нерседен тартынбаган, таланттуу саякатчы даңкка бөлөнөт. Орустун, Париждин, Берлиндин, Лондондун, Стокгольмдун, Италиянын география коомдору аны алтын медаль менен сыйлайт, көп сандаган университеттер жана академиялар өзүлөрүнүн ардактуу мүчөсү кылып шайлашат...

Пржевальскийдин Петербургга ар бир кайтып келиши ага, Петр Петровичке өзүнүн жаштыгын алып келгендей болучу. Ал Пржевальскийдин ар бир жаңы планынан өзү ишке ашыра албаган максатын көрүүчү жана жактыра

турган. Пржевальскийдин көзүнөн көк тиреген тоолорду кайра-кайра көрүүчү, талаадагы көлдөрдүн жанында тургандай болуучу, анын кулагы аркылуу шаркыратмалардын табышын, кара бороондун үнүн угуп тургансычу. Аны менен кошо талаага жагылган оттун жанында олтургандай, Алтын-Тоонун кырында чыйрыккандай, Лоб-Нордун тростниктерин аралап жүргөндөй болоор эле.

Пржевальский басып өткөн жерлердин учу-кыйрына көз жетпейт, анын илимий натыйжалары өтө бай. Ал өзүнүн географиялык эң зор ачылыштар менен аяктаган саякатын, чалгындап чыгууга гана барабар деп эсептеген. Борбордук Азияны изилдеп чыгуу саякатчынын милдети деп эсептеп, ошол «чалгындоонун» өзүндө эле отуз миң чакырым жол басат. «Саякатчы болуп туулуш керек»,— дей турган Пржевальский. Анда саякатчынын сейрек кезиге турган, жаратылышты таанып билген шык мол болучу.

Петр Петрович Пржевальскийди мындан бир эле жыл мурда Петербургдан көргөн. Анда ал төртүнчү саякатынан кайтып келген.

Атактуу саякатчыны салтанат менен тосуп алышкан. Илимдер Академиясы аны алтын медаль менен сыйлаган: «Борбордук Азиянын жаратылышын туңгуч изилдөөчүгө» — деп жазылган ага. Семеновдун сунушу боюнча География коому мурдагы Загадочный чокусун Пржевальский чокусу деп атай турган болот. Анын Борбордук Азия боюнча жасаган төртүнчү саякаты жөнүндөгү китеби тез аранын ичинде басылып чыгарылат.

Сыймык жана жер дүңгүрөткөн даңк Николай Михайловичти Петербургда көпкө кармап тура алган жок.

1888-жылдын август айында Петр Петрович аны бешинчи саякатка узатат. Николай Михайлович Ысык-Көлгө жетип, Көк тиреген тоолорду изилдей баштаганына үч айдын жүзү болот. Петр Петрович баштаган ишин аяктабай койбойт. Тилекке каршы андан кат өтө сейрек келет. Пржевальский азыр эмне кылып жатты экен? Эмне иш менен алек? Ысык-Көлдүн жээгинен чыкса, кайда аттанар экен?..

Күз айынын акыркы күндөрүнүн бири. Кабинеттин кара терезелерине жамгыр дыбырап, шамал улуйт. Алтындын буусуна кармалган рамалардын ичиндеги Голландиялык живописттердин картиналары буурул тартат. Жазуу столунда, жазылып бүтө элек кол жазмалар менен окулуп бүтө элек китептер жатат. Бронза тактага орнотулган шамдар.

Петр Петрович улам бир нерсеге урунуп, кабинетинин ичинде сокур сымал карайлап жүрөт. Чалкаламасы бийик булгаары креслонун жанына келип токтойт. Пржевальскийдин ушул креслодо олтуруп кеткенине көп болдубу? Өзү-

нүн башынан өткөндөрдү баяндап, бешинчи саякатынын планы жөнүндө сүйлөгөн. Петр Петровичтен кеңеш сураган. Азырчы?

Чын эле мына бул сөздөрдү Пржевальский жазганбы: «Эгерде көзүм жумулуп кетсе, экспедицияда кийген кийимим менен Ысык-Көлдүн жээгине койгула...

Бул сөздөр кара коңгуроонун үнүндөй жаман угулат. Эртең География коомунда аза күтүү заседаниеси болот. Коштошуу сөзүн сүйлөө кандай оор, кандай муңдуу. Улуу саякатчы бул дүйнөдө жок деп айтуу оңойбу. Адамдын оозу барбай турган сөз! Пржевальский дүйнөдөн кайтты. Андай болууга тийиш эмес!

Петр Петрович некролог басылган газетаны колуна алат. Антон Чехов мындай деп жазат: «Пржевальскийдин өзү, же Стенли ондогон окуу жайына жана жүздөгөн жакшы китепке барабар. Алардын идеялуулугу, изги адамкерчиликтүүлүгү, алардын илимге болгон фанатикалык ишеними, бүткүл элдин көз алдында аларды эң жогорку даражадагы нравалык күчтү даңазалаган адам катары көрсөтөт...»

Чеховдун сөздөрүнө дагы кандай кошумчаларды киргизүүгө болот? Анын сөздөрү Пржевальскийдин өмүр жолун жана ишмердигин көрсөтүп турат. Башкаларга караганда География коомунун вице-председателинин, улуу саякатчынын досунун ал жөнүндө айта турган сөзү көп.

Петр Петрович алдында жаткан бир топ кагазды өзүн көздөй жылдырып, сыяны чачырата жазып кирет. Эмне үчүн адам канчалык катуу кайгырса, оозунан сөзү түшүп, эмне деп айтаарын билбей калат? Акылы тумандап, майда жамгырдай чачырайт: мына ошол алсыз сөздөрдөн улам, каңгырап баары суук көрүнөт. Анын калтыраган колу шалдая түшөт. Кабагын салып, жазып алган барагына үңүлөт.

«Ырайымсыз өлүм Россиядан чыккан алп адамды, чемсиз каарман баатырды кара көргө алып кетти, бирок ал жөнүндөгү эстелик тоолуу Азиянын элдеринин оозунда легендага айланып, түбөлүк айтылып калат. Пржевальскийдин табыты жаткан жерди мен жакшы билем. Ал жер өмүр бою менин көз алдыман кетпейт. Азыр да көрүп турам»...

Чынында эле Көк тиреген тоолор күнү бүгүнкүдөй көз алдында турат. Көздүн курчун алган чокулар түпсүз Ысык-Көлдүн жээгинен башталат. Көл жээгин тоодой толкундар чайып турат. Канатын калдайтып, асманда бүркүт сызып жүрөт. Бүркүт учкан бийиктиктен ашып турган күнгөй Ала-Тоо. «Биз үчүн өтө кымбат табытты, түбөлүк ак мөңгү бас-

кан аска тоолор кайтарып турат, биздин даңктуу саякатчыбыз мына ошол илимге али белгисиз өлкөлөрдү басып өтүп, орус жеринин чегин ажыратканын унута албайбыз...»

Жамгыр дагы эле терезелерди тырсылдатып турат, а Петр Петрович болсо башка бир нерселерди көз алдына келтирет. Гобинин кырданган кумдары, бүлбүлдөгөн Памир капчыгайлары, Сары өзөндүн тумандаган аймагы жана Цайдамдын гаолян камыш-чөптөрү: «Мына ошол жерлерден ал бизге планшетага толгон чексиз байлыкты, жазууларды жана табигый-тарыхый коллекцияларды алып келген. Ал табылгалар алтын күмүштөн артык болгондуктан өзүнүн экспедициясынын убактысын этиеттик менен пайдаланган...»

Пржевальскийдин мурастарын географтардын, ботаниктердин, метеорологдордун, зоологдордун бүтүндөй бир армиясы үйрөнөт. Коллекциялар, жолдо жазган күндөлүктөр, маршруттар. Сүт эмүүчү, жана салкын кандуу айбанаттар, балыктар, курт-кумурскалар, Монголиянын, Кытайдын, Тибеттин канаттуулары Пржевальскийдин мурасы болуп калат.

Түнкү караңгылыкка чулганган терезелерден Петр Петрович көзүн алган жок.

«Биз үчүн өтө кымбат табыттын үстүнө Пржевальский жакшы көргөн гүлдөрдөн килем токуп коё албаганыбызга, анын баш жагына лавра веногун коё албаганыбызга өкүнөбүз.

Байыркы бир замандарда Нил дарыясынын боюнда жашагандардын укмуштай таасир берүүчү салты болгон экен. Өзүнүн өлкөсүнө өлбөс-өчпөс кызмат өтөгөн адам көз жумаар замат, анын өзүн жана кызматын жакшы билген адамдар чогулуп, аза күтүүчү экен. Алар өз ыктыяры жана ак ниети менен анын кылган иштерине күбө болуп, өлкөнүн эң мыкты адамдарына унутулгус, улуу эстелик коюшуптур. Алар ушул күнгө чейин байыркы Египеттин улуу адамдарын бүткүл дүйнөгө даңазалап келе жатышат.

Бүгүн биз ошол үлгүнү жолдойбуз...»

Ал креслодон туруп, терезенин түбүнө келет. Некролог жазууга кимдин колу барат! Ал өзүнүн айтар сөзүн мурда даярдалган текст менен эмес, оюнан айтып коштошмок. Кеп Пржевальский калтырып кеткендердин бардыгын жарыкка чыгарууда турат. Петр Петровичтин денеси чыйрыгып, суук жана ыңгайсыз боло түштү. Ал каминди жакты. Андан чыккан жалын буландап картиналарга, китеп шкафына, текчелерге буурул шооласын таратат.

Жамгыр суусу терезелерди сабалап, көзгө көрүнбөгөн жамгырдан улам айнектер жалбаргандай үн салат. Жок!

Бул географияга жана горизонтторду ачкан адамга аза күтүп, шаңгыраган кара коңгуроонун үнү болушу керек.

Петр Петрович өзүн бактысыз адамдай сезип кетти. Пржевальскийдин дүйнөдөн кайтышы, анын жанынын жартысын, кайрылгыс жаштыгын кошо алып кеткендей болду.

Аябай кыйналып, сүлдөрү гана калган Семенов География коомунун аза күтүү чогулушун ачты.

«Боорукер таксырлар!

Орустун элдик чыгармаларында айтылып жүргөн алп адамдар сөөгүн тогуз жолдун тоомуна коюну көксөгөн, ал аркылуу орустун андан кийинки алп адамдары анын көрүстөнүн жол көрсөтүүчү багыт деп билишин тилеген. Мындан орустун элдик алптарынын өз идеясынын өлбөй-өчпөй тургандыгына терең ишенгендиги, өзүнө окшогон алптар орус жерине дагы келе тургандыгына көзү жеткендиги байкалып турат. Өзүңөр байкап көргүлөчү, орус алптарынан ар дайым өз элинин духуна жана өз мекенинин изден тайбас каарман салтына берилгендиги даана көрүнүп турат. Алар артына кылчайбастан жана оюна эч бир жамандык албастан, ата мекенинин даңкын чыгаруу үчүн бардык тоскоолдуктарды жана кара күчтөрдү жеңип алга барышкан. Биз үчүн өтө кымбат турган, болуп өткөн окуяларды жана уламыштарды, Николай Михайлович өтө жакшы көргөн нерселерди эске салып көрөлүчү. Бардык тоскоолдуктар, кара күчтөр көп учурда курал менен жеңип алынат, баатырдын табытынын жанында жаткан курал менен багындырылат, аны ошол табыттын жаны, же мүрзөнү кайтарып турган периштелер көздүн карегиндей сактап, анын жасаган ишин татыктуу адамдарга өткөрүп берет.

Ысык-Көлдүн жээгиндеги Пржевальскийдин жападан-жалгыз мүрзөсүн терең ойлонулган, легендарлуу, поэтикалык мааниси мына ушунда, ал орус жеринин улуу чегинде турат, Пржевальский өзүнүн алп колу менен ачыла баштаган, бизге али белгисиз өлкөлөргө баруучу босогодон орун алды.

Ал жер биздин көпчүлүгүбүздү чакырып жатат, боорукер таксырлар, маркумдун көлөкөсү чакырып жатат. Силер анын көрүстөнүнө баргыла, анын көлөкөсүнө баш уруп, таазим кылгыла, ал силерге өз куралынын сырдуу күчүн берет, анткени ал адал көңүлдөн, алп аракеттен, жаратылышты жанындай сүйгөндүктөн, өз мекенине чын жүрөктөн берилгендиктен улам жаралган.

Силер ал куралды тартынбастан алгыла, колуңарга кармап билимдин жана чындыктын кайсы гана жолуна болбосун түшүп, Россияны даңазалап алга карай бара бергиле...»

# РОССИЯ, СЕН ҮЧҮН!

Жаш кезинде анын мындай чакырыгы бар эле: «Бирден-бир изгилик — ал адам баласын баарынан артык көрүү».

Ал ошол чакырыгынан бүгүн да кайткан жок. Биринчи девизине мындай деген гана кошумча киргизет: «Россия, сен үчүн!»

Анын азыр иштеп жаткан иши, иштеп бүтүрөйүн дегендеринин бардыгы Россия менен байланыштуу.

Көп сандаган экспедициялардын эмгегин басып чыгарып жатканда ал Россиянын гүлдөп өсүшү жана даңкы жөнүндө гана ойлогон.

Лондон менен Миланда, Париж менен Дрезденде өткөн эл аралык конгресстерге барганда, бүткүл жер шары үчүн мааниси бар маселелер чечилген комиссияларга катышканда ал Россия жөнүндө ойлой турган.

Өткөн кылымдын 70-жана 80-жылдарында түндүктөгү деңиздер жана анын жээктери жакшылап изилдене элек болучу. Арктикалык карталарда дагы эле болсо «ак темгилдер» бар эле.

Петр Петрович Түндүк муз океанынын Россия үчүн өтө чоң мааниси бар экенин түшүнгөн. 1871-жылы География коомунун атайын комиссиясынын ишине катышкан. Ал комиссия Муз океанына барууучу Чоң экспедициянын долбоорун түзгөн. «Муз океанын учу-кыйрына көз жетпеген бассейни жөнүндөгү биздеги маалыматтарды толуктоо, ал бассейндеги жаңы аралдарды жана жерлерди ачуу, Россияда илимдин өнүгүшүнө эң жакшы таасир берет, уюлдагы өлкөлөргө кызыгып кароого алып келет жана бир катар жаңы изилдөөлөргө жол ачат»,— деп жазат Семенов.

Чоң экспедициянын долбоорун иштеп чыгууга орустун түндүктөгү жерлерин мыкты билген адамдар: Кропоткин, Шеллинг, Шренк, Рыкачев жана Семеновдун өзү катышат.

Князь Кропоткин чоң экспедициянын илимий максаты жөнүндөгү бардык жагынан талдоого алынган инструкцияны иштеп чыгат.

Кропоткин тарабынан өкмөт үчүн даярдалган атайын катты Семенов өзү редакциялап чыгат. «Экспедиция өзүнүн алдына мындай милдетти коюуга тийиш: Муз Океанынын мүмкүн болушунча көп жерлерин көрүп чыгуу, ошону менен бирге океан жана анын аралдары жөнүндөгү биздеги маалыматтарды кеңейтүү».

Семенов менен Коропоткин түндүк деңиздерди изилдөө жөнүндөгү өзүлөрүнүн идеяларын ишке ашырууга аракет кылуу менен илимий терең мамилени мамлекеттин иш жүзүндөгү кызыкчылыгы менен айкалыштырышат.

Чоң экспедиция уюлга жакын турган деңиз жээктериндеги жерлер жөнүндө маалымат жыйноого, Жаңы Жердин түндүк жагындагы деңиз тереңдиктерин өлчөө, муздардын кыймылын жана мүнөзүн байкап чыгуу, жылуу агымдардын таралышын жана арктикалык муздарга берилген таасирин билүүгө тийиш эле. «Ар түрдүү физикалык шарттардан келип чыккан, адам баласын абдан кызыктыра турган» фауналарды тактап изилдеп чыгуу (жылуу агымдардын тармактары, түндүктүн муздак агымдары менен дарыялардын агымы) керек.

Өкмөт Чоң экспедицияга каражат берүүдөн баш тартат — эки жүз миң сомдук акча табылбай калат.

Петр Петрович өзүнүн көксөгөн максатынан баш тарта албайт жана баш тарткысы да келбейт. Ал суранат, талашып-тартышып көрөт, далилдейт, уюлга чоң экспедиция жиберүү зарылдыгын падышанын министрлерине ынандырууга аракет кылат. Анын баары текке кетет. Князь Петр Кропоткин менен бирге олтуруп, «География коомунун ак сөөк председателинин» атына доклад катын жазат. Андан да эч пайда чыкпайт. «Ак сөөк председателдин» атынан финансы министри мындай деп билдирет: өкмөт силер сураган каражатты берүүнү мүмкүн эмес деп тапты.

«Түндүк океанды изилдеп чыгуу орустардын өзүнүн кызыкчылыгы үчүн жүргүзүлмөк. Норвегиялыктар, шведдер, англичандар, ал турсун австриялыктар Түндүк океанга барып жатса, биздин аракетибиз текке кетип жатканына өкүнөбүз»,— деп билдирген Семенов. Ал өзүнүн мазакталганына кайгырат, бирок тынып-тынчыганды билбеген киши эмеспи.

Петр Петрович жардам сурап орустун өнөр жай ээлери М. К. Сидоров менен А. М. Сибиряковго кайрылат.

Өнөр жай ээлери көпкө ойлонот: уюл экспедициясы аларга кандай пайда берет? Алар үчүн соода жолу менен чоң киреше гана керек. Акырында География коомунун тилектеш-мүчөсү Сидоров Карск деңизине баруу үчүн анчалык чоң эмес экспедицияга каражат берүүгө макул болот.

Бул учурда Сибиряков бир пароход жүк жүктөп Ленанын куймасына жөнөтөт. Ал География коомуна бир окумуштууну бул пароходго кошуп жиберүүнү сунуш кылат. Миллионер анын командировкага кеткен чыгашасын өз мойнуна алмак болот.

Петр Петрович аз болсо да, бул өнөр жай ээлеринин сунушун кабыл алат. Ал Сибиряковдун «Норденшельд» пароходуна География коомунун мүчөлөрүн олтургузуп, экспедицияга жөнөтөт.

Чоң уюлга уюштурулуучу экспедициянын долбоорун азырынча кое турууга туура келет. Бирок түндүк деңиздерди изилдеп чыгууга болгон Семеновдогу кызыгуу өзгөрбөйт.

— Муз океанынын физикалык жана климаттык шарттарын изилдебей туруп,— дейт ал князь Кропоткинге,— орустун түндүгүн өздөштүрүү мүмкүн эмес.

Князь Кропоткин — География коомундагы Семеновдун эң жакын жардамчысы — геоморфологиянын негиз салуучуларынын бири — жер кыртышынын келип чыгышы жана өзгөрүшү жөнүндөгү илимдин негиз салуучуларынын бири болгон. Жер үстүндөгү муз кыртыштары жөнүндөгү теорияны да ошол түзгөн.

Князь Кропоткин көп жылдар бою Сибирди изилдеп чыккан. Жөө жана атчан жүрүп, Сибирдин токойлору менен тоолорунун жетимиш миң чакырым жерин баскан киши эле.

Петр Петрович Кропоткинди География коомуна келип иштөөгө чакырат. Кропоткин Түндүк Комитетинин секретары болуп калат.

Уюл экспедицияларынын отчетторун жана деңиз карталарын карап олтуруп, Кропоткин күтүлбөгөн жерден мындай деген жыйынтыкка келет: Шпицберген жана Жаңы Жер аралдарынын ортосунда мурда белгисиз жер бар. «Муну Жаңы Жердин түндүк-батышындагы муздардын кыймылсыз жатышы, сүзүп жүргөн муздардын үстүнөн табылган таштар менен балчыктар жана башка майда белгилер даана көрсөтүп турат. Андан тышкары, эгерде андай жер жок болсо, анда Берингов булуңунун меридианынан Гренландияга — батыш тарапка кетип жаткан муздак агым... Нордкапка чейин барат болчу»,— деп жазган Кропоткин.

Петр Петрович князь Кропоткиндин сунушуна кызыгып калат. Бирок бул чечкиндүү, оригиналдуу гипотезаны текшерип көрүү зарыл эле.

Белгисиз жерди таап келүү үчүн География коомунун экспедициясын жиберүү маселеси чечилет. Бул ишти жүзөгө ашыруу үчүн Семенов менен Кропоткин каражат сурап эки жыл убара болот. Бирок өкмөт каражат бөлүп бербей коет.

Князь Кропоткиндин чечкиндүү гипотезасы күтүлбөгөн жерден чындыкка чыгат.

1873-жылы лейтенант Вейпрехт башында турган австриялык экспедиция түндүк деңиздерге чыгат. Кропоткиндин илимий жактан алдын ала айткандары жөнүндө эчтеме билбеген лейтенант Вейпрехт күтүүсүздөн аралды ачып, Франц-Иосиф жери деп атайт.

Франц-Иосиф жерин ачып келгендерди чуу түшүп тосуп алышат. Австриялык газеталар чуулдап, жолугушууларда кол шам жагышып, өкмөт баш болуп сыймыктангаңында чек жок. Уюлга кыйынчылык менен барып келген экспедицияны австриялыктар шаан-шөкөттүү таң-тамашага айландырып жиберишет.

Ызы-чуу түшкөн элдин ичинен акылга токтомдуу сөз угуу мүмкүн эмес эле. Ал турсун австриялык экспедицияга катышып келген — лейтенант Вейпрехтин сөзүн чанда бирөө гана укту, бирок анын сөзүн уккандардын ичинде Орустун география коомунун вице-председатели бар болучу.

Вейпрехт күтүлбөгөн, бирок өтө маанилүү жыйынтыкка келди. Ал өзүнүн экспедициясынын тажрыйбасынан, башкалардын үлгүсүнөн улам мындай деп аныктайт:

— Арктикага жасалган саякаттардын илимий натыйжалары ага кеткен күчтү, каражатты, убакытты актабайт. Калган, кокусунан жүргүзүлгөн байкоолордун анча-мынча гана илимий мааниси бар. Ар бир экспедиция Түндүк уюлга баруунун гана аракетин кылат, ал эми илимий проблемаларды болсо экинчи катарга коюшат. Илимдин алдында турган милдеттер уюлду изилдөө ишине туура жана системага салынган багыт боюнча мамиле кылууну талап кылат.

Вейпрехт экспедицияларды уюл станциялары менен алмаштырууну талап кылат.

— Андай станцияларды Шпицбергенде, Жаңы Жерде, Гренландияда, Түндүк Америкада, Сибирдин жээктеринде куруу зарыл. Полярдык станциялар Түндүк уюлду курчап турушу керек,— дейт австриялык лейтенант.

Петр Петрович Вейпрехтин идеясын колдойт жана аны андан ары өнүктүрөт. Бул идея анын түндүк деңиздерди үйрөнүүгө болгон көз карашына дал келген.

— Полярдык станцияларды түзүүгө көп сандаган мамлекеттер катышышы керек. Андай станциялар арктиканын ар башка пункттарында бирдей жабдуулар менен байкоо жүргүзүүгө тийиш. Полярдык станциялар такай иштей баштаган кезде гана, илим полярдык бассейн жөнүндө толук маалымат ала алат,— деп билдирген Петр Петрович.

— Арктиканы жалпы пайдаланууга жетишүү үчүн ага кызыккан өлкөлөрдүн эл аралык конгрессин чакыруу зарыл.

Семеновдун демилгеси менен андай конгресс чакырылат. Ага Россия, Австрия, Германия, Дания, Норвегия, Франция, Швеция катышат. Конгресс полярды изилдөөчүлөрдүн такталган программасын иштеп чыгып, такай иштей турган станциялардын ордун белгилейт.

География коому бул ишке катуу киришет. Орус станцияларын Жаңы Жерде жана Лененын куймасында ачууну чечет.

Семенов Ленада туруучу станциянын илимий иштеринин программасын түзүп чыгат. Анда метеорологиялык байкоолор биринчи орундарга коюлат. Семенов магниттик өзгөрүүлөргө, астрономиялык аныктоолорго, топографиялык сүрөт тартып алууга чоң маани берет.

— Жолунун алыстыгы жагынан да, климатынын оордугу жагынан да Лена станциясынын алдында өтө оор милдеттер турат,— деп айтат ал География коомунун советинде. — Лена куймасы жер жүзүндөгү эң төмөнкү температура орун алган Верхоянск менен коңшу турат, ошондуктан Ленадагы отрядга бөтөнчө назар салуу керек.

Семеновдун аракети менен Лена станциясын Европа менен Америка түзгөн станциялардан жакшы жабдышат. «Ленадагы экспедициянын ийгиликтүү иштешине Чыгыш Сибирдин генерал-губернатору Д. Г. Анучин көмөк көрсөттү, ал үчүн коом аны алкап, өзүнүн ардактуу мүчөлүгүнө шайлады».

Полярдык биринчи станция өзүнүн илимий тапшырмаларын ийгиликтүү орундайт. Анда кыштагандар ачкалыкты, суукту, ооруунү былк этпей көтөрүп, эң кыйын күндөрү да байкоо ишин токтотушкан жок.

Капитан Юнгерс момундай деп билдирүү жасаганда Петр Петрович катуу толкунданат: Лененын куймасынан көп алыс эмес жерден мамонттун сөөгү табылды.

«Жергиликтүү мергендердин айтымына караганда ал айбанат бир эле жерде эч бузулбай 35 жылдан бери жатат экен»,— деп жазат капитан Юнгерс.

Семенов өзүнүн жооп кайтарып жазган катында мамонттун сөөгүн бүтүн бойдон сактап калууну Юнгерстен аябай өтүнөт. Ал табылга менен таанышуу үчүн станциядан доктор Бунге барат. Эч нерседен тартынбаган доктор «кардан жасаган алачыкта» кырк алты күн жашайт. Бул күндөрдүн ичинде доктор тарых башталганга чейин жашаган айбандын айланасындагы калың карды күрөп чыгат. «Мамонттун денесинен Якуттар кескилеп кеткен сөөк, бир аз эти, чачы жана карды менен ичегисинен калдык табылат»,— деп күйүп-бышат Петр Петрович.

— Биздин илим эң сонун экспонаттан ажыраган

экен,— дейт ал өзүнүн жаңы кызматкери, географ жана антрополог Черскийге. — Дагы ушундай оңтойлуу учур болобу же жокпу? Эгерде дагы мамонттун сөөгү табыла турган болсо, алыскы Сибирге Петербургдун окумуштууларынан кимиси барар экен?

— Мен барамын, Петр Петрович,— деп жооп берди Черский.

Ленадагы полярдык станциядан кийин Жаңы Жер станциясы иштей баштайт.

Орустун полярдык станциялары «биздин Түндүк океандын физикалык жана климаттык шарттары жөнүндөгү билгендерибизди дагы алга жылдырды. Бирок батыштагы жана чыгыштагы биздин коңшуларыбызды — шведдер менен америкалыктарды суктандыра турган, мындан ары изилдөөлөрүбүз жөнүндөгү маселе али ачык бойдон турат,— деп жазат Семенов. — Орустун география коому өзүнүн элүү жылдан ашуун жашашында ага дагы кайрылып, таасири бүткүл орус жерине тие турган полярдык деңиздердин физикалык географиясын тактоонун үстүндө иштеши ыктымал».

Орус окумуштууларынын түндүктүн чет-жакаларын жана Сибирди изилдөөлөрү улам жаңы материалдарды берип жатты. Илимий жактан өтө зор мааниси бар географиялык маалыматтар укмуштай тездик менен жыйнала баштайт. Азия материгинин географиялык келбети барган сайын ачык жана даана боло берди.

«Азиянын жеринин жаратылышына» жаңы толуктоолорду киргизүү талапка ылайык келип калды. Семенов Риттердин бешинчи жана алтынчы томун которууну чечет. Ал бул ишке Иван Дементьевич Черскийди тартат.

Литвалык дворяниндин уулу Черский Польшадагы көтөрүлүшкө катышкандыгы үчүн Сибирге түбөлүккө сүргүндөлгөн киши эле.

Черский а дегенде Омскиде, андан кийин Иркутскиде өз билимин жогорулатуунун үстүндө талыкпай иштейт. Эч кимдин жардамысыз ал антропологияны, географияны, геологияны үйрөнөт. Таланттуу жигитке ошол кезде Сибирде жашаган Григорий Потанин жардам берет. Черскийди Байкалды изилдөө үчүн пайдалангыла деген сунушту География коомуна киргизип жүргөн да ошол.

Байкалды изилдеп чыгуу менен Черский көрүнүктүү окумуштуулардын бири болуп калат. Петр Петровичтин өтүнүчү боюнча коом аны алтын медаль менен сыйлайт. Петр Петрович Черскийге кечирим кылып, актоону өтүнүп падышалык өкмөткө көп жолу кайрылат. Акыры максатына жетет. Черскийге Петербургда жашоого укук берилет.

Мурда падышалык сүргүндө жүргөн адам акыры келип орустун чоң окумуштуулары менен бирге иштөөгө жетишет. Окумуштуулар болсо аны өзүлөрүнүн калемдеши катары кабыл алып, акылдашып, ал турсун өзүлөрүнүн чыгармаларын көрсөтө турган болот. Падышалык сүргүндүн запкысын аябай жеген, арык, оорукчан Черский ак көңүл жана кишиликтүү адам эле. Өзүнүн кургак учук менен ооруп жүргөнүн, астма акырындык менен муунтуп баратканын билүүчү. Чыгыш Сибирди изилдөө ишин бүтө албай өлүп каламынбы деп чочулаган.

Ал өзүнүн оорукчан экенин унутуп, суткасына он алты сааттан иштей турган. Түнкүсүн өзүнүн кол жазмасын алып, фактыларын жыйынтыктап, аларды талдап, Азия материгинин жаратылышы жөнүндөгү өзүнүн гипотезасын бирде жактырса, бирде жактырган эмес.

Черский Риттердин эмгегине кошумча киргизүү жөнүндөгү сунушту кубануу менен кабыл алат. Семенов менен Черский «Азиянын жеринин жаратылышынын» бешинчи жана алтынчы томунун үстүндө беш жыл олтурат. Мурдагыдай эле котормочулар жана кошумча киргизүүлөр башка биреөнүн эмгегинин коментатору гана болгон эмес.

«Азиянын жеринин жаратылышынын» бешинчи жана алтынчы томдору Семенов менен Черскийдин өз алдынча географиялык чыгармасы болгон.

Сибирдин ар башка областтарынын жаратылышы, элдери илимий тактык жана иреттүүлүк менен ачык, көркөм жазылган.

Бир кезде Гоголь Россияны жандуу, поэтикалуу кылып көрсөткүсү келген экен. Ал мындай деп жазган: «Бизге күчтүү, жандуу муундар менен жазылган, орус жерин орустардын өзүнө тактап айтып берүүчү география керек».

Гоголдун орус географиясы жөнүндөгү максатын Семенов менен анын окуучусу турмушка ашырат.

Семенов менен Черский Сибирдин жаратылышынын ландшафттарын, элдин турмушун, нравасын, салтын, айбанаттарына болгон аңчылыгын, балык кармоону, жер иштетүүнү мал чарбачылыгын кеңири айкындашат. Алар адам баласы жаратылышка кандай таасир берерин, жаратылыш адамга кантип багынарын көрсөтүшөт.

«Азиянын жеринин жаратылышына» киргизилген кошумчалардан аны окуп чыккандар кургак схема менен фактыларды эмес, жаратылыш менен адам баласынын адаттагы турмушун билишкен.

Мына бу иттин мурду өтпөгөн Саян токойлору менен адырларында Тункин өрөөнү жатат. Анда атам замандан бери буряттар—мергендер жана малчылар жашайт. Алек-

сей Михайлович падыша болуп турган кезде Тункин өрөөнүнө жер оодарган орустар көчүп келишет. Орустар болсо буряттарды жер айдоого үйрөтөт, ал эми буряттар болсо орустарды — айбанаттарга аңчылык кылууну үйрөтөт. Орустар буряттар менен бирге көчүп-конуп суусар, түлкү, киш алып турушат. Кабарга менен сохатка тосмо коюшуп, аюу кармашат. Үй, кыштоо салууда, эгин айдаш үчүн тайгаларды актоодо, кедр жаңгактарын жыйноодо бири-бирине жардам берип турушкан.

Сибирдин жаратылышын сүрөттөө менен бирге, Семенов менен Черский анын учу-кыйырына көз жетпеген мейкиндиктери жөнүндө, анын талааларынын коздугу жөнүндө гана баяндабастан, ошондой эле алардын чарба жүргүзүүгө жарамдуулугу жөнүндө кеңири айтышкан. Алар келечектеги колонизация маселесин карашкан. Жаратылыш шарттары, климаты, өсүмдүктөр дүйнөсү, жер байлыктары Семенов менен Черскийдин көңүлүнүн борборунда болгон. Ал флорасы менен фаунасынын түрлөрүн каттаган кургак кагаз эмес болучу. Алардын баары чексиз түркүндүк жана өз ара байланыштуу нерсе катары каралган.

Бул учурда География коому экинчи бир укмуштуу кабарды алат.

Алыскы Сибирдеги Анабаранын мергендери ошол аттуу өзөндүн боюнан мамонттун сөөгүн табышат. Алар тарп же сөөк эмес, тарых башталганга чейин жашаган өтө чоң жаныбардын бүтүндөй денесин көрүшөт: түбөлүк муз аны миллиондогон жылдардан бери сактап келген эле. Ошол мамонтту Петербургга кантип жеткирүү керектиги жөнүндө талашып-тартышып олтурганча, аны жапайы жырткычтар талап кетет.

Окумуштуулардын алдында мындай маселе коюлат: мындан ары эмне кылуу керек? Сейрек кезиге турган мындай табылгалар аны жакшылап сактоону жана кунт коюп изилдөөнү талап кылат. Илимдер Академиясы жана География коому бөтөнчө комиссия түзөт. Өзүнүн биринчи заседаниесине Черскийди чакырышат.

— Тарых башталганга чейинки нерселерди казып алуу үчүн кыска мөөнөттүк экспедиция жиберүүгө болбойт. Ал анчалык пайда бербейт,— деген жоопту айтат Иван Дементьевич. — Натуралисттер Полярдык чөйрөдө жылдап жашоого тийиш. Өзүнүн турагын такай алмаштырып туруучу натуралисттердин үзгүлтүксүз аракети, үзгүлтүксүз гана аракети,— деп Дементьевич баса көрсөтөт,— илимге пайда берет. Азырынча үч жылдык мөөнөт менен экспедиция жиберүү керек...

Черскийдин сөзүнө кулак түргөн Петр Петрович макул болгондой башын ийкеп олтурат. Адамды аерге бир нече жылга жиберүү оңойбу! Андай адамды кайдан табасың?

— Сиздин сунуштарыңыз акылга сыйаарлык,— деди Семенов. — Бирок тилекке каршы көз жуумп каардуу крайга бара койчу окумуштууну билбейт экемин.

— Мен эртең эле жөнөп кетүүгө даярмын,— деп Черский ачык, ал тургай көңүлү көтөрүлө жооп кайтарат. — Мен натуралисттин кайсы жерлерде турушу керек экендигин да айта алам. Алар Яна, Индигирка, Алазея, Колымалар.

— Сиз оорукчансыз да, Иван Дементьевич!

— Ал Түндүккө бардырбай коюучу дарт эмес. Эгерде мени узакка созулган экспедицияга жөнөтө турган болсо, аны өзүм үчүн сыймык катары көрөр элем.

Петр Петрович унчуккан жок. Черский Сибирь сүргүнүндө жыйырма эки жыл жүрүп келген киши. Кайгынын, каржалуунун, укуксуздуктун бул жылдары анын ден соолугун алган.

— Мен өз чечимимден кайтпайм. Өзүм жакшы көргөн, ошол үчүн жашап жүргөн иш мени бардык дартыман айыктыра алат,— деп кайталады Черский.

*XXVIII глава*

## КУБАНЫЧ ЖАНА КАЙГЫ

1892-жылы Генуя Американын ачылгандыгынын төрт жүз жылдыгын майрамдап жатты.

Христофор Колумбдун мекенине жер жүзүнүн бардык жерлеринен меймандар келишти. Петр Петрович орус өкмөтүнүн жана география коомунун атайын өкүлү барды.

А дегенде Италиядагы бул шаардын майрамдагыдай көрүнүшү анын көңүлүн алагды кылды.

Генуяда туулар жайнап, салюттар берилип, шаан-шөкөткө бөлөнгөн. Коомдук имараттардын жана менчик үйлөрдүн эшик алдында Колумбдун чоң портреттери, банкеттерде атайын уюштурулган сый тамактарда Американы ачкан кишинин урматына тостор көтөрүлүп жатты. Адам баласы эч качан саякатчыларды мындай даңазалап, географиялык ачууларга мынчалык кызыгып, бой таштаган эмес. Жалпы элдин мынчалык кызыгуусу Петр Петровичти аябай толкундантты. Колумбдун салтанатынын майда-

баратына назар салып көрсө, соодагерлердин жан талашып пайда издегени, алдым-жуттумдардын ынсапсыздыгы иренжитет.

Колумбду Генуянын көчөлөрүндө жаткан тамеки коробкаларынан көрөт. Колумбду башка салган жоолуктан, бутка кийген байпактан көрдү. Улуу деңиз саякатчысын «Колумб» деген колбаса саткан дүкөндүн маңдайынан, «Кристобаль» деген күрүчтөн жасалган арактын боолорунан, «Каравелла» деген модалуу кафешантандын маңдайынан көрдү.

Мындан төрт кылым мурда Генуянын тар көчөлөрүндө жаш Колумбдун басып жүргөнүн көз алдына келтирип, Петр Петрович ойлоно түштү. Анын чокою мына ушул таш плиталарды таптап, көлөкөсү мына ушул жолго түшүп турган чыгар.

Италия Колумбдун саясатына улуттук география конгрессин айкалыштырат. Анда Петр Петрович орустардын географиялык ачуулары жөнүндө доклад сүйлөдү.

— Американы ачкандан кийин, Христофор Колумб салган жолго түшүп,— дейт Петр Петрович,— испандык баскынчылар, голландык жана англиялык соодагерлер жан талашып батышты көздөй бет алышты. Европада жашаган бардык улуттардын өкүлдөрү жаңы жер, укмуштай байлык, алтын, чүйгүн тамак издеп батышты көздөй кетип жатышты.

Ошол эле Колумбдун мезгилинен кийин орустар Америкага эмес, чыгышка назар салып, Азия материгинин белгисиз түпкүрүнө бет алды. Ермактан, Семен Дежневден, Василий Поярковдон, Ерофей Хабаровдон тартып, биздин күндүн саякатчыларына чейинкилер Тынч океанына барып такалуучу учу-кыйрына көз жетпеген жерлерди ачышты. Европа орус саякатчылары менен географтарынан Сибирь жөнүндө, Камчатка жөнүндө, Түндүк Муз океаны жөнүндө угуп билишти. Биздин саякатчылардын иштеринин натыйжасында Аляскага, Борбордук Азияга, Тянь-Шань менен Памирдеги тоолуу өлкөлөргө каттоо мүмкүн болуп калды. Колумб батыш жактан ачкандай эле, орустар чыгыштан Жаңы Дүйнөнү ачышты. Мындан мен илимдеги өз ара байланышты жана аны өз ара байытуу булагын көрүп турам. Мындан мен бүткүл эл биргелешип, биздин жаркын келечегибиз үчүн жаратылышты таануунун жана өздөштүрүүнүн зарылдыгын көрүп турам...

Петр Петрович Генуядан үйүнө Париж аркылуу кайтат. Адатынча ал Луврга келип, голландык мастерлердин бир нече картиналарын сатып алып, антиквар дүкөндөрүнө кирип көрөт. Ал «өзүнүн Рембрандты» жөнүндө ойло-

бой калганына көп болгон. Болбогон нерседен үмүт кылуунун кереги не?

Сенаны бойлоп жүрүп ал соодагерлерге, сүрөтчүлөргө жана өзүнө окшогон коллекционерлерге назар салып көрөт. Даңкы чыгып келаткан жаңы ысымдарды укту; Мане, Курбе, Ренуарлар ага эч нерсе айтып бере алган жок. Бир маалда анын көзүнө импрессионисттердин картиналары тартылды.

— Мырза жигит, кичине токтой кетиңизчи. — Кимдир бирөө сюртугунун этегинен тартып, жалооруй кайрылды.

Петр Петрович кылчайып карады: бет алдында ак чач абышка туруптур.

— Көрүңүзчү, мырза,— карыя костюмунун өңүрүн ачып жиберди.

Петр Петрович бир түрмөк кендирди көрдү. Күтүүсүз нерсени көргөндүктөн чочуп кетти. Карыянын маңдай чачы түйдөктөлүшүп, кабагына каршы-терши бырыш түшкөн. Көзү курч, тим эле теше тиктейт, андан кайгы-муңдун белгиси даана көрүнүп турат. Карыя эми эле сүйлөп жиберчүдөй, Семенов анын оозунан адам баласынын кайгы-муңун укчудай туюлат. Көркөм чыгарманын күчү, образдын психологиялык жактан тереңдиги — бул портрет Рембрандтыкы болуш керек. Семенов улуу голландыктын картинасын көпкө чейин кунт коюп карап чыкты, аныкы экени — боёгунан эле билинип турат.

Петр Петрович бирде картинага, бирде аны сатып жүргөн кишиге назар салып, кубаныч белгисин туйган жок. «Рембрандтын өзү! — деп жатты анын акылы. — Рембрандт!» Кубаныч Петр Петровичке бир топ өткөндөн кийин келди.

Петр Петрович Рембрандт үчүн жанындагы болгон акчасын бүт берди. «Эркектин башынын этюду» анын коллекцияларын мурдагыдан да кооздоп жиберди, ал аны менен сыймыктанып, көпкө чейин кубанычы койнуна батпай жүрдү.

Петр Петровичтин живописке болгон кызыгуусунун географияга түздөн-түз тиешеси бар болучу. Өзүнүн «Нидерландык живопистердин этюду» жөнүндө мындай деп жазган: «Биздин Түндүктүн учу-кыйрына көз жетпеген түздүктөрүнүн жалпы көрүнүштөрү сыяктуу эле, голландиялык ландшафт көргөн адамдарды туруктуу салтанаты менен суктандыра албайт, ошондуктан адамды чарчаткан, тоолуу жана түштүк өлкөлөр сыяктуу бир багыттуулугу менен мүнөздүү.

Ал эми түндүктүн жаратылышынын көп жери бир өңчөй жана суз көрүнгөнү менен айрым учурларда — айрым күн-

дөрдө жана жылдарда эстетикалык сезими күчтүү кишини суктандырбай койбойт».

Сүрөтчү Айвазовскийдин юбилейинде сөз сүйлөгөн Петр Петрович мындай дейт: «Учу-кыйрына көз жетпеген орус жеринин жаратылышынын бүт көрүнүшү орус сүрөтчүлөрү тарабынан Иван Константинович орус деңиздеринин толкундары менен жээктерин кандай көрсөтсө, ошондой эле талант жана өз элине таандык сүрөттөмө менен көрсөтөт».

1892-жылдын жай айларында Семенов өзүнүн Гремячкасына жөнөйт. Ал жашыл токойлорго, тунук талааларга, өзүнүн көтөрүңкү көңүлүнө суктанып келатты. Рановanын жээгиндеги дем алуу күндөрү аны да кубанычка бөлөдү. Ал көпөлөктөр менен коңуздарды уулап кармоону, кайың токойлорун сейилдөөнү, көйкөлгөн көк шиберди аралап басууну мурунтан эле ойлоп койгон эле.

Өзүнүн ынтымактуу чоң үй-бүлөсүндөгү жакшынакай турмушунан да ыраазы болчу.

Анын чоң аталардын курагына келип калганына көп болду, бирок мурдагысындай эле алдуу-күчтүү. География коомунун элүү жылдыгына даярдык көрүү түйшүгүн өз мойнуна алганы ошондон улам болуп жүрбөсүн?

Юбилейге эки жыл калганда совет коомдун жарым кылымдык ишинин тарыхын басып чыгарууну чечти. Анын материалдарын даярдоону совет коомунун секретары А. А. Достоевскийге жана географ Зверинскийге табыштады. Зверинский күтүлбөгөн жерден каза болуп, Достоевский ал ишке жетише албай калды. Чынында эле толуп жаткан архивдерди карап чыгуу, миңдеген көчүрмөлөрдү, макалаларды, отчетторду табуу жана аларды главаларга бөлүштүрүү бир кишинин колунан келбейт эле. Андай ишти жөнгө салуу үчүн эбегейсиз чоң географиялык ынтызарлык, баарын эсинде калтыра турган акыл керек болучу. Ошондуктан совет андай тарыхты түзүп берүүнү өтүнүп Петр Петровичке кайрылат.

Семенов Гремячкага архивде жаткан документтерди жана отчетторду таңгак-таңгак кылып алып келет. Аларды ящиктерге жайгаштырып, саргарып келаткан барактарды ардактап кармалайт. Миңдеген чакырым саякаттар мына ошолорго топтолгон. Аларда географиялык ачуулар, оор жолдорду басып өтүү, орундалган максаттар жатат. Аларда унутулгус достордун рухий күчү жана эрки жыйналган.

Алдыда турган иштерди көрүп Петр Петровичтин өзү да апкаарый түштү. Петербургдан кетээрдин алдында Достоевский бар болгону он эки миң документ жыйнага-

нын айтат. Ал эми коомдун тарыхы болсо үч чоң томдон, бир жарым миң басма беттен турат. Петр Петрович ошол материалдарды главаларга бөлүштүрүп гана тим болбойт. Ага орус саякатчыларынын жана алардын ачууларынын тарыхын иреттеп гана коюунун кереги жок. Ага коомдун бардык илимий ишмердигин жөнгө салып батыруу керек. Бардык окуялардын өз ара байланышы менен бири-бирине көз карандылыгын көрсөтүү зарыл.

Ишти баштагандан кийин баякы апкаруудан эч нерсе калган жок. Башкы максаттан улам майда-барат түйшүктөрүн унутуп коюп, үңүлө олтуруу кандай жакшы. Терезе пардону жел толкутуп, кагаздар гана шуудурап турган тынч түндөгү кабинетте өткөн сааттар кандай сонун. Кагаз бетин кытыраткан перонун үнү. Ой акылды ойготуп, мындан көп жылдар мурда өткөн күндөр көз алдына тартылат. Тиги Рановaнын нары жагындагы көк майдандан тартардын үнү угулат.

Петр Петрович Гималайдын кара аюусунун жүндүү териси менен бутун ороп коюп, сыр тамган, көлбөөрүгөн чоң чапанды жамынып жазып олтурат. Чапаның монахтардыкына окшоп кетет деп балдары шылдың кылса, өзүнө жакшы көрүнөт, кептүү.

Түн ортосунда ал калемин ыргытып жата кетти. Карыяларча күшүлдөп-бышылдап, көпкө чейин дивандын жанында күйпөлөктөйт. Батыраак уктагандын аракетинде балдар үчүн жазылган ырларды кайталап, жүзгө, үч жүзгө чейин санап, өзү жөнүндө, балдары жөнүндө ойлойт. Мына, балдары чоңойду-чочойду, бой тартып алышты, бала-чакалуу болушту. Иш жүзүндө ал балдарына өзүнүн көп кырдуу, ар тараптуу кыял-жоруктарын жугузду. Уулдарынын ичинен Ростислав гана сүрөтчү болуусу чечти.

Петр Петрович эгерде кудай таала таланттан ажыратам десе өзүн живопистик таланттан ажыраткандыр деген мыскылдуу ойго келет. Живописти, картиналарды коллекциялоону жанындай жакшы көргөнү менен эч нерсе тарта албайт. Живописти жакшы биле туруп, эч нерсенин сүрөтүн тарта албаганы кызык? Анткени менен Ростислав таланттуу, өтө таланттуу...

Мына ушундай ойго батып жатып, уйкуга мемирейт.

Таң эртең менен түйшүктөнүп, тынчы кеткен Елизавета Андреевна Ростиславдын кайта ооруп калганын айтты.

Аны угуп чочуп кеткен Петр Петрович уулунун жанына шашылды. Ростислав беш жашынан бери кулгуна менен ооручу: докторлор да, курорттор да ага жардам бере

албайт. Петр Петрович Гремячинскинин таза абасы аны оорудан сакайтып жиберер деп ойлогон.

Бала атасы менен энесинин көз алдында көз жумат.

Жанындай жакшы көргөн уулунун дүйнөдөн кайтышы Петр Петровичтин шайын кетирип салды: ал аябай арыктап, мурдагыдан бетер карып, иш жөнүндө такыр кызыкпай калды.

Үйдүн ичи каңгырап, бардык бөлмөлөр кайгы-муңга толуп, Петр Петрович кабинетин ичинен бекитип алчу болду. Кээде колуна калем кармаса кагазга: «Эмне кылуум керек? Сүйөмбү! Жол жайын билүүгө, же өзүн жакшы көрсөтүүгө аракет кылгандардын баарын сүйүшүм керекпи, жер үстүндөгүлөрдүн баарын сүйөйүнбү, алар жөнүндө кам көрүп, алардын кайгы-муңун жеңилдетишим керекпи...»

Ал бети толтура жазылган баракка кыйыр карайт. «Эмне кылуу керек? Сүйөмбү!» Сүйүү дегендин дайыны жок эле. Жүрөгү жараңка менен сайгандай тызылдайт, башына эчтеме түшпөйт, уулун самайт.

Күйөөсүнүн түрүн көрүп, Елизавета Андреевна чочулай баштады. Көп жылдардан бери жашап келаткан Гремячка ага, Петр Петрович үчүн коркунучтуу көрүндү. Ошентип, ал аны Петербургка көчүп кетүүгө көндүрдү.

Кыжы-кужуга жык борбор, жаңы жолугушуулар, достор Петр Петровичти жаман ойдон алагды кылгансыды. Ал кайрадан ишке киришип кетти.

1893-жылдын күз айларында География коомуна арыкчырай, жол кийиминдеги аял пайда болду. Петр Петрович анын караанын алыстан эле көрдү. Ал кирип келгенде аял ордунан турду. Жылтыраган көк көзү эрк менен акылга жык толгондой көрүнөт Петр Петровичке.

— Мен Иван Дементьевич Черскийдин зайыбы болом,— деди ал.

— Мавра Павловна! — Ал кабинетинин эшигин ачып жиберет. Азырынча эчтеме уга элек болсо да, жаман кабар келгенин сезет.

— Иван Дементьевич Колыма өзөнүнүн боюнда каза болду,— деди Черская бир аз унчукпай тургандан кийин.

Жаман кабардан улам Петр Петровичтин бүткөн бою карыша түштү. Аялга кайрат айтаар сөз оозуна кирбей калды, анткени, өз башындагы кайгыны, көңүл улаган достору кетирип бүтө элек болучу.

1892-жылдын май айында Черский Жогорку Кольмадан чыгып, Муз океанына чейин сүзүп баруунү чечет. Аялынын, уулунун жана жол көрсөтүүчү Степан Расторгуевдин узатуусу менен (жээни Генрих Дуглас саякатчы-

ны таштап кеткен) оорусу катуу экенине карабастан белгисиз түндүк өзөнүнө түшүп жолго чыгат. Жүздөгөн чакырым жерлерге чейин, Черскийдин башына күн түшсө жардам берер жан жок болучу. Кичинекей кайык Колыманын төмөнкү агымын бет алат, өлүм алдында турган окумуштуу байкоо жүргүзөт, коллекцияларды жыйнайт, өзөн боюндагы тоолорду изилдеп көрөт.

— Жакында өлө турганына көзү жеткен күйөөм, мага керез сөзүн жазып калтырган,— деди Мавра Павловна. — Ал менден баштап алган саякатынын аягына чыгууну өтүнгөн. Мен өлгөндө кайыкка жаткырып, түндүк жакты каратып кой. Өлүгүм да, бет алган жагымды карап жатсын»,— деп Мавра Павловна күйөөсүнүн керез сөзүн кайталады.

Петр Петрович: «Мени экспедицияда кийип жүргөн кийимим менен Ысык-Көлдүн жээгине койгула» — деген сөздү эскерди. Пржевальскийдин бул сөздөрүнө Черскийдин керези кандай гана окшош! Бул саякатчылар бирин-бири билбесе да, мүнөздөрүнүн окшоштугун кара!

— Иван Дементьевич жыйырма бешинчи июнда каза болду. Ал күнү өзөндүн үстүндө кар бурганактап турган, эзелден бери тоңуп жаткан жерден кыйналып жатып мүрзө каздык. Мен Иван Дементьевичтин сөөгүн Колымага куйган Прорвы деген кичине суунун боюна жашырдым. — Мавра Павловна башын жерге салды.

Петр Петрович арыкчырай көк көз аялга үңүлө карап, көңүл кайгысы тарап бараткандай сезилди. Муңу тарап, учуп жаткан сыяктанды. Мына бул кичинекей, кайгымуң баскан аял анын көңүлүн көтөргөндөй сезилди. «Кайгы адамдын көңүлүн көтөрө алабы?» — деген ойго келди да, анан ага өзү оңдоо киргизди: «Кайгы көңүлдү көтөрө албайт, адам өзү чыйралуунун үлгүсүн көрсөтөт».

Анын маңдайында кадимки орус аялдарынын бири, Иркутскидеги кир жуугучтардын кызы, өзүнүн саякатчы күйөөсүнүн теңи олтурат. Мавра Павловна өзүнүн күйөөсүнүн кайгылуу саякатын аяктап келди. Тамак-ашынын тартыштыгына карабастан, талаага түнөп, каардуу бороонго чыдап, күркүрөп кирген сууларды кечип, бардык коркунучтарды жеңип өттү. Күйөөсүнүн дүйнөдөн кайткандыгына байланыштуу, чөгүп бараткана карабастан жолду ката илимий байкоолорду жүргүзөт, анын коллекцияларын айбанаттардын жаңы түрлөрү, тоо породаларынын үлгүлөрү менен толуктайт.

Бул аял Төмөнкү Колымадан Петербургга чейинки он эки миң чакырым жерди ит, бугу кошкон чаналарга түшүп, тоо ашып, Сибирь тайгаларын аралап, экспедиция-

нын материалдарын толук жеткирип берүү максатын коюп жасаган.

Петр Петрович орустун географиялык ачууларынын тарыхында Муз океанына саякат жасаган каарман саякатчы Мария Прончищеванын ысмы жүргөндүгүн эскерет. Мындан ары Мавра Павловнанын ысмы ошол Мария Прончищеванын ысмынын катарында, Азия материгин ачкан көп сандаган кишилердин ысымдары менен бир катарда турат.

Черскийдин бул сөздөрү Петр Петровичтин эсине түшөт:

«Эгерде адам баласы саякатка чыкпай турган болсо, жаратылыштын сулуулугу менен улуулугун кантип билет эле? Чынында эле, Пржевальский болбосо Борбордук Азия жөнүндө, Чокан Валиханов болбосо Кашкария жөнүндө билет белек? Илим кандай гана кыйынчылыктарды, мезгилсиз өлүмдөрдү талап кылат! Россиянын даңкын чыгарам деп жүрүп, канчалык алп адамдар өлүп кетти! Сенин эң мыкты деген уулдарың каармандыкты көрсөтүп, сен үчүн курман болушту, Россия».

— Уулуңуз кайда, Мавра Павловна?

— Саша мени менен бирге.

— Силердин тынч жашашыңар үчүн, уулуңуз билим алсын үчүн биз колдон келгендердин баарын жасайбыз...

Жылдар өтөт. Александр Черский орустун чоң ихтиологдорунан болуп калат. Ал Алыскы Чыгыштын өзөндөрүн жана көлдөрүн, Охот жана Берингов деңиздерин бүт кыдырып чыгып, балыктардын түрлөрүн жана деңиз жаныбарларын изилдеп чыгат. Командорск аралдарында жашаган жапайы мышык сымал жаныбарлардын үйрүн америкалык жырткыч мергендерден сактайм деп, ошолор колдуу болуп өлөт.

Петр Петрович ал жөнүндө эчтеме биле албайт...

*XXIX глава*

## ИЗИЛДӨӨЛӨРДҮН ЖАНА АЧЫЛЫШТАРДЫН ЖАРЫМ КЫЛЫМЫ

Ал География коомунун ардактуу жана анык мүчөлөрүнүн тизмесин алып чыкты. Сарапчасын кийип, фамилияларын карай баштады. Алардын ичинде бүт дүйнөгө атагы чыккан окумуштуулар, жер илиминде салмактуу орун-

ду ээлеген ишмерлер, падышага таандык үйлөрдүн мүчөлөрү бар эле. Атактуу саякатчы Норденшельд менен улуу княгиня Александра Иосифовна, Михаил Сибиряков, Эмануил Нобель, Григорий Потанин, Абдул Гамид Экинчи — Турциянын султаны, Генри Стенли, Рудольф Вирхов, принц Альфред — Эрнест-Альберт — Улуу Британиялыктар. Алар эки миң адамдан ашып кетет...

Уруусу, тили, байлыгы,
Кийми, өңү ар башка!

Ал кабагын ачып, жылмайып үйүлүп жаткан материалдарды карай баштады. География коомунун элүү жыл ичиндеги иштеринин тарыхынын үч томдугун бүтүрүү керек болучу. Башка зарыл иштер алагды кылгандыктан үздүк-создук иштеп жүргөн.

Иш ортосундагы үзгүлтүктөр өзүнөн өзү байкалып калат: ойлогон ойлор ордуна келбей, экинчи катардагылары алга чыгып, тарыхый окуялар, адамдар, фактылар бирибирине каршы тим эле чырмалыша баштайт.

География коомунун тарыхынын биринчи томуна Петр Петрович орустун география илимине бүткүл дүйнөлүк даңк алып келген адамдар жөнүндө өтө даана жазат.

Алардын ичинде даңкы чыккан деңиз саякатчылары Крузенштерн, Литке, Врангель бар эле. Улуу саякатчы Пржевальский, Илимий каармандыкты көрсөткөн Черскийлер бар. Алардын көзү өтүп кеткен, бирок жаркыраган жылдыз катары бардык меридиандардагы жана параллелдердеги жаңы географтарга жол көрсөтүп турушат. Ал эми көзү тирүү тургандар, илимди өнүктүрүп жаткандар, изилдөөчүлөр, саякатчыларчы? Алардын баары География коомунун мүчөсү. Алсак, көрүнүктүү метеоролог Воейков, андан кем эмес атагы бар антрополог Анучин. Өтө таланттуу Мушкетов, географтар Козлов, Грум-Гржимайло, контр-адмирал Макаров, биолог Тимирязов...

Коомдун мүчөлөрүнүн көпчүлүгүнүн жашы барып калса да, ишин улантуунун үстүндө. Чыныгы окумуштуулар акындар сыяктуу эле жашын санап, карыдым деп айтпайт. Көзү өтүп кеткен улуу адамдардын көлөкөсү эле, жаш муундарды жаңы чыгармачыл ишке чакырып турат. Бир гана муундар алмаша берет. Коомдо орус илиминин туруктуу ата-бабаларынын балдары иштеп жатат. Алардын көпчүлүгү коомдун анык мүчөлүгүнө жаңы эле кабыл алынгандар. Тоо инженери Владимир Обручевди сонун келечек күтүп турат. Жаш болсо да өтө таланттуу. Өтө шайдоот. Ал Иркутск губерниясындагы Ока өзөнүнүн боюнан таш көмүр кенин, Байкалдагы ляпис-лазурь жана

слюда кенин таап келген. Обручев Хамар-Дабандын чокусунда, Байкалдагы эң чоң арал Охьхондо болуп келди. Ал жерлерден өтө баалуу илимий материалдарды да жиберген. Ал эми подполковник Вилькицкийчи? Ал деңиз министерствосундагы өзүнүн татынакай кабинетин таштап, кенедей кемеге олтуруп алып Енисей куймасында жүрөт. Андрей Вилькицкий Муз океанынын жээктерин сүрөттөп, магниттик, температуралык, астрономиялык байкоолорду жүргүзүп, Диксон менен Сибиряков аралдарына барат. Биринчи томго эмнелер кирди? Коомдун келип чыгышы жөнүндөгү кириш сөз, анын мүчөлөрүнүн алгачкы илимий мамилелери, алардын Россиядагы жана андан тышкары жерлердеги иштери киргизилет. Минералог Гофмандын жетекчилиги астында Уралга жасаган биринчи экспедиция. Бутаков менен Макшеевдин Россиянын Азиядагы чет жакаларын изилдеп келишинин жыйынтыктары кирет. Орус картографиясынын абалы жана губерниялар аралык атластардын өзгөрүштөрү баяндалат. Этнография жана жер боюнча статистика. Маактын жетекчилиги астында коомдун Сибирдеги бөлүмү жүргүзгөн Вилюйск жана Амурск экспедицияларынын иштерине орун берилет. Семеновдун Тянь-Шанга саякаты орун алат...

Петр Петрович калемин кармаган бойдон токтой калды.

Экинчи томго коомдун 1817-жылдан 1885-жылдын акырына чейинки иши кирет. Бул араны Пржевальскийдин эпохасы деп атады ал.

Пржевальскийден кийин Монголия менен Кытай Сепилине чейин саякатка барып келген Потанин жана Певцов турат. Андан кийин Оленецкая жана Сахалин экспедициясы, Сибирдин нивелирвкасы, Обь менен Енисейдин ортосундагы жолду издөө айтылат. Муз океанынын жээгине уюл станцияларын куруу, Жети-Сууну, Кокон хандыгын, Арал-Каспи түздүгүн, Балкаш көлүн изилдөөнүн жыйынтыктары киргизилген.

Петр Петрович этнография, статистика, математикалык жана физикалык география боюнча коом канчалык чоң илимий натыйжаларга жетишкендигин канааттануу менен эскерет. Поляковдун Ладож көлүндөгү зоогеографиялык иштери, князь Кропоткиндин Финляндиядагы изилдөөлөрү, Воейков жана анын метеорологиялык байкоолору көз алдына келет.

Орус дыйкандарынын жана кустардык өнөр жайларынын арасында кеңири тараган жер иштетүүнүн формалары менен тартиптерин, жер жана түрмө статистикасын үйрөнүү иштеричи.

Үчүнчү том коомдун 1886-жылдан 1895-жылга чейинки

он жылдын ичинде жүргүзгөн иштерине арналат. Анда бүтпөй калган Пржевальскийдин бешинчи саякаты жөнүндө, анын ордуна барган үч саякат жөнүндө айтылат. Певцовдун Кытай Туркестанына жана Тибеттин түндүк жагына жасаган саякаты, Громбчевскийдин Памирдеги ачуулары, бир туугандар Грум-Гржимайлолордун Тянь-Шандагы ачуулары жөнүндөгү аңгемелер киргизилген.

Потанин менен Обручевдин Тоолуу Азиянын чыгыш жагына жасаган эскпедициясы жөнүндө, Радловдун Кара-Корум калдыктарында жүргүзгөн изилдөөлөрү жөнүндө айтылат. Орустардын Инди жана Тынч океандарына, Турцияга, Японияга, Суданга саякат жасашы жөнүндө баяндалат.

Этнография менен статистика анын акыркы томунда даана берилет. Этнография бөлүмү абдан жакшы, тыкан иштеген. Анын председатели Владимир Иванович Ламанскийдин аткарган эмгегинин эбегейсиздигин айтпа.

Славян элдеринин турмушун абдан жакшы билген Ламанский «Жандуу эстелик» деген атайын журнал чыгарып, өз этнографтарынын, тарыхчыларынын, антропологдорунун мыкты эмгектерин басып турат. Ламанскийдин демилгеси боюнча Литва менен Латвияга, Түндүктүн калктарына, татарларга, марийцаларга, башкырларга, Чыгыш Россияга этнографиялык саякат башталат.

Этнограф Лесков Петрозаводск менен Оленецк уезддеринде жашаган элдерден жомокторду, табышмактарды, макал-лакаптарды, үйлөнүү тойлорунда жана табыт коюудагы кошокторду, түш жоруу белгилерин, элдик ырларды жазып келет.

Дыйкан Верещагин удмурттардын турмушу жана тиричилиги жөнүндө жазып келгендиги үчүн күмүш медаль менен сыйланат, ошондой эле алардын жомокторун жана диний ырым-жырымдарын да жазып келет. Браун менен Селиванов, Егизаров менен Марковдор Кавказдын элдери жөнүндөгү этнографиялык абдан кызык материалдарды чогултуп беришет.

Этнография бөлүмүнүн секретары Федор Михайлович Истомин коомго аябагандай зор эмгек сиңирди.

Истомин ыр жана жомокторду издеп Печорск крайында жашаган орустарды, зыряндарды жана ненецтерди кыдырып чыгат. Бирде жөө, бирде кайык минип, өзөн кечип, жападан жалгыз кыдырат, Печорск саяналарында баскан жолу жана көргөн азаптары жөнүндө жаңы жомокторду жазууга болот эле...

Кокусунан пайда болгон мындай ой Петр Петровичтин делебесин козгоп жиберди. Печорага куйган али изилдене

элек Пильма деген кара, муздак суу анын көз алдына тартылды. Анын жээктериндеги жүз жылдап жашаган карагайларды жана кызыл карагайларды өз көзү менен көрүп тургандай болду. Таң алдында каракурлардын канат каккаңын, анын бостектеринин үн салышын кулагы менен угуп тургансыды. Бир калыпта шаркырап аккан суунун сүрдүү дабышы угулду. Ичинде жалгыз адам олтурган жаман кайык көз алдына келди.

«Этнография бөлүмүнүн Россиянын элдеринин тарыхын жана тиричилигин үйрөнүп чыгуудагы ийгиликтери талашсыз,— деп ойлойт Петр Петрович. — Бирок анын белгилебей коюуга болбой турган дагы бир жагы бар. Владимир Иванович Ламанский География коомунун мүчөлөрүнүн ичинен орустун элдик ырларын жыйноо боюнча баарынан көп эмгек кылды».

— Ырды жана деги эле поэзияны жакшы көргөн славян тукумдарынын ичинен өтө көп, лирикалык ырларга өтө бай орус калкынын лирикалык жана турмуш поэзиясын толук көрсөтүү мүмкүн эмес,— дейт Петр Петровичке күндөрдүн биринде Ламанский. — Элдик лирикалык ырларсыз орустун турмушун, орустун рухий мүнөзүн, орустун эл арасындагы сөздөрүн ошол күчүндө жана коздугунда, ошол сулуулукта жана тактыкта туюу мүмкүн болбос...

Ламанский сөзүн токтото коюп, Петр Пертовичке карады. Анан анын кунт коё угуп олтурганын байкап, сөзүн улантты.

— Ошондуктан орустун лирикалык ырларынын толук жыйнагын басып чыгарууга убакыт жетти. Бул улуттук жана патриоттук иш. Ырларды жыйноо—тарыхый, архиологиялык, физиологиялык, этнографиялык байкоолорду жүргүзүү баа жеткис байлык болуп калат, биздин көркөм поэзиянын жандуу, түгөнбөс булагына айланат. Ал орус тилин славян элдеринин арасында таратуунун кызматын кылат...

Петр Петровичтин колдоосу астында энтография бөлүмү бул ишке катуу киришет.

Коомго Россиянын бардык булуң-бурчтарынан ырлар келип түшө баштайт. Казанда жашаган краевед Шляпкин XVIII кылымдагы элдик ырлардын жыйнагын жиберет. Байыркыдан калган ырлар изделип, иретке келтирилет. Улуу орус элинин ырларынын биринчи тому москвалык профессор, элдик лириканы жакшы билген Алексей Иванович Соболевскийдин редакциясы астында басылып чыгат. Кийинчерээк элдик лириканын дагы үч тому чыгарылат.

География коомунун тарыхынын үч томдугу жөнүндө

Петр Петрович канчалык көп ойлосо, иштелген иштин көлөмү ошончолук албан көрүнөт. Ал эки анжы ойго түшө баштайт: материалдар жетеби? Андрей Достоевский бар болгону он эки миң гана документ бербедиби. Статистика жана картография боюнча дагы материал жыйноо керек...

Петр Петрович столунан турат. Китеп жыйналган шкафынын жанына келет, андан бүткүл дүйнөнүн жеринин жаратылышы боюнча өзү үчүн өтө маалыматтуу китептер сакталчу. Алар өзүнүн акылман окутуучуларынын жана досторунун китептери эле. Александр Гумбольдт, Карл Риттер. Анын катарында — Николай Пржевальский, Чокан Валиханов, Иван Черский. Андан башка дагы жүздөгөн чыгармалар бар.

Ал башын жерге сала, терең ойго батып, ал китептердин жанында турат. Коомдун жарым кылымдык тарыхы экспедицияларды, саякаттарды, ачууларды тизмелеп чыгуу дегендикке жатпайт да деген ойго чөмүлөт. «Коом түзүлүп жаткан кезде география илими «география» деген аты бар, дайынсыз, тайыз деңгээлден небак өтүп кеткен. XIX кылымдын биринчи жарымында чыккан улуу географтардын бири Карл Риттер өзүнүн чоң чыгармасындагы география деген сөздү «жердин жаратылышы» деген термин менен алмаштырган...»

Ошентип, жердин жаратылышы деген эмне? Жердин жаратылышына болгон өзүнүн көз карашын ал, География коомунун тарыхынын үч томдугуна жазган баш сөзүндө айтат. Жердин жаратылышы дегенибиз, биздин планетаны анда жашаган адам баласы бүт таанысын дегендикке жатат. Бул ойду канчалык туура көрсө да, жалпы жана анчалык так эмес деп билет. Аны дагы ачуу керек, окумуштуулардын ишмердиги менен бекемдөө зарыл.

Ал олтурган столуна кайра келип, колуна калем алат. Эч жерин булгабастан майда тамгалар менен тез-тез жаза баштайт. «Жердин жаратылышы, эң оболу жердин турпаты менен байланыштуу градустук өлчөөлөр менен гана эмес, кыртыштын ар кайсы жайындагы Жердин тартуу күчүн изилдөө жолу аркылуу, майда-чүйдөсүнө чейин тактап чыгууну талап кылат.

Андан кийин жердин өзүнүн турпатын изилдеп, карта түзүү керек. Астрономиянын жардамы менен жер үстүндөгү точкалардын абалы аныкталат, геодезиялык жана топографиялык сүрөттөп тартуу иштери жүргүзүлөт, андан ары кадимки проекция боюнча жер бетинин картасы чийилет. Бирок география картасын түзүү Жерди географиялык изилдеп чыгуу дегендикке жатпайт: география картасы андай изилдөөлөрдүн бир гана жагын көрсөтөт.

Бул ишти турмушка ашыруу үчүн эң алды менен жер кыртышынын рельефин изилдеп чыгуу зарыл. Тригонометриялык же барометрдик жол менен бийиктиктердеги аныктоо, орография деп аталган жердин жаратылышынын маанилүү бөлүгүн талдап билүүгө мүмкүндүк берет.

Өлкөнүн орографиясы өз кезегинде Жердин төмөнкү катмарынын составына, кыртыштын түзүлүшүнө жараша болот. Жер катмарынын тектоникасына негиз болгон тоо тектеринин жаралышы жана келип чыгышын, такай өзгөрүп турган процесстердин тарыхын, жер үстүндөгү өзгөрүштөрдү изилдөө — мына ушулардын баары геология жана геогнозия деген ат менен белгилүү нерселер, жердин жаратылышынын көпчүлүк бөлүгүн түзөт...»

Жердин жандуу жана жансыз жаратылыштары өз ара кандай байланыштуу болсо, илимдер да ошондой эле өз ара байланыштуу болот. Кургактыкты изилдөө ишин деңиздер менен океандарды изилдебей туруп жүргүзүү мүмкүн эмес. Ал азыр, ошол өз ара байланыштарды жакшы түшүнөт. Гидрология менен гидрография жердин жаратылышынын маанилүү тармагына жатат. «Жер шарынын көпчүлүк бөлүгүн деңиздер менен океандар ээлейт, ал турсун материктин үстүнө суу, өзүнө көл, булак түрүндө пайда болот». Гидрологиянын жана гидрографиянын максаты — суу массасынын «жер үстүнүн өзгөрүшүнө берген таасирин үйрөнүү болуп саналат».

Бирок жер кыртышы менен суу массасы, планетанын үстүндө жүргөн булуттардын кыймылына жараша болот. Жердин атмосферасында өтө татаал физикалык өзгөрүштөр болуп турат. Күндүн нуру, абанын составы, андагы суу парлары, электр жана магнит кубулуштары, андан башка белгилүү жана белгисиз көрүнүштөр жердин үстүнө таасир берип турат. Мына ошол кубулуштар өлкөлөрдүн климаттарынын негизги шарты болуп саналат, мына ошол климатты изилдөө, анын үстүнө биздин атмосферада болуп жаткан физикалык бардык өзгөрүштөрдү изилдеп чыгуу, метеорология жана климатология деп аталган, жердин жаратылышын үйрөнүүнүн маанилүү бөлүгү.

Жер үстүндөгү өсүмдүктөрдү жана жан-жаныбарларды, флоралар менен фауналарды ар бир өлкө боюнча талдап, көрсөк, өтө майда жана көзгө илинбеген климаттык шарттар көз алдыңа келет, мына ушуларды баары фито-зоогеография деп аталган жердин жаратылышын үйрөнүүдөгү кызык бөлүктүн бири болуп калат...»

Орография менен геология, метеорология менен ботаника, этнография менен зоология, статистика менен археология — мына ушул илимдердин баары жердин жаратылы-

шын үйрөнүүнүн ажырагыс бөлүгү. Илимди комплекстүү түрдө пайдаланганда гана жер үстүндөгү жаратылыш менен адам баласынын аракетин жакшылап билүүгө болот.

Адам жана жаратылыш. Адам Жерге бардык жагынан бийлик кылат, ошондуктан «адам баласынын расасын изилдөө, алардын физикалык антропологиялык белгилерин, өз өлкөсүнүн жаратылышына жараша турумун жана айырмасын билүү, жердин жаратылышын үйрөнүү тармагындагы антропология алып барат...»

Ал креслого чалкалап, былк этпей олтурат, ак кирген каштары кыймылдабайт. Анын географиялык көз караштары барган сайын кеңейип, чоңоюп, бардыгы ачык-айкын боло баштайт. Ал өзү азыр эле жазып бүткөн адам баласынын расасы жөнүндөгү барагын кайталап окуйт. «Байыркы элдер, азыр жашап жаткан элдердин айрымдары сыяктуу эле өзүнүн маданияты жагынан айырмаланган эмес, алар кайыккан аңчылар же, көчмөн малчылар түрүндө жер бетинин көп жерин ээлеп келген жана ээлеп турат».

Алардын тарыхын, нравасын, салтын, алардын турмуш-тиричилигин, жашаган үйлөрүн, кийген киймин, тилин, поэзиясын, музыкасын изилдөө жердин жаратылышын үйрөнүүнүн тармагына кирет. Ал археология менен этнографиянын аткара турган иши. Бирок Жер үстүндө өзүнүн территориясы жана мамлекети, бириккен саясий союзу бар улуттар бар. «Ал мамлекеттердин тарыхый өнүгүшү жана алардын азыркы кездеги экономикалык турагы, өлкөлөрдүн жаратылыш шарттарына көп жагынан көз каранды экени талашсыз, ал адам коомунун маданий жактан өнүгүшүнө көп жылдык эмгектин натыйжасында жетишет жана өзгөрөт». Мамлекеттердин тарыхы, экономикалык жана саясий жактан өнүгүшүн изилдөө саясий географиянын милдети.

Акырында, мамлекеттердин территорияларында, анда жашаган элдердин турмушунда ар дайым экономикалык жана социалдык өзгөрүштөр болуп турат. Андай өзгөрүштөрдү изилдөөнү статистикалык метод менен жүргүзүү ыңгайлуу. Демек, статистика да, (экономикалык география) жердин жаратылышын үйрөнүүнүн ажырагыс бөлүгү экен.

Ал дагы кол жазмасына үңүлөт. География илиминин циклдерин теориялык жактан аныктоо, коомдун практикадагы иши менен такталат. Илимдин ушундай көп тармактуулугунан улам, коом өзүнүн ишин аргасыздан чектеп келгендигине ал абдан жакшы түшүнөт. Ошондуктан көңүлдүн борборунда турган Россияга жана ага чектеш

өлкөлөргө буруу керек болчу. Ошентсе да, География коомунун мойнуна укмуштай чоң территория түшөт. Орус жеринин үстүнөн күн кетпейт, батпайт. Коомдун экспедициялары мына ошол территорияны кыдырып жүрөт. Орус жерин изилдөө үчүн эң мыкты адамдар жана алдыңкы катардагы күчтөр топтолгон.

Семеновдун коомун вице-председателдигиндеги ишмердиги, анын географиялык жаңы көз караштары жана илимий эмгектери, анын окуучуларынын изилдөөлөрү жана ачуулары — орустун жана дүйнөлүк географиянын өнүгүшүндөгү өзүнчө бир доор болуп калат.

Эгерде коомдун юбилейи өтүп жаткан күндөрү Петр Петровичке, эки жылдын ичинде орус географиясынын тарыхы боюнча классикалык эмгек жазып, каармандыкты көрсөттүңүз дей турган болсо башын чайкаар эле. Чыныгы ишмер адам өзүнүн эмгегин апырта баалабайт эмеспи.

1895-жыл юбилей болуп өттү.

Банкеттердин чуусу басылды, куттуктоо сөздөр айтылып бүттү. Эскерүүлөрдүн баары аяктап, кадимки жумушчу күнгө орун берди. Алардын көпчүлүгү адаттагы күндөй көрүнгөнү менен — изилдөө иштеринин жашыл талаасы көрүнүп турду.

*XXX глава*

## ОРУНДАЛГАН ТИЛЕК

Бүткүлроссияда жалпы эл каттоону жүргүзүү жөнүндөгү отуз жылдан берки ою тынчтык берген жок. Ал өкмөт алдына барып, канча жолу өтүндү, талап кылып көрдү, жалынып-жалбарды — эч натыйжа чыккан жок!

Досторунун көпчүлүгү орус империясында жалпы элдик каттоо жүргүзүүнүн кандай зарылдыгы бар деп таң калып жүрүштү.

— Элдин турмушун жана эл чарбасын, элди каттоону жүргүзбөй туруп илимий баа берүү мүмкүн эмес,— деген жоопту айта турган адатта Петр Петрович. — Каттоо алык-салыкты туура бөлүштүрүүгө, айдалган эгин менен алынган түшүмдү эсепке алууга, заводдордо, фабрикаларда, промыслолордо иштеген адамдардын, аскерге милдеттүүлөрдү эсепке алууга мүмкүндүк берет. Каттоо Россиянын губернияларындагы жана крайларындагы калктын өсүшүн көрүп туруу. Каттоо орус жеринин чет жакаларын колонизациялоонун күчөп баратканын көрсөтүп турат.

Менчик жерлерди, соодагы, промыслолорду, темир жол курулуштарын, шаарлардын, поселоктордун, уезддердин, волосттордун өнүгүшүн статистикага киргизүү үчүн эл каттоону түргүзүү керек. Мамлекеттик статистика болсо каттоону жүргүзүү керек. Мамлекеттик статистика болсо жайгаштырылышын так билбей туруп түзүлүшү мүмкүн эмес.

Петр Петрович Бүткүлроссиялык эл каттоону жүргүзүүнүн өтө татаал экендигин абдан жакшы түшүнгөн. Мамлекет катышпаса ал кимдердин жардамы менен ишке ашат? Ал өзүнүн абдан чоң ишти баштап алганын сезген — Россиянын миңдеген жылдык тарыхында бир да жолу эл каттоо иши жүргүзүлгөн эмес эле.

Эл каттоонун өтө татаал механикасын ойлогондо, анын башы айлана түшчү. Толуп жаткан тоскоолдуктар, алдын ала көрүүгө мүмкүн болбогон учурлар, кайрадан анын алдына бөгөт болорун билген.

Архангельск губерниясындагы ненецтерди, Сибирь тайгаларындагы якуттарды, Берингов деңизинин жээгиндеги чукчаларды, Тянь-Шандагы кыргыздарды каттап көрчү.

Уссури крайында көчүп-конуп жүргөн мерген — буряттарды, балыкчы — очорлорду, гольддорду жана нанайларды каттоого аракет кылып көргүлөчү.

Сабатсыз татарларды, башкырларды, марийлерди каттап чыгуу кандай кыйын болоорун өз көзүңөр менен көргүлөчү. Ветлуганын тажаалдарын, Алтайдын эскиге белчесинен баткандарын, качкын каторжниктерди, монахтарды жана монашкаларды — Онеганын булуң-бурчтарында элден-журттан безип жүргөндөрдү каттагыла деп ынандырып көргүлөчү.

Өзүнүн турмушу жөнүндөгү маалыматтарды берүүдөн безген Вологданын, Вятканын, Костроманын мужиктерин кантип каттайсың? Алар мындай аракеттердин баарын салык салуунун аракети деп түшүнүшөт. Андан жаман жери, алар каттоого барган адамдарды, христиандарга тозоктун мөөрүн баса турган шайтандардын окуучулары деп билишет.

Волжскинин бурлактары, жер кыдырган зыяратчылар: Нарындын, Нерчинскинин, Барнаулдун сүргүнүндө жүргөндөрдүчү?

Деги эле өңгөсүн айтпаганда да, билимдүү, эч нерседен тартынбаган чыдамкай каттоочуларды кайдан алат? Бороон-чапкындарда, кара нөшөр төгүлүп турганда кайык минип, тоо аралап, токой кезип чөл-талааларды кыдырып каттоо жүргүзүүгө макул болгон кишини кайдан табат?

Өзгө тилди билген грузиндер, армяндар, черкестер, Камчатка жана Түркстанда жашаган адамдар менен сүйлөшө алган каттоочуларды кайдан табууга болот?

Шаарларда каттоо жүргүзүү анчалык кыйын эмес эле. Петр Петрович шаарлардан жардам бере турган кишилер табылат деп ойлогон. Өзү демилге көтөрүп, катышып берүүчүлөргө ишенген. Ошондой болсо да, кандай гана болбосун кыйынчылыктарды жеңип чыгууга бел байлаган. Бүткүл россиялык эл каттоо идеясын шылдыңдап күлүшкөн, жокко чыгарышкан, унуткарылып мамлекеттик ящикке салынган, Семенов чыдамдуулук менен күткөн. Ал дагы ошол маселеге кайрылат.

Каттоо жүргүзүүнү ал ондогон жылдар бою күтөт, акыры ал күткөн ошол күн келип жетет. 1897-жылдын 28-февралында анын идеясы бүткүл россия боюнча турмушка ашат.

Империянын бардык булуң-бурчтарынан Башкы каттоо комиссиясынын председателинин столунун үстүнө миңдеген сурамжылоо барактары, телеграммалар, каттар келип түшө баштады. Петр Петровичтин ордунда бөлөк кимдир бирөө болгондо ал ошол кагаздардын алдында калаар эле. Ал болсо өзүн асмандын жетинчи кабатында учуп жүргөндөй сезди. Ал тургай бүгүн менин «жүрөгүмдүн мүчөлү» болуп жатат деп тамашалап калат.

Петр Петрович өзүнүн турмуш жолундагы дагы бир чоң ашууну ашып өттү. Анын бир топко келип калган жашы жемиштүү иштерди бүтүрүүгө алсыздай болуп көрүнгөн. Көрсө, ал тек гана ошондой көрүнүш экен. Анын тынч жатып, дем ала турган маалы калганын өзү да, География коомунун мүчөлөрү да байкайт. Петр Петрович алтынчы жолу вице-председателдикке шайланат. Ал мурдагысындай эле чарчап-чаалыкканын билгизбестен өзүнүн үзүрлүү эмгегин уланта берет. Мурдагыдай эле ага жардам сурап, акыл күтүп келип турушат. Анын үйүнүн эшиги адамдар үчүн ар дайым ачык.

Анын кадыр-баркында чек жок, эл оозуна аябай кирген, ак көңүлдүгү лакап болуп кеткен.

Орус окумуштуулары ал жөнүндө аябай айта турган болушат. Мына ошолордун ар кайсы мезгилде жазылган пикирлерин окуп, бардык күчү менен элге жана Россияга кызмат кылган адамдын айдан ачык ак ниет образын көз алдыга келтирүүгө болот:

*Саякатчы Г. Е. Грум-Гржимайло:* «Петр Петрович саякатчылардын алп бүркүтү болгон Пржевальскийдин даңкын чыгарууга баарынан көп аракет кылган.

Белгисиз жерлерди теңдеши жок сүрөттөп келген Потанинди көтөрмөлөгөн да ошол киши.

Алардын жана алардан кийинки саякатчы-изилдөөчүлөрдүн ысымдары Петр Петровичтин ысымы менен байланыштуу. Алардын даңкы анын даңкы, алардын сиңирген эмгеги анын сиңирген эмгеги. Илимдин тармактарында чек жок, ошол тармакта жүргөн эр жүрөк улуу адам гана жогорку баскычка чыгып, кубаныч алып келет, ал аркылуу илимдин бардык тармактарын даңазалайт».

*Географ жана геолог П. А. Кропоткин:* «Петр Петрович Семенов — Россиядагы бүгүнкү географиянын атасы жана илимий иштердин сүйүктүү шыктандыруучусу».

*Географ Л. С. Берг:* «Биздин География коому менен Петр Петровичти ажыратып баалоого болбойт. Аларды синоним деп айтууга болот. Петр Петровичти коомдон бөлүп сүйлөө кыйын. Шыктандыруучунун жана уюштуруучунун улуу ролу Петр Петровичке гана таандык».

*Ботаник В. Л. Комаров:* «Окумуштуу, географ, саякатчы, натуралист, көркөм чыгармалардын күйөрманы, ак көңүл, кайрымдуу Петр Петрович Россияда гана эмес, чет өлкөлөрдө да көрүнүктүү орунду ээлеп, атагы чыкты».

*Геолог С. Я. Эдельштейн:* «Борбордук Азиянын илим үчүн чексиз казына болуп эсептелген булуң-бурчтарын изилдеген саякатчылардын эң сонун армиясында ал катардагы жоокер жана жол башчы катары чоң ынтызарлык жана чексиз берилгендик менен иштеди».

*Статисттик А. А. Кауфман:* «Семеновдун статистиканын тарыхындагы ысмы эч качан өчпөйт, ал анын эң ири ишмерлеринин катарында болот, деле ар дайым бул ишке аралашкан адамдын эсинде ал түбөлүккө сакталып калат».

*Географ Ю. М. Шокальский:* «Адам баласы акыл үйрөнүп жана нравалык насияттарды угуп тарбияланбастан, үлгү алып тарбияланат. Петр Петровичтин турмуш жолу, адам өз эмгеги менен чексиз пайда келтиргендигинин жаркыраган үлгүсү эле».

Петр Петрович өзүн көкөлөткөндү жактырчу эмес, ага манчыркап да кетчү эмес, бирок анын эмгегин баалаган учурда балдар сыяктуу ыраазы болуп калуучу. Берлиндин география коому ага Карл Риттердин атындагы алтын медаль менен сыйлаганына ыраазы эле. Чынында Риттердин медалы күмүштөн жасалууга тийиш эле. Немец географтары эрежеден аша чаап, Петр Петрович үчүн гана бирден бир алтын медаль даярдатат.

Семеновдун вице-председатель болуп жыйырма беш жыл үзгүлтүксүз иштегенин эскерүү максатында Геогра-

фия коому анын атындагы алтын жана күмүш медаль даярдатат: «Россиянын, ага чектеш мамлекеттердин, ошондой эле Россия менен мамилеси жакшы алыскы өлкөлөрдүн географиясын изилдеген, айрыкча орус саякатчылары менен окумуштууларынын эмгектерин баалоо үчүн жасалат».

Дүйнөнүн алтымыш алты академиялары, университеттери, илимий коомдору Петр Петровичти өздөрүнүн ардактуу мүчөсү кылып шайлашат. Аны урматына Шпицберген аралындагы тоого, Аляскадагы тоо чокусунда, Тянь-Шандагы мөңгүгө анын ысмы коюлат. Муз-Тоонун башында Семеновдун чокусу пайда болот, тоо Тебердеде «Семенов — башы» турат. Жолоочулар боом капчыгайынын оозундагы «Семеновдун көпүрөсүнөн» өтөт, географдар «Семенов чокусунун» районундагы Куку-Нор көлүндө иштеп жатышат.

Карск деңизинин түндүк-чыгыш жагындагы булуңга, Хан-Теңир тоосунун катарындагы чокуга, Петр Петровичтин ысмы коюлушу керек эле.

Ал эми профессор Сапожников монголдук Алтайды кыдырып жүрүп, өзү тапкан тоону «Петр Петрович» деп атайт.

— Бул чокуну кимдин урматына арнап койгонум баарыга түшүнүктүү,— деген телеграмманы берет География коомуна.

Географтар тоо чокуларына, мөңгүлөргө, деңиз булуңдарына анын ысмын коюшат. Ошондой эле Петр Петровичке ботаниктер, орнитологдор, энтологдор да өтө чоң милдеттүү. Алар жер жүзүнөн табылган жаныбарлар менен өсүмдүктөргө Семеновдун ысмын беришет.

Анын ысмы легендага айланганы менен ал дагы эле чыйрак, карапайым, жаны тынбаган ишмер адам.

Петр Петрович үч императорду башынан өткөрдү. Төртүнчүсү — адамгерчилиги аз, акылы кем неме — ал жакында эле География коомунун ардактуу председатели болгон. Эми Семенов императорго коомдун иши жөнүндө «азирети падышага» билдирүү жасап турушу керек эле. Падышанын алдына барганда ал өзүн оңтойсуз сезип, жийиркенип турчу болот.

Өзүн оңтойсуз сезген себеби, падышанын орунсуз суроолоруна жооп бериши керек, анткени анда кызыгымыш болгондон башка эч нерсе жок. Петр Петровичтин жийиркенген себеби, кезектеги экспедиция үчүн «садага» сурагансып, анча-мыча каражат сурап алат.

Петр Петрович ар бир адамдагы кемчиликтерге кайдыгер карай турган болуп келатканын сезет. «Мен эмне

болуп баратам? Адам аттуунун баарын эле мактай турган болуп калдым. Ар бир адам жакшы, акылдуу, таланттуу сыяктанып көрүнгөнсүйт. Балким, бул карыгандын жышааны болуп жүрбөсүн? Карылык кайдыгерликке алып барат дечү эмес беле».

Ал иштен баш көтөрбөй, карылык менен күрөшөт. «Эмгек мени жашартып, жаштыгымды кайтарып берип жаткандай сезилет. Жаштардан безген окумуштуу — тирүү өлүк».

Чынында эле ал адам оозунан түшүрбөй турган киши болгон. Өзү орус болгону менен империядагы башка элдердин улуттук бөтөнчөлүгүн абдан жакшы түшүнгөн.

XIX кылымдын акырында ар түрлүү өлкөлөрдө, ар кандай көргөзмөлөр ачыла баштайт. Өкмөт аларга катышуунун алдында эң оболу Петр Петровичке кайрылат.

— Чикагодогу Колумбга арналган көргөзмөгө Сибирь жөнүндөгү альбомду чыгарып баруу керек. Парижде өткөрүлө турган Бүткүл дүйнөлүк көргөзмөгө — «Россиянын чет жакалары» жана «Россия XIX кылымдын акырында» — деген жыйнактарды даярдоо керек деген сунушту киргизет да, ошол замат ишке киришет.

Ал альбомдордо жана жыйнактарда жаратылыш байлыктарын гана эмес, калктын турмуш-тиричилигин, Россияда жашаган элдердин улуттук бөтөнчөлүктөрүн көрсөтүүгө аракет кылат. Эл жаратылыштын түрүн өзгөртүп турат, деп кайталай турган.

Парижде өткөрүлгөн Бүткүл дүйнөлүк көргөзмөнүн ачылышына Россиянын өкүлү катары катышат. Нижгороддо өткөрүлгөн атактуу көргөзмөнү уюштурууга киришет. Нижгороддо өткөрүлгөн көргөзмөнүн Сибирь жана Орто Азия бөлүмдөрү өзүнүн экспонаттарынын байлыгы менен айырмаланган. Анын демилгеси боюнча Петербургда кустардык кол өнөрчүлүктүн көргөзмөсү өткөрүлөт. Өлкө таланттуу өнөрпоздорго бай экенин, кустардын кол өнөрү кооз жана өзүнө гана таандык белгилер менен айырмаланганын чет элдиктер гана эмес, орустар да өз көздөрү менен көрүп, суктанышат.

Ал университеттерде география сабагы жакшы берилишин туруктуулук менен талап кылган. Бул маселе боюнча совет атайын комиссия түзөт: анын председателдигине Петр Петрович шайланат. Комиссия «Россиянын университеттеринде география сабагын берүүнүн абалы жөнүндө» деген атайын катты даярдайт.

Университеттерде география сабагы эки курс менен

берилүүчү: биринчиси — жалпы география, экинчиси — атайын география. «Жер жүзүнүн бөлүктөрүнүн жана айрым жерлеринин жаратылыш шарттары, анда жашаган элдердин маданий турмушунун мүнөздөмөсү» деген теманы атайын географияга, өлкөлөрдү таанууга киргизет.

Өлкөлөрдү таануудан башка, ата мекенди таануу сабагын киргизүүнү сунуш кылат, ага баары макул болот. Мына ушул максатта ал жаңы эмгек жазууну ойлоп табат:

## РОССИЯ. БИЗДИН МЕКЕНИБИЗДИН ТОЛУК ГЕОГРАФИЯСЫ

Орус адамдары үчүн столго коюла турган жана жолдо алып жүрүүчү китеп.

«Россия — биздин Мекенибиз» — деген тунгуч идея анын уулу Вениамин Петрович — көрүнүктүү географтардын бирине таандык болучу. Вениамин Петрович жаңы, жакшы жол көрсөткүч түзсөм деп көксөгөн. Атасы уулунун оюна башкача көз караш менен мамиле кылган. Петр Петрович Россиянын географиясын бардык жактан изилдеп бирдиктүү эмгекке топтоону чечет.

Ал монументалдуу эмгек (тилекке каршы анын 22 томунун II тому гана жарык көрөт) Россиянын бардык жерлери жөнүндө баяндап бериши керек болучу.

«Россия — биздин мекенибиздин толук географиясынын» биринчи томун иштеп чыгуу үчүн Семенов 1898-жылы киришет. Экинчи тому орустун кара топурактуу ортолук областтарына арналган.

Экинчи томдун титулдук барагына В. П. Семенов, И. П. Семенов, П. П. Семенов, А. П. Семенов, О. П. Семенова, Д. П. Семеновдор П. П. Семеновдун жана академик В. И. Ламанскийдин жалпы жетекчилиги астында түзүлдү деп көрсөтүлгөн.

«Россия — биздин мекенибиздин толук географиясы», «Азиянын жеринин жаратылышы», географиялык-статистикалык сөздүк жана «Орустун география коомунун жарым кылымдагы иши» сыяктуу иштери менен барабар, Семеновдун илимге киргизген зор салымы болуп саналат.

Семенов географияны илимдердин ичинен элге эң жакыны болуп саналат деп атаган. Анын узун өмүрү орус

географиясын жаңы материалдар жана жаңы идеялар менен толуктоого кеткен. Ошондуктан замандаштары аны география мектебинин жол башчысы жана катардагы кызматкери деп бекеринен атаган эмес. Көк тиреген тоолордун тунгуч изилдөөчүсү болуу менен бирге, комплекстүү изилдөө жүргүзүүчү орус мектебинин негиз салуучуларынан болуп калат. Анын статистикалык иштери экономикалык географиянын калыптанышына жардам берет. Орус географиясынын тарыхы боюнча жазган китебинин да өтө зор мааниси бар.

Географтардын кийинки муундары, Семеновдун эмгектерине таянып, географиялык мүнөздөмөлөрдүн искусствосун, изилдөөлөрдүн тарыхый методун, «географиялык изилдөөлөрдү, өлкөнүн иш жүзүндөгү таламдарына, эң алды менен бардык элдердин таламына байланыштырып жүргүзө билүүнү» үйрөнүшкөн.

Андан тышкары жазуу жөндөмдүүлүгүн да үйрөнүшкөн. Петр Петрович жаратылыштын жана адам баласынын аракетинин унутулгус картиналарын түзүүнү жакшы билген. Анын китептеринен өлкөнүн географиясы жандуу, багыттуу, терең маанилүү болуп көрүнүп турат. Орустун ортолук кара топурактуу областын Семенов мындай сүрөттөйт: «Ал азыркы кездеги Сибирди, дөбө-дөбө болгон аралаш токойлорду, жаңгак токойлоруна толгон колотторду эске салган, иттин мурду өткүс калың карагайлуу жер. Анда-санда кылымдар бою жашаган дубдар курчаган колоттор, чөбү сеңселген токой арасындагы талаалар кезигет, незабудкалардын, анемондордун, иристердин килемдей жайкалган аянттары — же илгеркилер айткандай «переполяналар» кезигет...

Ал талаалардын түштүк жагы улам кеңейип, көз тайгылтат да, Рясское, Куликова деп аталат, ошондой эле Полный Воронеж бассейнин, бир заманда Батый келип токтогон мейкин талаа керилет. Ал талаалардын түштүк тарабында, анда-санда бетеге-шыбак жолугат, акыры жүрүп олтуруп, түштүк талаалары токойго караганда басымдуулук кылып, кокту-колотторду жана өзөн бойлогон өрөөндөрдү сүрүп таштайт. Бул жердин көрүнүшү такыр башка — «жапайы талаа...»

Семеновдун географиялык чыгармалары өзүнүн эң даана сүрөттөөлөрү менен айырмаланган. Анын чыгармаларынан орустар өзүлөрү мурда көрүп-билбеген Тянь-Шань өңдүү өлкөлөрдү же өзүлөрүнүн жерлерин биринчи жолу билишкен.

*XXXI глава*

# ТЯН-ШАНСКИЙ — БҮГҮНДӨН БАШТАП ТҮБӨЛҮККӨ КАЛАТ

1906-жылдын жаз айлары.

Нева жактан жүргөн жел Васильевск аралына чейин жетип турду. Эски үйдүн жанындагы араукарийлердин жалбырактары шуудурап, драценлер акырын гүлдөп жаткан маал. Кызгалдактын гүлдөрү көлөкөлүү бурчтарга шооласын түшүргөнсүп турат, азалийлер сүрөттөрдүн алдында ыргалат.

Петр Петрович туфлисин тарпылдатып, сүрөттөн сүрөткө көз жүгүртүп, алардын жанына токтой калып, башын кыйшайта өзүнүн коллекцияларына кубанычтуу карайт. Бул картиналарды ал, Европадагы антиквар дүкөндөрүн жана аукциондорун аралап жүрүп, алтымыш жыл бою жыйнады. Эми анын «кичинекей голландцы» деп аталган коллекциясы дүйнөдөгү эң мыкты коллекция катары таанылды. Эрмитажда сакталган нидерландык живописстердин коллекциясынан гана кийинки орунда турат. Бирок Петр Петрович голландык мастерлердин Эрмитажда жок картиналарын чогултуп жүргөн. «Семеновдордун коллекциялары» деген наам менен анын картиналарынын каталогу француз тилинде басылып чыккан. Чет элдик музейлер менен коллекционерлер анын коллекциясына көз арта баштайт. Атайын агенттерин жиберип, балким сатаар деп үмүт кылышат.

Ал адамды кызыктырган канча сунуштарды четке кагат.

— Менин коллекцияларым Россияга тиешелүү...

Чет элдиктер сунуш кылган ашкере баа аны кызыктырган эмес. «Бул картиналарымды Эрмитажга бербесем болбой калды»,— деген ойго келет сүрөттөрүн карап бүткөндөн кийин, «Рембрандтты да, Рейсдалды да, Ван Гойени да, Темпелди да, Гельсь-Младшийди да,— баарын бирин калтырбай Эрмитажга берүүм керек. Бирок бүгүнкү күн мен үчүн өзгөчө күн».

Чынында эле бүгүн ал үчүн өзгөчө баалуу күн — Тянь-Шанга саякат жасашынын элүү жылдыгы. География коому бүгүнкү күнгө өзүнүн мүчөлөрүнүн салтанаттуу чогулушун чакырган.

Ооба, убакыттын ушунчалык тез өтүп кеткенин кара! Ал азыр сексенге кирип барды, анын ичинен өмүрүнүн көпчүлүгү ушул География коомунда өттү. Ойлоп көрчү

мындан элүү жыл мурда, мына ушундай жаз күндөрүнүн биринде, ал Тянь-Шанга жакындап калган болучу. Анда жаш, алдуу-күчтүү кези эле. Турмуш менен чыгармачылыкка кунт коюп, жанындай жакшы көрүп жүргөн маалы болучу.

Петр Петрович күзгүнүн жанына келди. Чачтары куудай ак, сакал-муруту да ошондой, беттерине каршы-тер-ши бырыш кирген. Жаак эттери шимилип, жашы келип калгандыктан маңдайы саргара баштаган. Күзгүнүн алдында туруп алып колун көтөрүп, манчаларын жайып көрөт. Манчалары билинер-билинбес калтырады, бул ооруу экенинен далалат эмес — карылыктан. Көздөрү гана баягысындай кара, тунук-жаштыктын белгиси байкалып турат. Күзгүнүн мандайында тура берип ал чарчады, акырын басып креслого олтурду. Түлөп бараткансыган колдоруна дагы бир жолу карап алды. Мына бу карылыгы жеткен байкуш кол, он миңдеген китептерди, кол жазмаларды барактап көргөн чыгаар.

Ал креслосу менен жылып, столго чукул келди. Анда куттуктоо телеграммалары, каттар, визит карточкалары үйүлүп жатат. Куттуктоолордун келе баштаганына бир нече күн болгон, качан бүтөөрү белгисиз. Ушунчалык көп мактоолордун азыр ага кереги бар дейсиңби. Петр Петрович колуна тийген биринчи катты алды. Конверттин тышында Томскинин печаты, тааныш кол. Григорий Потанин.

Потанинден чын жүрөктөн чыккан жакшы сөздөрдү гана күтүүгө болот. «Куку-Нордун жээктерин көрсөм деп көксөгөн ой, сиздин кабинеттен башталганын эсиме түшүрсөм, көңүлүм көтөрүлө түшөт. Өзүңүздүн азиялык программаңыздын бир бөлүгүн мага бергенсиз».

Петр Петрович Потаниндин катын мындай алып коёт. Григорий деле жетимиштен ашып калды, бирок карыбайт. Куттуктоолордон башка, почта дагы эмнелерди алып келди экен? Юбилейлик куттуктоолор, аза күтүү сөздөрүнө окшоп кетет эмеспи. Маркум таланттуу, кайрымдуу жакшы адам эле... Толуп жаткан каттардын арасынан ичке, узун конвертти сууруп алды. Аны сөөктөн жасаган бычак менен акырын кести.

Ал москвалык бай Федор Павлович Рябушинскийден келген кат экен. Рябушинский өз каражаты менен Камчаткага география экспедициясын даярдоону сунуш кылган. Бул кызык сунуш эле. Байдын акчасын Камчаткага экспедиция жиберип, пайдаланып калуу керек. Өткөн жылы География коомуна жаш ботаник Владимир Леонтьевич Комаров кайрылган эле. Ал Камчатканы изилдеп келүүгө жөнөтүүнү өтүнгөн. Адаттагыдай коомдо каражат

болбогондуктан Комаровдун сунушун кабыл албай коюшкан болчу.

Өзүнүн юбилейи өтүп жатканын унутуп, ал москвалык байга кат жазууга олтурду. Ал Рябушинскийге Камчатканын тарыхы, орус жеринин өзүнчө бир жакшы жерин үйрөнүүнүн зарылдыгы жөнүндө айтат. «Камчаткага барууга экспедицияны акылдуу, өз ишин жакшы билген киши башкаруу керек. Андай киши бар — ал ботаник Комаров. Петербургга келип кетиңиз, азиз мырза, биз тез эле саякаттын майда-чүйдөсүн акылдашып алабыз».

Петр Петрович ыраазы. Рябушинскийдин сунушу — География коомуна берилген жакшы белек. Рябушинскийдин өзү мерген катары ошол экспедиция менен кошо бармак. Ал Камчатканын тайгаларындагы жапайы каздарды атканга кызыгат. Ата берсин. Коом анын күтүлбөгөн жерден берген жардамын албай коё албайт.

Күндүн эртең мененки шооласы голландык картиналарда күлүп турат. Курт-кумурскалар салынган текчелер, китеп толгон шкафтар күңүрт кубулгансыйт. Пржевальскийдин портрети жаңы саякатка үндөп жаткансыйт. «Эгерде илим кызматы мененн мекенинин даңкы талап кыла турган болсо, андан күчүңдү да, ден соолугуңду да, жаныңды да аяба». Бир кезде Петр Петровичке белек кылып берген өзүнүн портретине Пржевальский мына ушинтип жазган экен.

Ал таңкы таза абадан кере-кере жутат. Сексенге келип калсаң да, жер үстүндө жашагандан артык эмне бар! Дагы эле бирдемелерди жасаганга үлгүрсө болот. Көп нерселерди ишке ашырууга убакыт жетет. Мисалы, Камчаткага баруучу экспедицияны уюштуруу керек, Географиянын коомунун жаңы үйүн бүтүрткөндүн өзү да иш. Өз мемуарын жазып бүтүрүү да жумуш. Аткарыла элек иштерди эске сала турган болсо, алардын баары кечиктирилгистей, маанилүүдөй көрүнөт. Жашоо сенин карылыгыңа карабайт, ал ар дайым аракет кылып турууну талап кылат. Турмуш эмгек кылууну жана чыныгы кубанычты талап кылат. Анын башына поэтикалык мындай саптар түшөт: «Өмүр сени, моюндап, кабыл алам. Куттуктап, жалгыс сага добул кагам!» Жаны чыгып бараткан байыркы Римдин жоокерлери, андагы кым-кууттукта өткөн өмүрү үчүн калканын кагып, үн салуучу экен. Бул байыркы тарыхта калган. Акын болсо өмүрдөн өтүп баратып, жаңы муундарды куттуктаган ар бир адам жөнүндө айтып жатат.

Үн чыгарбай Елизавета Андреевна кирет. Келген каттарды ал Семеновдун алдына коёт. Маңдайынан өөп, ачуулуу:

— Жок дегенде бүгүн дем алсаң болбойбу,— дейт.
— Ансыз деле эчтеме кылган жерим жок, Лиза.

Алар бирин-бири тиктеп, өз ара түшүнгөндөй күлүп жиберишет. Аялы чыгып кетет, ал куттуктоо телеграммаларына, каттарга тезинен көз жүгүртүп чыгат. «Куттуктоо деген толуп кеткен тура. Бул жерде дагы эмнеси бар?»

Тянь-Шанга жасаган атактуу саякатынын элүү жылдыгы менен аны — өзүнүн ардактуу мүчөсүн Россиянын илимдер академиясы менен сүрөт академиясы куттуктаптыр.

Бул күнү өзүнүн ардактуу мүчөсүн Москванын, Петербургдун, Юрьевскинин, Киевдин университеттери, Лондондун, Венгриянын, Мадриддин, Италиянын, Нидерландиянын, Румыниянын, Женеванын, Бременскинин, Антверпенскинин география коомдору куттуктайт.

Өзүнүн ардактуу, анык жана такай мүчөсүнө жаратылышты байкоочулардын Москвадагы коому жана Эл аралык статистикалык институт, Болгариянын энтомологиялык достук коому жана Швециянын антропология жана география коому, Американын география коому менен Петербургдун ботаникалык багы, Португалиянын География комитети менен Амур крайын изилдөө коому, Орустун тоо коому жана башкалар куттуктоо жиберишет...

Бүгүн көп сандаган сыйлыктардын лауреаты, ата мекендик жана чет элдик ордендердин кавалери, орустун карыя сенаторлорунун бири, бүткүл дүйнөгө даңкы чыккан географтын кабагы салыңкы. Балким ал токсонго карагандыгы үчүн ушинтип капалуу көрүнүп жаткан чыгар.

Үстүндөгү узун чепкен, фрак аны кадимки попторго окшотуп салган, ал ордунан туруп текченин жанына келет.

Жаңы, али эч кимге белгисиз кумурска анын көңүлүн бурду. Абдан этиеттик менен кумурсканы алып жатканда, кабинетине Вениамин Петрович кирип келди.

— Юбилей кечесине бара турган маал болуп калды...

Кенедей кумурсканы кармап турган колу калтырай түшүп, дүйнө жүзүндөгү 66 академиялардын, университеттердин, окумуштуу-коомдордун ардактуу мүчөсү полго жыгылды. Уулу анын үстүнө үйрүлүп түшөт:

— Ата, сага эмне болду?

— Оолак болчу. Кумурсканын бутун түшүрүп алдым...

Коллекция дегенде анын үзүлүп түшкөнүн анын туугандары менен жакындары билбей койчу беле. Ал жөнүндө күлкүлүү анекдоттор тарап кеткен. Анысын өз көзү менен көргөндөр:

— Петр Петрович дагы бир өнөрүн көрсөтүптүр. Картиналарды сатып жаткан аукционго кечигип барат.

«Ким ашат? Эки! Ким ашат?..» — деп жатканда ал араң жетет.

Сүрөттү сата тургандыгына көзү жеткен Петр Петрович анын наркын жогорулатат. Ошентип, Египеттин саркофагын сатып алат.

— Узун чепкенинин үстүнөн андреевск лентасын ийнине арта салып, арчындап, этегин сүйрөлтүп, базардагы дүкөндөрдү кыдырып жүргөнүн көрбөйсүңбү. Эски сүрөттөрдү лупа менен карап көрөт.

— Бул эмне деген сүрөт?

Анын ээси көзүн далдалайт — кароосуз калган картина эле. Петр Петрович анын сырын тырмагы менен чукуп көрөт.

— Мен муну алдым. Түбөлүк сакталуучу сулуулуктун тамтыгын кетирип салган тура, мен аны жууп алам.

Картинанын кадырын билген киши. Сатып алат. Бул сейрек кезиге турган картина...

Аны фамилиясынан эчак эле атабай, улуу урматтуу дебей калганына көп болгон. Анын ордуна «Петр Петрович айтты», «Петр Петрович мындай кеңеш берди», «Андан көрө, мырза, Петр Петровичке барыңыз»...— дей турган болушкан.

География коомунун мүчөлөрү, Петербургдун илим дүйнөсүнүн өкүлдөрү, салтанаттуу чогулушта аны куттукташат. Трибунага чыккандар анын эмгегине суктана сүйлөшөт, кылган кызматын санап өтүштү.

— Биздин кымбатыбыз, сергек, адамды таң калтырган, таланттуу,— деген сөздөрдү кайталашат ораторлор.

Ал эриндерин тиштегилеп, кабагын бырыштырып наразыланганын билдирбөөгө аракеттенет. Ашыра чаап, аябай мактаган сөздөр көп айтылат.

— Биздин өтө кымбат Петр Петровичибиз, адамдын артыкчылык сапаттарын ойготууга, өзүнө-өзү ишене билүү, өз жолун табуу искусствосуна ээ киши. Петр Петрович Потанинге, Валихановго, Пржевальскийге жана башка көрүнүктүү саякатчыларга жол көрсөттү...

«Булар эмне жөнүндө айтып жатышат? — деп ойго батты ал. Ар ким өз талантын өзү ачат, көрсөтөт. Талантка жардам гана берүү керек. Пржевальскийге жол көрсөткөн мен бекемин! Ал менсиз деле Пржевальский болот эле».

— Петр Петровичтин идеялары анын жолу жолдогондордун көпчүлүгүнө дем берди...

Сексендин туу белине чыкканда, ал ораторлордун сө-

зүнүн тууралыгынан шек санашы ыктымал. Өзүнүн замандаштарынын мактап турушу жакшы эмеспи. Бирок мактаганды да көтөрө билиш керек. Ийинге минип турган сексендин кыркын алып таштаса кандай гана жакшы болор эле. Анан Тянь-Шандын бөксө жолдорун көздөй жол тартса. Ашуулардын суюк абасынан кере-кере жутуп, мелтиреген Ысык-Көлгө суктана тиктеп отурса ээ. Түпсүз капчыгайдын кырында турса. Тянь-Шандын калпыс жерлерине кадам шилтеген жолоочу, сен ал жерде кирпикке жабышкан жаштай гана экениңди эсиңден чыгарба...

Тикирейип залда карап олтургандар көздөн кайым болду. Анын көз алдына Кыргыз талаасы, Илинин адамдын боюнан ашкан коюу, бийик чөптөрү тартылды. Үйүр-үйүр жылкылардын, сансыз койлордун жер дүңгүрөткөн дабышы угулуп, ныкталган кумдун үстүнөн жолборс менен камандардын издери көрүнөт. Жер кактаган күнгө төшүн жайган, чатырдай керилген, күмүш бубак жийделер гүлдөп турат. Тиги түпсүз асманда канатын жайып бүркүт жүрөт. Бүркүт мына бул талааны, тээтиги алыста жаткан, Көк тиреген тоо кыркасын көрүп турат.

Көк тиреген тоолор улам чоңоюп, улам жакындап-колуңду сунсаң, түбөлүктүү чокуга тие тургандай көрүнөт...

Председателдик кылуучу падышанын указын окуйт, анын үнү айрыкча салтанаттын белгисин берет:

— Тянь-Шанга жасаган саякатынын элүү жылдыгынын урматына, Петр Петрович Семеновдун ысымына бүгүндөн баштап Тян-Шанский деген титул кошулсун жана түбөлүккө сакталып калсын...

Залдагылар дүркүрөгөн кол чабууларга толуп кетет. Аны куттуктап чуу түшүшөт, колдор көтөрүлүп, көздөр жашылданат. «Бүгүндөн баштап, түбөлүк,— деп кайталайт Петр Петрович, бул учурда анын көз алдына дүңгүрөгөн зал эмес, Көк тиреген тоолор, анын Хан-Теңир чокусу тартылат. Ошондой эле Тянь-Шань жаратылышынын сулуулугунун символу болгон, көк жалбырактын арасындагы чоң кызыл алма маңдайында тургандай көрүнөт...

*XXXII глава*

## ӨМҮР КЕЧИ

Мына ал кайрдан өзүнүн Гремячкасына келди.

Салтанат кечээ гана өткөндөй көрүнөт, көңүлдө калгандардын баары күнү бүгүнкүдөй — чынында арадан бир топ

жылдар өтүп кеткен. Мезгилдин күркүрөгөн өзөндөрү өз жээгин тапкан. Петр Петрович өз үй-бүлөсүнүн жанына, өз талаалары менен токойлорунда. Баары өз ордунда тургандай көрүнөт, мезгил болсо жылжып өтүп жаткансыйт — сыртынан караган кишиге ушундай байкалгансыйт.

Окумуштуулар, музыканттар, сүрөтчүлөр Гремячкага күн сайын дээрлик келип турушат. Москвада тургун болуп калган америкалыктардын бирөө анын алдына өзүнүн мекендештерин ээрчитип келет. «Россияны кыдырып жүргөн киши, анын меймандос жерлеринин биринде болушу керек»,— деген кеңешин айтат «москвалык американец» өзүнүн досторуна.

Петр Петрович бөтөн адамдар менен салтанаттуу түрдө жолугушууну көп жактырбайт. Аларды кабыл аларын алат да, ошол замат алар жөнүндө такыр унутуп коёт.

Кээде Андрейге гана өзүнүн нааразылыгын айтып калаар эле:

— Мага жасакерленгендердин эмне кереги бар?

Уулу ишенимсиз болсо да аны алагды кылуучу:

— Болуптур. Андан көрө барып, сасык коңуз издеп келели.

Колуна таяк алып, көлбөөрүгөн чепкенин кийип, чөп аралаган жалгыз аяк жол менен басып барат. Андрей трашманкеге ат кошуп, атасынын артында келет. Кокус Петр Петровичтин кызыл жүгүрүгү кармай турган болсо, трашманке керек болуп калары шексиз.

Алардын сасык коңуз, чөп-чар издегени түндүн бир окумуна чейин уланат. Аябай чарчаган ата-бала жээгин чөмүч баш баскан, көлдүн боюна үйүлгөн чөптүн түбүнө келип дем алышат. Асмандын чыгыш жана батыш тараптарын булут баскан — ал жактан күндүн күркүрөгөнү араң-араң угулуп калат.

Петр Петрович ооруй баштаган бутун укалайт; кызыл жүгүрүгү капысынан кармайт. Бутунун ооруганына чыдабай, кабагын салып:

— Андрей, бери карап, менин керез сөзүмдү укчу...

— Керез деген сөзүңдү али уккум келбейт, атаке.

— Сен бала болбочу! Ар бир нерсенин бүтө турган жери болот. Айтарым сен менин мемуарымды бастыргының деп керез калтырам...

Акыркы жылдардын ичинде ал мемуарынын үстүндө гана иштеп келди... Анын биринчи томунда өзүнүн балалык жана өспүрүм жылдарын, экинчисинде — Тянь-Шанга жасаган саякатын, үчүнчүсүндө жана төртүнчүсүндө — дыйкандарды боштондукка чыгаруу доору жөнүндө баян этилген.

— Балким толстойчуларга кайрыла кетип жүрбөйлү? — дейт Петр Петрович тиги тынч жаткан талаа жакка көз чаптырып.

— Кеч болуп калды. Анын үстүнө бир топ ыраак дагы.

Толстойчулардын басып өткөн жолу Петр Петровичти капалантчу. Анын небереси, акын болумуш Леонид Лев Толстойдун окуучусу болот. Өзүнүн тилектештери менен бирге ал «күнөөсүнөн арылгысы келет». Леонид чоң атасынан, Гремячканын токойлорунун жанынан жер сурап алат. Жаш толстойчулар ал жерге кичине үй салышып, жер айдашып, өзүлөрүнүн улуу окутуучусун туурап өтүк ултарышат. Леонид «Жер үстүндөгү кембагалдардын акылмандыгы» деген начар жана сабатсыз ырды жазат, жамандыкка каршы тургусу келбейт. Бирок акыры жүрүп «бир тууган толстойчулардын селолук общинасы» тарап кетет. Леонид жана анын жолдоштору Толстойдун окуусунан күмөн санап калышат.

— Мейли, биздин ошол толстойчуларды кудай албастыр.

Алыстан чартылдаган чагылгандын жарыгы менен үйлөрүнө кайтып келатышты. Күндүн күркүрөгөн үнүнүн жаңырыгы аларга жете элек болучу.

— Таранчынын түнү деп ушуну айтат! — деп таңданды Петр Петрович башын чүмкөп жатып. — Тютчев аны абдан жакшы жазган:

Кактаган күндүн күчү кете электе,
Июлдун жарык түнү келди жетип.
Чакчелекей чыгарып ачык күндү,
Күн күркүрөп, чагылган жарк-журк этип.

Катуу жааган жылуу нөшөр ургулай баштады.

Кокту-колоттордо суу шаркырап, чагылгандын жарыгынан улам эмен дарактары жарк этип барып, кайра түнөрө түшүп жатты. Трашманкеге суу жаба коюп кетти. Алардын алдына балалыкты эске салган, өчпөс өмүрдүн белгиси болгон гүлдөр тартылды. Урматтуу сенатор жана көп сандаган окумуштуу коомдордун ардактуу мүчөсү жыланаңайлак балага айланды. Башын жылуу жамгырга тосуп, ал Пушкиндин, Лермонтовдун, Некрасовдун ырларынан декламация айта баштады. Шекспирдин үзүндүлөрүн англис тилинде, Гётенин чыгармаларын немец тилинде кайталады: «Токточу, бир азга мени күтүп, көркүнө көз чаптырып алайын мен!»

Аппак сакалынан ылдый суу тамчылай баштады. Саргыч тарткан, көк түйүлдүк өңдөнгөн кол тамырлары тарамышка окшоп кеткен. Июль түнү ага миң кубулган шоолаларды түшүрдү, бирок ал жаны жай алгандай тын-

чып калды. Атасынын өзүнчө күңкүлдөй баштаганын угуп калды уулу:

— Өз өмүрүмдөгү таранчы түндөрүнүн эң акыркысы болуш керек. Күндүн күркүрөгөнүн акыркы жолу угуп жатат окшойм...

Эртең менен чоң шалы жоолукка оронуп, чыйрыккан кейпинде өзүнүн мемуарынын үстүндө олтурду. Өзүнүн чоң столунун үстүндө адат катары китептер, журналдардын кесиндилери, документтер, майда кесилген кагаздарга толгон. Алардын арасынан керектүү кагазды издеп табуу мүмкүн эместей көрүнөт. Бирок Петр Петрович ага эч кимдин колун тийгизбейт.

— Менде баары жайында. Ар бир кагаз өз ордунда жатат, баары иреттелген.

Өзүнө бирдеме керек боло калса, кагаздардын баарын жыйнап, керектүү жана керексиз кол жазмаларды айрып, өзүнчө эле күңкүлдөп кирет:

— Тим эле аткана болуп кеткен тура! Мына бу, столдун үстүндөгү ыпыр-сыпырдан качан кутулам?

Мемуар жазуу Петр Петрович үчүн оңой эмес эле. Бирок аны көкүрөккө уюган эскерүүлөр кыйнайт. Башынан өткөн окуялар каркырадай тизилип, тарыхтын барагына түшкөн адамдар көз алдынан кетпейт, алардын баары бөтөн алыста калган нерсе сыяктанат. Крепосттук укукту жойгондон бери жарым кылым артта калды. Ошондон берки жылдардын ичинде Россияда ачыкка чыгып алган реакция күчөп барат.

Көп жылдар бою ал өзүн либерал деп эсептеген. Ал эркиндик, теңдик, бир туугандык жөнүндө сүйлөгөндү жакшы көрүүчү, бирок кулдуктан куткаруу «падышанын колунда» дей турган. Эркиндикке чыккан эл, өз турмушун адилеттүүлүктүн негизинде кура турган болот. Ал өзүнүн айткан сөзүнүн тууралыгына ишенүүчү. Азыр ал унчукпайт. Чынында ал, эл кайгысын бөлүшпөй коё алабы? Кембагалдардын кайгы-муңун көрүп туруп, коңуздар менен чөп-чарды, көпөлөк менен гүлдөрдү бетине кармап, жашырына алабы? Мурда инсан катары жүрөгү сыздай баштаганда гумандуулук башталды деп ойлогон. Азырчы? Азыр анын гуманизми ооздун жели болуп калды.

Ал тиши ооруган кишиден бетер кабагын чытыйт, анан барып мемуарына үңүлөт. Калеми кагаз үстүндө ойноп, сулуу тамгалар берметтей тизилет. Дыйкандарды боштондукка чыгаруу доорун эске салып, жаза баштайт:

«Адам баласы жана анын иши, жарым кылымдан бери гана өзүн басып жаткан тумандан арылганына эми көзүм жетти. Улуу доордун ишмерлери кудай алдындагы

суроктан кантип кутулбай турган болсо, жер үстүндөгү суроктан да кутулбай тургандыгын эми сезе баштадым. А мен болсом, өз чырагымды өчүрүп, көп жылдар бою өткөн-кеткендерге күбө кылып койгонуна жана китеп искусствосуна үйрөткөнүнө кудай алдында ыраазымын...»

Жайдын мелүүн күндөрүн Гремячкада өткөрүп, бир топ тыңып алгандан кийин ал Петербургка кайтып келди. Ошентип ал баягы көнүмүш болгон көп иштерине көмүлүп кетет. Мамлекеттик советте Амур темир жолун куруу боюнча долбоор талкууланат. Ал заседаниеге кантип барбай коёт!

Врачтар өзүңүздү көп кыйнабаңыз деп эскертет. Ал тамашага буруп: «Иш — кыйналган кишинин бирден-бир дарысы эмеспи»,— дейт.

Петр Петрович параддарда кийүүчү мундирин кийип, бардык ордендерин тагынып, андреевск лентасы менен арчындалып алат. Мамлекеттик советтин залында олтурган сенаторлор менен падышанын министрлеринин ичинен ал мундири менен эмес, ордендери менен көзгө түшөт. Дүйнөнү дүңгүрөткөн окумуштуу даражасы, коомдук ири иштердин авторитети анын зоболосун көтөрүп турат. Премьер-министрдин өзү Витте аны «кадырлуу карыя деп атайт, анын пикирине мамлекеттик совет кошулат».

Петр Петрович өзүнүн ордуна барып олтурат да, ак чачын силкип, сакалын сылайт. Амур жолунун «маньчжурия вариантынын» душмандары ага кыйраткыч сокку берүүгө камынып жатканын угат. Темир жолду Маньчжурия аркылуу өткөрүүнүн мамлекеттик мааниси бар эле. Анын географиялык, экономикалык жана саясий мааниси өтө чоң болучу. Жолдун маньчжуриялык варианты орустун Алыскы Чыгышты өздөштүрүшүнө чексиз мүмкүнчүлүктөрдү бермек.

Петр Петрович сөз сүйлөгөнгө уруксат сурайт. Ал маньчжуриялык вариантты өтө тактык менен дааналап жактап чыгат. Тана албай турган далилдерди келтирет. Сенаторлор анын сөзүн өтө кунт коюп угушат. Алардын көпчүлүгү Семеновдун пикири тарапка оойт: андан бир нече минута өткөндөн кийин бардык пикирди жеңип чыгып, трибунадан түшүп кетет...

Күтүлбөгөн жерден жүрөгү катуулай согуп кирет. Көз алды ала-чакмактанып, кызыл-жашыл темгилдер жыбырагансыйт. Ал өбөктөй түшүп, трибунанын кырын кармап, эс-учун билбей жыгылат.

Мамлекеттик советтин заседаниеси токтоп калат. Петр Петровичти абайлап, колдо көтөрүп алып чыгышат...

Ал төшөктө көзүн ачты. Баш жагында аялы олтурган

эле, анын жанына врач турат. Петр Петрович аялынын муңайып олтурганын көрөт. Ал акырын жаздыктан башын көтөрүп, өзү үчүн ыңгайсыз, алсыз добуш менен сурайт:

— Амур жолунун долбоору эмне болду? Өтүптүрбү же жокпу?

— Кудай жалгагыр, тынч алып жатчы! — дейт аялы.

Ал аялынын жылуу колун издегиледи. Анан анын колун кармалап, манчаларын кысып, акырын сылайт. Өңү өчүп бараткан эриндерине жылмаюу белгиси пайда боло түшөт.

Ал дартын дагы бир жолу жеңип чыгат. Аны кайра География коомунан, мамлекеттик советтен көрүүгө белор эле, бирок өзүнөн-өзү чочуп жүргөн. Өмүр кечи жакындап калгандай көрүнөт. Мүмкүн болгон нерселердин баары иштелген сыяктанат. Чала бүткөн дагы эмнеси бар? Ооба, мына бу коллекцияларды Эрмитажга тапшыруу керек. Ал жерде анын чыпчыргасын коротпой сактайт.

Ал Эрмитаждын өкүлдөрүн чакырып, иштиктүүлүк менен коллекцияларын бат эле өткөрүп берет. Өзү өтө жакшы көргөн картиналарын гана калтырат. Эрмитаждын кызматкерлери анын жүздөгөн картиналарын жана бир нече миң гравюраларын алып кетишет. «Бүгүндөн баштап Эрмитаж голландиялык жана фламандык мектептердин колунан чыккан, анын негизделишинен, гүлдөп өсүшүнө жана төмөндөп кетишине чейинки картиналардын дүйнөдөгү биринчи жыйнагына ээ болду»,— деп билдиришет алар басма сөз аркылуу.

Петр Петрович өзүнүн сексен жети жашын достору келгенде мыскылдап, басмырлап, кемсинтет. Башка досторуна караганда көп келе турган Андрей Достоевскийге «Вакхическ ырларын» декламациялап айтчу болот:

Алдыңдагы бокалды алып, тартып жибер,
Жашасын акыл, аял, акын чебер!..

Анын География коому боюнча жардамчысы жана биографы Андрей Достоевский өзүнүн досунун тынымсыз ишмердигине, түгөнгүс аракетине таң калчу. Достоевский өзүнүн күндөлүгүнө мындай деп жазат:

«Ал ар дайым сергек, шайдоот, бош олтурганын көрбөйсүң, иш үстүндө кабак-кашым деп койбойт... Көргөнбилгени ар дайым эсинде, өтө жөндөмдүүлүгү жана акылынын тунуктугу анын жеңил иштешине жардам берип тургандай. Кандайдыр бир чоң иш аны көпкө чейин кармап калгыдай болсо, заседаниелердин жана келип кеткендердин баарын ыраазы кылып, иш боюнча шаарды кыды-

рып келээри менен бир минута убактысын бекер кетирбестен, столуна олтуруп иштей баштайт. Бирок барган сайын чарчаганы билинет. Петр Петрович ал ишин убактылуу мындай коё туруп, башкасына үңүлөт. Энтомология коллекцияларды иретке келтирүү — башкасынан жеңилирээк иш. Ал үйдүн үстүндөгү башка бөлмөгө барып, коробкалардын баарын кайра тестеп, коңуздарды сорттоп, этикетка жабыштырып, майда жазуу менен зарыл болгон даталарды коёт. Кээде өзүнчө күңкүлдөп бирдемелерди декламациялай берет...

Мындай учурда анын эч бир справочниктен жана сөздүктөрдөн пайдаланбаганы таң калаарлык. Анын теңдеши жок акылы, качандыр бир кезде китептен окугандарын эсинен чыгарбайт».

Анын үйү ар дайым достору жана бейтааныш кишилер менен толтура боло турган. Ал келген кишилердин баарын кабыл ала берет, жаш окумуштуулар, живописчилер, саякатчылар менен чын дилинен аңгемелешет. Баарынан да, ал өзүнүн эски досу Григорий Потанин менен жолугушууну өтө жакшы көрүүчү. Потанин Томскиде тургандыктан борборго сейрек келүүчү, эгер борборго келип калса Петр Петровичтин жанынан чыкчу эмес.

1913-жылдын күз айларындагы акыркы келишинде Потанин Васильевск аралынын сегизинчи линиясындагы үйгө толкундап келет. Ал өзүнүн досу жана окутуучусунун ден соолугунан чоочулап аткан. Петр Петрович өтө алсырап турганына карабай Потанинди күлүмсүрөп, кучак жайып тосуп алат да, мексикалык кактустун түбүндөгү скамейкага олтургузат. Кактустар бажырайып гүлдөп турган мезгил болучу.

Петр Петрович гүлдөрдү көрсөтүп, мындай деди:

— Карап эле тургум келет. Бул өзү алыскы Мексикадан келген жандуу гүл көрүнөт.

— Гүлдү жакшы көргөнүң ырас болсо, мына буларды ал,— деп Потанин кедр жыгачынан жасаган сандыкчасын ачып жиберди.

Петр Петровичтин көз алдына Уралдын күндүн кулагы түстөнгөн таштары тартылат. Таштарды алаканы менен кармалап көрүп, алардын сулуулугуна суктанды. Елизавета Андреевна кофе көтөрүп кирди. Тиги миң кубулган таштарга жай көз чаптырып койду.

— Кантип эле ушундай жансыз таштар сага жагат?

Ал аялын карап, колун жаңсап:

— Ал эмне дегениң, эмне дегениң, Лиза! Уралдын миң кубулган таштары, орус аялдарына окшоп өтө сулуу!

Экөөбүздүн алтын тоюбузду өткөргөн күнү буларды мен сага белек кылып берем.

— Ошондой де,— деп Елизавета Андреевна таңдана түштү,— үчөөбүздүн жашыбызды кошсок, эки жүз жылдан ашып кетет экен! Чын чынына келгенде, Григорий Николаевич, биз абдан карып кеткен көрүнөбүз.

Потанин Елизавета Андреевнанын болук, майда бырыштар түшкөн жүзүнө карады, баары бир анын жаш, өмүр кубанычына жык толгон, өзүнүн досуна өмүр шерик колукту болуп келгендеги кезин көз алдынан өткөрдү. Агарып бараткан суюк, сыйда сакалын сылап, көңүлдүү жооп кайтарды:

— Үч кишиге — эки жүз жыл деген эмне экен!

Монголия менен Кытайга беш жолу саякатка барып келген Потанин Танну-Ола чокусу, Чоң Хинган жөнүндө, монголдордун турмуш-тиричилиги, нравасы, салты жөнүндө, кызык аңгеме куруп берди. Сибирь менен Алтайда орус колонизациясы кантип өнүгүп бараткан билдирди.

Көзүнүн курчу кетип бараткан Петр Петрович анын аңгемесин үргүлөп укту. Потанин байкоостон балким бул биздин акыркы жолугушуубуз чыгар деген ойго келди. Петр Петрович өтө карып, шайманы кетип калыптыр.

Семенов боюн жыйып, столдун үстүн оодарып жатып, кайдагы бир катты алды. Ачуусу келгендей калтырап, араң минтип сүйлөдү:

— Экспедиция үчүн өкмөттөн акча сурап жүрүп бүткүл өмүрүм өтүп кетти. Жардам сурап, жалынып-жалбарганга эмне деген гана күчүм кетти! Мобул болсо менин акыркы өтүнүчүм болушу керек. Ички иштер министрине жазган катым. Русановдун, Брусиловдун жана Седовдун уюл экспедициясы жөнүндө уктуң беле, Григорий? Мен момундай деп жаздым.

«Өзүнүн ишканасын, эч ким даап бара албаган жол менен мамлекетке пайда келтирүү жана анын даңкын чыгаруу деген идеялык жана практикалык максатта уюштурган бул экспедициялардын жетекчилери эч нерседен тартынбаган, андан жанын аябаган баатырлардан болуп саналат. Ошондуктан мен коомдун вице-председатели катары, коомдун советинин атынан, сиздин улуу урматтуулугуңузга таянып, ички иштер министри катары өкмөттүн алдына Седовдун экспедициясына жардам көрсөтүү жана Брусилов менен Русановдун экспедицияларын издеп табуу жөнүндөгү сунуш менен кайрылып берүүңүздү өтүнөм.

Ал баатырлардын өлүү-тирүүсүн билүү жана сактап калуу үчүн өз демилгечилердин аракетине жана каражатына ишенип экспедиция уюштурууга болбойт...»

Петр Петрович оор үшкүрүп алды.

— Дайыны чыкпай кеткен экспедицияны издеп табуу үчүн География коому демилге көтөрүүнү өз мойнуна алат. Жүрү, министрге барып келели. Мындай ишти кечиктирүүгө болбойт, коркунучтуу.

Петр Петрович ал экспедициянын тагдырынан кабарсыз калды, аракети текке кетип, бир жарым айдан кийин дүйнөдөн кайтты.

«Святой Фок» кемеси менен Седовдун экспедициясы эки жылдан кийин башчысы жок кайтты. Георгий Седов Түндүк уюлга баратып, жолдо курман болуптур. Брусиловдун «Святая Анна» деген кораблин муз кысып салат. «Геркулес» деген кеме менен деңизге чыккан Русанов Баренц деңизине барып, дайынсыз жоголуп кетет.

Петр Петрович да акырындык менен алдан-күчтөн кете баштады. Бирок аябай чарчаганын урук-тууганДарына сездирбей бир калыпта жашай берди.

Ал күн сайын кечинде Барнаулдан алган чолок тонун, бутуна кийиз өтүгүн кийип сейилге чыкчу. Чоң шаардын кым-куут үнүнө кулак түрүп, Неванын боюнда акырын басып жүрөт. Айлана жым-жырт, мелүүн эле. Февраль айынын жумшак кары түшүп турду. Ак кайыңдар тирелип, суунун ачылган жерлеринен буу чыгып жатты. Анын кар үстүндөгү изи көгүш тартып, Хан-Теңирдин мөңгүсүнө окшоп кетет.

Петрдын шаары адаттагыдай кым-куут, трамвайдын үнү гана угулат. Бирдеме көтөрүп саткандардын кыйкырыгы, ямщиктердин үнү, оркестердин табышы жалпы кым-кууттуктан бөлүнүп угулгансыйт. Акындар менен саякатчылардын шаары, падышалык төрөлөрдүн, капиталисттердин, майда дворяндардын шаарына айланган. Петр Петрович үчүн түшүнүксүз өмүрүн өткөрүп жаткан кедейлердин, чет жакаларда жашаган жумушчулардын шаары болуп калат. Ал жумушчулардын ошол турмушун өз көзү менен көргүсү келип, изилдөөнү каалаган, бирок эми кеч болуп калган эле. «Азыр абдан кеч болуп калды». Александр Гумбольдтун айткандары жарым кылым өткөндөн кийин барып эсине түштү.

Ал Неванын боюна түшүп, жарчанын жээгине токтоду. Суу ашып-ташып, бууракандап, иримдеп, кечки жарыктар менен өң талашкансыйт. Колундагы таягына сүйөнүп, Неванын бууракандаган суусуна үңүлөт. Акыл-эсинин тереңинде жаткан, небак көзү өтүп кеткен досторунун ысымда-

ры эсине түштү — алар абдан көп эле. Анын досторунун ар кимиси эл тарыхына унутулгус из калтырып кеткен.

Жука шинел кийген студент анын жанынан өтүп кетет. Чуулдаган балдар анын жанынан дыр коет — эч нерседен капары жок, татынакай балалык. Бойго жеткен бир кыз аны, башынан аягына чейин камаарабай карап өтүп кетти.

Сүрдүү жаш жумушчулар өтүп барат, кыязы фабрикага, түнкү сменага баратышса керек. Аны таанып баган жаш муундар, ага назар салган жок. Жаңы эки жагын каранган, кубулжуган турмуш курчап тургандай сезилет. Ал муңайып эки жагына каранды. Төмөнкү саптар чагылгандын огундай сызып өтөт: «Турмуш сени моюндаймын, кабыл алам. Калкандын үнү менен куттуктаймын!» Бул саптар кимдики эле? Баягыдай эсте сактап калуу деген жок: ал акындын ысмын эч бир эсине сала албайт. Ал ким? Чалбы? Жашпы? Чыныгы акындар окумуштуулар сыяктуу эле жаштын чеги болбойт. Качандыр бир кезде, кимдир бирөөгө ушул сөздү айткан эле.

Ал турмчугуп кеткендей болду, чолок тонунун топчусун бошотот, моюн орогучун алып таштайт да, муздак абадан кере-кере жутат. Акырын жүрүп олтуруп үйүнө келет. Чарчап келгендиктен төшөккө кыңтая кетет: бүт денеси курушуп, тамыры катуу кагып, башы ооруй баштайт.

Эртең менен доктор келип — өпкөгө суук тийген деген диагонозду коет.

Петр Петрович түнөргөн тумандын арасында жашаган сыяктанат. Ошол тумандын арасынан шолоктоп ыйлаган аялынын жүзү, томсоро тиктеген балдарынын көзү көрүнөт. Ошол тумандын арасынан мексикалык кактустун гүлдөрүнүн күңүрт өңү, жылып жүргөн өзүнүн жазуу столу байкалат. Төшөктө өзү бирде жогору чыгып, бирде төмөн түшүп, сүзүп жүргөнсүйт.

Учкундаган тумандын ичинен сынык өңдөнгөн ак темгилдер көрүнөт. Бул эмне, кыроо баскан кайындарбы, Рановванын жээгинде өскөн ромашкаларбы, же кар касабаларыбы? Баягы темгил барган сайын чоңоюп анын үстүндөгү түнөргөн асмандан жылдыздар жыбырайт. Ооба, ал Көк тиреген тоолор эмеспи! Хан-Теңирдин чокусунда Темир Казык жылдызы жаркырайт, сол жагында Жети Аркар.

Ал ысып-күйүп чыккан эриндерин кыймылдатат.

— Сага бирдеме керекпи? — деп сурайт Елизавета Андреевна эңкейе калып.

Аялына жооп кайтарар алы жок.

Жети Аркар бирде өчүп, бирде күйүп көз кыскансып бүлбүлдөйт. Орион көрүнбөй калды, Телец топ жылдыздары мына-мына көздөн кайым болчудай. Ал үстүндөгү

жуурканды алып таштап, чыканактай калат. Бырыш баскан, манчалары жайылган колун алды жагына сунду. Алсыз колу акырын барып шалдая түштү. Созулта терең дем алды. Дагы, дагы...

Ал 1914-жылы 14-февралда сексен сегиз жашында дүйнөдөн кайтты.

Мындай адамдар канчалык жашабасын, өтө эрте кайтыш болот эмеспи.

*1963-1965*

## П. П. Семенов-Тян-Шанскийдин өмүр жолунун жана ишмердигинин негизги даталары

*1827, 2-январь* — Рязань губерниясындагы Ранненбург уездинин Урусово селосунда Петр Петрович Семенов-Тян-Шанский төрөлөт.

*1842—1844* — Семенов Петербургдагы юнкерлер мектебинде окуйт.

*1845—1848* — Семенов Петербург университетинде окуйт. Петербургдан Москвага чейин жөө саякатын жасайт.

*1849* — Орустун География коомунун анык мүчөлүгүнө кирет.

*1850* — Коомдун физикалык география бөлүмүнүн секретарлыгына шайланат.

*1851* — Вера Александровна Чулковага үйлөнөт. Ботаниканын магистри деген окумуштуу даражаны алат.

*1853* — Аялы Вера Александровна дүйнөдөн кайтат.

*1853—1855* — Европага саякат жасайт. А. Гумбольдт жана К. Риттер менен таанышат.

*1855* — К. Риттердин «Азиянын жеринин жаратылышынын» биринчи томун орус тилине которот. Ал эмгекке кошумчаларды жазат.

*1856* — Семенов Тянь-Шанга биринчи саякатын жасайт.

*1857* — Сүрөтчү П. Кошаровдун узатуусу менен Тянь-Шанга экинчи саякатын жасайт.

*1858* — Дыйкандар реформасы жана крепосттук укукту жоюу боюнча Редакциялык комиссиянын ишине катышып берүүгө чакырышат. К. Риттердин «Азиянын жеринин жаратылышынын» экинчи тому жарыкка чыгат.

*1860* — Редакциялык комиссияда иштейт.

Орустун географиялык-статистикалык сөздүгүн түзүү жана редакциялоо милдетин өз мойнуна алат.

*1861* — Семенов Елизавета Андреевна Заблоцкая-Десятовскаяга үйлөнөт.

*1862—1864* — Борбордук статистикалык комитеттин директолугуна дайындалат.

Орустун географиялык-статикалык сөздүгүнүн алгачкы эки томун жарыкка чыгарат.

*1867* — Орустун географиялык-статистикалык сөздүгүнүн үчүнчү тому жарыкка чыгат.

«Орус империясынын статистикалык баянынын» жыйнагы басылып чыгат.

*1868—1872* — Сибирди, Монголияны, Каспи деңизин, Аму-Дарыяны, Борбордук Азияны изилдеп чыгуу үчүн экспедиция даярдоого активдүү катышат.

«Жалпы география боюнча запискаларды» басып чыгарат.

*1873* — Орустун География коомунун вице-председателдигине, Орус илимдер академиясынын ардактуу мүчөлүгүнө, Лондондун статистикалык коомунун ардактуу мүчөлүгүнө шайланат.

*1880* — «Мураевинск волосту» деген эмгегин басып чыгарат.

*1881* — «Кооз Россия» деген географиялык жол көрсөткүчтү редакциялайт.

*1888* — География коомунда өткөрүлгөн аза күтүү чогулушунда Пржевальскийди эскерүүгө арналган сөз сүйлөйт.

*1889* — Орустун энтомологиялык коомунун президенти болуп шайланат.

*1890* — Нидерланд живописинин тарыхы боюнча этюддарды жазат.

*1892* — Колумбга арналган Генуядагы салтанаттарга катышат.

«Орустун география коомунун жарым кылымдык тарыхы» деген эмгегин жазат.

И. Черскийдин Чыгыш Сибирь, Байкал көлү, Забайкалье жөнүндөгү кошумчаларын киргизүү менен «Азиянын жеринин жаратылышынын» бешинчи томун редакциялап чыгат.

*1896* — «Орустун География коомунун тарыхынын» үч томдугу басылып чыгат.

*1897* — Бүткүл россиялык биринчи эл каттоо жүргүзүлөт.

*1898—1901* — «Россия — биздин мекенибиздин географиялык толук көрүнүшүн» редакциялайт.

*1902* — Петербургдагы кустардык-өнөр жай көргөзмөсүнүн иштери боюнча комитеттин председатели.

*1906* — Өзүнүн мемуарын жазууга киришет. «Балалык жана өспүрүмдүк» деген биринчи томун жазат.

Тянь-Шанга жасаган биринчи саякатына элүү жыл толот. Семеновго Тян-Шанский деген наам берилет.

*1909* — Мемуарынын үчүнчү жана төртүнчү томдорун аяктайт.

*1911* — Орустун эң жогорку ардактоо белгиси болгон — Андрей Первозванный ордени менен сыйланат.

*1913* — «Дыйкандарды боштондукка чыгаруу доору» деген мемуарынын эки тому жарык көрөт.

*1914 — 14 февралда* — П. П. Семенов-Тян-Шанский дүйнөдөн кайтат.

# П. П. Семенов-Тян-Шанскийдин иштеринин кыскача библиографиясы

Российнын Европа бөлүгүндөгү өсүмдүктөрдүн географиялык жайгашына Дон боюндагы флоралардын катнашуу мамилеси. Спб, 1851.

К. Риттердин «Азия жеринин жаратылышы», 1—6-томдор, которгон жана кошумчаларды киргизген П. П. Семенов. Спб., 1856—1894.

Тянь-Шанга биринчи саякат, же Көк тиреген чоку, Яксарт же Сыр-Дарыянын башына чейин, 1857-ж., «Вестник РГО», 1858.

Россия империясынын географиялык-статистикалык сөздүгү, I-т. Спб., 1863.

Россия империясынын географиялык-статистикалык сөздүгү, 2-т., Спб., 1865.

Верный чыңдоосунан Сөөк-Дөбө ашуусу жана Боом капчыгайы аркылуу Ысык-Көлдүн батыш жээгине чейин 1856-жылдагы саякат. Жол жазмаларынан үзүндү. «Зап. РГО жалпы география боюнча». 1-т. 1867.

Россия империясынын географиялык-статистикалык сөздүгү, 3-т. 1867.

Россия империясынын географиялык-статистикалык сөздүгү, 4-т. Спб., 1870.

«Орустун География коомунун жыйырма беш жылдыгы» — коомдук жалпы география боюнча иштери. Спб., 1872.

Мураевинск волосту (Данковск уез. Рязань губ.) «Селолук жер общиналарын үйрөнүү үчүн материалдар жыйнагы», Спб., 1880.

Россия империясынын географиялык статистикалык сөздүгү, 5-т. Спб. 1885.

Петербургдагы элдик жана менчик жыйнактардын үлгүлөрүнүн негизинде жазылган нидерланд живописинин тарыхы боюнча этюддар. «Көркөм искусствонун вестниги», 1885. Н. М. Пржевальский жөнүндөгү сөз. «РГО бас»., 1886.

Орустун География коомунун жарым кылымдагы иштеринин тарыхы (1845-1895), А. А. Достоевскийдин жардамы менен чыккан, 1-3-бөлүктөр. Спб., 1896.

Биринчи жалпы эл каттоо. «Финансы, өнөр жай жана соода вестниги», 1897.

Россия — биздин мекенибиздин географиялык толук баяндамасы, 4-т. М. 1892.

Мемуарлар, 3-т. Россияда дыйкандарды боштондукка чыгаруу доору (1857-1861). п. 1915.

Мемуарлар, 4-т. Россияда дыйкандарды боштондукка чыгаруу доору (1857-1861). п. 1915.

Мемуарлар, I-т. Балалык жана өспүрүмдүк (1827-1855). п. 1917.

Мемуарлар, 2-т. 1856-1857-жылдары Тянь-Шанга жасаган саякат. М., 1946-1947.

## П. П. Семенов-Тян-Шанский жөнүндө.

*Анучин Д. И.* Некролог. «Жердин жаратылышын үйрөнүү», Спб., 1914.

*Берг Л. С.,* П. П. Семенов-Тян-Шанский. Орустун библиография институтунун энциклопедиялык сөздүгү «Гранат», 38-т.

*Берг Л. С.,* П. П. Семенов-Тян-Шанский географ катары. М. Л., «Орустун географиялык ачууларынын тарыхы боюнча очерктер», 1946.

*Петр Петрович Семенов-Тян-Шанскийдин* өмүр жолу жана ишмердиги. Макалалардын жана эскерүүлөрдүн жыйнагы. Л., 1928.

*Фрадкин Н. Г.,* П. П. Семенов-Тян-Шанский. «Мектептеги география», 1946, № 4.

*Лавров В. И.* Петр Петрович Семенов-Тян-Шанский (1827-1914). «Орус илиминин адамдары» I-т. ИЛ, 1948.

*Мурзаев З. М. Рязанцев С. П.,* П. П. Семенов-Тян-Шанский «Борбордук Тянь-Шандагы географиялык изилдөөлөр».

*Семенов-Тян-Шанский А. П.,* Петр Петрович Семенов. Россияда зоология боюнча илимий жана прикладдык ишмердүүлүктүн тарыхы үчүн материалдар.

*Семенов-Тян-Шанский А. П.,* Семенов-Тян-Шанский Петр Петрович. Ботаниктердин жана ботаникалык бакка тиешеси бар адамдардын биографиясы жана адабий ишмердүүлүгү. I-чыгарылышы. Спб. 1913.

*Мушкетов И. В.* Түркестан, I-т. Спб., 1886.

*Чернявский В. И.,* П. П. Семенов-Тян-Шанский жана анын география боюнча эмгектери. География басмасы, 1955.

*Н. И. Леонов.,* П. П. Семенов-Тян-Шанский. География басмасы, 1957.

*Марков Сергей.,* Чокуга бет алгандар. Алма-Ата, Казактын адабият басмасы, 1963.

# МАЗМУНУ

Өмүр таңы . . . . . . . . . . . . . . . . 5
Тунгуч сүйүү . . . . . . . . . . . . . . . . 24
Европа боюнча саякат . . . . . . . . . . . 34
География коому . . . . . . . . . . . . . . 44
Петербургдан Иртышка чейин . . . . . . . . 49
Алтай сүрөттөрү . . . . . . . . . . . . . . 55
Кыргыз талаасы . . . . . . . . . . . . . . 61
Чөлдөгү жолугушуу . . . . . . . . . . . . . 71
Ырчынын башы . . . . . . . . . . . . . . . 80
Көк тиреген тоолор . . . . . . . . . . . . 84
Ажыдаардын жана балыктардын көлү . . . . . . 89
Чүй суусунун табышмактуу сырлары . . . . . . 99
Барнаул кышы . . . . . . . . . . . . . . . 107
Чокон Валиханов . . . . . . . . . . . . . . 113
Таш-Булактагы сот . . . . . . . . . . . . . 117
Нарындын башында . . . . . . . . . . . . . 124
Хан-Теңир . . . . . . . . . . . . . . . . 134
Ала-Көл . . . . . . . . . . . . . . . . . 144
Реформа алдында . . . . . . . . . . . . . . 151
Манифест . . . . . . . . . . . . . . . . . 169
Таланттардын биримдиги . . . . . . . . . . . 174
Статистика жөнүндө сөз . . . . . . . . . . . 187
Вице-председатель . . . . . . . . . . . . . 192
Жаратылыш чакырыгы . . . . . . . . . . . . 200
Мураевино селосу . . . . . . . . . . . . . 206
Пржевальский . . . . . . . . . . . . . . . 212
Россия, сен үчүн! . . . . . . . . . . . . . 219
Кубаныч жана кайгы . . . . . . . . . . . . 227
Изилдөөлөрдүн жана ачылыштардын жарым кылымы . . 234
Орундалган тилек . . . . . . . . . . . . . 242
Тян-Шанский — бүгүндөн баштап түбөлүккө калат . . . 250
Өмүр кечи . . . . . . . . . . . . . . . . 255
П. П. Семенов-Тян-Шанскийдин өмүр жолунун жана иш-мердигинин негизги даталары . . . . . . . . . 266
П. П. Семенов-Тян-Шанскийдин иштеринин кыскача библиографиясы . . . . . . . . . . . . . . 267
П. П. Семенов-Тян-Шанский жөнүндө . . . . . . 268

*Андрей Игнатьевич Алдан-Семенов*

**СЕМЕНОВ-ТЯН-ШАНСКИЙ**

Роман

*Для молодежи*

*На киргизском языке*

Издательство «Мектеп»

Которгон *Д. Абдылдаев*
Редакторлору *Ж. Бектуров, Ш. Шукуров*
Сүрөт редактору *Ж. Карыппаев*
Техн. редактору *Р. Муканбетова*
Корректору *С. Абыкеев*

ИБ № 2925

Терүүгө 26. 01. 84. берилди. Басууга 10. 07. 84. кол коюлду.
№ 1 типография кагазы. Кагаздын форматы 84×108$^1/_{32}$. Адабий арипи.
Жөнөкөй ыкма менен басылды. 8,5 физ. басма табак, +0,5 вкл. 14,28
шарттуу басма табак, +0,84 вкл. 16,13 учёттук басма табак, +0,65 вкл.
15,54 шарттуу боёк түшүрүү. Нускасы 9000. Заказ № 59. Баасы 1 с. 30 т.

«Мектеп» басмасы.
720361, ГСП, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

26 8г
А 45

*Жаштар үчүн*

**Алдан-Семенов, Андрей Игнатьевич.**
**А 45** Семенов-Тян-Шанский: Роман [Жаштар үчүн] /Котор. Дүйшө Абдылдаев. — Ф.: Мектеп, 1984.— 272 бет.

«Өрнөктүү адамдардын өмүрүнөн» аттуу серияда чыгуучу бул китепте улуу окумуштуу Семёнов-Тян-Шанскийдин Тянь-Шань тоолоруна жасаган саякаты жана география коомундагы анын көп кырдуу илимий иштери жөнүндө баяндалат.

А $\frac{1905020000-028}{М\ 452\ (17)-84}$ 257.84

91 (09)+Р2
ББК 26.8г+84 Р7

Рецензиялаган *Калмак Саякбаев*

Бул китеп М., «Молодая гвардия» басмасынан 1965-жылы жарык көргөн А. И. Алдан-Семеновдун «Семенов-Тян-Шанский» деген китебинен которулду.

© «Мектеп» басмасы, 1984.
Кыргызча которулду.